**Ө.Ш. МАМАЮСУПОВ,**
**Б. МАЛАЕВА, З. ЖАМАНТАЕВ**

# ЖАРЫМ КЫЛЫМДЫК ОЙ ТОЛГООЛОР

НООКАТ – 2019

**Мамаюсупов Ө.Ш., Малаева Б., Жамантаев З.**

# ЖАРЫМ КЫЛЫМДЫК ОЙ ТОЛГООЛОР

**Редактор:** Сабыров Мамат

МАЗМУНУ

Кириш сөз ................................................................7

**I бөлүк. Балалык, окуучулук ойлор баяны... .................................9**

§1. Бизди башталгыч жана жогорку класстарда окуткан мугалимдерибиз ...............10

§2. Ээнсиреген эски конуштардын элестери ... .........................12

§3. Мектептеги эсте калган өзгөчө окуялар ... .........................18

§4. Класcташтык күндөрдү баяндаган ой пикирлер ... .............28

1.Марапат Бекташова ...........................................28
2.Катча Гапырова ...............................................28
3.Гүлүм Жунусова ...............................................29
4.Бактыгуль Малаева ............................................30
5.Абила Абдазов ................................................31
6.Амат Нурдинов ................................................35
7.Апсамат Тажиев ...............................................38
8.Мөтөр Сулайманова ............................................42
9.Айымкыз Асанова ..............................................44
10. Марипат Бакыева ............................................46
11.Пазыл Камбаров ..............................................47
12. Гүлан Гапарова .............................................49
13. Абдрашит Дүйшөев ...........................................52
14. Мухтар Айдаралиев ..........................................54
15. Абдраим Кочкоров ...........................................55
16. Тайлан Анарматов ...........................................57
17. Али Абдиев .................................................60
18. Жоро Эшпаев ................................................61
19. Шарап Баратов ..............................................62
20. Өмүрзак Токуров ............................................64
21. Тешебай Акботоев ...........................................65
22. Салима Абдразакова .........................................68

23. Зулайка Машрапова ........................................70
24. Мибарак (Мубарак) Абиева ................................71
25. Санабар Абытова ..............................................73
26. Аиста Аманова ...................................................74
27. Бүсайра Ысмайылова .........................................75
28. Мурза Мамасалиев ...............................................80
29. Каныбек Карбеков ...............................................81
30. Сабра Эратова ......................................................81
31. Гүлай Каримова ....................................................86
32. Аман Эсенбаев .....................................................87
33. Уулкан Маматова ..................................................89
34. Таштактык Айчүрөк эже .........................................90
35. Карам Айткурбанова .............................................90
36. Зикир Жамантаев ..................................................94
37. Баатыр Кабылов ....................................................96
38.Барат Маккамбаев ...................................................97
39. Анарбай Мамасадыков ...........................................98
40. Маннап Кушубаков ...............................................101
41. Ураим Тургунбаев ................................................102
42. Мариям Карбекова ...............................................104
43. Абдраим Исмаилов ...............................................105
44. Карим Насиров .....................................................106
45. Кочкор Алипбеков ................................................107
46. Апсалам Жалилов .................................................107

§5.Өмүш Асаналиев агай жөнүндө ..............................108

**II бөлүк. Өзгөчө өрнөк инсандар, идеялар жөнүндө ...........110**

§1. Салан Жалилов (интервью)
“Балдарымдын багын билимкана ачты ...” ...................111

§2. Топчубек Макамбаев (билимкананын бүтүрүүчүсү, врач). Мен аң-сезим, билим, руханий байлык ээси
болууну эңсейм (интервью) ... ......113

§3. Ноокатты алманын мекенине
айланткан “инсан” хикаясы... ............................115

§4. Ноокат теректин мекенине айлануусуна
кимдер себепчи болгон? ... .................................118

§5. Атактуу Ботобай хафыз,
небереси Мадамин агай жөнүндө ... ....................121

§6. Даңазалуу Жумабай Палван баянынан үзүндүлөр ... ......126

§7. Патила жеңе, Акпар ажы, Абдылбакы ажы, Абан агай,
Ажибай аксакал, Сагын, Токтосундар жөнүндө ... ........131

§8. Улуу кара сөз чебери
Мурза Гапаров биздин сыймыгыбыз ... .........................135

§9. Зээндүү балдарды
миллиардер болууга багыттоонун бир жолу ... ..............137

§10. Эл жүгүн көтөрүүчү адам оңой эле жаралып калбайт ... 139

§11. Молло Таабалды
Орто Азияга таанылган аалым болгон ... ...........144

§12. Биздин айылдан чыккан Монто Кристо графтары
(Адил, Митал ж.б.) жөнүндө... .....148

§13. Асаналиева Айнур Өмүшевна, Калинин жети жылдык мектебинин директору (1959 – 1965)
Өмүш агай жөнүндө ............................................149

§14. Толкунбек Турдубаев. Тил билсең – дил билесиң ..........151

**III бөлүк. Классташтарыбыздын
жарым кылымдык этюддары (сүрөттөөлөрү) ......154**

1. Садыкова Райла. Жашоодогу өткөн күндөр ... ............154
2. Нурдинов Амадали ... ................................................155
3. Абытова Санабар ... ..................................................157

4. Карбекова Майра.. Жашоодогу көз ирмемдер ... .....158
5. Жунусова Гүлүм. Бараандуу жашоо баяны ... ..........160
6. Абдазов Абдилда ... ..................................................161
7. Алимбекова Канааткан.
Жашоо бир келет, жаңылбай жашоо керек ........162
8. Алпеков Кочкор жөнүндө ... ....................................164
9. Алимбеков Карим ... .................................................165
10. Аманова Аистакан ... .............................................166
11. Маккамбаев Бараталии... Өмүр баян ... ....................167
12. Бекташова Марипат ... ...........................................167
13. Кабылов Баатырали ... ...........................................168
14. Исмаилов Абдраим . Өмүр баян ... .........................169
15. Алибаева Галипа ... .................................................170
16. Тургунбаев Ибраим ... ............................................170
17. Жалилов Салан (Абдисалан) ... .............................171
18. Малаева Бактыгүл ... ...............................................173
19. Кочкоров Абдираим ... ...........................................174
20. Дүйшөев Абдирашут ... ..........................................175
21. Абийева Мубарак (Мубарак) ... .............................176
22. Сулайманова Мөтөбар ... .......................................177
23. Жумаматова Зийнат .... ..........................................180
24. Жамантаев Зикир ... ...............................................181
25. Мамаюсупов Ө.Ш.
Илимпоздук, коомдук, мамлекеттик кызматтарда ... ..188

# КИРИШ СӨЗ

Бул китеп үч бөлүктөн турат.

Биринчи бөлүктө ата-бубаларыбыздын ар түрдүү тандоолор, тилектер жана кыялдар менен курган конуштарынын мезгил – мезгили менен бийликтер тарабынан себепсиз, плансыз бузулуп туруусу баяндалып, мектептеги өзгөчө окуялар, бизди окуткан мугалимдер, классташтык күндөр ой-пикирлер менин баяндоомдо берилди.

Экинчи бөлүк чөлкөмгө таанымал ойчул жазуучубуз Мамат Сабыровдун 2016-жылы жарык көргөн "Ноокат математикалык билимканасы" китебиндеги айрым интервьюлар жана биздин айылда, чөлкөмдө орчундуу өзгөрүүлөрдү алып келген адамдар жөнүндөгү менин баяндарым кеңейтилип берилди.

Үчүнчү бөлүктө классташтарыбыз Бактыгүл, Зикир жана Аиста бирдикте топтогон сүрөттөр, пикирлер өзгөртпөстөн берилди. Жылуу сезимдер, сагынычтар жаштыгыбызды эске салып, өспүрүм мезгилибизге кайра кайтып келгендей болдук.

Жаратканыбыз өзү алып кеткен классташтарыбызга бейишиден орун берди деген үмүттөбүз. Алардын жакындарына, бала-чакасына бактылуулук, узун өмүр тилейбиз.

Окуучулук күндөрдө алган билимибиз, достугубуз биздин өмүр жолубуздун пайдубалын түзүп, ийгиликтерибиздин башаты болду. Эми биз алган бай тажрыйбабызды кийинки муунга берчү учур келди. Өнүккөн өлкөлөрдөгү ишканалардын, чарбалардын ийгиликтери 80-90 жаштан ашкан кеңешчилердин, насаатчылардын санына жана сапатына жараша болот экен. Бул жашоодо тажрыйбанын, маданияттын, өнөрдүн, саясаттын, соода-сатыктын сырларын билген силер сыяктуу залкар инсандар ардактуу эс алууга чыккандан кийин да өз элине, мамлекетине, ишкерлерге жөлөк болуп, активдүү өмүр сүрүшөт.

Бизде болсо кээде 60 жаштан ашып-ашпай пенсияга чыгууга ашыгышып, карыяга айланышып, той-топурдан башка ишке ара-

лашпай, ишканаларга кеңешчи боло турган билими, тажрыйбасы жоктугун сезип, пессимист чал-кемпирлердин кейпин кийүүгө умтулушат. Чыныгы карыя болуу үчүн көп эмгектенүү, элге-журтка, тарыхка из калтыруу, өзүнө олуттуу ат калыптандыруу керектигин кеч түшүнүп калабыз. Америкада пенсияга 67, көпчүлүк өлкөлөрдө 70 жаштан чыга баштайт.

Бул китепке биздин классташтарыбыздын ийгиликтери, мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө учкай токтолдук. Элибиз бизден кеңеш күтөөрүн жаздык. Бүгүнкү күндө эл таза инсандарга, муунга, адамгерчиликтүү, ыймандуу, жөлөк боло ала турган аксакалдарга, ишкерлерге, жетекчилерге муктаж экендигин белгиленгенге аракет кылдык.

Силерден топтолгон сүрөттөрдү толугу менен китептин электрондук версиясынан көрсөңүздөр болот (www.okuma.kg сайтына жайгаштырылат). Кошумчалар, сын пикирлер эске алынып, бул китептин экинчи басылышына силер менен бирге аракет кылабыз.

Бул классташтар жөнүндөгү китепти кесипкөйлүк менен редакциялаган белгилүү журналист, таланттуу жазуучу Мамат Сабыровго, басмага даярдаган жана чыгарган коллективге терең ыраазычылык билдиребиз


**МАМАЮСУПОВ Өмүрзак Шеранович,**
**физика- математика илимдеринин кандидаты,**
**үчүнчү класстагы Мамлекеттик кеңешчи.**
**тел. 0773-06-63-51**
**0557-22-35-67**

# I БӨЛҮК

# БАЛАЛЫК, ОКУУЧУЛУК ОЙЛОР БАЯНЫ

Эмне үчүн ата-бубалардан калган конуштарды өздөрүнө буздуртуп, бир тыйын акча бербестен суусуз, шарты жок жерлерге көчүргөндүктөрүнүн себептерин көпкө чейин түшүнбөй жүрдүм. Китептерден кээ бир улуттарды, элдерди көчүргөн учурлар болгондугун окудук. Мисалы, кавказдык карачай, чечен, даргин, Поволжье немистери ж.б. көптөгөн элдер мажбур көчүрүлгөн. 1916-жылы кыргыздардын Үркүндө Кытайга качуусу аргасыздыктан болгон.

Ата-бубалардын журттарынын бузулушу – трагедия. Жөнөкөй болсо да кандай үмүттөр, тилектер менен салынган үйчөлөр өздөрү үчүн ыйык конуш болуп эсептелет. Бубалардын жыттары сиңген дубалдар, укум-тукумга берилүүчү кубат, аура жок болот. Чабалакейдин үйүн бузганда алар кандай чырылдашат (ыйлашат), каргашат.

1950-жылдары биздин бубалардын конуштарын айдоо жерге айлантабыз деген шылтоо менен бузушуп, жыйырма жыл өтпөй эле ал айдоо жерлерди эч бир чектөөсүз башка (райборборго жакын) жашоочуларга каалашынча бөлүп беришти. Исламдын дөңү, Салгаман, Кайнар-Булак, Нойгут, Чечме, Чечме-Сай ж.б. эски конуштардын түндүгүн толугу менен кайрадан үй салуу үчүн башкаларга таркатышты.

Жыйырма жылдан кийин эмне болоорун түшүнбөгөн биздин айылдын раистери, активдери, эл өкүлдөрү, аксакалдары, эл башылары билмексенге салып кутулушат. Бул билимсиздиктин, коркоктуктун, тажрыйбасыздыктын натыйжасы экендиги көрүнүп турат.

Биздин айыл толугу менен дүйнөлүк денгээлдеги көз карашка, маданиятка, билимге, өнөргө, ыкчамдыка ээ болуп орусча англис-

че жогорку деңгээлде үйрөнсө гана өнүккөн өлкөлөрдөгү камсыз айылга айланат. Коңшубуз же коңшу айыл менен жарышпай батыштагы өнүккөн өлкөлөрдүн айлындай болууга умтулуубуз керек. Ошондо мамлекетибиз да өнүккөн өлкөгө айланат. Айлыбыздагы билимкана силердин урпактарыңардын эл аралык денгээлде билим алуу жолун гана көрсөтөт. Ар бир үй билимканага айлануусу керек. Бул силердин колуңардан келет, урпактарыңар дүйнө адамдары менен алака кылганды үйрөнсө эле алардын жолдору ачылат.

Билимканабыз Ноокаттын 120 мектебин билимканадай мектепке айландырууга үмүт, аракет кылышат. Билимкананын илимий жетекчисинин (менин) кыялым, республикабыздагы 2236 мектептин ичиндеги айылдык мектептерди билимкананын деңгээлине жеткирүү жолдорун издөө.

## §1. БИЗДИ БАШТАЛГЫЧ ЖАНА ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА ОКУТКАН МУГАЛИМДЕРИБИЗ

Жетинчи класска жаңы курулган Калинин орто мектебине келгенибизде Калинин сегиз жылдык мектептен келгендер “а”, Чечме-Сай сегиз жылдык мектептен келгендер “б” деп аталдык.

Биз жетинчи класска чейин окуган Калинин сегиз жылдык мектептин директору Асаналиев Өмүш агай (математик) Ысык-Көлдүн Шалбаа айылынан болуп, бир тууганы Асаналиев Үсөнгазы академик, геология илимдеринин доктору, азыркы Политехтен бөлүнүп чыккан тоо-кен институтуна Асаналиевдин аты берилген.

Завуч болуп Галбаев Кеңеш (филолог) агай иштеген. Галбай ага кадимки Кытайдагы Гоминдан бийлигинин атчандар дивизиясынын командири болуп турганда колундагы командирлердин бири келечектеги генерал Алиев болгон. Кеңеш агайды генерал Алиев өзүнө алып кетип, ал совет заманында полковник болуп иштеди.

Биринчиден – төртүнчү класска чейин бизди атам Мамаюсупов Шеран окутту. Атам 45 жыл ичинде окуткан окуучулардан ондон

ашыгы илимдин кандидаттары, докторлору болушту. Бир тууган агасы комсомолго өтөмүн деп жашын чоңойтуп жаздырып, он беш жашында өз эрки менен согушка кетип калган. Атам райондук комсомол катчылыгына шайланып, областык конференцияда обком комсомолдун катчылыгына бекитилет. Карыган ата-энесин багам деп аз күндөн кийин бул жетекчилик кызматтан өз арызы менен кетип, мугалим болууну чечет. Мөтөр классташыбыздын апасы Сара чоң эне Прежевалскиден математик мугалими болуп биздин айылга жөнөтүлөт. Атам менен Мөтөбардын атасы Сулайман агайдын математик болушуна бул көлдүк Сара эжеке себепчи болгон десем болот.

Атамды кумир туткан окуучуларынын көпчүлүгү чоң кызматтарда иштегендиктен, тез-тез кызыктуу аңгемелешип турушаар эле. Бул тажрыйбалар билимкананы түзүүбүздө, эл менен иштегенде, илимий иштерибиздин ийгиликтүү болуусуна чоң жардам болду.

Алиппе, эне тил, арифметиканы өтө жакшы үйрөндүк. Орус тилин Мария Александровна Ноокаттан (талаалар менен 7 чакырым) кышын-жайы жөө келип окутуп, айылдык көз карашыбызды өзгөртүүгө аракет кылды.

Бешинчи – алтынчы класстарда географиядан Абдаз Бөрүбаев, физкультурадан фронтовик Абдилла Жунусов, кыргыз тилден Мадамин Маликов, Бакир Мурзалиев, математикадан Сулайман Мамрасулов, кол эмгектен Кадыр Шарипов, музыкадан Рахман(правдалык), англис тилинен Мукуш (тельмандык) ж.б. агайлар окутушту.

Чечме-Сай мектбиндеги классташтарыбызды 1-класста Тилебердиев Алимжан деген жаш агай окутуптур. Эл ичинде ал агай Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын эң жакшы баа менен аяктагандыгы, спорт чебери, чечкиндүү, бирөөгө жеңилүүнү каалабаган,элүүнчү жылдардын аягындагы Жалал-Абаддагы милицияга каршы тополоңдо эл тарапта болуп, курчтугу менен шаардагы лидерлердин бирине айлангандыгы айтылып жүрчү. Бул жашоого батпай, алымсынбай өтүп кеткендиги көпчүлүктүн эсинен чыга элек. 2-класстан баштап Маккамбай Курбанбаев согуш ардагери, тарыхчы агай классташтарыбызды окутуп, жетектеп жүргөн.

7-10-класста Калинин орто мектебинин жаңы имаратында көптөгөн жаңы мугалимдер окута баштады. Жергиликтүү гигант мугалимдер: Мамарасулов Сулайман (математик), Мамаюсупов Шеран (физик, математик), Самат Мамытов (химбиолог), Мадамин Маликов (адабиятчы), Абан Матибаев (математик), Бакир Мурзалиев (тилчи), Маккамбай Курбанбаев (тарыхчы), Абдинаби Жунусов (физкультурник), башка региондордон келген өтө таланттуу мугалимдер: Исаева Сүйүн (орус тилчи), жапалактык Орозматов Кудайберди (физик), борколук Бектенов Рахман (химбиолог), уралдык Цыганкова Любовь Васильевна (орус адабияты), осетиялык Акиев Т.В. (орус тилчи), атактуу обончу, ырчы Кудайберди (Кудаш) Темиров (музыкант) ж.б. бизди алдыга карай сүрөшүп, талпынтышып, дүйнөнүн кайсыл жерине барбайлы окуп, жашап, талыкпай кызмат кылуубузга негиз түзүп беришиптир. Кайсыл жерде жүрсөк да бул агай эжелерибизге, алардын урпактарына, мамлекетибизге ыраазычылыгыбызды айтып жүрөбүз.

## §2. ЭЭНСИРЕГЕН ЭСКИ КОНУШТАРДЫН ЭЛЕСТЕРИ

Айдоо жерлерди кеңейткиле деген Хрущёвдун саясатын жергиликтүү төбөлдөр элди жараксыз, суусу жок жылаңач жерлерге көчүрүү деп түшүнүп курулуш материалдарсыз элди тоо боорлоруна айдашкан. Жакырчылыктан бири-бирине уланып кесектен салынган, терезелердин ордуна айнектин чоң сыныктары коюлган үйлөр бузулуп, ийри-буйру тар көчөлөр ээндеп, тамчы өткөрбөөнүн айласын издеп кайра-кайра туздуу ылай менен шыбалган чатырсыз үйлөрдүн дубалдарынын тешигине чымчыктар уялаган бирок, аталары жашаган тамдарды бузуу чоң психологиялык таасир берип, согуштун азабын унута элек элге кыйын болгону эсимде. Атасынан калган эки түп талды караганы биздин үйдүн жанынан эшегин минип Мала аксакал өтөт, аталаш тууганыбыз Тургун чоң ата чикалга (кичинекей урчук) өзү тиккен дарактарды малдан коруп күндө келет. Адамдын кучагы жетпеген теректеринин айланасына айдал-

ган сабиздерин карап Сулайман чоң ата балдары менен келет, жарым-жартыпай бузулган тегирмендерин жүргүзгөнү унга боёлгон тегирменчилер ойлуу үнсүз эртеден –кечке убара. Жаш балдарга чоң кишилердей салам жолдогон Рахман-узун аксакал эски конушун көргөнү күндө көңүлсүз өтөт. Чоң дарыяга жандаш кышында да тоңбогон дарыяга курулган ондогон тегирмендердин жанынан Ноокатка кетчү жолго өтчү жөгөдөн кимдер гана өтпөйт. Кошуна айылда сельсовет болуп иштеген Адалат (Себет) эже, райборбордо иштеген Үрүл ака, Абдималик акалар күндө бир мезгилде өтүшөт. Иним экөөбүз таң заардан кечке чейин жол боюндагы гилас дарагынын эң чокусунда олтурабыз, кыялданабыз. Иним баарына тийишип сүйлөйт. Себет эжебиз чөнтөгүндөгү таттууларды берет. Үрүл акага “Үрүл мышык” деп кыйкырат. Бизди гиластан түшүрө албай апама арызданат. Шляпачан Абдималик акадан чочуйт окшойбуз, иним унчукпайт.

* * *

Акырындык менен ата-бубаларыбыз баскан жолдордун изи да калбай, конуштары айдоо жерге айланып, таңга маал базарга жөө-жалаң, ат арабалар өтчү турмуш жолу да бозоруп, бузулуп жүздөгөн жылдар калыптанган жергиликтүү элдин тарыхы дагы бир ирет элестерде гана калгандай болду. Үйлөр менен кошо Ташавли, Увакым, Салгаман, Кайнар булак, Кош Дөбө, Үч дөбө ж.б.у.с. кыштактар, өрүк бактар, балыктар кылкылдаган жөгөлөр жок болду.

Жашоого, өнүгүүгө үмүт артып өздөрүнүн акылы, тажрыйбасына жараша жашоо шарттарын түзүүгө бел байлашып бубаларыбыз миңдеген жыл сактап келген арча-кайың-карагайларды аёсуз кыйып тоо боорлоруна эптемей үйлөрдү кура башташты. Бак дарактар айдоо жерге айлангандыктан, тоо боорундагы табылгылар, долоно-шилбилер, ыргай-чие-карагаттар тез эле отунга айланды. Кылымдарда табият түптөгөн “Чапай” тоо кыркалары аска-зоолору менен кошо айыл жак бети (тескейи) жылаңачтанды. Элдин

колундагы малдарын бага турган жер калбагандыктан, талаалардагы бөдөнө-кекиликтер, коёндор, тоолордогу уларлар, сүйкүмдүү чаарчыктар, эчки-текелер, элик-кулжалардын жок болуу коркунучу келди.

Бул кыйынчылыктар элди чыйралтты жана Кара-Таш кыштагы менен башка майда кыштакчалардын арасы туташып, эң чоң кыштакчага айланды. Мурдагы Таштак, Каңды, Кызылаяк, Төөлөс, Кесек, Бостон, Тейит, Нойгут, Үч-Дөбө, Салгаман, Кайнар-Булак, Капка, Чечме-Сай, Чечме, Темиргорук, Кызыл-Тейит, Арал, Кара Кокту ж.б. майда кыштакчалар биригип, Калинин колхозу болуп түзүлдү. Райборбордун айланасы толугу менен Калинин колхозуна берилген. Бул биригүүгө негиз болуп Кара-Таш айлындагы аксакал билермандардын чечкиндүү түшүндүрмөлөрү эске алынган. Себеби, Кара-Таш айылын негиздеген бубалардын бири “Чал” аттуу даанышмандын Таштактык урпактары Кокон хандыгы учурунда бул аймакка ээлик кылуу укугун жана мөөрүн алынып келгендигин аксакалдар көп сөз кылышчу. Союз учурунда катылып коюлганын муундан-муунга айтылып келинген арман экендигин биз да бала чагыбызда угуп калдык. Айрыкча косилька чаптырып жүрүп бул чындык далилим бар, бубалардын аманатын табамын деп жалган дегендер менен жакалашканга чейин барган таштактык Өмүрзак (Закиров) аксакалды айылдыктар жакшы билишет. Бул укукта кара-таштыктарга Кыргыз-Ата дарыянын батыш тарабы, б.а. Карагой жайлоосунун оң жагы – Кызыр-Ата, Галдай, Супура-Таш, Касиет, Кыз -Коргон, Мурдачы, Алтын-Бешик, Ак-Төө, Капка, Үч-Чат, Чечме, Чапай кырка тоолору, жылгалар, жайлоолор; Кайрак жерлерден – Ташкуй, Жаман адыр, Кыркол адырларынын орчундуу бөлүктөрү жазылган дешчү.

* * *

Эл ортосу болсун деп колхоз башкармачылыгы Чечме-Сай тарапка жылдырылды. Акырындык менен колхоз күчтөнүп, ат-арабалар жүрчү Капка жолу алгачкы ЧТЗ, ДТ тракторлору, жүк

ташычу машиналар жүрчү чоң жолго айлана баштады. Алгачкы техникаларды өздөштүрүүгө аракет кылган айылдын космонавттар сымал тобу калыптанды. ДТ тракторлорун чочубастан үйрөнгөндөрдүн башында Жумабай (Палван), Абзакир, Ташан, Момун, Суран аксакалдардын тобу, шоферлордун тобун Таир (Жакыпов), Абдылбакы, Убайдулла, Ысакжан, Амиза, Аппаз, Артык, Акжол, Анармат, Пиримкул, Адан (Момуев), Имат, Дүйшө, Жакшыбай, Кален жана алардын шакирттери түзүшкөн. Комбайнды өздөштүргөн топтун башында Бакы, Мамыр, Казбек аксакалдар, алгачкы сварщиктердин мектебин түзгөндөр –Турат, Саит жана алардын шакирттери болушкан. Колхоз эски айылдардын ордуна буудай, жүгөрү өстүрүп, талаалар эгинге жайкалып көркүнө чыккандай болду. Айрыкча жүгөрү оруу мезгилдери техникаларда иштегендерге чоң казандарга, кээде солдаттардын бурамалуу талаага тамак бышырчу идиштерге эт, дүмбүл , картошка, пияз салып жайдары жүгөрүнүн дүмбүлдөрү кошуп тамак жасашат. Түштөнүү учурунда, тамаша, аңгемелер, жаңылыктар айтылат. Жаш балдар айланасында ойногончо сөз тыңшайбыз. Алар тамак ичип бүткөндөн кийин казандын түбүндө жомоктогудай таттуу тамак балдарга калтырылат. Аябай кайнаган зире, кийик-от кошулган шорпонун түбүндөгү дүмбүл жүгөрү жана картошканын даамы азырга чейин сезилип турат.

Дан эгиндери жыйналаар менен колхоздун саан уйларын көчүрүп келишет. Саанчылар чакаларына уй саашат, балдары торпокторду кармап турушат. Чатырлардын бир бурчунда жаңы туулган торпоктор, ортосунда темир меш, кире бериште сүт тартуучу сеператор, сыртта катар-катар флягалар, сүзмө курут жайчу секичелер. Кыскасы, өзүнчө эле тыкан жайланышкан заводдой көрүнчү.

* * *

Айлыбыздын чыгыш жагынан Араванды көздөй аккан Кыргыз-Ата дарыясынын суу кирген убактарда оркестр сымал күнү-түнү дүрүлдөгөн шоокуму кулагыбызга түбөлүктүү сиңип калгандай.

Дарыянын аркы тарабындагы Тельман колхозунун айылдары бизге көрүнүп тураар эле. Көпүрөөлөрдүн жоктугунан кошуна айыл менен катнаш жокко эсе болуп, сөздөрүбүз жашоо шарттарыбыз айырмаланып турчу. Алар “эде” дебестен “эле” деп сүйлөшүшөт, ар бир үйдө электр, орто мектеп, клубдар, чоң автобустар каттаган жолдор бар. Бизде болсо мындай ыңгайлуулуктар жок экендигине эч ким деле маани бербептир. Көрсө, кошуна колхоздогу ийгиликтердин болуу себептери ал айылдардан чыккан көрөгөч, билимдүү жетекчилерден экен. Тажибай раис, Турат бухгалтер, Абдилла жана Абдували Салиевдер, Өсөр уста Марипов, Татал аксакалдар алардын балдары, шакирттери республикага чейин таанымал, элин-жерин ойлогон инсандар ошол убактарда эле калыптанып калган экен.

Дарыядагы кечүүлөрдөн аттардын кантип аккандыгын, шаркыраган суудан кантип сүзүп өтүп окууга баргандарын, өйүздөгүлөрдүн (аркы жээктегилердин) жашоо өзгөчүлүктөрүн аңыз кеп кылган жогорку класстын окуучулары жол боюндагы өрүк-алмаларды быша электе эле бир-бири менен мелдешишип, таш менен жолго тебелендиге күүп салышчу. Жолдун узактыгынан сабактан кечигишип, тартипсиздик жана жоопкерсиздиктин тузун татып калышкандыктан институттардан жогорку билим , өнөр алуу көңүлдөрү болбогондой көрүнчү.

Калинин колхозунун түзүлүшү биздин айыл үчүн чоң тарыхый окуя, чоң ырыскы болгон. Бул колхоздун жаралуусуна себепкер болгон инсандар жөнүндө изилдөөлөр, китептер жазылаары шексиз. Билимкана жана билимканачылар бул миссиянын локомотиви болооруна үмүттөнөбүз.

* * *

Бул колхоздун жерлерине кызыккан райборборго жакын колхоз, айрыкча райборбор жетекчилери тымызын аракеттерин токтоткон эмес. Ошол убактагы байлыктарга жана бийликтегилерге таасирлери чоң болгон – Алайхан (Мирмахмудов), Мубарак, Абса-

тар, Нооманжан аксакалдар чечкиндүү киришишип райондук бийликти ишендиришип (колго алып), Калинин колхозун мыйзамсыз жоюшуп, жерлерин беш колхозго бөлүп беришкендиги жөнүндөгү аңыз кептерди угуп чоңойдук.

Колхоздун уставына ылайык "бөлүнөбүз" деген жалпы чогулуштун чечимин чыгарбашка аракет кылган адамдардын көптүгүн көргөн район жетекчилери айласыздан таркатпоого макул болуп калганда тымызын бийлик талашкан, эл арасында бөлүнүүчүлүк, ынтымаксыздыкты чыккынчылыкты колдогон он чакты бузуку, сатылган аксакалдар райкомго макул болдук деп жасалма токтомго кол коюп беришкен деп кабыргалары кайышкан аксакалдардын армандары көп жылдар айтылып жүрдү.

Ошентип, Кара-Таш айылы райондогу унутулган кыштака айланды. Кайра курууга чейин бул айылдын жолу, мектептери каралбады. Колхоздун идарасы райборбордо болгондуктан чөп, эгин жыйналып ошол жакка кетет, справка алуу үчүн беш-алты күн убакыт керек. Иш кагаздар, радиоузел башка тилде берилет. Күлө турган киши жок.

* * *

Билимкана ачылып республикага тааныла баштаган учурда Калинин колхозун кайрадан түзүү үчүн демилге топ түздүк. 1990-жылдын 25-май күнү колхозубуз, айыл кеңешибиз бөлүндү. Кайрадан республикага атагы чыккан айылга айландык. Республикага таанымал кадрларыбыз көбөйдү, жолдорубуз оңолуп, мектептерибиз, мечиттерибиз, спортзалдарыбыз жаңыланды. Отуз жыл ичинде билимканадан 1073 окуучу бүтүп, толугу менен жогорку окуу жайларын бүтүрүштү же окуп жатышат. 34 окуучу алтын медаль, 120 окуучу кызыл аттестат ээлери. Жыйырмага жакыны илимдин кандидаттары, докторлору болушту. Айлыбыз шаарга айланды – бул жакшылыктарга классташтарыбыздын, алардын үй-бүлөлөрүнүн салымдары чоң.

# §3. МЕКТЕПТЕГИ ЭСТЕ КАЛГАН ӨЗГӨЧӨ ОКУЯЛАР

Биз алгачкы жылдары окуган сегиз жылдык Калинин мектебинин директору Пржевальскилик, Ош институтунун математика факультетин бүткөн Өмүш Асаналиев, завучу филолог Кеңеш Галбаев агайлар. Жыйырмага жакын мугалимдер эмгектенишкен.

*** 

Токуров Өмүрзак классташыбыз космонавтка окшоймун деп окуучулар жыйнап келген металл сыныктардын арасынан таап алган оозу кууш кострюл (горшок) кийип алып, анысы чыкпай мугалимдерди бир топко чейин убара кылгандыгы көпкө чейин сөз болгон.

***

Орус тилинен окуткан Мария Александровна эжекебиз сабактан көп калган окуучулардын үйлөрүнө классыбыз менен алып барганы, ыйлаган классташтарыбызга конфет берип колуна көтөрүп сооротkон күндөр эсибизден чыкпайт.

***

Согуштун ардагери Абдилла Жунусов бизди физкультура сабагында марш тептирээр эле. Айтылуу Ботобой ырчынын эң жакын шакирти Төрөкул төкмө акын жолдон өтүп кеткиче бизди “кругом” деп тескери каратып коючу. Себеби, эл ичинде ал кишинин көзү бар деген сөз болгондуктан, өз оюнда окуучуларга көз тийбесин деген аталык камкордугу эсибизден чыкпайт. Биз болсо ал агайыбыз конторага кирээринде чечип койгон галошун бекитип

убара кылып эркелейт экенбиз да. Уулу Тургунбай институтту бешке бүтүрүп, билимканадагы ийгиликтердин орчундуу бөлүгүн жараткан физик. Институтта иштеп жүрүп көптөгөн илимий, методикалык макалалардын жана китептердин автору болду.

* * *

Алгачкы мектебибиздин кароолу, согуш ардагери Имар аксакал аксап басып, бизди жылуу окусун деп таңга маалда контромарка печкаларга от жагып, мектептин ичи-тышын таптаза кармагандыгына эми гана маани бердик окшойт. Мектептин шабдалысын бышканда үзгүлө дегенине карабай таш менен түшүрүп жегенибиз эсимден чыкпайт. Уулдары Аскер, Кочкорбай элибиздин кызматына жаралган улуу инсандар. Имар аксакалдан кийин ал кишиден да момун, эмгекчил Малик аксакал кароолдук кылды. Кызы Абиба эже менен Көчкөнбай жезде Капканын көркүн ачкан меймандос инсандар болушту.

* * *

Окуучулардын чачтарына инфекция киргенде дарылоо үчүн келген “кал машиналардан”, бир-эки күнгө дарылаганга “калканаларга” алып кетээринде тоо-ташка качкан күндөр, дарыгерлер формаларын кийип алып атайын машина менен “шпиондорду” издегендери көпкө чейин анекдот болуп айтылып жүрдү.

* * *

Биз үчүнчү класста окуганыбызда эч бир эрежесиз топ талашмай оюну күчөп кетти. Топту Салгаманга чейин алып качып сабактардан кечикмей адатка айланып бара жаткан. 7-8-класстын окуучулары бизге чоң кишилердей көрүнчү. Эң көп шоктонгон Аб-

дыганы Жолболдуев, Маккамбай Галбаев, Басыт Машраповдор башында турган окуучулар эле. Экинчи сабакта Абдыганы тага топту тепкенде коридордун айнеги талкаланат. Дежур мугалим Абдаз Бөрүбаев агай анын көйнөгүн чечип, терезеге мыктап салат. Үчүнчү сабактан кийинки чоң танаписте линейкага окуучулар тизиле баштаганда көйнөксүз Жолболдуев Абдаз агайды жакадан алып булкканда агай жыгылып барып качканда аны кайрадан басып жыгылат. Мугалимдер чуркап келип, араң бошоткондоруна карабай агайды линейканын ичинде кууп бара жатат. Аргасыздан агай Шеран! Шеран! Карма! - дегенде атам окуучуну кармап, шапат менен бир чаап атаңа жетелеп барам дегенде тып токтоду.

Кечинде көгүш атын минип, уулун алдына салып адатынча шашып Жолболду тага биздин үйгө келди. “Мынабу кайберенди аябастан токмокто, тартибин оңдобосо атка сүйрөтөм” деп эски комсомолдук шерденүү менен сүйлөп жатты. Атам “келиңиз” деп аттан күлүп түшүрүп, чылбырын мага карматты. Апамдын жакын акалары болгондуктан сурашып, өткөн-кеткенди сүйлөшүп олтурушту. Адегенде уулу четирээкте күнөөсүн сезгендей турган. Эч ким кечээки окуяны козгобогонго көзү жеткенде баарыбыз менен дасторконго чогуу олтуруп, атасыныкындай ак көңүл көздөрүн алаңдатып бизге күлкүлүү окуяларды айта баштады. Согуштан кийинки комсомол кыймылын райондо түптөөчүлөрдүн бири катары эч аттан түшпөгөн, аттын тизгинин тартпаган коомдук иштерди аткартууга шашкандыгынан атынан мурда чуркаган адам эле. Эл оозунда комсомол болсоң Жолболдудай бол деген сөзгө татыктуу инсан эле.

* * *

Бул үч баатыр чоңойгондо кандай адам болоор экен деген ой көпчүлүндө болсо керек. Мектептен кийин аскерге барып келишип, өздөрүнө жаккан окууларды аякташып тез эле токтолушуп, кунттуу инсандарга айланышты.

Түштүктүн көп район, шаарларында милицияга ак кызмат өтөп Маккамбай ака эч кимге жардамын кеңешин аябаган инсан. Үй-

бүлөсү менен жаңы доордун ишкердиги менен алектенишет. Жомоктогудай түз, чынчыл, эмгекчил үлгү болуп, айылга эң биринчи картошканы алып келген таятасы Балтабай аксакалды даңктаган атуул.

Басыт ака адабиятка жакын, көптү билген, техника иштетүүнүн өрнөгү жумшак мүнөздүү Машрап раистин уулу дегенди татыктуу алып жүргөндүгү – тууган уругунун сыймыгы.

Абдыганы Жолболдуев колунан көөрү тогулган уста. Аарычылыкты өздөштүрүп, өрнөктүү чарба күтүп атасынын тоо койнундагы үйүн оңдоп эл кызматына жаралган адам. Айылда бул киши бутабаган терек, шыбабаган үй калбаса керек. Биздин үйдө кандай жумуш болсо апам “Абдыганыдан кеңеш сурагыла” дейт. Айылда алгачкылардан болуп “Жолболду - Джонсон” фондун түзүп, көптөгөн гранттарды утуп ооруканаларга, мектептерге жардам берчү кой, уй чарбасын түзгөн адам. Эл агартуунун отличниги катары билимканага устакана, балчылык иштерин үйрөтөм деген долбоору бар. Жүздөгөн семинарларга катышып, өзү көптөгөн семинарларды уюштуруп чет өлкөлүктөрдү таң калтырган республикага таанымал коомдук ишмер аталган ата уулу.

Шоктугу менен өзгөчөлөнгөн бул үч инсанды ээрчигендердин көпчүлүгү үлгүлүү жашоо шарттарын кургандыктары менен айырмаланып турушат. Эгерде баары мектепте эң жакшы окушуп, жогорку окуу жайларды кызыл диплом менен аякташканда бул үч адам жана аларды ээрчигендер республикалык деңгээлдеги көрүнүктүү жетекчилер, илимпоздор, жазуучулардан болоору анык эле. Ошол учурда билимкана болгондо бул чексиз энергияга ээ, урунаарга тоо, урушаарга жоо таппаган окуучуларды чөлкөмдү өнүктүрө турган эл аралык лидерлерге айлантат эле деп ойлоп кетем.

* * *

Окуу ачыларга бир күн калганда апам мени “эртең 1-класска барасың” десе, атам “беш жаштан окуганга уруксат жок, мектепти аяктаганда паспорт алганда жашы жетпей, институтка тап-

шыра албай калат” деп апамдын капа болгонуна карабай, бир чечимге келбестен эртеси мектепке кетти. 1-сентябрь күнү саат тогуздарда көгүш атчан Рахман Балтабаев агай келип, “мени Шеран жөнөттү, Өмүрзакты биринчи класска өзү окутмай болду” деди. Согуштан бир буту, бир колу жок кайткан Рахман агай апамдын жакын бөлөсү эле. “Чайга калбай тезирээк бара берели, келе бөлө, атка учкаш” дегенде эле мен жыланңайлак качып жөнөдүм, дөңгө өрлөп калганымда аты менен жетип, жерден бир колдоп эңип алганда баш бербей “Рахман чолок” деп оозум кирген балалык сөздөр менен сөккөнүмө карабай улактай кылып соо такымына басып, мектепке алып келип, улак таштагандай атамдын колуна карматты.”Бөлөмдү сөгүшү мага дары болот” деп агай жылмайганда менин ыйым токтоп, коркпой калдым. Класс толо мен теңдүү балдар-кыздар арасынан бир гана Мөтөрдү тааныдым. Атам окутуп баштады, дароо эле мектеп мага өтө жагып калды. Кечинде адаттагындай очоктун айланасында кошуналар менен чай ичип, апам бышырган тамактан, чокко бышырган дүмбүлдөн жеп олтурабыз. Шумданган бир кошунабыз “эртең окууга барбайсың, себеби, сен кимди алаарыңды айтпадың” деди. Мектептен калбас үчүн шашылыш өзүм билген Сулайман чоң атабыздын кызы Мөтөрдү аламын дегенде баары күлүп жиберишти. Ошентип, эртеси эле классташтар менен тааныша баштадым. Көрсө, классташтардын көпчүлүгү мага окшоп качып көрүшүптүр.

* * *

Мектеп директору Өмүш Асаналиев агай аксакал мугалимдердин (Сулайман, Шеран, Кеңеш, Нүрдүн, Абдаз, Абдилла, Сали, Мадамин, Бакир, Үтөн, Кадыр, Мария Александровна ж.б.) жаңы мектеп салуу ойлорун жогорку бийлик органдарга кайра-кайра жеткиргендин натыйжасында 150 орундуу мектептин курулушун колхозго жүктөлөт. Ошентип, айылдын ортосуна чакан жаңы мектеп курулуп, 1965-жылы ишке берилет.

Ал мектеп Калинин орто мектеби деп аталып, мурдагы сегиз жылдык мектеп Жданов атындагы башталгыч класстар мектеби болуп түзүлөт. Ошентип, 7-классты жаңы мектепте окуп баштадык.

* * *

Бизге класс жетекчи болуп институтту эң жакшы аяктаган жапалактык Кудайберди агай бекитилип, "Физика -бул лирика" кечелери, лабораториялык сабактар кадимки шаар мектептери деңгээлинде өтө баштады. Агай Аматтардын үйүндө жашагандыктан, бизди ар дайым көзөмөлдөп, классташ олтуруш дегенди жойду. Олимпиадаларга даярдоо күчөдү.

* * *

Орус тили мугалими болуп Уралда педучилищада окуган 16 жаштагы кыргызча бир да сөз түшүнбөгөн, өз каалоосу менен ыктыярчы мугалим болуп келген Любовь Васильевна мектепти эле эмес, айлыбызда өзгөрткөндөй болду. Орус тили боюнча патриоттук ырлар фестивалына даярдап, хор түзүп, өзү дирижер болуп натыйжада райондо биринчи орунду алдык. "Жюри туура эмес чечти, кантип эле кыргызча окуган мектеп биринчи болот?"- деп чоңдор областка, Курпская мектебинин командасын жиберет. Алар начар даярдык менен жылына областтан эч орун албасын билген эжекебиздин ыйлаганы эсимде.

Под крылом самолета
о чем – то поет
зелёное море тайги...

окшогон ыр саптарын түшүнбөй, жаттатып ырдатканы бизди орус тилине эле кызыктырбай дүйнөлүк чыгармаларды окуганга жол ачкан. Азыр да бул керемет сөздөрдү кайталагандан тажабайм.

* * *

Тез эле жаңы мектепке директор болуп көлдүк Сүйүн Исаева эжеке дайындалды. Аксакал агайлардын демилгеси менен мектептин айланасына миңдеген түп алмалар, теректер тигилди. Мектеп шаңга бөлөндү. Бизге класс жетекчилик кылып, студенттердей мамиледен улам тез эле чоңойгонсуп калдык.

Сүйүн эжеке "бизге мектеп тардык кылат, өз күчүбүз менен мектепке кошумча имарат курабыз, ар бир окуучу жайкы каникулда 500дөн кирпич куясыңар" деди. Дөбө – дөбө болуп жыйылган кирпичтерди көргөн Ош обкомунун жетекчиси, легендарлуу инсан Султан Ибраимов "демилгеңерге ырахмат, курулушуңар бышкан кирпич менен бюджеттин эсебинен бүтөт. Бул кирпичтерди элге сатып профсоюзуңарды байыткыла" деди. Ошентип, тез эле мектебибиз кошумча имаратка ээ болду. Эжекебизди болсо районго, областка, республикага жетекчи кызматтарга алып кетишти.

Эжекебиздин жолдошу Аскар Кутманов райондук ооруркананы жетектеп, элдин сообуна калып, ондогон өзүнөн да күчтүү врачтарды тарбиялады. Шакирттеринен Асамидин Марипов чөлкөмгө таанымал башкы врач, депутат, анын уулу Улукбек Марипов республикалык деңгээлдеги тажрыйбалуу жетекчи. Жаныбек Нурдинов райондук дарыгерлерден борбордук (Москва) медициналык басылмаларга илимий макалалары жарыяланган жалгыз окумуштуу врач болду. Шартка жараша өмүрүнүн акыркы жылдары Россияда таанымал врач болуп иштеди. Уул-кыздары Улукмандай болгон атасы Жаныбек дарыгер жөнүндө китеп жазат деген үмүттөбүз.

Мен аспирантурада жүргөнүмдө ЦУМдун жанынан Сүйүн эжекеге жолугуп калдым. Дароо таанып, "түшүмдө сен жолборстордун арасында жүрүпсүң" деп жолугуп калганына аябай кубангандай болду. Айыл аксакалдарын, мугалимдерди, эң кызыгы, биздин класстагы окуучулардын аттарынан сурады. Стеклозаводдо партком экен. "Райкомдун имаратын бүтүрүп, бирок, ичинде иштебей

калдым көрктүү имарат болсо керек” деп улутунуп койду. “Эл мен жөнүндө эмне сөз кылып жүрдү?”- деп сурады. Элдин ыраазычылыгын, биздин айылдагылар сизди аябай сыйлайт, Сиз дайындаган райборбордук кароолчулардан бери жаңы жетекчилерге жүгүнүп иштеп жүрүшөт, сизди эстегенден да коркушса керек, кошоматчылар эмгегиңизди унутушту. Жо-ок Алайхан Мирмахмудов атамдын уулу мага тандыр куруп берди деп актангандай болду. Биздин айылга сиз салдырган кошумча имараттан башка курулуш жок, жолдор тамтыгы чыккан, айлыбызды ойлогон күчтүү кадрларды убагында тарбиялап койбопсуз. Бүт эле курулуштарды сиз мактаган райборбордун айланасындагы колхоздор куруп жатышат, магазиндерди ээлешкен дедим.

Тез-тез көрүшүп турдук, Россиядан менин жетекчи илимпоз агайларым келгенде коноктоп, Чолпон-Атадагы апасынын үйүн көргөздү. Сиңдиси Ысык-Көл районунун исполкому, таякеси академияны 25 жыл башкарган академик Курман Гали Каракеев экен. Персоналдык пенсияга чыгарууга күчүм жетпеди, шарты бар ооруканаларга дарыланганга шарт түзүп бердим.

Эжеке биздин мектепте иштеген учурда областа жалгыз математик эмгек сиңирген мугалим наамын Сулайман Мамарасуловго, алдынкы мугалим катары атама “Урал” мотоцикли жана “Эл агартуунун отличниги” деген наам берилген.

* * *

9-класста окуганыбызда бизге класс жетекчи болуп Ош пединститутун Лениндик стипендия менен бүткөн Рахман Бектенов агай дайындалды. Агай жаңы доордун адамы эле. Химия, биология сабактарынан мурда жетишпей жүргөн окуучулар эң жакшы окуй башташты. Себеби, ар бир окуучунун өзгөчөлүгүнө жараша түшүндүрөт, тоого экспедицияларды уюштуруп, дары чөптөрдү, зоолордогу мумияларды көрсөтөт. Химиялык, биологиялык анализ жасаганды институттагыдай көрсөтүп, эртеси айдоо жерлердеги топурактын составындагы щелочторду,

жер кыртышын изилдөөнү үйрөткөн. Фотоаппарат менен иштөө кружогунда окуучулар класска батпай калат. Өзү кошуна Правда (Борко) кыштагынан болгондуктан, жөө барып келчү. Үйлөнүү тоюна классыбыздагы эркек окуучулардын баарын чакырды. Ал учурда күйөө жолдоштор катар тизилип ырдашат, жаңылмач айтышат, кыз тараптагылардын суроолоруна тамаша кошуп жооп беришет. Ушул процесс "Күйөө жандоо" деп аталчу. Бизди досторуна кошуп, күйөө жандоого тиздирди. Эч бир мугалим окуучуларын мындай сыйга аралаштырбаса керек эле. Агай бизди өзүнө ашыкча берилтип алгандыктан, химия, биология сабагын эң жакшы окудук. Эгерде башка окутуучулар да предметтерин сүйдүрө билгенде класстагы окуучулардын баары университетерди бүтмөк, элге агайдай кызмат кылышмак.

Биздин билимканада отуз жыл ичинде мугалимдерибиз дал ушундай сүйүү менен окутушат. Окуучуларды өз балдарыдай жакшы көрүшүп, жатаканадагыларды үйлөрүнө ээрчитишип, тамак-ашын беришет. Ошондуктан, 100% окууга өтүшөт, эң жакшы дипломдорду алышат. Ар бир бүтүрүүчү билимкананы экинчи үйү катары көрүшөт деп ойлойм.

***

Англис тили мугалимдери 5-класстын окуу китебин кайталап окута берчү. Себеби, бир жылдан кийин которулуп кетишчү. Анжияндан англис тили факультетин бүткөн чечме-сайлык Жамаш агай эсибизден чыкпайт. Артикуляциябызды өзгөртүүгө аракеттенди. Райондогу эң кыйын англис тил мугалими Мукуш агай кошуна айылдан бир жыл каттап окутту. Ошентип, 5-класстын окуу китебин төрт жолу кайталап окуганыбыз аспирантурада мага чоң пайдасы тийди. Көрсө, окуу китептерди көп кайталап, өз алдынча окуган окуучулар келечекте кандай кесип болсо да эң жакшы өздөштүрүп кетет экен. Бул ыкманы билимканада ар дайым колдонуп жүрөбүз.

* * *

Райборбордон өз айлына каттап иштеген Самат Мамытов агай каникул учурунда бизге аябай чоң акиташ бышырчу эки оро каздырып, Түндүк Өтпөскө кире бериштеги акиташ болчу таштарды көрсөтүп, тракторлорго жүктөп алып келип бир таш, бир көмүр кылып тиздирип чыкты. Оронун түбүнөн отту тутандырып, ылай менен орону көмдүрдү. Окуу ачылганда келсек укмуштай таза акиташ болуптур. Агай элге бекер таркаттырды. Бизге болсо доскага жазчу бор (мел) жасоону үйрөттү. Кислоталар, щелочтор менен иштөөнү лабораторияда үзгүлтүксүз үйрөтчү. Бир жолу агайдын алаксып турганынан пайдаланып, пробиркадагы суюктукту төкпөй туруп үстүнө күкүрт кислотасын куйганыбыздба чоң жарылуу болуп айнектер, пробиркалар талкаланып, кудай сактап өзүбүз соо калдык. Өмүр бою кислоталардан этият болуу сабагын ушинтип алганыбыз эсимде.

Самат агайдын атасы Мамыт аксакал фронттон эки бутуна жыгач (сокуга окшош) кеп кийип келгендиктен, эшеке мингизип, түшүрүп турушчу. Улак чабыш болгон жерден калчу эмес. Нечен жолу галага эшекчен кирип кетип, тебелендиге калып кеткенин көрдүк. Согуш азабы болбогондо чөлкөмгө атагы чыккан чоң чабандез, балбан болмок. Атама келип “досуңду качан кыштагыбызга алып келесиң. Балалуу да боло элек, үй салуу оюнда такыр жок. Бир сени угат мени тоготпой унчукпай кутулуп кетет. Мен карыдым, инилери Бөрү, Турсунбайларга жакыныраак келсин дейм да” -дегени эсимде.

Самат агай мектепке шаардагыдай кийинип, сабакты берилип окутуп кетээринде атасына жолугуп райборборго кетет. Тешебай классташыбыз куудулданып, “агай кыштагыбызга келбей калды го, ич кийимдериден бери үтүктөп кийгизген жерден ким кетсин” деп күлгөнүнө маани бербептирбиз. Кийинчерэкк атасынын үйүнүн жанына там салып, уул-кыздары элди ойлогон атуулдар болуп чоңоюшту. Самат агайдын эл-журтка, билим берүүгө жасаган улуу иштери жөнүндө шакирттери, жакындары жазышат деген ойдобуз.

# § 4. КЛАССТАШТЫК КҮНДӨРДҮ БАЯНДАГАН ОЙ-ТОЛГООЛОР

**1. Марапат БЕКТАШОВА**

Биздин үй кыштагыбыздын эң четинде болгондуктан, колхоз дан эгиндерин жыйнаар замат саанчылар чатырларын тигип, кошуналарыбыз көбөйүп айланабыз щаңга бөлөнүп калат. Эң коногу көп малчы Бекташ аксакал жаштайынан тилден калып, кулагы укпаса да өз ажары менен балдардын да, чоңдордун да сүймөнчүгү эле. Күнү-түнү малдын ичинде болушса да таза жарашыктуу кийинишип, улуу кызы Марапат бизге кызылча бышырганды үйрөтүп, кызыктуу окуялар менен шыктандырганы эсибизде. Окуу ачылганда бизге классташ экендигин билдик. Жогорку класста окуганыбызда комсорг, мектеп активисти болуп коомдук ишке такшалуубузга үйрөттү. Иниси Карим мектепти тартиптүү эмгекчилдиги менен айырмаланган окуучу болуп аяктады. Менин мугалимдик жумушум Каримдерге класс жетекчи болуудан башталган. Бекташ аксакал эс алууга чыккандан кийин билимкананын коопсуздугун карап, окуучуларга тартиптүү болууну үйрөттү.

**2. Катча ГАПЫРОВА**

Саанчылардын ичинде өзгөчөлөнгөн Саадат эже менен Гапыр аксакалдын чатырына колхоз жетекчилери тез-тез келишип, акылдашып кетчүдөй сезилчү. Көрсө, Саадат эже Жогорку Советтин бир канча жолку депутаты экен. Уул -кыздары тынымсыз сүт тартышып, келген конокторго чуркап кызмат кылышчу. Тиричиликтин майын чыгарган Катча менен 7-класстан баштап бирге окудук. Экөөбүз шерик болуп 500дон кирпич куйганыбыз эстен кетпейт.

Бир топ жыл айлыбыздагы дүкөндөрдө алдыңкы сатуучу болуп иштеген учурда классташтарга саламыбызды жеткирип, бизге омоктуу ойлорун айтып, күлүп-жайнап, сый көргөзүп классташтарга болгон сагынычыбызды толтуруп турган кызматын кайтарган деле жок окшоймун. Азыр кошуна Кыргыз-Ата айлында үлгүлүү турмуш улап, ажылык парзын аткарып, атактуу ишкер айым

болду. Иниси Жапар республикада белгилүү коомдук ишмер, депутат, Борбордук шайлоо комиссиянын жетекчилеринин бири. Менин Айтибек инимдин классташы, досу болгондуктан Жапар биздин үй-бүлөнүн да сыймыгы. Катчанын бир туугандары ата-энесинин жолун улап, элдин жүгүн көтөргөн инсандардан болгондугу жердештеринин сыймыгы.

### 3. Гүлүм ЖУНУСОВА

Саанчылардай эмгекчил Майра эже менен Жунус аксакалдын үйүнө апамды ээрчип барып калдык. Акталган гүлгө оронгон короо кадимки шаардагыдай таптаза үйдө эки бети кыпкызыл кыз келиңиздер деди. Жунус аксакал райборбордо жыгач кампасында иштегендиктен, улуу кызы өзбек мектепке барыптыр. Биринчи класста эки-үч ай окуп калганыбызда биздин класска ак фартукчан баягы кыз кошулду. Агайыбыз сабакка кирээр менен биз “саламатсызбы” деп айткычак ал кыз шашыла ордунан туруп “Ассолоом алейкум дамла” дегенде баарыбыз каткырып калдык. Атам “күлбөгүлө, бул кыздын аты Гүлүм Жунусова” деп тааныштырып аны мени менен бир партага отургузду. Окуучулар “эми сен Гүлүмдү аласың” деп экөөбүздү чычалатып жүрүштү. Гүлүм бир сырлуу, аз сүйлөп унчукпастан сабакты тыкан окуган чечкиндүү аракеттери менен өзгөчөлөнгөн классташыбыз. Азыр болсо баатыр эне, уул-кыздарын татыктуу тарбиялап жашоонун ырахатын үй-бүлөсү менен сүрүп жүргөн кыргыздын бир Умай энеси. Иниси Шаран политехникалык институтка окуп жүрүп аскерге кетип, Сахалинде биздин айылдан чыккан алгачкы матрос, балык уулоочу траулердин капитаны болгонун укканбыз. Дагы бир иниси Абдраим да Кант шаарчасынын милиция жетекчилеренинин бири болуп, капитандык жарашыктуу формасы менен Жаңыбай тагасындай койкойгон инсан болгондугун көрүп өтө сыймыктанганбыз.

Атасы Жунус аксакал жер которуп, тууган издеп, башка айылга кеткенине кыштактагылар өтө өкүнүп жүрүштү. Кызыл-Кыяда аксакал менен эл аралык семинарда жолуктук. Жунус аксакал чоң мечитте кызмат кылгандыгын айтып мени кучактап көзүнө жаш алып, айылдыктарды бирден сурап чыкты. “Силердин үй-бүлө-

ңөргө ыраазымын, иниң Маккамбай Шаранды институтка окутту, атаң Шеран мага бир тууганадай кызмат кылып жүрөт. Сен Абдраимге көз сала жүр" деди. Бир топ жыл Баткен тараптагы семинар-чогулуштарыбызга аксакал болуп катышып жүрдү. Ошол учурдагы сүрөтүн китепке сунуш кылдык, телевизорго насаат сөздөрүн жаздырдык. "Кызыл-Кыяга жакын жерден (Төөлөс) жергиликтүү бийлик үй салууга жер бөлүп берди, туугандарымды да таптым" деп кубанганы эсимде. Бирок, "туулган жеримден туура эмес кеткен экенмин" деп улутунуп койду.

Ошентип, жашы жүзгө жакындап калганда көңүлү жайланып, дербиштик жашоону да насибинче көтөргөн тарыхый инсандардын бири болду. Эл тамашалап "Жунус мойлоо" деп эркелетип койчу. Себеби, муруту өзүнүн кумири Буденныйдыкындай узун эле. Гулүмдүн балдары тайне – таятасы, таякелери жөнүндө кызыктуу китеп жазат деген үмүттөбүз.

**4. Бактыгүл МАЛАЕВА**

Колхоз жүгөрү айдаган талаанын ортосунда кечээ жакынга чейин "Мала аканин талы" деп аталган эки чоң тал бар эле. Кийинчерээк Мала аксакал ал талдардын тушундагы күнгөйгө өрүк көчөттөрүн тигип, күн алыс эшекчен келип сугарып тураар эле. Чоң кызы Бактыгүл биздин класссташыбыз. Ар дайым тыкан кийинип, дептер тетраддарын таза тутуп, ашыкча сүйлөбөгөн, окууга дилгир класссташыбыз азыр да салабаттуу, сөзүндө турган, баштаган ишин аягына чыгара билген биздин сүйүктүү курбубуз, данакерибиз. Райондогу бир канча сельсоветтерди башкарган айлыбыздан эң алгач борбордук партиялык мектепти аяктаган коомдук жана партиялык ишмер Адалат эженин Бактыгүл жакын сиңдиси болгондуктан, өз убагында институтка тапшырса өтмөк жана жакшы бүтүрүп райком же министр болмок. Башка атайын окууларды бүткөнүн институтка эмне үчүн тапшырбагандыгын эч сурай албадым. Бирок, айылда иштеп жүрүп эбегейсиз чоң тааасирлүү айым болгондугун билебиз.

Агасы Абдылбакы ака политехникалык институтка тапшыраарда менин иниме окшош болгондуктан, "ордума экзаменге

кирип бер” дегенинен онунчуда окуп жатып эң жакшы бааларды алып бергени эсимде. Өзүнүн да аракети күчтүү богондуктан институттан кийин чоң кызматтарда иштеп жүрдү, балдары белгилүү инсандар. Профессор иним Маккамбай “жүздөгөн кадрларды даярдасам дагы эң кыйын окуучум Абдылбакы ака” деп тамашалап калат. Сиңдиси Калийма биздин айылдан Артеке эң биринчи болуп барган. Кичине сиңдиси Замирага класс жетекчи болдум. Окууга кирүү экзамендерине кружок аркылуу мен даярдаган 18 окуучунун бири. Технология факультеттин бүттү. Замира менен Абдыкаар күйөө бала экөөнү институтту буткөнчө канатыбыздын алдына алып жүрдүк. Инисинин кызы Жазгүл билимканада көп жылдан бери орус тили сабагын окуткан кадырлуу эжекебиз. Бул үлгүлүү үй-бүлө жөнүндөгү китепти Бактыгүл жаздырат деп ойлоймун.

**5. Абила АБДАЗОВ**

Үйүбүздүн жанбоор тарабында атам тиккен өрүк бактын башталышында чоң атабыздан калган чоң “Кандек” өрүктүн түбү табийгий секичеде ар күн коноктор болчу. Сабактан кийин атам өзү айткандай, үлпөттөрү менен узун маек курушаар эле. Биз кичнекейибизде чоң таенебиз небереси Эркайым менен келип ийик ийрип олтураар эле. Чоң тайнебиз эски көз караш менен сүрөткө түшүүнү күнөө деп эсептегендиктен, байкатпастан сүрөткө тартышкан соң иним экөөбүздү сүрөткө тартаарда иним ыйлап, сүрөткө түшпөй кыйнаганда сүрөтчү “шымшык учат” деп алаксытып тартып алды.

Эртеси Абдаз агай жана бир топ мугалимдер секичеде жамбаштап тамашалашып чай ичип жатышкан. Тамак тартыларда эки жаштагы Маккамбай иним “Абдаз шымшык, Абдаз шымшыкты кара” деди эле. Кичине кызып калган аяш атабыз “сен Шеран Гүлсана экөөңөр мени балдарыңарга “шүмшүк” деп үйрөтөсүңөр да” деген боюнча тамакты ичпей, коноктор суранганына карабай таарынып кетип калды. Көпкө чейин таарынып атама сүйлөбөй, нааразы болуп жүрүптүр. Агайдын кыжыры өтө тез күтүүсүз келгендиктен теңтуштары “Абдаз – тараң” деп тамашалашат экен. Дагы бир жолку келгенде инимди чакырып, “мени эмнеге шүмшүк де-

диң десе, “оона–оона, шымшык, шымшыкты кара” дегенден кийин чын жүрөктөн кучактайын дегенде иним качып кетти.

Агайдын данектей уулу Абила менен он жыл тең бир класста окудук. Каникул учурундагы эшекчен уйларын жетелеп Кызыл-Аяк кыштагынан дарыянын боюна бир топ балдар менен келээр эле. Жусубалы, Өмүрзак, Тешебай, Жусуп (Ражапов) ж.б. аябай кызыктуу оюндарга алек болуп, күн батаарда кетишет. Ошентип, Абила жүрөгүмдөн берилген досума айланды. Кол жазмасы начарыраак болгондуктан биофака өтпөдү. Областтык олимпиаданы жеңүүчүсү кийинки эки жыл катары үч экзаменден беш алып, кыргыз тилинен сочинениеден өтпөй калып жүрдү. Суранып жүрүп даярдоо курсуна окуганга макулдугун алып курсташтарым Мамрасул, Мадандардын батирине жаткырдым.

Кайрадан сочинение жазуу керек. Институтта башкы электрик болуп иштеген Адил (Мураталиев) акага кайрылсам “чоң залга кино койчу айнектен эркин теманын аталышын билип, кыскача жазылган сочинениени (шпаргалаканы ) алып киремин” деп кубантты. Атам Абдаз досуна “Алимди (Маматов) Ошко кошо ала кет, ал өтө жакшы жазат” дегенин аткарбастан, “мен да жогорку билимдүү географмын китептен эле көчүрүп жазып берем” дегенин кийин билдик. Экзаменде бул шпаргалкага ишенген 12 абитуриент бир катарга тизилип оллтурушат. Адил ака шпаргалканы Абиланын колуна берет. Сочинение өтө ката, маанисиз жазылган үчүн баары эки алат. Арасында белгилүү обончу, аткаруучу Кудайберди (Кудаш) Темиров да көчүрүп өтпөй калган. Аргасыздыктан болгон аракетибизден натыйжа.чыкпады.

Катар-катар окууга өтпөй Абила аскерге Ыраакы Чыгышка кетти. Жума сайын кат жазышышып турдук. Аскерден келгенден кийин окууга такыр тапшырбай койду. Мен окуумду бүтүп мугалим, аспирантура, академия, аскердик кызматта (Камчаткада) болдум. Келген сайын Абилага жолугам, бир аз бутума турсам эң биринчи сени үй-бүлөң менен борборго алып кетем, бүт кыйынчылыктар артта калат деп жалдырайм. Сен өзүң сүйгөн Гопалдын (Сангам) ырларын мандолинден чертип, ырдап берчи деп тамашалайм. Коомду өзгөртөбүз сендей таланттулар окууга өтө турган

система курабыз деп ишендирүүгө аракеттенем. Ал болсо пессимизм отуна түшүп, “турмуш оорлошуп бара жатат” деп улутунат.

* * *

Атамдын тапшырмасы менен Фрунзе, Новосибирск, Москва, Алма-Ата, Ташкент шаарларыда окууга даярдоо аракеттерди үйрөнүп, “Ноокат” математикалык билимкананы түзүүнү ойлоп табып, негиздеп, уруксаат кагаздарын алып мугалимдерди такшалтып, акысына бир тыйын албай күндөп-түндөп илимий жетекчилик кылуубуздун натыйжасында отуз жыл ичинде 1073 Абиладай окуучулар парасыз институттарга өтүп, парасыз эң жакшы аяктап элдин кызматын кылышууда. Алардын ичинен 120 кызыл аттестат, 34 алтын медаль алышып, 20дан ашык илимдин кандидаттары, докторлору чыгышты. Окуучулардын жарымынан көбү биздин Кара-Таш айлынын окуучулары. Азыр 250 окуучу окуп, отузга жакын мугалим – тарбиячылар жан үрөп иштешип, республикага таанымал элдерди тамшандырган инсандар.

Билим берүү мыйзамын өзгөртүүгө, бирдиктүү тестирлөө системасынын түзүүгө, институтка кирээрде диктант, сочинение жазбай турган, Абиладай кыйналбай турган билим алуу системасын куруунун башында туруп, билимканачыларды жан -дилибизден шыктандырган, жалынган күндөрүбүздү берген Жаратканга ыраазыбыз. Билимкананы ийгиликтүү иштеп кетүүсү үчүн мага эң кыйын иш директорлорду такшалтуу, аларды ишендирүү, борборго, чет өлкөлөрдө стажировкалардан өткөрүү болду. 30 жылда 7 директор такшалды, башка кызматтарга барган жерлерин да өзгөртүшкөн улуу инсандарга айланышты. Мугалимдерибиз элибиздин “Алтын фонду” десек жаңылышпайбыз. Эң күчтүү университеттин мугалимдеринен интеллектуалдык деңгээли жогору. Республикабызда бир гана Бишкекте №61-мектепти жана Ноокат билимканасын аяктаган окуучулар гана 100% институттарга өтүшөт. Калган 2236 мектептин бири да бул эки мектепке азырынча жете алышпайт. Бул ийгиликтер-

ге коомчулук эбак ишенди десек болот. Орусча, англисче сүйлөөдөн гана жетишпей келе жатабыз.

* * *

СССР таркап эгемендүүлүк алган 1990-жылдарда элдин баары эле өтө кыйналды. Белгисиздик, турмуштун оорчулугу көпчүлүктү үмүтсүздүккө түрткөндөй болду. Колумдан келген күнү Абиланы Бишкеке алып кетем, окутам деген ойлорум ишке ашпай тургандай сезиле баштады. Коомчулуктагы кыйынчылыктар Абиланын ден соолугунун начарлашына алып келди. Билимкананын жатаканасына азырынча көз салчу жумушка дайындатып, колумдан келгенче көмөк көрсөткөнгө аракет кылдым. Аз калды, турмуштун оңолуу жолу башталды, эч нерседен чочуба деп кучакташып, өткөн-кеткенди сөз кылып көңүлүм бир аз тымчып жөнөп кеттим. Бул акыркы жолугушуубуз экендигин сезбептирмин да.

Балдары бой тартып, таанымал инсандарга айланышты. Шаардан үйлөрдү алышып, апасы Маликанын кадырлуу жашоосуна шарт түзүштү. Мен көргөн кичинекей уулу Замир билимканада, андан кийин Ислам университетитнде окуду. Египетке окууга барам деп кайрылганда “12 жыл убактың кетет, бир туугандарыңдан апаңдан алыстайсын, андан көрө бир өнөрдү үйрөн” деген кеңешимди айттым. Чоң ишкерликти үйрөнүп, эл кызматын аркалап калганыга Жаратканга чексиз ыраазыбыз.

Абиладай турмуштун оорчулугун элдин көпчүлүгү башынан өткөрдү. Согуштан кийин муундардай эле акыркы 30 жыл элге көп түйшүк алып келди. Мектепти өтө жакшы окуп, чет тилдерин, орусчаны билген жана жок дегенде бир өнөрдү өтө жакшы өздөштүргөн адам кыйналбай турмуш курап кетээрине эл ишенди. Көз караштар өзгөрүп, дүйнөдө жашаган 7 миллиард элдин эң алдыңкы өлкөлөргө катарлаш болууга ишенген жетекчилер, ишкерлер, кесипкөйлөр, окумуштуулардын саны жылдан жылга көбөйүүдө.

***

Кыргызстанда таанымал инсандар, ишкерлердин дээрлик көпчүлүгү айылдан кичинекей түйүнчөгү менен эле келген адамдар, шаарда аларды деле эч ким күтүп алган эмес. Жакшы адамдар көп болгондуктан, аларды аркалап жүрүп өз кыялдарына жараша Жаратканыбыз, табиятыбыз колдойт экен. Кыргызда "арканыңды алыс ташта" дегендей, ким улуу тилек кылса ал орундалаарын турмуш көрсөттү. Бирок армандар эч качан толбойт, турмуш ушинтип улана берет экен.

**6. Амат НУРДИНОВ**

Атам кесиптеши Нурдин агай менен көп тамашалашып сүйлөшөөр эле. Агайдын уулу Амадали (Амат) менен бир класста окуп калдык. Амат менен достугубузду математика сабагы түптөдү десек болот. Ачык-айрым, айтканынан кайтпаган, адабий китептерин көп окугандыгы менен айырмаланып турчу. Кыялкечтиги, адабий каармандардын эрдиктери, сезимдери менен жашап, комсомолго да эрте өттү. Комсомол билетинин ичинде жакшы көргөн кыздын сүрөттүн салып алаар эле. Сүрөтүн көрсөт деп талашып кетип, комсомол билетин мен сууга агызып жибердим. Комсомолдон айдалып кетем деп мага аябай капа болду. Жакын туугандары алыста болгондуктанбы, же үйү мектепке жакын болгондуктанбы, сырттан келген агай-эжелер Нурдин агайдын бир бөлмөсүндө жашашаар эле (Кудайберди агай, Кундуз эжеке ж.б.).

Мединститутка биринчи жылы өтпөй калып, колхоздун бир короо коюн бакты. Мен пединститутка тапшырып, эң жогорку баа алсам да, ректордун буйругу октябрь айларында чыкты. Кирүү экзамен баракчама ошол кездеги декан М.Абдылдаевдин колу биринчи коюлуп калыптыр. Ал киши тааныштарына гана беш коет деген сөздөр таркап, бир топтор студент болбой калуу коркунучунда калганыбызды "талаштар" комиссиясына кирип, экзамендерди кайрадан текшергенде билдим. Ошол учурда апам жолдо Амадалиге жолугуп калса "Өмүрзак студент болуп калсын, койчу-

ман болуу азап экен" дегенин апам азырга чейин айтат. Кийинки жылы Амадали студент болду, агасы Жанибек акадай таанымал врачка айланды. Мединститутта аскердик тартип барлыгын, эң кыйын экзамен философия (проф.Абдылдаев) экендигин жомок кылып айтып берчү.

Мурза Гапаровдун жаңы чыгармаларын биринчи Амадали алып келээр эле, анан биз калган кызыккандар талашып окуур элек. Мурза Гапаров биздин айылдан болгондуктан, чыгарма каармандары, жалгыз аяк жолдору, дарыялардын шоокуму, катар-катар тизилген тегирмендер көз алдыбызга тартылып тураар эле. Ар бир чыгарманын башынан аягына чейин талдаганга аракет кылчубуз. Алыкулдун ырлары, Сыдыкбековдун Орускулу, Жюль Верндин Сайрес Смити, Нэмосу, Соловьевдун Кожо Насридини, Ботобай төкмөнүн небереси Мадамин агайдын төрт жыл эрикпестен окуткан эпостору сүрөттөгөн каармандары менен кошо жүргөндөй кыялданып чоңойдук.

* * *

Билимкана түзүлөөр менен биздин айылды кантип оңдойбуз деген ойлорубузду колдогон эң алгачкы адам да Амат болгон. Кайра куруу доору бизди ойгото баштаган мезгилде билимканага 12 адам чакырдык. Күн тартибинде бир эле маселе – айлыбыздагы социалдык проблемаларды кантип чечебиз. Эски "Калинин" колхозун мурдагы чек аралары менен кайра калыбына келтирүү үчүн демилге топ түздүк. Райком тараптан келген эки адам келишпес каршы болушту. Электр тегирмени, тактай тилчү пилорама, жолдорду оңдоо, жаңы мектептерди, спортзалдарды салуу ж.б. маселелерин чечүү жолдорун издөө каралды. Устав долбоорун даярдоо, эски картасын тактоо, пилорама табууга мен убада бердим. Уюштуруу топко жетекчиликти Аматка тапшырдык. Текшерүү комиссияга башчылык кылууну Эсенбай Бекешов колго алды. Тез эле эл аябай бирикти. Айдоо жерден райборборго 500 чек берээрде Абсатар аяш ата жолго туурасынан жатып алат.

Май айынын аяк ченинде ошол учурдагы. Ош обкомунун жетекчиси Үсөн Сыдыков вертолет менен учуп келип, удургуган эл менен жолугуп, “колхозду бөлбөсөк болбой калыптыр” дегенде Ноокаттын райкому Турдубаев мырза карамaнча каршы болот. Обком элге кайрылып, “колхозуңар бөлүндү, Ошто абал курч, жаштарды жөнөтпөгүлө, бул менин аксакалдардан суранычым” дейт. Эл калпактарын асманга ыргытып, кубанып макул болушат. Бир жумадан кийин Ош окуясы башталат (1990-жыл, 4-июнь). Караташтык аксакалдар убадасында турган менен бул каргашалуу окуяда каза болгондор, элди жараштырууга аракет кылып тынчтыкты орнотууга катышкандар көп болду.

Республикада эң алгачкы бөлүнгөн “Чечме-Сай” колхозудан кийин Таласта бир колхоз бөлүнүп чыкты. Беш-алты жылдан кийин көпчүлүк колхоздор өзүнөн-өзү тарады. Биз эски чек араларыбызды тактап алганга араң үлгүрдүк. Чындык калыбына келди.

Амадали досубуз айыл кеңешинин төрагасы болуп шайланат. Эл кубанганынан чек араларды эски карталар менен бөлүшүп, эки жыл катары менен акча албай иштеп беришкен. Турдубаев жумушсуз үч ай Ноокатта калып колхоз жетекчилигин көзөмөлдөп жумушчу топ кыялданган көп маселелер чечилбей калгандыктан, эл атактуу Жумабай Палванды колхоз жетекчилигине алып келишет. Натыйжада айдоо жерлер, бак дарактар такталып, социалдык маселелелер чечиле баштайт. Жыгач тилчү “пилорама”, электр тегирмендери, дүкөндөр ачылып, билимкананы көргөнгө республиканын бардык чоңдору келип, тажрыйба алмашчу семинарлар байма-бай өтүп, сырттан гранттык жардамдарды алып келүүчү фонддор көбөйүп, англис тилин үйрөтүүчү волонтерлор келип, бүтүрүүчүлөр толугу менен бюджеттик орундарга парасыз окууга өтүү салтка айланып, областтык – республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү арбындап, теле-радиолордо байма-бай берүүлөр боло баштады. Бектуруш Табалдиев, Абдраим Мамытов, Рахман Маманов баштаган журналистерибиз бул жумуштарга эбегейсиз салым кошушту.

1994-жылы шайлоодо Амадали менин штабымды башкарды, таасирлүү инсандарга бизге тартуу стратегиясын иштеп чыккан-

дардын бир болду. Азыр уулу Ноокат шаарынын мэри. Биздин айылдан чыккан интеллектуал Амадали досубуз аз, бирок, саз жашап өттү. Айылдын бүгүнкүдөй дүркүрөп өсүшүнө салым кошкон Амадали элдин эсинде дарыгер гана эмес коомдук ишмер катары эскеришет. Бул тарыхый инсандын ойлорун, кыялдарын, баштаган иштерин балдары, кесиптештери, доорлоштору улайт деген ишенимдебиз.

**7.Апсамат ТАЖИЕВ**

Апсамат менин чоң атамдын улуу баласы Сактандын небереси болсо да мен мектепке барганга чейин таанybайт элем. Атасы Тажи чоң ата согуштун ардагери, колу-бутунан жарадар болсо да турмуштун өйдө-ылдыйын эрте түшүнүп, ар түрдүү жерлерде иштеп жүрүп биздин айылга келгенде үй кура элек болгондуктан Кызылаяктагы Мамыр аксакалдын үйүндө туруп калат. Атам өзүнө куруп бүтүп калган үйүн берип, ал кишинин чегин алат. Апсаматты биринчи көргөнүмдө ата-энеси ырымдап койгон чачы бар, өтө жоош көрүнгөн. Сабактарды жакшы өздөштүрүп уюштургуч жөндөмү, сөздөрдү жамактап мандолинада ойноп баарыбызды күлдүрүп турчу. Мектепти бүтүп эле райондо иштеп, чоң адамга айланды. Акчага байланышкан кесипти тандап Фрунзедеги финансылык техникумду сырттан окуп бүттү. Экөөбүз окшош болгондуктан, математикадан кирүү экзаменге мени киргизди. “Беш алба, шектенип калат, төрт деген баа жетет” деди. Мен үчүн суроолор жеңил болгондуктан, билмексен болуп төрт алуу өтө кыйынга турду. Менин студенттик, аспиранттык күндөрүмдө айылга келген сайын күлүп-жайнап сый менен тосуп алчу. Жөтөл менен коштогон бронхит сыркоосун дарылатам деп Новосибирсктеги өзүм аспирантурада окуп жүргөн Академгородокко алып барып, аспиранттык бөлмөмдө жаткырып “Бутейконун” методу менен дарылаттым. Бир ай ичинде жакшы жыйынтык болду. Эң негизгиси, туура дем алууну, быштак-сүт ичпөөнү, тооктун этин жебөө сыяктуу эрежелерди түзүп беришти, эки жылда ооруну толук унутасын дешти. Кээ бир эрежелер бузулса да бүгүнкүгө чейин ден соолугу аябай жакшы. Уулу Улукбек биликананын алгачкы бүтүрүүчүсү,

физика-математикалык илимдеринин кандидаты, Оштогу жаш ийгиликтүү окумуштуулардын бири.

***

Бул кылымдын башталышына чейинки Ноокат районундагы пенсионерлердин дээрлик баарынын документтерин тактап, жардам бергендердин бири Апсамат, анын коллегалары Жеенбек, Аманов Ражап аксакал, Мамашарип мырзаларды райондо ар бири тааныйт эле. Апсамат менен элдин саламдашканын классташыбыз Тешебай "Ассолоом алейкум. Ассолом Алейкум" деп тамашалап калчу эле.

Мамашарип мырза министр болуп көтөрүлдү. Орусчаны жакшы билгенде Апсаматтын дипломатиясы менен республикада чоң кызматка жетүүгө мүмкүнчүлүгү бар эле. Мындай жөндөм менен Чүй боорунун тургуну болгондо Москвага чейин көтөрүлмөк.

Менин чоң атам чоң уулу Сактандын жөндөмүн байкап, 1947-жылы Кытайга жөнөтөт. Жолго берген акчасына "үй, мал сатып алба. Жакшы жайланышканыңда биз көчүп барабыз. Себеби, мен элдин эң арты болуп колхозго кирдим. Кенже уулум Төлөн 16 жашында комсомолмун деп жүрүп согуштан кайтпады" дейт. Ошол учурда Кытайда Гоминдан бийлиги бир аз эркиндик берип, ал жердеги элге өзүнчө мамлекет болууга макулдашылып генерал Монуев бийлик бутактарын түзүп жаткандыгын билишкен. Биздин айылдан Галбай аксакал атчандар командири катары Монуевге таасири күчтүү болгондугунан, Сактан аксакалды да бир районго асилат (аким) кызматка сунуштайт. Бирок, тез эле 1948-1949-жылдары Гоминдан бийлиги талкаланып, жаңы бийлик союздан баргандарды кетүүгө мажбурлайт. Сактан чоң атанын миңдеген малы атасы айткандай, жутка туш болот. Ошол жердеги үйлөрүн, жакындарын таштап, Эркечтам аркылуу айылга келет. Ошончо байлыктан 30 коюн чек арадан алып өтүп, айылга он чактысын араң айдап келген деп айтылат. Абдан таарынчак, кыжыл кишиге айланып кеткендей болот. Канчалык акыл калчаган, стратег экендигине карабастан Мамайсүп чал

жеңилгендигин мойнуна алып, Совет менен жакшы кызматташкыла деп өтөт. Калган 20 коюн алып кел деп экинчи уулу Тургунду Чон -Алайга мугалим кылып жөнөтүп, жашоого нааразы болуп өтөт. Аз болсо да бийлик, байлык бактылуулукту алып келбесин өз башынан өткөрөт. Галбай аксакал кайтып келип, колхозго раис болуп калат. Үзөнгүлөш жүргөн Алиев аксакал генералдык наамга чейин жетет. "Раис болбой эле органдарда жүрө бергенде Галбай аксакал да генералдыка жетмек эле" деп досунан кабар алганы келген генерал Алиев сөз кылды" деп атам үйгө айтып келгени эсимде. Азыркы билимкананын ордунда Калинин 8 жылдык мектепте завуч болуп жүргөн кыргыз тили мугалими Кеңеш Галбаевди генерал "өзүм тарбиялаймын" деп алып кетет. Галбай аксакалдын кичүү уулу Маккамбай да органда иштеп, айылга көп жардам берип жүрөт. Кашгар тарапта генерал Монуевдин музейи бар экендигин ата-энем, карындашым болуп Үрүмчүгө барганыбызды уктук. Монуев союздан да генералдык наам алгандыгын айтып жүрүшөт. Демек, Алиев кыргыздан чыккан экинчи генерал десек болот. Экинчи жолу Кытайга билимкананын мугалимдери жана колдоочулары болуп барганыбызда мен Сактан чоң атанын ал жактагы кызматтарын сураштырганым менен архивден издөө мүмкүнчүлүгүн таппадым. Тагам Эргештин сунушу менен Ади палвандын кызы менен жолуктук. Ошол кездеги билимкана директору Токур Кашкардагы кыргыз интернаты менен таанышып чыкты. Бирок, кызматташуу жолун таппадык. Миң адам хор менен Манас айткан оюн-зоокко катыштык. Тилеке каршы, Абсамат, Тагдыралы чоң аталары кызмат кылган Кызыл-Суу автоном областына чакырсак да бара алышпады.

* * *

Түнкү тамеки тизим ал учурда чоң сарайда боло турган. Абсамат күлкүлүү тамаша ырларын мандолинде өзүнүн чертүүсүндө ырдап берчү:

Осмо коюп койкоюп,
Күлмүндөп жатып коздонуп,

Күзгүдөн кийип карасаң,
Кан жалаган ооздонуп.

Классташыбыз Тешебай “Апсаматка теманы эле айтып койсоң Эстебестей төгө берет” дечү. Рыспай, Аксуубай, Кудаш, Токон ж.б. обончулардын ырларын жатка билип эле калбастан, өзү кошуп ырдап бизди уйкудан алаксытам деп жатып өзү үргүлөп кеткенде карындашы Максуда тамеки тизген ийне менен түртүп ойготуп тарбияланганына баарыбыз күлчүбүз.

Алтынчыда окуганыбызда Ошко цирке барууну уюштургандардын бири Апсамат болду. Көчмө цирк Оштун Араван көчөсүндө экен. Топтолуп турсак өзбекче сүйлөгөн хулиган балдар бизди ороп, тоногонго аракет кылышып циркти да оңдуу көрсөтүшпөдү. Классыбыз боюнча биз сыйлаган, жакшы көргөн классташыбыз Бүсайра окуган кыздар орто мектепке баралы деп таппай койдук. Чоң почтага кирип открытка жазабыз деп гүлдүү, сонун открыткаларды Апсамат сатып алдырып, куттуктоо жазып почтага салдырды. Көрсө, ал открытка баракчасы телеграммалар үчүн маркасыз болгондуктан классташыбызга жетпегендигин кийин билдик. 7-класста класс жетекчибиз Кудайберди агай Ноокатка алып келип, эстеликке сүрөткө түшүргөндө да Апсамат ортого олтура калып, колуна Сервантестин “Дон Кихот” чоң китебин өзгөчөлөнүп колуна кармап түштү. Сүрөттө аппак кагазды кармап түшкөндөй болгонуна алигиче күлөбүз. Алмабыз өтө көп болгондуктан, атам шериктери менен Өзбекстанга кыш ичи алма сатышат. Кээде мени да кошуп алат. “Фергана, Анжиян алманы тандап жейт. Маргалан, Кокон тандабайт” деп айтып калчу. Ишемби, жекшемби күндөрү Апсамат согуштун ардагери Тажи чоң атага берилген “Запорожец” машинасы менен Маргаланга майда “Семеренко” алмаларын ташыйт, мени да кошуп алат. Ошентип, бир топ акчалуу болуп калабыз. Маргаландын эли жоош, колу жука элдей көрүнөт. Сатуучунун жүзүн тиктебей айткан баађа сатып алат, тандабайт. Базардын ортосунда ванна тураар эле көбүнчө сабиз, картошканы чайкашат, кээ бирлери бети колун да жуушат. Каптагы алманы төгүп алып жууп жатсам таза кийинген өзбек жигит “бул алманы адамдар жейт да, сиз эл жуунган идишке чайкап жатасыз, убалго

акыры" деди. Эстесем азыркы чейин уялам. Бул сөз мени өмүр бою ойолонтчу багыт болду. Апсамат менен алма сатууга катышып жүрүп өзбекче сүйлөгөндү үйрөндүм. Аспирантурада окуп жүргөнүмдө ташкенттик, самарканддык студенттер, аспиранттар таң калышчу. Көптөгөн классикалык китептер өзбекчеге которулгандыктан, өзбек адабий тилинде көптөгөн чыгармалар менен таанышуу мүмкүнчүлүк алганыма да Апсамат себепкер болду. Бара-бара Апсамат мага классташ эле эмес, тууган экендигин акырындык менен сездирди.

Менин жумушум, коомдук иштерим өтө көп болгондуктан, Апсамат менен мурдагыдай сырдашуубуз алыстап баратканы өкүнүчтүү. Бири-бирибиз менен аз көрүшсөк да тилектерибиз куштун канатындай бирге экендигин эстеп кубанып калам.

**8. Мөтөр СУЛАЙМАНОВА**

Мектепке чейин тааныгандарымдын бири Мөтөрдүн (Мөтөбар) атасы Сулайман чоң аталар жаңы конушка эң акыркылардан болуп көчкөндүктөн, чогуу ойночу элек. Окууга чогуу барып сабактан кийин чогуу кайтып келчүбүз. Талкуулаган окуяларыбыз бүтчү эмес. Кыздар педагогикалык институтунун математика факультетинде окуду. Каникулга келээр менен окшош сабактарыбыз жөнүндө бөлүшүп жүрдүк. Институтту бүтөөр жылында "Б" класстагы айыл чарба институтта окуган Маннап классташыбыз менен турмуш курушту. Татыктуу уул-кыздарды, неберелерди тарбиялаган, өрнөк, тың жашаган үй-бүлөлөрдөн. Чечме-Сай мектебинде алдыңкы мугалим катары райондогу таанымал эжеке.

Атасы Сулайман Мамарасулов агай эмгек сиңирген мугалим, аракеттүү математик, тажрыйбалуу жетекчи катары өмүр сүрдү. Биз окуган Калинин орто мектеби агайдын жетекчилиги менен астында чоң алма багы миңдеген терек, чарбасы бар райондогу алдыңкы мектепке айланган. Институтту сырттан окуп аяктаганына карабай эмгекчилдигинин, тырышчаактыгынын натыйжасында мектеп курсунун математикасын жакшы билген чөлкөмдөгү бир-эки мугалимдин катарында экендигин институтта окуп жүрүп ишендим. Ар бир сабакка өтө даярданып, окуучуларды өз алдынча

иштегенге багыттап, эч ким доскада эсепти чыгара албай калганда “Өмүрзак, өзүң окуучуларга чыгарып бер” деп азыркы замандын улуу педагогдордун деңгээлинде биздин ойлонууга багыттап, чыгармачылыгыбызды ойготкон агайыбыз катары эсимде калды.

Биз окуган Калинин сегиз жылдык мектеби жабылып, айылдын ортосунда жаңы салынган орто мектепке Калининди аты ыйгарылган. Сүйүн эжекеден кийин директор болуп көп жыл Сулайман агай иштеди. Директорлук орун чоңдорго керек болуп калып, агайды мурдагы мектепке Жданов атындагы сегиз жылдык статус берилип, директорлука дайындашат. Эскилиги жеткен, эч бир шарты жок имаратка келээри менен жергиликтүү аксакалдардын колдоосу (Кеңеш, Шеран ж.б. аксакалдар) менен республикага чейин кат даярдашып “Ошстройдун” жетекчиси М.Носиновго киришет. Мөтөрдүн апасы Сара чоң энебиз көлдүн кызы, Ноокатка математиканы үйрөтүү үчүн келип, Сулайман агайга турмушка чыккан. Носинов аксакал Сара эжекенин жакын инилери болгондуктан, маселени түшүнүп, чындыкты ордуна алып келебиз деп убадасын берет. Тез эле ал киши Фрунзеге көтөрүлүп, курулуш министри болуп калат. Үч ай ичинде эки кабаттуу заманына жараша шарты бар орто мектеп республиканын эсебинен курулуп бүтөт. Мектепке эл үч гектар жер бөлүп берип, айылдын атынан “Кара-Таш” орто мектеби деп аташат. Миңдеген алма , терек көчөттөрү олтургузулуп, мектептин айланасы шаарга айланат. Райондук бийлик аксакалдын эмгегин көрмөксөн болуп, мектептин атын айылга эмгеги билинбеген бир акынды атын коюшуп, директорлуктан кетирүүгө аракеттер башталат. 1987-жылы биз математикалык билимкана түзүп баштаганыбызда жаңы идеяларды колдогон жаңычыл аксакалдар менен бирдикте мектептин бир бөлүгүн алма-терек багы менен таланттуу балдарга деп өткөрүп беришет. Сулайман, Абан, Шеран агайлардын колунда окуган окуучулардан ондогон илимдин кандидаттары, профессорлор чыгышты. Ошентип, Кара-Таш илим-билимдин, интеллектуалдардын айлына айланды. Билимкана түптөлгөндөн бери Мөтөрдүн инилери Токур (Мукуш), Мүдүш (Абдимитал) үзүрлүү иштеп келе жатышат. Токур агай 8 жыл директор болуп иштеди, жыйырма жылга жакын Ноокат ра-

йОНОсунун жетекчилик кызматтарында иштеген. Райондогу эң алдыңкы математик. Билимкананын илимий жетекчиси, түптөгөн адам катары мен Токурдун, Мүдүштүн эмгектерине өтө ыраазымын. Бишкек, Ош, Түркия, Кытайда өткөрүлгөн семинарларга, кыдырууларга катыштырганыма сыймыктанам. Мүдүш жогорку билимдүү физкультура мугалими катары билимкананын, айлыбыздын, райондун спортчулары республикага чейин даңазалаган агай.

Мөтөрдүн эжеси Мукарам эженин кызы "Төөлөс" орто мектебинин директору, кайын сиңдиси Уркуя Салиева атындагы мектептин директору. Мөтөрдүн чоң агасы Мукуш (Мухамед) агабыз райондун ветеринардык кызматын уюштурган, жетектеген коомдук ишмер. Мен студент кезимде институтта жолугуп, 1 сом бергени эч эсимден кетпейт. Аспирантурада окуп айылга келип, кайра-кайтканымда Ноокаттагы универмагка кире калсам мага чак келе турган 48 сомдук тери (замщевый) костюм бар экен. Менде атам апам берген 25 сом акчам, самолетко билетим бар эле. Дароо райОНОго Токурга келип, 25 сом карыз берип тур, бир ай ичинде почтадан салам дедим. Ошентип, костюмду алып, Новосибирск аэропортуна түшкөнүмдө чөнтөгүмдө 1 сом акча калыптыр. Стипендия бергенге чейин дагы бир ай күтүүгө туура келет. Айылда жашагандардын көпчүлүгүнө шаарларда окуган, же иштегендер жыргап эле жашагандай сезилчү. Сандалып квартираларда жашап, кээде карызга батып, паспортубузду эч жерге каттай албай, намыс үчүн окуганыңды же иштегениңди эч ким деле түшүнбөйт экен.

### 9. Айымкыз АСАНОВА

Атамдын чоң агасынын кемпири Зебе чоң энебиз биздин үй-бүлө үчүн Умай эне катары эле. Апам төрөт үйүнө кетээрде "чоң энеңди чакыр" деп мени жөнөтөт. Ал киши эч нерсени сурабастан шашылып келет. Кичинекей небереси Айымкызды ээрчитип алат. Апам тыңыганча бизди карайт. Ак көңүл, аз сүйлөгөн тыкан адам эле. Төркүнү Оштун жанындагы Жапалактыктар жөнүндө сөз болгондо жашарып кеткендей сезилчү. Менин чоң энемдин таекеси да Жапалактан болгондуктан, карым-катнаш жакын болуп, көпчү-

лүк туугандарга куда-сөөк байланыштарды түзүүгө чоң энем себепчи болгон. Чоң энем Жамбы Аравандын Маркс деген жеринен Өмүрзак байдын кызы болот. Атасы кулака тартылып дайынсыз болгондуктан, мага өзүнүн атасынан аты коюптур. Төркүндөрү жашаган элди азыркыга чейин “Бай кишинин балдары” деп аташат экен. Кашгардан тыныке, Казань шаарынан уста алып келип салган (1890-жылдары) үйү 1970-жылдарга чейин кохоздун конторy болуп турганын атам мага көрсөтүп келген.

Мен үч жашка чыкканда чоң энем өтүп кеткенде “эмнеге Айымкыздын энеси бар, менин чоң энем эмне үчүн каза болду?”- деп ыйлаганым элес-булас эсимде. Адалат эжебиздин улуу кызы Айымкызды Зебе чоң эне, кайда барса ээрчитип, эрке кылып чоңойтту. Эркеликтенби, сабакты ортодон жогору окуду. Жакшы адамга турмушка чыкты. Ошто органда ийгиликтүү иштеп, уулдуу болгон учурда өтүп кетет. Биз студент элек барбапаландашып чайга чакырып маңдайы жарык үй-бүлө курушкан. Турмуштун оорчулугун тартты. Кийинчерээк бизди окуткан таланттуу математик Абан агай менен турмуш курушту, үй салышты. Агайдын жоктугун билгизбей эл журт ичинде барктуу өмүр өткөрүүдө. Жакшылык гана каалайбыз.

Учурунда Фрунзе шаарынын четинде жайланышкан Төкөлдөш деген айыл болгон. Шаарга жакын болгондуктан, окууга маданиятка дилгир инсандар көп чыккан. Төкөлдөштүн төрт кызынын эң башында Сабира Күмүшалиева баштаган жүздөгөн белгилүү инсандар чыккан. Жапалак да Оштун чеги болгондуктан, Орто Азияга таанымал жүздөгөн өзгөчө адамдар чыккан. Биз билген Курманжан датка да Жапалактыктардын урпагы. Менин чоң атамдын апасы, кийинчерээк кемпири Жамбы чон энебиз, Зебе чоң энебиз бир туугандардын уул-кыздарынан тарагандар. Каттоону үзбөймүн деп аракет кылган Жамбы чоң энебиз биздин туугандардын көпчүлүгүн жапалактыктарга, мадылыктарга куда-сөөк кылганга аракет кылган. Үйүбүз тийишип турган Абдрахман чоң атанын кемпири Мөмү чоң энебиз да ошол тараптан. Кызы Саипжамал эжебиз Абдрахман чоң атабыздын небереси Шакир, Сайдали, Абзакир акелердин, Канайым эжени балдарына эже болуп эркелетип

жетелеп жүргөнүнө мен сыймыктанам. Мөмү чоң эне менен Саипжамал эжебиз көтөрүп чоңойткондордун ичинен республикага белгилүү инсандар чыкты. Төрө Зулпукааров, Шайырбек, Жеңиш, Равшан ж.б.

**10. Марипат БАКЫЕВА**

Айылдан бөлүнүп, эски конушта Исламдын дөбөсүнүн түбүндө жашаган эки үй-бүлө бар. Бири Асан аке тегирменин карайт. Экинчиси, Бакы аке инилери менен комбайн айдашат. Биринчи класска ак фартукчан, тыкан таза кийинген Марипатты (Маруфат) Бакы аксакал мектепке алып келди. Бир жылча окугандан кийин сабака келбей калды. Орус тил эжекебиз Мария Александровна классыбыздагы окуучуларды ээрчитип алып үйүнө окууга келбеген себебин билгени бардык. Апасынын буту ооругандыктан, бүт тиричилик Марипаттын колунда экен. Энесин карап окубай калды. Эжекебиз ушунча алыс жол басып, бизди алып келгенине бушайман болуп, эжекебиз орусча өзүнчө кобурап көзүнө жаш алганына көп деле маани бербептирбиз. Балким, алыскы Орусияда калган жакындарын эстесе керек.

Бакы аканин уулдары Сакы аке, Садык техникага жакын, шаардагыдай жүрүм-турумдуу, адамгерчиликтүү кишилер болуп чоңоюшту. Бул айылдан алыс ээн жердеги эки үй мага өтө табышмактуу сезилчү. Асан аксакал уулу Асылбекти ээрчитип айылга өтүп калаар эле. Асылбек колунан комуз түшүрбөй “Асылбегим баатыр, чабып келе жатыр” деп ырдап калаар эле, мектепти аяктагандан кийин маданият үйүндө да иштеп жүрдү, кичине иче койчу, кокустуктан отузга чыкпай өтүп кетти. Бул эки үйдүн арыраагындагы үйдө кемпир уулу Арзыбай менен жашачу. Арзыбай аке кошуналарынын таасиринен техникага жакын болуп колхоздун тракторлорун айдап, эл кызматына ынтызаар катары таанымал.

Мен институтка кирип жогорку стипендияны (35 сом) алаарым менен 12 сом карызга алып, 47 сомдук “Серенада” деген радиоприемник сатып алып, шашылып үйгө алып келдим. Апам Мыскал, Досманбетованын ырларын жакшы көрөөрүн билип, радиобуз болсо деп эңсечүмүн. Аблезим Ниязов, З. Мамбеталиева, Ашымов

дикторлордун үндөрүн тамшанып уккандыктан, өзүмдүн сюрпризиме аябай сыймыктанып, атам менен апам алкайт деп дардалаңдап алганмын. 47 сомго алдым, 12 сом карызмын дедим. Атам да апам да азаматсың, жакшы алып келипсиң дей алышпады. 12 сом карызды табуу үчүн апам жогоруга таштак тарапка барып эч кимден таппай келди. Атам-азыр эч кимде акча жок, болсо Бакы акада болушу мүмкүн деп унчукпастан жөө ылдыйга кетти. Бакы аке тыкан, айыл сыртында жашагандыктан мүмкүнчүлүгү бар киши эле. 12 сом бериптир. "Эми экинчи үйгө белек алба, өзүңдүн окууңду бешке оку. Эл катары биз да жашообузду оңдообуз үчүн силер билимдүү болушуңар керек. Мен ата-энемден жалгыз калдым, агам Төлөн 14 жашында комсомол болуп согушка кетип келбей калды. Таятаң уулунун төрөлгөнүн да билбей согушта жок болду. Тайэнең төрт баланы эрезеге жеткирем деп жүрүп оорукчан болуп өттү. Апаңар жаштайынан ини-сиңдилеринин жүгүн мойнуна алып жүрөт. Бирок, бир күн келет элибизде жашоо оңолот, бул согуштан кийинки кыйынчылыктар унутулат. Сабыр кылабыз, аракеттенебиз силер да бир мүнөтүңөрдү текке кетирбегиле. Азырынча көпчүлүк балдарын силердей болуп кантип окуурун да түшүнүшпөйт, шарт да түзүшө албай турган ахвалда. Силердин ийгилигиңерди эл күтүп жатат" деп атам узак сүйлөп отурду.

Кийинчерээк мектепте Марипаттын сиңдисин окутуп калдым. Марипаттын райборбордо жашаарын, жолдошу өзбек улутунан экендигин билдик. Бир туугандарын көргөндө эле салам айтып жиберем, мектепке келүүсүн сурап коем. Кудай насип кылган күнү көрүшөөрбүз.

Теке өтүктү бутунан түшүрбөгөн, салабаттуу Бакы аке эл ичинде өтө абийрлүү өмүр сүрдү. Бул үч үйдүн айланасы кайрадан "Кош Дөбө", "Салгаман" айылы болуп, менде баягыдай табышмактуу суроолорум калбады.

**11. Пазыл КАМБАРОВ**

Күнү-түнү элдин, колхоздун ишине арнаган эч жалган сүйлөбөгөн бирөөнүн көңүлүн калтырбаган Камбар аксакалдын уулу Пазыл биз менен бир класста окуду. Атасына окшоп түз сүйлөп

күтүлбөгөн жерден аңгемештерди күлдүрө сүйлөп, макал-лакаптарды учурга жараша чукул тапкан элдин сүймөнчүгү эле. Баары эле Пазыл менен тамашалашкысы келгендей сезилчү. Чыныгы тамашага чычалабаган менен чектен чыккан кычык тамашалагандар менен экинчи тартышпай коёр эле. Инилери колунан көөрү төгүлгөн темирчилерден болушуп, Россияга чейин иштеп тиричиликтерин таза өткөргөн сыйлуу инсандар.

Пазылдын таятасы Маматай аксакал убагында колхоздун башкармасы болуп иштептир. Өкмөт менен партиянын саясатын тез эле үйрөтө коемун деп чогулуштарды көп жана узак өткөндүгүнөн, элде чогулушуң “Маматай чогулуш” болуп кетти деген тамаша сөз калган. Куудулданып ырга кошкондор да болуптур:

Жүк көтөрүп өткөндө кыйнаган
Ноокатымдын даванындан ээй,
Жыйналышты узарткан
Маматайдын чогулушудан ээй...

Үй жумуштарды кээде алгоо кылып иштечүбүз. Айрыкча тамекинин почогун (паясын) оргондо Пазылдын жанында болсоң жыргайт элек, ар бир сөзү күлкүлүү, таасирлүү эстен чыккыс учкул болгондуктан, качан сөзгө жыгылаарды кээде сезбей калат элек. Ташмама аяш энебиз палоо жасап, иштеген жерибизге алып келгенде чоң кашык менен оозубузга толтуруп алып “атың ким эле” деп сураганда күлкүдөн какап кетчүбүз.

Колхоздо звеновой, табельщик, бригадир ар түрдүү жергиликтүү кеңештин депутаты катары Камбар аксакал атам менен узак маектешип, кээ бир инсандарга болгон ойлорун айтканда бул адам китептеги чоң сынчылардай көрүнчү. Айткандары таамай-таамай туура келип, таң калтыраар эле. “Бала – чаканын тагдырын чечкенде уул-кыздардын да оюн билген жакшы. Ар кимдин сөзү менен балдардын тагдырын бузбаш керек. Көпчүлүгү түшүнүп турса да тобокел менен намыс үчүн деп балдардын келечегин кыйнап койгонун көрүп жүрөбүз. Кээ бир достор болот Шеран, балким, билбей адаштырган туура эмес кеңеш берет. Сенин тууганың менин жакын досумдун ашыкча мактаган кеңешиден улам ондой албай турган жаңылыштык кетиргенимди кийин сезип

калдым. Мындай өкүнүчтөр турмушта боло берет дегенге кошулбайм. Кыргызда "жети өлчөп бир кес" деген макалды "миң өлчөп бир кес" дээр элем" дечү. Бул сөздөр убагында мен үчүн түшүнүксүз болгону менен турмуштагы адашуулар көбүнчө ишенчээктиктен, туура эмес кеңештерди ээрчигендиктен, билимсиздиктен, адабий чыгармаларды көп окубагандыктан экендигин көп адамдардан уктум.

Пазылдын уул -кыздары Абиланын балдарындай ата-тилегин орундаткан, коомго ак кызмат кылган ийгиликтүү, билимдүү өнөрлүү адамдардан болушуна ишенебиз. Аталарынын сыймыктуу өмүр жолдорун китеп кылып жазат деген үмүттөбүз.

**12. Гулан ГАПАРОВА**

Таштактык согуш ардагери, күчтүү стратег, 150 килограммдык каптардагы картошканы жонуна көтөрүп, бир серпиш менен машинага салган Ош, Анжиян, Маргалан шаарларында өзү эле эмес жердештерди союз маалында соодага үйрөткөн Гапар аксакалдын кызы Гулан биздин классташ. Гулан кичинекейинен эле эркек балдардай күчтүү, тайманбаган сабакты жакшы окуган кыз. Өжөрлүгүнөн эркек балдардын баары чочуп турушчу. Мектептин жанында көтөрмө арыктын таза дарыянын суусуна мен Гулан менен күрөшө кетип, арыка жыгып (балким кокустан) алып, экинчи мага тамашалашпа дегеним эсимде. Гулан "апама айтам" дегенинен бир жылча таштакка Малика эжемдинине, Тургун аяш энемдикине барбай калдым. Бирок, Гуландын апасы келишимдүү, жапыс бойлуурак, сүйкүмдүү эне болгондуктан эч бир жаман сөз айтпады, тескерисинче, жолдон жолугуп калганда чекебизден өөп "апаңа дуваа деп койгун, жакшы окугула" айткандан кийин Таштакка чочулабай каттап калдым. Атам класс жетекчи болгондуктан, менин бул жоругум үчүн апам экөөбү мени жемелешип кыздар менен урушкан эркек балага такыр жарашпайт деп уяткарышты. Апам азыркыга чейин "кыз балага катуу сүйлөбөгүлө, таятаңар "кыз-бала" конокбашка үй-бүлө күтөт деп бизди төргө олтургузуп сыйлачу" деп айтат. Ушул окуядан мен чоң сабак алдым. Кыздарга болгон мамилем өмүр бою таятамды керээзиндей десем болот.

* * *

9-10-класста бизге кошуна айылдан келген Рахман Бектенов агай класс жетекчи болуп, биздин классты жакшы окууга, ынтымакчылыктын туу чокусуна жеткирди. Ош пединститутун Лениндик стипендиянт болуп бүткөндүгү, окуучуларга өзүнүн химия сабагына болгон сүйүүсүн арнагандыгына азырга чейин таң калам. Мектебибизге кире бериш жерге эки түп кайыңды биз менен кошо тигип, “бир учур келет, бул көчөт чоңоёт, кабыктарынын ичине сүйүшкөндөр бири-бирине жазган каттарды бекитишет. Суу куюп, жакшы чоңойтолу” дегени эсимде. Рахман агайды классыбыздагы окуучулар баары жакшы көрүшчү. Мурда химиядан начар окугандар төрт-бешке окуп калышкан. Тоолорго алып чыгып, дары чөптөрдү көрсөтүү менен бирге мумияны изилдөөгө, фотоаппарат иштөөгө тез эле үйрөтүп салды. Натыйжада Абила химия, биология сабактарынан областтык олимпиаданы жеңип алды. Менин математика факультетине тапшыраарымда айтсам, атама келип “уулуңуз химия факультетине тапшыртыңыз, валенттүүлүк, химиялык тендемелер боюнча өтө жакшы билгендиктен жакшы химик болот” дегенине карабай атамын кесиби – математик мугалим болууну чечтим.

Биз мектепти аякташыбыз менен агайыбыз раОНОго ишке чакырылат, көп өтпөй ооруп, өтүп кетет. Укканда аябай кайгырдык. Гүлан жолдон жолугуп өтө катуу сөз айтты “Агайыңа окшоп көп окуй бербе! Баш ооруга жолугасың” дегенине мен аябай териктим. Мен кесибим илимге багытталгандыктан, өтө көп окууга, чет тилдерди үйрөнүүгө, классикалык эмгектерди түшүнүүгө кетти. Адам окугандан оорубастыгын, тескерисинче, аз окугандан, өзүнү этият кылбагандыктан, түшүнбөстүктүн, туура эмес дарылангандыгы себепчи болоору китептерде, баардыгы Жараткандын колунда экендигин биздин ислам динибизде да жазылыптыр.

* * *

Гүлан менен Эргеш (Кочкор) ака татыктуу уул-кыздарды тарбиялашты. Гүлан ишкердикти эрте баштап Орто-Азиянын ири шаарларындагы соодага аралашты, көпчүлүк аялдарга өрнөк, турмуштарын оңдоого түрткү бергенин эл айтып жүрөт. Кочкор акабиз биздин райондогу эң алгачкы билимдүү кесипкөй сүрөтчү катары таанымал. Мамыт аксакал менен Багда чоң эненин эрке уулу катары Фрунзеден сүрөт окуу жайын бүтүп, элди искусство маданиятына кызыктырган, жол салган бирден-бир адис. Кочкор аканын Фрунзеден каникулга келгени айыл боюнча белгилүү эле. Акыркы модада кийинген, колуна гитарасы түшпөгөн чачтары жарашкан Кочкор аканы бүт жаш балдар ээрчишип, чоң атасынын атын алып жүргөн Мураттын добөсүндө “Дүп-дүп” черткен аккордорго тамшанчубуз. “Кочкор аэропорттон түз үйүнө чейин такси менен келиптир, Багда чоң-эне уулунун стиляга шымын араң чечиптир” деген таң калыштуу тамаша сөздөр айылга тарап кетчү. Кочкор аканын каникулу бүткөндөн баштап Мураттын дөбөсү тынч болуп калчу. Жаш балдар кийинки каникул качан болоорун күтчүбүз.

Кочкор ака эң сыйлуу аксакалдарыбыздын бири. Өзүнүн калыс сөздөрү, интеллектуалдык денгээли менен элдин сыймыгы. Көп жылдар бою билимканада тарбиячы, сүрөт искусство таанытуучу болуп иштеп келе жатат.

* * *

Классташыбыз Мубарак экөөбүздүн жакын тууганыбыз Айша эже аркылуу Гүландын атасын биз Гапар жезде дейбиз. Айша эжебиздин улуу кызы Руда кичинекейинде ооруп, Фрунзеде бир канча убак санаторийде орус тилинде окуп жүрүптүр. “Кыргызчаны толук унутуптур” деп түн бир оокумда Гапар жезде биздин үйгө келип, сөздөрүн которуп бергиле дейт, ал убакта атам да, биз да

орусчаны чала билебиз. Сүйлөшө албай баарыбыз бушайман болдук. Кийинчерээк мектепте мен Руданы окутуп калдым. Жакшы окуп, дарыгерлик кесиптин ээси болуп калды. Гапар аксакал муктажсыз чоңойткон уул –кыздары үчүн эл ыраазы. Палван, кесе сүйлөгөн бул адамдын атын небере – чеберелери сыймыктануу менен айтаарына шек жок.

Апсалам ака менен Батма жеңенин кызы Жылдыз менен менин чоң аталарыбыз бир тууганадардын балдары. Жылдыз билимкананы бүтүп, акылдуу кыз болуп чоңойду. Баласы да билимканада окуп, билимкананы бүткөн 1073 окуучудай чет өлкөлөрдө окуган, өнөрлүү инсандардан болот деп тилек кылабыз. Руда, Орунбай, Жылдыздар Гүлан , Кочкор ака менен болгон туугандыгыбызды улантат деген үмүттөбүз.

**13. Абдирашит ДҮЙШӨЕВ**

Таштактагы өтө эмгекчил, татамал Дүйшө аксакалдын уулу Абдирашит класста эркелиги менен айырмаланып турчу. Сабака да кээде келбей калчу, орус тили сабагына келбей калган окуучулардын үйүнө Мария Александровна эжекебиз баарыбызды ээрчитип барчу. Абдирашитке барганыбызда ал качып кетти, бирок, эртеси сабакка келгенде эжеке “эмнеге келбей жүрөсүң?”- дегенде эле ыйлап кирди. Кантип соороторун билбей эжеке столго олтургузуп алып конфет бергенден кийин унчукпай калды. Кичине эле бирөө тийишсе эле көзүнөн жаш тама баштагандыктан куудулданган Тешебай “Абдирашит - грант” деп ат койду. Ким болбосун “грант” дегенде эле Абдирашиттен мөлт – мөлт көз жаш кетчү.

Абдирашиттин апасы Тургун аяш энебиз апамдын жакын досу болгондуктан, мен Абдирашитке кантип болушаарымды билбей “жүр экөөбүз отурабыз” деп алаксытканга аракет кылат элем. Тез эле Абдырашит класска көнүп бою узарып тың жигитке айланды. Тыкан, таза кийинген Абдырашит бир сырдуу болуп терикпестен ойлорун айтып, окууга кызыккандардын катарына кошулду. Сегизинчи класста атасы айылда эң биринчилерден болуп “запорожец” машинасын алды. Кичинекей машинага баарыбызды са-

лып, шаркыратмага чейин эс алдырып жүрдү. Кийинки эле жылы "Урал" мотоцикилин алды. Эми бизди Тоо-Ташка коркпостон Абдырашит "Айдоочу күбөлүгү" жок эле райборборго чейин айдап барып келет. Баарыбызды бир жагынан таңкалтырса, экинчи жагынан лидердик сапаттары өрчүй баштады. Любовь Васильевна деген эжекебизге тамашалайм деп аны таарынты. Тез эле эжеке райборборго көчүп кетип калды. Көп жылдан кийин саламдашсам да алик албады. Катуу капа болгон окшойт.

Онунчуда окуганда райондук орус тил ырлары фествалы болуп, биздин мектеп биринчи орунду алдык. Орус тилинде окуткан Крупская мектеби экинчи орун болуп калат. Калыстар областка фестивалга экинчи орунду алган мектепке жолдомо берет, баарыбыз капа болдук. Азырга чейин ошол жаттаган ырларыбыз эсимде. Укмуш патриоттук, ал мезгил үчүн хит болгон ырлар экен. Директорубуз Исаева Сүйүн эжекебиз райкомго 3-секретарь болуп кеткенде Люба эжекебизди райборбордогу бала бакчага жетекчи кылып алып кетти. Люба эжеке 16 жашында Уралдан орус тил мугалими болуп келген адам эле. Кыргыз тилин билбей, өзү жалгыз мектептин бурчунда жашап, бизге бир тууганларындай мамиле кылган, аз да болсо орусчаны үйрөтүп койгон, биздин келечегибиз үчүн Пушкин, Толстой, Есениндин чыгармаларын окуганга жол ачкан улуу инсан деп эсептеймин. Өзүм мугалим болгондон кийин гана Люба эжекенин берилип иштегенин, союз үчүн кыйынчылыктардан коркпогон баатырдыгын баркын билдим. Мындай эжекелер чыныгы эл баатырлары десем жаңылышпаймын.

Эң биринчелерден Абдрашит аскерге кетти, кат жазышып турдук, келип айыл чарба окуу жайын бүттү. Өз кесиби менен Жалал-Абадда иштеп, айылга келишкен үй куруп, бала-чакасын жакшы адам болушуна толук шарт түзүп, аз эле ооруп өтүп кетти. Аяшыбыз өтө акылдуу, сабырлуу болгондуктан, уул-кыздары элдин кызматын аркалаган, шаарларда алдыңкы жашоо шарттарын түзгөн адамдар болушту. Үй-тиричиликтерин үлгүлүү кармашып аракетчил атасынын жолун илгерилетип, тыкан небере-чеберелери ар дайым эл оозунда. Кудай өмүрлөрүн узун кылсын деп тилейбиз.

**14. Мухтар АЙДАРАЛИЕВ**

Таштактагы Абдирашиттердин кошунасы Айдаралы аксакалдын уулу Мухтар мектепке окуп баштагандан эле өзүнүн башкаларга болгон жылуу мамилеси, эч ким менен чатакташпаган мүнөзү, сабакка ынтызарлыгы менен өзгөчөлөнүп турчу. Эч кимге жардамын аябаган элпек мүнөзү агай –эжелерге да жакчу. Айдаралы аксакал звеновой, дыйканчылык, мал чарба иштеринин үлгүсү болуп, жергилктүү кеңештерге бир канча жолу депутат болуп, отчеттук чогулуштардын көркү, социалисттик мелдештердин жеңүүчүсү, райондо кадыр барктуу адам эле. 6-7-класста эле Мухтарга люлкалуу Иж-Юпитер мотоциклин үйрөтүп койгондуктан, тез-тез бизди сейилдетип, тынымсыз үйүнө чакырып көпчүлүгүбүздү эриктирчү эмес. Мектепти бүтүп эле жүк тартуучу “Беларус” трактор менен колхоздун ишин да бүтүрүп, көпчүлүктүн үйчарбаларына керектүүлөрдү ташып берүү үчүн күнү-түнү кызмат кылгандыгына эл көнүп калган. Тоо арасындагы начар жолдордо чеберлик менен жүк ташып, эч ким жүрө албаган адырлардан колхоздун эгиндерин тартып жүрдү. Жолдон жолугуп калсак техникасынан түшө калып, жанына отургузуп каалоолорун айтып, сагынычтарым жазылып калды деп күлүп, ак жол каалагандыгы бөтөнчө болчу. Колхоздун түнкү кызматын аткарып келе жатып өзү жакшы көргөн техникасы менен кырсыка учурап, аскерге кетээринде өтүп кетти. Балдары да торолуп, атасыдай элдин адамы болушту деп айтып жүрүшөт. Өмүрлөрү узун болушсун! Мухтардын аталаш жакын тууганы Сали агай аскерден капитандык даражада кайтып келип, кыргыз тили мугалими болуп иштеди. Биздин айылда так адабий тилинде сүйлөгөн Атам экөө эле болгондуктан кыргыз акын жазуучуларын кээде таң аткыча талдашчу. Галстугу кооз шапкеси алыстан эле айырмалап жакындаганда кандай киши болсо да аскерлердей какайып, кыргызча таза сүйлөгөнгө аракет кылаар эле. Айрыкча жаштарды, окуучуларды адабий тилде сүйлөгөндү талап кылгандыгына кээ бирлери күлгөнүнө терикпестен андан да катуураак кеңештерин айткандыгы көбүбүзгө таасир берди. Жолуккандарга балдарыңарга адабий китептерди көп окуткула,

кол жазманын коoздугу иш кагаздарын толтурганда өтө зарыл деп командирдик үн менен түшүндүргөндүктөн көпчүлүк бул буйрукту аткарганга аракет кылаар эле. Короосунун ичи таза, булактын шыңгыгарган добушу, мөмөлүү дарактары суктандырбай койбойт эле. Зупуш деген эжеси да шаардыктардай кийинип, Мурза – Чөлдү өздөштүргөндөгү окуяларды жаштарга түшүндүрүп берээр эле. Кийинчерээк Отуз-Адырды активдүү өздөштүргөндүгү үчүн сыйлыктарды алып, элге таанымал болду.

Мухтардын атасы Айдаралы аксакал үй-бүлөсү, жакын туугандары менен совет өкмөтүнүн түптөлүшүнө, ал агартуу иштерине, партиялык кызматтардагы үлгүлүү адамдар экендиги элдин эсинде.

**15. Абдраим КОЧКОРОВ**

Биз жетинчи классты жаңы курулган , айылдын ортосунда жайланышкан Калинин орто мектебинде окуп баштаганыбызда көптөгөн жаңы окуучулар менен классташ болдук. Алардын бири Абдраим – бою узун, уюштургуч, мамилеге бек, колу усулдуу жигит бизге ага катары мамиле кылгандай сезилчү. Таятасы зергер болгондуктан, билериктерди, ар түрдүү баалуу таштар жармаштырылган сөйкөлөрдү жасап класска алып келип көргөзгөн, биз өтө сыйлаган досубуз болду. Башка класстын окуучулары жакшы көргөн кыздарына белек жасап берүүнү суранышчу. Күмүштү кантип иштегенди айтып бергенде үйрөнүү аракетинде ынтаа коюп угаар элек. Эң кызыгы, кадимкидей атыла турган колдо жасалган тапанча, кыска мылтыктарды жасап, ар түрдүү дүрмөттөрдү ойлоп таап, тоонун боорунда буталарды атып көрсөтчү. Коркунучтуулугуна карабай көпчүлүк окуучулар жез мылтыктарды жасап, пахтаны тоголоктоп атып эле жыргап калышты. Мугалимдерибиз билип калып бул алаксоолорубузга тыйуу салышып, такай көзөмөлдөп токтотушту. Учурунда биз агайларга капа болгонубуз менен азыр эң туура кылгандыгына ишендим. Абдраимдин дагы бир кызыгуусу фотоаппарат менен сүрөт тартуу. Бул өнөрү баарыбызга “увеличитель”, “фотобумага”, “закрепитель”, “проявитель” сыяктуу турмушта керектүү өнөрдү үйрөнүүгө негиз болуп берди. Абдраимдин мындай жөндөмдүү болушуна үйрөткөн бир тууган тая-

кеси, Лениндик стипендият болуп кызыл диплом менен аяктаган Рахман Бектенов агайды бизге класс жетекчи болуп келгенде билдик. Ушундай улуу адамдын жээни болгонуна биз баарыбыз Абдраимге суктанчубуз. Абдраим менен Рахман агай мектептеги окуучулар эле эмес, агайлардын, элдин көз карашын өнүгүү багытына өзгөртүштү десек болот. Агай менен окуучунун ортосундагы мамиле кадимки жомоктогудай болуп өзгөрдү. Окуучунун мугалимге болгон мамилеси толугу менен башкача, азыркы менен айтканда, демократиялык батыштык мүнөзгө ээ боло баштады. Класста начар окуган, же жакшы окуган деген бөлүү жок болуп, мурда экиге окуган окуучулар беш ала башташты. Окууга болгон умтулуу тез эле салтка айлана баштады. Баары эле кайсыл бир окууга барууну, келечекте жакшы өнөр ээси болгонго аракетенүүнү массалык түрдө баштады окшойт.

Агай үйлөнүү үлпөтүнө классыбызыдагы бүт эркек балдарды чыкырды. Күйөө баланы жандоо салтына достору катар тизилип, көпчүлүгү комуз менен ырдачу. Өмүрүбүздө биринчи болуп агай досторунун катарына жандоочу кылып тизди. Толкунданганыбызды айтууга сөз да, ой да жетпейт. Биздин класстагы эркек балдардын баары ар түрдүү окууларга өттү. Көпчүлүгү кесипчилик өнөрдү, механизаторлукту тандашты. Биздин классташтардын агайга болгон сезими эч качан өчпөсө керек деп ойлойм. Бул адамдын кызматтык карьерасы тез эле космостук ылдамдыкта өсмөк. Элге эң керектүү учурда, илим-билимге суусаган учурда келген аракеттүү адис эле болбостон, адамгерчитикти интеллектуалдык өсүү жолун түптөөгө жаралган инсанды, райОНОдо иштеп баштаганда эле ажал алып кетти. Көбүбүз агайга өтө берилгендиктен ооруп да калдык окшойт.

Жупуну үйдө чоңойгон бул агайдын сүрөтү көп жыл Ош пединститутунда илинип турду. Кошуна айылда жолдо бара жатып бул агай чоңойгон кичинекей жепирейген үйдү издеп өтөм.

Мен институтта окуп жүрүп алдыңкы мектептер, аспирантурада Новосибирск университетинин алдындагы физика-математикалык мектеп, Фрунзедеги оозго алынган 9,13,61-мектептерден агайдын ойлогонудай аракеттерди көрдүм.

Ноокат матемаликалык билимкананы түптөөдө бул тажрыйбаларды колдондум. Эң алгач республикалык сырттан окуучу мектеп (заочная математическая школа) академиянын математика институтунун жаш окумуштуулары менен түзүп, миңдеген окуучуларды кирүү экзаменине даярдоо долбоорун ишке ашырдым. Почталар начар иштей баштагандан мындай долбоорду айылдарда атайын класстарды түзүү менен билимкана түрүндө иштей баштадык. Бул долбоорду ишке ашыруу өтө кыйынчылыкка турду. Себеби, окуучуларды, ата-энелерди, жергиликтүү жана борбордук бийликтерди ишендирүү, кызыктыруу чоң интеллектти жана уюштуруу жөндөмдүүлүктү, акча каражатты талап кылат. Ошондуктан, канчалаган аракетибизге карабай алыскы айыл жерлеринде Ноокат билимканасындай толук кандуу иштеген окуу жай тилеке каршы жок. Ноокат билимканасынын өзгөчөлүгү – бул мамлекеттик мектеп, окуганга акы алынбайт. Окуучуларга багытталган ата-энелер өз эрктери менен жумшаган акча өтө аз. Мугалимдердин айлыгы да башка мектептерден көп айырмаланбайт. Илимий жетекчи (мен) тарабынан мугалимдерге багытталган атайын долбоорлор ойлоп табылып, шаарлардагы семинарларга, чет өлкөлөргө тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрү пайдаланылат, илимий багыттар жүзөгө ашырылат. Бул мээнеттерге эч ким акча төлөбөйт. Бир гана улутубузду, элибизде башкалардан артта калтырбоо үчүн жүрөктөн чыккан үмүттөр арналат.

**16. Тайлан АНАРМАТОВ**

Апам Расагүл эжемкине барып келели деп бизди ээрчитип баргандан Тайланды таанып жүрдүм. Бир класста окуп калдык. Аракетчил, жакшы окуп, эч кимди алдыга чыгарбоого аракет кылган адам. Айрыкча топ талашмай (регби), бекитмей оюндарында эч кимди алдына өткөрчү эмес. Топту алып качып мектептен 5-6 километрге чейин танаписте кубалашып (Салгаман эски конуштарды карай), кээде сабактардан кечигип эркек окуучулар агайлардан кыжырларына тийчүүбүз. Топ талашып мектептин канчалаган айнектери, эшиктер талкаланды. Жаңы мектепке көчкөнүбүздө (жетинчи класста) бул оюндар өзүнөн өзү жоюлду.

Кол эмгек сабагын колунан көөрү төгүлгөн уста, ойлоп тапкыч Кадыр агай окутту. Мектепке устакана салып тактай менен иштөө ыкмаларын: “ранда”, “жапсы” ж.б. инструменнтерди үйрөтүп эле калбастан, жөнөкөй үй эмеректерин бизге тажабастан жасаганды, мык менен иштөө чеберчиликти өздөштүргөндүгү менен баарыбыз жыгач уста болуп, өзүбүзчө үйлөрдү куруу иштери экинчи кесибибиз болуп калды десем жаңылышпайм. Жакшыраак жапсыларды Тайлан ээлеп алат, биз талашчубуз. Тешебай куудулданып “Тайлан бар жерге чөп чыкпайт” деп аны чычалатканда баарыбыз күлүп калаар элек. Күлкү менен эч урушпастан Тайлан өзүнүн жапсысын бизге үйрөнгөнгө бере калчу. Кол эмгек сабагы бүтпөсө экен деп тилек кылаар элек. Айрыкча ар түрдүү “болттордун” тишин чыгаруу, гайкаларды жасоо, темир кесчү арaалар менен иштегенди үйрөткөнүнө мен азырга чейин таң калам. Баарыбызды устачылыкты үйрөнүүгө улуу Уста Кадыр агай багыттаса, Тайлан бизди инструменттерди сүйүүгө, тандоого үйрөттү.

Тайландын дагы бир өзгөчөлүгү – кандай жаңы ырды радиодон укса тез эле жаттап, тайманбай ырдагандыгы, үнүнүн келишкендүүлүгү, куйма кулактыгы. Ар түрдүү окуу жайларды өздөштүрүп, керектүү кесиптердин дыйканчылыктын устаты. Ага-инилери колхоздун белдүү жетекчилери, заманга жараша өкмөт менен партиянын идеяларын жергиликтүү элдин ыгына жараша ишке ашырган адамдар. Коомдун алкышына да, чоңдордун урушуна да чыдамкайлык менен иштөөдө башкаларга өрнөк көргөзгөн адамдар. Бир келини Жогорку Кеңештин депутаты болгон.

* * *

Менин жакын таяке –тагаларым Тайландын да эң жакын таякелери, биз жакын бөлөлөрдөнбүз.

Акун тагабыз жүзгө таянып өттү. Ата мекендик согушта Берлинге чейин барып, көптөгөн орден – медалдардын ээси. Уул-кыздары Москвадагы жеңиш параддарына бир канча жолу атайын чакыруу менен атасын катыштырып келишти. Бирөөнүн акысына көз артпа-

ган, жупунулугу менен элди өзүнө тарткан, момундуктун тазалыктын үлгүсү болуп өмүр сүрдү. Согуштан кулагына, көзүнө алган окторго кабагын-кашым дебей, Суусар тааженебиз менен колхоздун суучулук, тамекичилик, кароолдук иштерди майын чыгара иштешти. Балдары да түз, момун ак мээнет менен жашаган адамдар болду.

Азим тагабыз райондо, Араванда, Совет районунда көп жыл милиция органында чоң кызматтарды аткарган коомдук ишмер элге жардамын, кеңешин аябаган офицер болуп өттү. Алдын-жуттуму жоктугу баарыбызды суктанткан адам.

Сулайман, Абий, Абжапар тагаларыбыздын жашоолору, коомго кошкон салымдары жөнүндө атайын изилдөөлөр, китептерди жазса болот.

Эргеш тагам айыл чарба окуу жайын очный окуп бүткөн, эл жетектеген, курч, палван эле. Атасы Ысман менин таятам Орто Азиянын өзүнчө мамлекет болуусун эңсеген, элге түшүндүргөн аалым болгон, согуштан кайтпай калган. Тагам биздин торолуубузда эң чоң роль ойногон адам. Эң жакын досу Жумабай Палван менен бирдикте Орто Азияны түрө кыдырышып, күрөш мелдештерин жандандырган инсандар. Тагамды кытайлык кыргыздар менен тааныштырып, 15 шаарга алып барып келдим. Көптү билгендиги, билимдүүлүгү менен менин коомдук ийгиликтериме себепкер болгон адам. Биздин бала кезибизде өзүнүн студенттик досу Атанбек (Аксылык) тагабыз экөөбү бизди кыялкечтике, студенттик мезгилдеги достуктун баркын үйрөткөн инсандар. Атасын билбей чоңойгондуктан ата-энеси үчүн да ажылык парзын аткарып келгенине тааныгандар ыраазы болушуп, үлгү кылып айтып жүрүшөт. Уулкыздары эл катары чет өлкөлөрдө окушуп, ишкерлик менен алектенишкен инсандар болушту.

Тайлан экөөбүздүн Айша, Уркия, Урмат ж.б. таэжелерибизди билип чоңойдук. Ошентип, биз Тайлан менен классташтыгыбызга караганда тууганчылыгыбыз өтө жакын. Тайланга урук-тууугандары, бала-чакасы менен тынч болушсун, ийгиликтер коштоосун тилек кылам.

Тайлан жөнүндө толугураак маалыматтар, кызыктуу кеңештери жөнүндө өзү, уул-кыздар өзүнчө китеп кылуусу абзел.

* * *

Маман тагабыздын баёлугу ушунча экен согушка жөнөп кетээринде кайра келгенимде элге той кылып, балдарына оокат болот деп эч кимге айтпастан орого тонналаган мака (жүгөрү) көмүп кетет. Согуштан беш-алты жылдан кийин аман-эсен кайтып келип, орону ачса баягы жүгөрүлөр күл болуп калтыр. Билбестиктен базарга барып келгендей тез кайтам деп ойлосо керек. Абдрасул тага баштаган уул-кыздары да кой оозунан чөп албаган момун инсандар.

Айтылуу бостондон чыккан Ботобай төкмөнүн ишенген шакирти Төрөкул тагабыз согуштан кайтканда

Раз-два марш берди,

Карам (капуста) шорво аш берди-

деп төгүп баштап, кеч киргенге чейин сагынычын, муңун ырдаганын апам айтып жүрөт. Кийинчерээк академияда иштегенимде белгилүү окумуштуу Сулайман Кайыпов кол жазмалар фондунан Төрөкул, Ботобай ырчылар курч төкмөлөрдөн болгондугун көрсөттү.

Конок буба-таятабыздан таркаган тагаларыбыз жөнүндө маалыматтар так айтылат. Тагаларбыздан Коноктун атасы ким болгонун билишпейт экен. Биздин айылда жашаган элдерден 7-8- ааларын билгендерди таппадым (Кандылар кыштагынан, Нойгут кыштагына чейин). Бир гана эски биринчи бригадада жашагандар онунчу ата- тегине чейин китепче чыгарышты.

Айлыбыздан жалгыз Социалистик эмгектин баатыры нааман алган Абдували аксакал, Орто Азияга таанымал, совет доорунда эки жолу ажыга барган, көптөгөн салтыбызга байланыштырып фатфа (чечим) чыгарган чөлкөмдүн имамы, аалым Молло Таабалды ажынын теги жөнүндөгү китептер али жазыла элек десек да болот. Мен Тайландай эле тагаларым менен сыймыктанган инсанмын.

**17. Али АБДИЕВ**

Коңшу, жакын тууганыбыз Уулкан жеңебиз аркылуу таанышкан, достошкон, туугандашкан классташыбыз Али менен ынак болуп чоңойдук. Салгаманда чоң атасынан калган бактан өрүк-

төрдүн кагын чөнтөгүнө салып келип, жарымын менин чөнтөгүмө салып койчу. Абди аяш атабыз көп жылдар колхоздун малын карагандыктан, аяш энебиз өрөөнгө келгенде аябагандай даамдуу куруттарды, курут ашка эзген куруттун алкындаларын Али мектепке алып келип, баарыбызга таратчу. Өтө момун ,бирөөдү аяган, эч кимди капа кылбаган, такыр чатакташпаган адам эле. Көбүнчө ата-энесине мал караганга жардам берип, окууга кээде келбей калаар эле. Күндө эле көрүп тургандай Уулкан жеңеден Алини сурап тажата берсем керек. Мени көргөндө эле “ууй-бала, Али досуңуз сабака жетишип окуп жатабы?” -деп сураганына оңтойсузданып, Алинин үй тапшырмаларына кызыгып турганга үйрөндүм.

Мен институтта окудум, Фрунзеде иштеп жүрүп Новосибирскте аспирантурада окуп айылга келээрим менен эң биринчи Уулкан жеңебиз чоң адамдай кылып чайга чакыраар эле. “Үкаларыңыз да сиздей болуп окусун деп тилек кылабыз” деп көп нерселерге кызыгып сурап калаар эле. Уулдары республикага таанымал эл адамдары жетекчилер болушту. Толугу менен жогорку билимдүү, Зайнидин айыл өкмөтүн башкарды, Шайырбек областты ГАИни башкарган тажрыйбалуу кызматкер, келечектүү офицер.

Алинин Кален агасы ички иштер кызматында узак жылдар иштегендиктен жээндеринин көпчүлүгү тагасынын жолун жолдошту. Али аскерде жүрүп орусчаны үйрөндү, кат жазышып жүрдүк. Айылга көнүп калгандыктан шаарга келбеди. Уул-кыздары эмгекчил, таза иштеген инсандар экендигин угуп жүрөбүз. Мындай түз жүргөн үй-бүлөдөн сөзсүз элдин жүгүн колунан алган ишкерлер чыгаарында шек жок.

**18. Жоро ЭШПАЕВ**

Атам менен тез-тез катташып турган Эшпай тагабыз уулу Жорону “райборбордогу мектеп интернатка окутууну чечтим, сенин уулуң менен жарыштырабыз” деп тамашалашып калышаар эле. Алтынчы класска келгенибизде Жоро биздин мектепке которулуп келди. Өтө эле шамдагай, мектеп формасын койкойтуп кийген таймanбаган жигит болуптур. Тез эле классыбыздагы лидерлердин бирине айланды. Сабактан кийин ар түрдүү оюндарды ойлоп таап,

мектеп бир аз жандана түшкөндөй болду. Кайдан экенин билбейм "Кагор" деген винону алып келип, бөлүштүрүп кан болот деп баарыбызга ооз тийгизди. Бозого көнүп калганыбыздан айырмасын деле билбедик, көп деле кызыктуу көрүнбөгөндүктөн бул окуяны тез эле унутуп калдык. Көптөгөн кызыктуу окуяларды айтып, сөзгө чебер, уюштургуч лидер болуп, мал чарбасын, дыйканчылыкты устаты катары тааныйбыз. Эшпай тагабыздын тоодогу үйүн гүлдөтүп, чоң чарбакер. Электр, жол жоктугуна карабай айылдагы уул-кыздарынын чарбаларына көзөмөл салган боорукер ата, чоң ата. Бир тууган бөлөсү Малика Абила досубуздун жары. Ошентип, жыл өткөн сайын классташтар куда-сөөк болушуп, туугандашып бара жатат. Мен Жорону тага десем, ал мени тага дейт. Себеби, Сулайман чоң атанын карындашы Жоронун апасы. Сый мамилебиз боллгондугу мага аябай жагат. Менин чакыруум менен классташтарыбыз, аяштарыбыз Бишкек, Алма-Ата шаарларын кыдырып кетишти. Чет өлкөлөргө да чогуу барабыз деген ниеттерибиз бар.

**19. Шарап БАРАТОВ**

Айлыбыздагы эң жөнөкөй, акылман Барат аксакал Карагойдун ичинде "Буудайлык" кыштагында көп жылдар колхоздун ишин аткарганы менен айылга тез-тез келип турчу. Жолдон жолуксак бизге чоң кишидей мамиле көрсөтүп, "жээним жакшы оку, үйдөгүлөргө дува деп кой" дечү. Уулу Шарап биз менен 7-8-класстардан баштап окуп калды. Олуттуу сүйлөп көптү билгендиги, көргөндүгү көз карашынан билинип турчу. Эч ким менен талашып – тартышпай агалык мамиледе үлгүлүү окуп бүтүп, райондо чоң кызматтарды (архивдин директору ж.б.) аркалады.

Билимканага экинчи директор болуп Абдуракуптун аялы Саадат Саттаровна иштеп баштаганда эле бир жаш жигитти ээрчитип келди. "Аты Бекболот, кыргыз тил мугалими, долбоорлор менен иштегенди Сизден үйрөнөм деген каалоосу чоң" деди. Үч-төрт күн ынтаа коюл угуп, "сөздөрүнүздү магнитофонго жазып алып, кайталап угуум керек, себеби, көпчүлүк сөздөр, донорлор, гранттар жөнүндө түшүнүүм кыйын болуп жатат" деди. Мен күлүп, жазсаң жазып ал бирок, даяр долбоорлорду Абдрахмандан алып

оку, донорлор жөнүндөгү китепчелерди изде, семинарлар жөнүндө угаарың менен катышып, идеяларды кагазга жазганды үйрөн дедим. Билимкананын илимий кеңешинин чечими менен коомдук башталышта инвестициялар боюнча директордун орун басары деген буйрук чыгардык. Көрсө, Бекболот Шараптын бир тууган иниси экен. Кийинчерээк райондук информациялык борбор түзүп, Бекболотту жетекчи кылып дайындадык. Бүт донорлордун адрестерин, миссиялары жазылган рекламалык буклеттерди чогултуп бердим. Күнү-түнү аракет кыл. Эч ким жөн эле акча бере койбойт. Чет өлкөлүк уюмдардан өкүл келсе мага телефон чал дедим. Аз күндөн кийин "ПРООНдон киши келет экен" деп телефон чалды. Ким тосуп алат экен десем, акимчиликтен бир жигиттин атын айтты. Анда сен ошол адам менен автовокзалдан тосуп ал, кайда кыдырса кошо жүр, кечинде Ошко жөнөгөнчө коштоп жүргүн. Акимчиликте иштегендер ээрчип жүргөнгө убактылары жок. Үч-төрт күн коштоп жүрсөң сага иш сунуш кылат дедим. Телефондон ишенбегендей сүйлөдү. Тартынба, согуш ардагери деп Барат аяш атабызга берген "Запорожец" сага жол ачат дегендей сөздөрдү шыкап сүйлөдүм. Үч-төрт күндөн кийин эле Бекболот кубанычы койнуна батпай телефон чалды. Ал өкүлдүн атын, телефонун мага бер, менден салам айт. Сен үчүн мен гарантия берээримди айт дедим. Ошентип, Кедар Баду өзү Непалдык ПРООНдо иштейт экен. Тоого алып чыгып, булактын жанында чоң кызматты иштеген досторум менен колдон келишинче коноктоп, убадасын алдым. Тез орусчаны, англисчени үйрөнсүн деди. Англисче жакшы билсе Монголияга ПРООНдун өкүлү кылып жөнөтөбүз сыяктуу ойлорду ортого салды. Бекболотко телефондон бул сөздөрдү айттым, тез орус, англис тилин үйрөнбөсөң болбостугун түшүндүрдүм.

Англис тилин терең үйрөнбөгөндүктөн, бир жылдан кийинки конкурстан кызматка шайланбай калды, Монголияга да конкурска катышууга мүмкүнчүлүк болбоду. Кайрадан информациялык борборду жетектей бер дедим. ГАС "Шайлоо" деген долбоор боюнча администратор керек болуп калып, ошол кызматка өтүүгө татыктуу болду. Кайра-кайра аракетин күчөтүп жүрүп башка долбоорлор менен кызматташканча ксерокопия аппаратын алып

бердим. Райондо жалгыз аппарат болгондуктан, Кыязов Карим экөө чоң бизнестин пайдасын көрүшкөндүгү райондо көп жыл сөз болуп жүрдү.

Аракеттер текке кетпеди, АРИС уюмунда иштеди. Султан Ибраимовдун кызы Эльмира Ибраимова АРИСТИН жетекчиси болгондо менин жардамчыларым Майрамбек, Нурбектин катарында Бекболот да иштеп калды. Убагында ал эжекени колуман келишинче колдоп жүргөнүмдөн мага болгон ыраазычылыгы деп ойлоймун. Андан кийин Ноокатка аким болду. Мурда жетекчи кызматта иштебеген дегенде баягы билимкананын инвестициялар боюнча директордун орун басары деген буйрук керек болду окшойт. Төрөнүн ишенүүсү менен АРИСти республика боюнча башкарып калды. Келечекте дагын көптөгөн кызматтар күтүп тургандыгына ишенебиз.

Акпаралы ака Ошто жашап жүрүп, балдарынын эл кызматтарына татыктуу болуусун тездетти. Жеңиш Айтиев чөлкөмгө таанымал ырчы, обончу, куудул.

Жүздөн ашык жашаган Барат аяш атабыз жолуккан сайын жээним деп дувасын берип турган, түз, момун эмгекчил адам өз балдары эле эмес көпчүлүк айылдаштарын өсүп өнүгүүсүнө себепкер болгон, легендага айланган адамдын уулу Шарапка класссташ болгонубуз биз үчүн сыймык.

**20. Омурзак ТОКУРОВ**

Айылдагылар Токур аксакал жөнүндө согуштун ардагери жамакчы төкмө, түз жүргөн инсан катары сыймыктанышат. Өмүрзак классташыбыз таанышканыбыздан эле чукугандай сөз тапкан, келбеттүү, эч кимди капа калбаган инсан. Биз биринчи класстан баштап эле мамлекет үчүн талаада жаткан темирлерди жыйначубуз. Ар бирибизге норма коюлуп, жоопкерчиликке үйрөнгөнгө өбөлгө түзгөн. Темирлердин арасынан кострюлго окшогон оозу куушурак идишти (горшок) Өмүрзак Гагаринге окшоп бизди күлдүрүп, башына кийгенден кийин чыкпай калса боллобу. Алгач баарыбыз күлгөнүбүз менен чече албаганыбызга көзүбүз жетип, Өмүрзактын көзүнөн жаш ага баштаганда агайларга айтууга аргасыз болдук. Атам класс

жетекчибиз болгондуктан, акырындап тарта баштаганда идиш күч-түүрөк кептелип чыкпай тургандай кыйла убакыт түйшүктөнттү. Өмүрзакты урушмак тургай агайлар соороторду айласын бир саам таппай кылышканда атам кир самынды суулап мойнуна сүйкөө менен араң чыгарып алды. Ошентип, скафандр кийсек эле космонавт болбостугубуз көпкө чейин тамашага айланды.

Таптаза кийинип, жакшы окуп ар кимге арнап ыр жазып, эрте бой тартты. Аскерден келгенден кийин үй-бүлө күтүп, Ошто иштеп жүрдү, өзүнө жаккан кесиптерди окуп үйрөнүп, дыйканчылыкты да үлгүлүү жүргүзөт. Өтө жумшак, эч ким менен каршылашпаган досубузга өзүнө окшогон кичи пейил эмгекчил аяшыбыз туш болгон. Үй-бүлөнүн бекемдиги үчүн жаралган Темир горуктук кыз. Сөздөрдү уйкаштырып ырга айлантканы азырда баарыбызды таң калтырат.

Атасы Токур аксакал орто мектепте кароол болуп жүрүп, көптөгөн окуучуларыбызга үлгү катары өмүр сүрдү. Өмүрзакка ийгилик каалоо менен бирге чыгармачылыгы өркүндөп, уул-кыздары да элдин сүймөнчүлүгү болооруна ишенебиз.

**21.Тешебай АКБОТОЕВ**

Биринчи класска келгенде өтө шоктой көрүнчү. Бирок, тез эле өзүнүн чынчылдыгы, чымырлыгы, көңүлчөөктүгү менен баарыбыздын сыймыгыбызга айланды. Көбүрөөк адабий китептерди окуп, сабактарга кызыктырган себепчи болгондо республикага таанымал философ, учкул сөздөрдүн устаты болмок. Турмуштагы өйдө-ылдый ирмемдер да кошумча болгонуна карабай айылдыктарды, кийинчерээк райондогу өзгөчө инсандардын сөздөрүн куйма кулактыгынан жаңыртып шартка ылайыктап айтып сестендирип турчу. Кандай катачылык, теңсиздик, кыйынчылыктарды куйкум сөз менен элге жеткирген касиетине таң калчубуз. Ар бир көз ирмемдеги өзгөрүүлөрдү сезе билип, куйкум ойлорду тизмектеп төгүп турган талант боюнча өттү. Эч кимибиз анын учкул сөздөрүн жыйнабадык, оозеки түрүндө элдин сезиминде кала берди. Үй-бүлөсү келечекте Тешебайдын кеменгер кептерин китеп кылып чыгарат деген үмүттөбүз.

* * *

Тешебайдын акасы Митал мырза ар түрдүү кесипти аркалаган тайманбас, курч, кайтпас айылдыктардын намысы үчүн жаралган адам эле. Ошто окуган студенттерге эч кимди тийгизе койчу эмес. Деңиз флотунда кызмат өтөп, институтта электрик болуп иштеген өтө таасирдүү Адил Мураталиев экөөсү мага шаарды сурап тургандай сезилчү. Институттун астынкы кабатындагы электриктердин бөлмөсүндө бизге каратэ, башка спорттун түрлөрүн көргөзүшчү, чай ичирип, бизди колдоп айылдан алыстыгыбызды сездиришчү эмес. Адил аканы институтта таасиринин олутулуугунан сырттан окуп жүргөн Кочкорбай Имаров агайды чарба башчы болгонуна, Жолдошбек аканын институттун дарыгерлик пунктун башкаргандыгына да ушул эки баатыр себепчи болсо керек деп ойлоп кетем. Жайындасы студенттер чөпкө кетээрде мени Кызыл – Үңкүрдөгү турбазага моторист кылып жөнөтүп, жакын курсташтарымды да кошуп жиберчү. Жеңишбек Айтиевдин атасы Акпаралы аканын институттун ботаникалык багына (ботсад) жетекчи богонуна да ушул эки инсан себепчи болсо керек. Айлыбыздан ким шаарга келсе түнөк таап, кел-тур деген Адил, Митал, Кочкорбай акалар шаарда эч таянычы жок студенттердин, жумуштап келгендердин офиси эле да. Бизди "эң жакшы окугула, көрүнүктүү инсандардан болууну тилек кылгыла" деген сөздөрү азыркыга чейин мага таасири кете элек. Билимкананы түзүп, отуз жылдан бери миңдеген алдыңкы окуучуларга шарт түзгөн агай-эжекелерди даярдаганыбыз бул үч гигантка берген менин отчетумдай көрөмүн.

Тешебай бир сүйлөм менен ойлонто койсо, бул үч адам таасирдүү күчтөрү, аракеттери менен ойлонткон инсандар болушту.

* * *

Окуунун баркын кечирээк билип, агайларга тамашалап сүйлөгөн куйкум сөздөрү көп - Сулайман агай өз кызы Мөтөбар менен Өмүрзакты эле окута бербей бизди да окутуп койсо болмок экен,

мен да институтта окуп калмакмын деп мага тамашалап калчу. Трактордун прицебинде ондогон колхоздун ишчилери менен чоң дарыянын боюнан чым чапканы бара жатышса Пазыл классташыбыз арыктын боюна катар тал тигип жатыптыр. Тешебай тура калып кыйкырат дейт:"Пазыл, атаң экөөң жылда тал эгесиңер. Өзүңөр кабыгын сыйрып куурата бересиңер" дегенине эч терикпеген Пазыл досубуз сөзгө жыгылып (себеби, аларды эл тамашалаган аты бар эле), эркек классташтардан бир топ жыл алыстап кеткендей болду. Эч кимге билгизбешке аракет кылган кемчиликтерди көзүбүздөн эле билип алып сүйлөтпөй коёр эле.

* * *

Митал ака жөнүндө азыркыга чейин айтылып жүргөн аңыз кеп көп. Теңтуштары менен мелдеше кетип, Салгаман тараптагы адырлардын биринде тирүүлөй жыландын терисин сыйрып, куйругунан башына чейин чайнап жутуп койгондугу көп айтылат. Ноокатта орус улутундагы милициянын начальнигинин кошуналасынын үйүндө мелдеше кетип, ал кишинин короосунан тоогун алып чыгып бышырып жегенинин начальнике өзү кирип айтканда "көпчүлүк мени менен саламдашкандан чочуса, сенин кылган ишиңе айлам жок күлөм да" деген экен. Миталдын айлына келээрин уккан райборбордогу хулиган сөрөйлөр кайра кеткиче чилдей тарап кетээр эле дешет. Электрик, куруучу, механизатор, малчылык өнөрлөрдү кесипкөйлүк менен аткаргандыгына бирге иштегендери таң калышчу.

Айылдан бригада түзүп, Куршаб – Жалпак – Таш электр чубалгыларын тарткандан кийин Сатар Ажиев баштаган жердештер Куршаб тараптан үйлөнүшөт. Ошондон кийин Митал ака айылга үй тургузуп, жеңе менен ээрчишип жүргөнүн көрүп калдык. Билимкананын ачылып иштегенине 20 жыл толгондо чоң семинар болуп, телевидение чоң программаларды тартканда кытайлык кыргыздардан Мусалак, Нургазы мырзалар, Бишкектен бир топ белгилүү инсандар келишти. Ошол коноктордун бири Кубанычбек

(Салибай) Кантороев келип, айыл элинин жетишкендиктерине билимкананын окуучулары, мугалимдеринин өзгөчөлүгүнө таң калып, “бул айылга окуучулук убагында келгемин. Митал менин бир тууган жездем болгон. Жепирейген тамдар, тамтыгы кеткен жолдор, эскирген мектептери бар эч бир өнүкпөй тургандай кыштак катары эсимде калыптыр. Азыр чөлкөмгө таанымал, өнүп өскөн жаңыланган үйлөр мөмө бактары. Республикага таанымал мамлекеттик, илимий ишмерлер, таанымал жетекчилер чыккан журтка айланыптыр. Шаардагыдай көчөлөр, өңдөрү жылмайган элди көрдүм” деди. Айрыкча билимге умтулган жаштардын жетишкендиктерине таң калып, билимканада өзү алтын медаль менен аяктаган Куршабдагы мектеби, кызыл диплом менен аяктаган политех, Куршаб Жалпак-Таш жолун куруудагы кыйынчылыктарды чечмелеп, азыркы ишкердигин, коомдук иштерин өтө кызыктуу айтып берди. Бишкектеги билимкананы аяктаган студенттер менен жолугушууларга катышып, билимканадан келген мугалимдерге тынымсыз сый көрсөтүп, тажрыйбаларын чын жүрөктөн бөлүшкөн инсан, ишкердикти кесипкөй жүргүзүп, соопчулук иштери менен элге таанымал коомдук ишмер. Өзү туулуп- өскөн Кысык-Алма, Алча -Башаттан келип, Бишкекте жашагандар үчүн коом, элине көмөгүн аябаган адамдардын тобун (фондун) түзгөн адам.

Тешебайдын Маннап иниси айылда дарыгер болуп иштеп, өзүнүн жумшак мамилеси менен элди таң калтыргандардын бири эле. Акбото аксакал турмуштун оор – жеңилин билгизбей, жүзгө жакын үлгүлүү жашап өткөн карапайым кыргыздын бир атуулу. Жулунбаган, эч кимге сенден өтөм деп жарышпаган, күйүкпөгөн узак жашоону сезе билген адам катары эсте калды. Көчөдө жолугуп калсак ашыгып салымын айтып, “сендей жээндерим менен сыймыктанам” деп кубандырып калчу.

**22. Салима АБДРАЗАКОВА**

Салиманы чоң атасы Амира аксакал өзү окууга алып келип, ээрчитип үйгө кайтканын да көзөмөлдөп тураар эле. Үнү таза, эмгекчил кыз катары билчүмүн. Үйлөрү Чапай тоосунун асты менен өткөн чоң арыктын жээгинде жайланышкандыктан Көтөрмө арыкта

суу токтоп калганда кыздар бакандарына челекти илип алып, чоң арыктан суу алып келишээр эле. Бир жолу Зулайка классташыбыз сабака келбей калганда Салима бакан менен бир уруп, белин оорутуп коюптур дешсе биз ишенип алыппыз. Бул тамаша экенин билгенде мен кубанып калганым эсимде. Айылдын батыш тарабы Чечмеге чейин кышындасы арыктардагы суулар тоңгондо чакалар, эшектерге артылган флягалар, бакан көтөргөн кыздар өзүнчө эле керемет көчтөй көрүнчү. Сууну элдин баары буркан-шаркан агып жаткан айылдын чыгыш жагындагы Кыргыз-Ата дарыясынын жайык жерлериндеги муздарды чагып алышчу. Дарыянын суусунан кайнатылган чай (айрыкча көк чай) эң даамдуу болот – ак суунун чайы деп аталчу. Айыл боюнча бир жерден суу алып бараткандарды элестетсең кинодой эле көрүнөт. Мындай сүрөттөө айыдашыбыз улуу каламгер Мурза Гапаровдун “Дарыялардын шоокуму”, “Тегирменчинин кызы”, “Кунөстүү арал” деген чынармаларыда “Көчө”, “Байлардын өрөөнү” (Зардалыда тартылган), кинолоруда сезилип турат.

8-класста окуганыбызда жапалактык физик Кудайберди агай “Физика – бул лирика” деген кече өтүп, баарыбызга сүт кошулган даамы оозубуздан кеткис кофени стакандарга толтуруп, бизди сыйлап жаткан учурда Салиманы чоң атасы келип, “эмнеге бозо ичирип жатасыңар?”- деп кызын алып кетип калды. Агай менен лаборант Камбү эжеке оңтойсуз болушту, биз болсо бир аз эмне дээрибизди билбей, андан кийин физика кечесин улатканбыз.

Онунчу классты бүтүрүү экзамендеринин акыркысын тапшырып бүтөөрүбүздө эркектер бүдөмүк эртеңки күндүн түйшүгүн ойлонуп жатсак, кыздарыбыз бир партага баштарын тийгизишип алып, созолонтуп көздөрү жашып

“Сагынаарсаң саргайаарсың,
Сүрөтүмдү алып кал...”-

деп ырдап жатышкан көз ирмем менин эсимден эч чыкпады. Эң бийик үнү Салиманын эле... Ал убакта көп кыздарыбызды эрте эле кудалашып койгондуктан окууга барууга көпчүлүгүнүн мүмкүнчүлүгү жок болчу. Эртеңки өзгөрүүлөр ал кыздар үчүн кандай болоору белгисиздей сезилчү. Тез эле көпчүлүк кыздарыбызды

турмушка берип жиберишкенин угуп калдык. Салиманы Папан тарапка турмушка узатышты, бир топтон кийин баатыр эне болду деп угулду. Тирүүчүлүк менен алпурушун жүрүп жалган дүйнөдөн өткөндүгүн көп жылдардан кийин билдим. Уул-кыздарына жакшылыктарды каалагандан башка эмне дейбиз...

* * *

Кудайберди агай бизге көп жаңы нерселерди үйрөтүп физиканын турмуштагы ордун кызыктуу чечмелеп бергени эсибизде калды. Классыбызды толугу менен райборборго алып келип, сүрөткө түшүрдү. Азыр карап туруп 7-класста кандай эч нерседен бекабар ойноок күндөрүбүз эске түшөт.

Салиманын уул-кыздары бул китепчени алса апасынын жаштыгы анын щыңгыраган үнүн ой тилектери элестерине тартылат. Таягын колуна кармап, көзүнүн карагендей сактаган небересин мектепке коштоп барып, окуудан чыгаарын күтүп, жүрөгү элжиреп бапестеп бир аз бүкүрөйүп сакалын жайкалтып ойлуу келе жаткан чалды чеберелери көз алдында элестетээр.

**23. Зулайка МАШРАПОВА**

Артелдерди, кичинекей колхоздорду башкарып кабасаттуу көрүнгөн Машрап аксакалдын кызы Зулайка узун бойлуу, аз сүйлөгөн, үй тиричилигине бышкан, сабактан эч кечикпеген жоопкерчиликтүү окуучу эле. Агасы Басыт ака жогорку класста окуп чыгармачыл тарыхты, каада салтты, айтылуу Ботобай төкмөнүн ырларын жыйноого далаалаттанган адам. Экскурсияга жылына мектеп толугу менен тоолорго, электростанциянын шаркыратмасын көрүүгө чыкканда эң алдында болуп, түркүн өнөрлөрүн көрсөтчү. Чоң агалары Бекташ, Дүйшө, Абдрашит аксакалдар. Бекташ ака үлгүлүү малчы болуп, көп жыл иштеп, кийинчерээк билимканада кароол болуп иштеди. Кызы Марипат биздин классташыбыз, мектептин комсомол уюмун башкарган. Дүйшө аксакал көп жыл мектепте чарба жетекчиси болуп, көмүрлөрдү ташып му-

галимдерге таркатып тынымсыз чарба үчүн жаралган адамдай сезилчү. Аялы Ташмама эже биздин жакын тууганыбыз, Абдрахман чоң ата менен Мөмү чоң эненин улуу кызы, сиңдиси Саипжамал эже бизге бир туугандай мамиле кылган инсандар.

Машрап аксакалдын ишмердиги, уул-кыздарынын айыл турмуш орду атайын изилдөөлөрдү талап кылат, келечектин иши. Мектепти аяктагандан кийин Зулайка башка айылга турмушка чыккандыктан кабарлашуу аз болуп калды. Уул-кыздары бул китепчеден апасынын жаштыгын, чогуу окуган классташтары жөнүндө окуп энеси жөнүндө китепчелерди жазат деген үмүттөбүз.

**24. Мибарак (Мубарак) АБИЕВА**

Мибарактын чоң атасы Сулайман менин таятам Ысмандын аталары Жармат менен Ботат – бир туугандар, Токо ажынын балдары. Бала чагыбызда апамды ээрчип алып Сулайман тагабыздын үйүнө тез-тез барып турчубуз. Үйлөрү акталган, короо жайы таза, жайдары (бак) алмалары ийилип тураар эле. Аппак сакалдуу, орто бойлуу убагында колхоздун жетекчилерини бири болуп, согуш мезгилинде тылды башкарып туруптур. Жаңы заманды түшүнгөндүктөн, уулу Абийди Фрунзеге финансы окуу жайына жөнөткөн. Абий тага апам менен бир класста окушкандыктан өтө ынак туугандардай көрүнчү.

Мубарак апасы Тансык тааженедей сергек, окууну жакшы окуган, көзгө жагымдуу дайыма күлүп, классташтарыбыздан өзгөчөлөнүп турган кыз болду. Биз мектепти аяктаар жылыбыз атактуу обончу, ырчы Кудайберди (Кудаш) Темиров биздин мектепте музыка мугалими болуп иштеп калды. Кружокторду уюштуруп, ар түрдүү фестивалдарга окуучуларды катыштырып, үнү менен областта биринчи орунду алган Мубарак менен коңшу мектептен Ырыс Фрунзеге фестивалга кетишти. Фестивал бүтүрүүчү сыноолоруна туш келгендиктен, Мубарак экзамендерди өзүнчө тапшырды. Композитор Бекболот Абдраимовдун ырын аткарып, Ырыс Ысманова радио угуучуларга таанылды. Биздин айылдан эң биринчи фестивалдын жеңүүчүсү болуп Мубарак мектептин тарыхына жазылды.

Акжуумал, сулуулугу Кишимжандай Мубарак мектепте кимдерди гана суктандырбады! Канча жигиттер бири-бири менен чатакташканга чейин барышты. Түнкү тамеки тизимдерге Мубаракты көрүү үчүн кошуна айылдын өрттөй жигиттери келип, өздөрүн жоготуп коюшаар эле деп айтышат.

Мубарак менен Бактыгул жолдо ээрчишип басканда өтүп бара жаткан адамдар жаштыгындагы сулуулугуна бир кайтып келгендей сезилчү. Жогорку класстагы окуучулар, аскерге кетүүгө камынган бүтүрүүчүлөр атайын бизге “классташ кыздарыңар ашыкча эле чырайлуу, акылдуу, өздөрүнө жакын жолотпогон, каттарыбызга жооп бербеген селкилер” деген сыяктуу армандарын айткандарын укканбыз.

Мубарак Кызыл-Кыя шаарында турмуш улап, үй-бүлө күтүп бактылуу жашоосун улантууда. Шаарга келишкен үй тургузуп, баардык классташтарды чакырып жомоктогудай коноктоп жаштыгыбызды көз алдыбызга элестетти. “Комуз, мандолина чертип жүргөндөр баарыбыз ырдадык” деп Пазыл айылда жолукканда кубанып айтып берди. “Сен да барсаң жакшы болмок, жумуштан бошобойсуң да” деп мени аягандай сүйлөдү. Тамашалаштык, эски күлкүлүү окуяларды кайрадан кайталап күлдүк...

Айылда үйгө кандай устачылык иш болсо Апам өзүнүн жакын тууганы Ибраимди чакырат. Ал Тешебай менен гана кошо устачылык кылат. Ибраимди мектепте окутуп калдым. Эч кимге катуу сүйлөбөгөн, ийкемдүү өнөрлүү жигит болуп чонойду. Чоң атасы Сулайман тагабыздын конушун колунан келгенче гүлдөттү, өнүктүрдү. Ибраим менен Тешебайдын устачылыгын көргөнчө сөздөрүн укканы коңшулардан баары келет. Ар бир келген кишини тамашалап чычалатышат. Шаарда кызматта болгонум үчүн мага салам айттырат, уста көрдүгө келбеди деп атам менен доолашышат. Алыкул Осмонов акын “Маляр келип, бир чоң үйдү майлады, кабак түргөн капалыкты айдады...” дегендей, баарынын көңүлү көтөрүлүп, бул сыйкырдуу усталардын келишин күтүшчү. Элге кызмат кылып жүрүшүп, кайра келбес жакка кеткен бул эки уста унутулбайт го.

Оштон Ноокатка кире бериште Баргы айлында катар тизилген силикат кирпичтен салынган үйлөр бар. Колхоздор аралык курулуш

бригадасы курган. Ошол бригадада Тешебай да иштегенин айтып, "Ошко автобуста өтүп бара жатып тиктеп өтөм. Нормада бөлүнгөн цемент, аралашмалар, темирлер сураганга арзан берилип кеткендиктен күнөөмдү сезем, урабаса экен деп кудайдан тилеймин" деп Тешебай бир жагынан тамашалап, ошол убактагы жеп ичерлерди, социализмге ишенген карапайым элдин өкүлү катары жек көрөөрүн айтып калаар эле. Бирок, ал үйлөр азыр да жаңы салынган үйлөрдөн да бекемдигин, ыңгайлуулугун ошол үйлөрдө жашагандар курган усталарга ыраазычылктарын айтып жүрүшөт. Жер титирөөлөрдө бекемдигин сапаттуу курулагындыгын угуп Тешебайдын тамашасын өтө кеч түшүндүм. Көрсө, үй куруучу ишкана жетекчилери ушар болуусу үчүн айтылган "кулагына кумүш сыргалар" турбайбы.

**25. Санабар АБЫТОВА**

Биздин эң четки айыл Нойгут райборборго жакыныраак жайланышкандыктан, окуучулардын көпчүлүгү райондогу мектептерде окушаар эле. 7-класста окуй баштаганыбызды Санабар райондогу мектептен бизге которулуп келди. Математик Абан Матибаев агайыбыздын бир тууган балдызы экен. Нойгуттан орто мектепке чейинки ээн талааларда аркылуу 5-6 километр жол басып, сабака эрте менен кечикпей келчү. Сабактарга ынтаа коюп окуган, аз сүйлөгөн, орусчаны жакшы билген кара тору табышмактуу кыздай көрүнчү. Аз убакытта эмгекчилдиги менен мектептеги эң алдыңкы окуучуга айланды. Жогорку касстын сезимтал окуучулары сабак башталганга чейин келишип класстын эшигин ачып, Санабарды суктана тиктешип кетишээр эле. Кээ бир жигиттерибиз колдоруна ийне жана өчпөс тамгалар менен анын атын жазып алгандар арбын болду. Канчалар сүрөттөрүн табышып, чөнтөктөрүнө салып алышаар эле. Мектепти эң жакшы баалар менен аяктап, Ташкенттеги байланыш институтун бүтүрүп, Ошто жакшы кызматтарда иштеди. Кызы-Кыя тараптан чыккан таанымал үч бир тууган спорт чеберлеринин улуусуна турмушка чыккан, уулу Тимур Палван Ош шаарынын элдик мэри болуп турду.

Абан агай дайыма Санабар менен байланышып, өз кызындай мамиледе болгону өзгөчө эле. Санабар улуу жазуучу Мурза ака-

нын атасы Гапар таттинин кошунасы, тууганы болгондуктан, Санабардын чоң агасы аскер кызматындагы кадырлуу офицер болуп жүрүп балдар үчүн жазылган китеби чыккан (“Бир шиңгил жүзүм” деп аталса керек эле).

Каникулдарда сурашып, жаңылыктарды бөлүшүп, айылдын келечеги жөнүндөгү көп ойлорду талкуулап жүрдүк. Райборбордон биздин айылга Чечме аркылуу өткөн жол менен жөө бара жатып Нойгуттай кыштактан шаардагыдай жүрүм-туруму, билимдүүлүгү, маданияттуулугу адамгерчилиги өзгөчө көпчүлүктү суктандырган кыз чоңойгон жол боюндагы жупуну үй мага Париждеги хан сарайлардай сырдуу көрүнчү.

Санабардын балдары, жакындары ушул китепчени окуп, бул үлгү болоорлук инсандын өмүр жолун сүрөттөгөн китепти айлыбызга белек кылаарында шегим жок.

**26. Аиста АМАНОВА**

Биздин айылда чынчылдыктын, туурулуктун үлгүсү катары оозго алынган Аман Тешебаев деген аксакалдын кызы Аиста бизге классташ экендигине сыймыктангандардын биримин. Айлыбыз кайрадан өзүнчө колхоз, айыл кеңеш болуп бөлүнгөн 1990-жылдары район тарабынан бекилген кээ бир жетекчилер тез эле көпчүлүктүн ишин чабалдык кылганын байкаган жергиликтүү аксакалдар айыл өкмөтү түзүлөөр менен таза адамдардын балдары жетекчи болсун деп райондогу Горький мектебин көп жыл жетектеген Муса Баитовдун уулун жетекчиликке сунушташкан. Андан кийин Россиядан окуп келди деп Зайништи сунушташат. Айылда көп өзгөрүүлөр, долбоорлор ишке ашып, кийинки жетекчиликке шайлоого Аман аканын балдарынан сунуштайлы деп чечишип, Камчыбек Амановго токтошот. Тажрыйбасы, тазалыгы, түздүгү атасындай болгондуктан, ал киши “жашым ортолоп калды, жаштардан тандаңыздар” деп сунушту кабыл албайт. Айыл өкмөтүнө татыктуубуз дегендер көп болсо да аксакалдар Аман аксакалдын небереси Мыктыбекти жок дегенине карабай, “айылды ондойсуң, өзүң билимкананы алтын медаль менен бүткөнсүң, институтту да жакшы аяктапсың” деп айыл өкмөт башчысына дайындатышат.

Анын мөөнөтү аяктагандан кийин Тургунбай Аманбаев аксакалдын, андан кийин Сулайман Мамарасулов аксакалдын уулун сунушташат. Бул тандоолор биздин айылдын өнүгүп - өсүүсүнө алып келди десек жаңылышпайбыз. Аиста да ата-кызы десек болот. Мектепти жакшы аяктап, колхоздун ишин үлгүлүү аткарган, элди жакшы жашооого үндөгөн инсан. Мусулманчылык парызын аткарып, классташтардын ичинен биринчилерден ажылыка барып "Ажи эне" деген сыймыктуу ат алганы баарыбыздын сыймыгыбыз. Адамдар менен жашынан үлгүлүү мамиле түзүп, эч кимдин көңүлүн калтырбаган макал-лакаптарды өз орду менен күлдүрүп сүйлөгөн орундуу инсан.

Чоң агасы Алимжан ака Афган согушунун ардагери өмүрүн аскер кызматына арнаган. Иниси Маматжан (Макаш) айыл чарба институтун бүтүп, Чүйдөгү үлгүлүү чарбакерлердин бири. Элибизде, айлыбызда түз таза жашоонун негизги сапат кылууга үндөгөн адамдардын кызы катары бала-чакасынын, тууган –уругунун озурун көрүп, бактылуу жашоосун каалайбыз. Мен кызматка байланыштуу Бишкекте көбүрөөк жүргөнүм менен Аистан менен сырдашкан ойлорубуз эсимден чыккан жок. Ал кыялдардын бири парасыз окууга өтүүнү далилдеген тарыхы бар Ноокат математикалык билимканасына келип окуучуларыбызга, мугалимдерибизге жакшы каалоолорду айтканына ыраазыбыз.

**27. Бүсайра ЫСМАЙЫЛОВА**

Ысмайыл чоң атанын атасы Маматалинин чоң атасы Бактыбай менин атам Шерандын чоң атасы Атантайдын аталары Көчкөнбай менен Кудайберди бир туугандар – Абдраим бубабыздын балдары. Айтибайдын атасы Султандын бубасы Жунус, Төрөнүн атасы Абзакирдин бубасы Матназар да Абдраим бубабыздын балдары.

Бүсайра, Айтибай, Төрө бир туугандардын урпактары болгондуктан, өтө жакын тууганддык мамилелерибиз бар. Алар сыяктуу эле биз да Абдраим бубабыздын урпактары болгонубузга сыймыктанабыз. Абдраимдин чоң атасы Кутулмуш айтылуу Тилеке баатырдын кенжеси Чал менен бирдикте Кара-Таш айлын негиздегендиги , Кокон хандыгынан атайын мөөр алганды уюштурган-

дыгы эл оозунда айтылып жүрөт. Кутулмуштун атасы Караменди Папанга жакын жайланышкан Лаглан өрөөнүн негиздеген инсан. Караменди атасы Тилекенин баскынчылардан (калмактардан) бошогон жерлерди ээлөө, өздөштүрүү боюнча атасы Адыгиненин тапшырмаларын аткарышкан. Кыргызстандын түндүгүндө калмактардан бошогон кыргыздын жерлерине жайланышуу үчүн Адыгине иниси Тагайды аскерлери менен жибергенин, анын уулдары Солто Чүйдү, Бугу көлдү, Сары Багыш Нарынды ээлешкен. Бул окуялар жөнүндө аксакалдардын аңгемелерин угуп чоңойдук. Айрыкча арапа күндөрү кайра-кайра айтылаар эле. Бубаларыбыздын армандары акырын шыбырап сүйлөнөөр эле. Тилеке баатырдын төртүнчү муундагы уулу Алымбек, Курманжан даткалар жөнүндөгү өтө сырлуу уламыштар жаштарга керээз катары айтылгандыктарын эми гана түшүнүп жаткандаймын.

Айрыкча атам үйгө келгенибизден кийин кайталап, тизмектештирип айтып берчү. Тарыхыбыздын оош-кыйыш жерлери, кыргыз жердеген аймактардын чачырап кетиши, башка өлкөлөрдөгү кыргыз боордошторубуздун абалы, Анжиян өрөөнүндөгү байланыштар бизди да ойлондурсун дегендери экен. Өзүбүзчө мамлекет болгонубуздан кийин гана кыргыздын Улуу көчү терең тарыхы изилденип баштады. Биздин муун, айрыкча классташтарыбыз бул өзгөрүүлөргө ынтаалык менен тажабастан катышуубуз, башкаларга таратуубуз биздин парзыбыз, бубаларыбыздын керээзи.

Бул миссияга жарамдуу катышуу үчүн 30 жылдан бери билимкананы түптөп, илимий жетекчилик кылып жатабыз. Жакындарды, уул-кыздарыңарды 7-класска чейин өтө жакшы даярдап, 8-класстан билимканага окууга шарт түзгүлө, чет тилдерин үйрөнүп, баардык сабактарды өз алдынча эң жакшы өздөштүрсө гана жакшы өнөр алганга жол ачылат. Чет өлкөдөн эч ким келип силерди, жакындарыңарды билимдүү, өнөрлүү кылбайт. Бул биздин кийинки муундун милдети. Кыргызстанда жалгыз биздин айылда мамлекеттик акысыз лицей-билимканабыз бар. Мындайды түзүү өнүктүрүү өтө кыйын иш экендигин билүүңөр керек. Кыргызстандагы 2260 мектептин баары билимканадай болгондо гана элибиздин турмушу оңолот. Япония, Германия, Финляндия ж.б. өнүккөн

өлкөлөр билим менен гана жетишкендиги чындык. Башка жол жок. Жараткан берген өмүрдү текке кетирбей, мүмкүнчүлүгүңөрдү бир гана кийинки муунду окутууга, чет өлкөлөрдөн өнөр алып келгенге жарамдуу уул-кыздар болуусу силердин колуңарда. Аракеттенбесек чет өлкөлөрдө көчө тазалап, экинчи сорттогу адамга айланабыз.

Сиздерге Бусайра тууганыбыз менен ар бир жолугушууда талкуулаган маселелерди учкай бир бөлүгүн сунуш кылдык. Бул ойлорду, сөздөрдү түшүнүүбүз үчүн биз көп жылдык мүмкүнчүлүгүбүздү, өмүрүбүздү, ден соолугубузду арнадык десек болот.

Бүсайра бизге биринчи класстын ортолорунда кошулду. Ак фартукчан келип, сабактарды баарыбыздан жакшы окуп, тез эле таасирлүү окуучуга айланып бизди башкарып калгандай болду. Биздин классты атам окуткандыктан, кыздар менен аралашып олтурасыңар деген көрсөтмө келди дегенден мен Гүлүм менен бир партада олтура турган болдум. Мен Бүсайра менен олтурам десем, аны Амат менен олтургузду. Танаписте парта талашмай болду, менин жашым калгандардан өтө эле кичине болгондуктан, бир топ окуучулар менин көзүмөн жаш чыгарганга чейин барышты. Бүсайра мени сооротуп, тетрадь тыштаганды үйрөттү. Кызгылтым алманы дал өзүндөй кылып тартканда баарыбыз таң калдык. Эки жылча бирге окудук, шартка байланыштуу, “Токтогул” санаторий мектебинде, андан кийин Оштогу кыздар орто мектбинде окуду. Фрунзедеги университеттин англис тил факультетин аяктагандан кийин Ташкенттеги чет тилдер университетинде аспирантурада окуп англис тили боюнча районубузда биринчилерден болуп кандидаттык диссертациясын коргоду.

* * *

Ошентип, кийинки жылдары каникул учурларында гана көрүшүп калдык. Апасы Галча чоң энеден иштерин сурап, салам айтып жүрдүк. Каникул учурларында гана айылга келип апасына бөлүнгөн тамекини чаап, тизип жардам берип жүрдү. Түнкү тизим чоң

сарайда болоор эле, ата-энелер жаш балдарын ээрчитип, бешиктерин төбөсүнө көтөрүп, керосин чырактар менен түнкү саат экилерге чейин тамекилерди жипке өткөрүп жайганга даярдап анан кетээр элек.

Уйкуга азгырылып үргүлдөгөн өспүрүмдөр, бир аз аракет кылсак бүтөбүз деген улуулардын сөздөрү. Бири ырдайт, кээлери жомок айтат. Звеновой Асан Топчубаев ака апыртмаларды сүйлөйт, башынан өткөн окуяларды күлкүлүү кылып айтып берет. Чоңураак жигиттер мандолина чертишип, ырдашып бий уюштура коюшат.

Отуздай үй-бүлө сарайдын ар бир түркүгүнүн айланасында тамеки тизишет. Жылда ошол эле түркүктүн төгөрөгү, үргүлөгөн өспүрүмдөр, түйүндү туура эмес жерге коюпсуңар деген арабакечтердин нааразылыктары... бул айланпа бүтпөгүдөй сезилчү. Жылдар өткөндөн кийин ал күндөрдү эстеп сагынып жүрдүк. Түнкү тизимдер жоюлду, сарайлар талкаланды, эл тамекиге иштөөнү токтотту. Бир карасаң жашоо токтоп калгандай сезимдер пайда болгону менен эл өзгөрдү, ишкердиктин жаңы түрлөрү пайда болуп, окууну бүткөндөрдүн көпчүлүгү Казахстан, Россияга кара жумуштарга кетишти.

* * *

Бүсайра сарайга келээрин угушуп айылдын мен деген жигиттери келип баарыбызга тамеки тизип жардам беришет. Бүсайраны ырда дешет. Ал созолонтот:

Аралап шаар ичин басып жүргөн,<br>
Андагы ак буурул түн эсиңдеби.<br>
Ойгонуп уйкусунан жымыңдашкан,<br>
Оттору Фрунземдин кечиндеги...

Айлыбызда Бүсайрага сезимин билдире албаган көптөгөн уландар үшкүрүнгөнүн көп эле укчубуз. Кат жазышып алып бере албай жүргөн “Мажнундар” бизге суктанышып, “айга-күнгө теңеген адамыбызга даап сүйлөй албайбыз, силер болсо кошо тамекиде

иштейсиңер. Үйүнө да эркин киресиңер. Бизге кол жеткис кыял. Шаардагы адресин, телефонун издеген кусалыктан Хафиз болуп кеттик" дегендерди угуп калчубуз.

Бүйсайра Курбанжан даткадай элге эмгеги сиңген адам. Түштүктүн мектептерине, коомчулугуна көптөгөн долбоорлорду ар түрдүү эл аралык уюмдардан алып келген жалгыз интеллектуал. Түштүктүн Чаткалынан Лейлегине чейинки аймакты камтыган "Сорос" фондунун регионалдык жетекчиси болуп көп жыл иштеди. Канчалаган идиреги бар жаштарды чет өлкөлөргө жолун таап жөнөткөн адам. Түштүк интеллигенциясынын үмүтү десек болот. Көптөгөн түштүк илимпоздорго, окуу жайларга эсепсиз долбоорлорду, жардамдарды уюштурган эл баатыры. Илимий, методикалык китепчелердин, макалалардын, изилдөөлөрдүн, долбоорлордун автору. Түштүктүн маданий багытындагы ишмердигинде чек жок. Биздин айылдан чыккан биринчи профессор, билимканы эң заманбап китептер менен камсыздап, мугалимдерди билимкана (30 жыл) ачылгандан баштап семинарларга чакырып эле калбастан, өз кеңештери менен билимканада иштегендерди күчтүү интеллектуалдарга айланышына себепчи.

Төрө билимкананын жатаканасынын кирпичтеринин көпчүлүк бөлүгүн берди, окуу корпусунун капиталдык ремонттон бюджеттин эсебинен өткөрүүгө көмөк көрсөттү. Жоомарт баштаган ишкерлерди билимкананын муктаждыктарына багыттады.

Айтибай инилери менен билимканага чейинки жолду асфальттоого, жатакананын курулушуна көмөктөрүн аяшпайт. Инилери Эрмамат, Эркинбай Асановдор билимкананы активдүү колдоочулары.

Азамат Момуев жатакананын сыртын жеңил кафель менен каптады.

Бубабыз Абдраимдин урпактарынын алгылыктуу иштеринин бир бөлүгүн гана айттык.

Бүсайрага ийгилик каалап, айылдагы классташтары сени менен сыймыктанаарын, билимканачылардын сүйүктүү окумуштуусу, колдооочусу "илимий" таянычы экендигиң бизге ийгиликтерди алып келет.

**28. Мурза МАМАСАЛИЕВ**

Биринчи класста биз менен чогуу окуп баштаган, бирок, кийинчерээк Фрунзедеги Күрөңкөев музыкалык мектебине тандоодон өтүп, Мурза биздин айылдан алгачкы классикалык музкыканы түшүнгөн Бетховен, Бах, Штраус, Чайковскийдин чыгармаларын угуп улуттук классиканы, элдик ыр-күүлөрдү кесипкөйлүк деңгээлде билгендиги биздин сыймыгыбыз. Атасы Мамасали аксакал курч мүнөздүү болгону менен ак көңүл, мээнеткеч адам эле. Чоң аталарыбыздан калган суу тегирменди иштетип, жылдын төрт мезгилинде элдин кызматында, ар бир үйдө тандырга жабылган буудай наны, загара (жүгөрү) уну ушул кшинин колунан көп жылдар өтүп турду. Көбүнчө тегирменди улуу баласы Сайпидин ака карап, биздин чоң гөмүш көк уюбузду минип алаар эле. Тегирмендин астындагы чеенден чоң сары балыктарды колу менен кармап, “жеңе бышырып бериң” деп апама алып келээр эле. Жазда козу карын алып келет. Кийинки агасы Кутмидин ака бир аз токтоорок болуп, балдар менен көп ойночу эмес.

Мурза окууду бүтүрүп келээри менен райондо үйлөмө аспаптар (духовой) оркестрди жетектеп, пионерлер үйүнүн көркү болду. Айлыбызда атайын комуз ж.б. аспаптарды үйрөтчү райондук мектептин филиалын ачкандан кийин райондогу музыкага шыктуу окуучулар бизди айылга каттай баштады. Окуучуларга комузду эң жогорку деңгээлде үйрөтүп, кыргызча орусча патриоттук ырлар менен айылдыктар областтык, республикалык кароолордо ийгиликтерди жаратып келе жатышат.

Билимкана ачылгандан бери отуз жыл бою тарбиячы чыгармачылык кружоктордун жетекчиси болуп, келген коноктордун таң калтырган көптөгөн номерлерди жаратты. Билимканада баардык сабактарды өтө жакшы окуган ырчы-аткаруучулар, этюд-спектаклдерде ойногон окуучулар өтө көп. Мурда элде ырга, искусствого кызыккандар башка сабактардан начарыраак окуйт деген сөздүн туура эместигин Мурзаш далилдеди.

Эмне үчүн дүйнөдөгү эң ийгиликтүү, таанымал инсандар, ойчулдар өлкө жетекчилери, миллионерлер классикалык музыкаларды

жакшы көрөт, Шекспирдин, Пушкиндин чыгармаларын жатка билет?- деген суроого билимканачыларга жооп издеткен адам бул биздин мырзабыз – Мурзаш. Атына заты туш келген атуул. Ийгиликтерди каалоо менен Мурзанын чөлкөмдөгү жараткан ийгиликтери жөнүндөгү китепти шакирттери тезирээк жазышат деген үмүттөбүз.

Турмуш шарттын жоктугунан ата-энесине жардам берем деп консерваторияга окубай калды. Уюштургуч, эмгекчилдик, интеллектуалдык деңгээли Мурзанын сөзсүз маданият министри болгонго жетет эле. Таанымал композитор, эгемен өлкөбүздүн биринчи консераваториясын түзүп, ректор болмок деген учкул ойлорду ойлоп кетем. “Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет” деген макалга каршылык кылууну үйрөнбөппүз, кандай өкүнүчтүү!

**29. Каныбек КАРБЕКОВ**

Биринчи класста окуу башталганда бир класста окуп калдык. Тез эле Фрунзеден келген топтун сыноосунан өтүп, балет мектебини ийгиликтүү аяктап, ал учурда көпчүлүккө түшүнүксүз балет искусствосун үйрөнүп райондо балет багытында окууга көп эмгек сиңирген, азыркы учурда Бишкекте ийгиликтүү ишкер.

Каныбектин атасы бою узун, палвандыгы сыртынан көрүнүп турган чөлкөмдөгү атактуу улакчылардын бири эле. Айтылуу Жумабай Палвандын устаты экендигин айтып жүрүшөт. Апасы Бурул чоң эне тамекичилердин балдарын талаада, дарактын көлөкөсүндө алдейлерди бешике бөлөп, бакчалык кылып-балдардын энелериндей караган улуу тарбиячы. Эмгек талааларында бөбөктөргө төркүнү Алайдан болгон Бурул эненин бешик ырларын берилип ырдаганын биз да көрүп калдык. Иниси Камчы чоң улакчы болду.

Каныбеке ийгилик каалоо менен билимканачыларга балет боюнча мастер-класстарды өткөрүп берет деп үмүт кылабыз.

**30. Сабра ЭРАТОВА**

Сабранын апасы Пази эжебиз айтылуу Молло Таабалдынын кызы. Апам Пази эжени өтө сыйлагандыктан, биз да Сабра менен өтө сырдаш болуп чоңойдук. Өйүзгө (Борко айлына) турмушка чыгып, төркүндөп келе жатканда сөзсүз жолукчубуз, мектепте бирге

окуган күндөр жөнүндө сүйлөшчүбүз. Айылга барсам апам айтып калды: “сени Сабра сурап келиптир, уулу Пакистанда окуптур, өтө эле таланттуулугунан айылга батпай жатат Бишкеке алып кетүүнү айтты” деди. Апамдын тапшырмасы менен Ноокаттын баш имамы Пази эженин бир тууган иниси Маматкасым ажыны ээрчитип алып, Сабранын үйүнө бардык. Зирек жаш жигит короолорун ондоп түзөп жатыптыр. Сабра соодагерлик кылып, Анжиянга кетиптир. Орусчаны начар билээрин айтып, урду, араб тилдери боюнча педагогика факультетин Пакистанда бешке бүткөн документтерин көргөздү.

Бишкеке иштейсиңби десем кубанып кетти. Эксперттерди даярдоочу проектер бар. Алар кыргызча-орусча документтер менен иштөөнү, конституциялык нормалар, диний уюмдар жөнүндөгү мыйзамдар, мамлекеттин дин саясаты, ажылык, Умра сапарларынын укуктук негиздери, элчиликтер менен иштөө нормаларын окуганга, үйрөнгөнгө багыт беришет. Бул долбоордогу жумуштарды өздөштүргөндөн кийин муфтиятка жазылып имамдарга мечиттердин документтерин түзүүгө, исламий окуу жайларга жардам берүүгө көмөк көрсөтүүнү өздөштүргөндөн кийин өз кесибиң боюнча кызматтарга конкурска катышып өтсө болот дедим. Орусчаны начар жана кыргызча документацияларды толтурууну билбегендиктен стажировкадан өтө кыйналып жүрүп өттү. Долбоордогу өтө тың эксперттердин жардамы эбегейсиз чоң болду. Жумуштан бош убактыларында Равшанды такшалтуу мен үчүн да өтө оор болду. Мен долбоор аркылуу бар күчүмдү жумшадым, эми өз кесибиң мене иштөөгө муфтиятка барып суран десем стажировкадан кеткиси жоктой сезилди.

* * *

Ошентип, муфтиятта чоң диний кызматтарда иштөөгө жолу ачылды. Сиздин илимий тапшырмаңыз аткарылды деп апама айтсам, “эки жылда араң үйрөттүңбү?” деп таң калды. Баланы жарамдуу адам болууга даярдоо кандай кыйын болсо, адамды элге

керектүү кызматка, эл жүгүн көтөрүүгө даярдоо көп убакыт эле талап кылбастан, чексиз мээнетти талап кылат. Сен даярдаган адамыңдын ички дүйнөсүн өзгөртө албасаң ал кызмат ордунан жогорулаганда кол алдындагылардын, элдин шоруна калат. Өзү эле кызмат бийиктигине чыгып калгандай өзүмчүл, текеберчилик, ичи тардык акыры барып өзүн талкалайт. Андай адамдарга устаздык кылуу бекер убакыт өткөргөн менен барабар. Үйрөткөн адамың начар чыкса ал эң биринчи өз кызыкчылыгын ойлойт, машина алат, үй сатып алат, башкалардын адамгерчилик мамилелеринен да уялбастан пайда табууну, кымырууну үйрөнгөн “сырты жалтырак ичи калтырак” бечарага айланат.

Бир аз кызмат орундарынан жогорулай баштаганда баарын унутуп, саламга келбей эдиреңдеп калган убагында чын дилибизден кеңештирибиз менен эч кандай жообуна үмүт кылбасак да тескериленип, мен өзүм эле өзгөчөмүн, кыйынмын дегендерди да байкап калабыз. Эшеги ылайдан өтсө эле баары өзүнөн – өзү боло берет дегендер эч качан өспөйт, бир күн өзү казган орго өзү түшпөсө экен деп Жараткандан сурайсың.

Өсүү жолундагы инсандар көп, себеби, алар бирөөнүн эмгегин, кеңешин, жакшы сөздөрүн айта жүрүшөт . Аларга кудай кызматты, байлыкты, бакытты берет, элдин жүгүн көтөрүүдөн чарчашпайт, пайда издегенге аракет кылышпайт. Адамдарды пайдалуу, пайдасыз деп экиге бөлүп мамиле кылышпайт.

* * *

Турмушубузда жакшы сөздөрдү угуп, пенде экенбиз кубанып каласың. Бир жолу Ак үйгө бара жатсам Айтибай (төрага), Арап (депутат) мени көрүп күтүп калышты. Саламдашканча эле Арап Төлөнөв Айтибайга мени көргөзүп "менин депутат болуума кеңешин берген, эң алгач чет өлкөгө алып барып көз карашымды өзгөрткөн адамым" деп кучактап калды. Акматбек Келдибеков төрага болоорунда мага жолугуп, “Сиздин министр, депутат болосуң деген тапшырмаңызды аткардым, кеңештериңизге ыраазымын”

деп мени оңтойсуз (жакшы мааниде) абалда калтырды. Нарындык көп жылдан бери Бишкек мэриясында чоң кызматтарды аркалаган Жамалбек Ырсалиев фейсбукта дайыма кеңештери менен такшалткан агайым деп жазып турат. Маркум Муратаалы ажы Жуманов “сиз мамлекеттин патриоту болгонго, чоң кызматтардын маанисин өздөштүрткөнүңүзгө таң калам. Сизден үйрөнгөн дипломатиялык сапаттарыңыз менен ислам жамаатыбызга түбөлүк белек боло турган Борбордук мечиттин ордун Бишкектин так ортосунан (Ысык-Көл кинотеатрынын айланасы) алууга Президент (К.С.Бакиев) жардам берди. Ислам окутуу борборлору үчүн Жаш Гвардия менен БЧКнын (чоң Чүй каналынын) кесилишиндеги чоң бак бөлүнүп берилди. Шарты жок болгондуктан уруксаатсыз иштеп жатасыңар деп жүдөткөн миңдеген мечиттерибизге ислам окуу жайларына юридикалык статус берүүнүн жолун үйрөткөнүңүздү унута албайбыз” сыяктуу алкоолорду айтканда уялып, мындай жумуштар баарыбыздын милдетибиз деп тим болдум. Жүздөгөн дин адамдарыбызга өнүккөн Чыгыш, Батыш өлкөлөрүн көргөзүп, ООНдун (БУУ) долбоорлору аркылуу республикабыздын баардык бурчтарында сиз уюштурган семинарлар, Ысык-Көл боюндагы эл аралык жолугушууларды улантууга аракет кылабыз дегени мен башка кызматта жүрсөм да чын жүрөктөн кызматташуу жакшы сезимдерди калтыраарын туйдум.

* * *

Билимкананы түзүүдө ата-энелерди, окуучуларды терең билим алуу эң биринчи өздөрүнүн милдети экендигин түшүндүрүүгө көп аракетим күчүм кетти. Алгач көпчүлүгү сынап, оолак турушту. Окутуу силердин милдетиңер биз балабызды билимканага окууга бердик деп компойгондор да көп болду. Өнүккөн өлкөлөрдө баланын жакшы билим алуусуна ата-эне, жакындары аракет кылышат, чет тилдерди үйрөтүшөт, ар бир предмет боюнча үй китепканасын түзүшөт. Баланы өз алдынча китептерди окуганга багыт берүү, күнүнө көзөмөлгө алуу ата-эненин милдети.

Бизде баары тескерисинче, баламды мектеп окутканга милдеттүү, начар окугандыктарына мугалим мамлекет күнөөлүү деген сыяктуу шылтоолор менен уул-кыздарынын Россияда көчө шыпыргандан башка жумушка жарабагандыгына өздөрүнүн күнөөсүн эч сезгилери келбейт. Өлкөбүздөгү 2000ден ашык мектептерден терең билим алууга, керектүү өнөрдү үйрөнүүгө жогорку билимди өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй деңгээлде алуу керектигин түшүнгөн, кызыккандар айрыкча айыл мектептеринде өтө аз (жокко эсе десек да болот).

Жакшы окубаса, мамлекеттин намысына жарабаса чөнтөктөгү дипломдун кимге кереги бар? Дүйнө жүзүндө 7 миллиард эл жашайт. Алар менен тең тайлашып жашоо үчүн ар бир кыргыздын баласы күйүп-бышып, жанталашып өз алдынча окуусу керек. Билим, тил, өнөр башка өлкөгө барганда, салаштырганда билинет. СССРдин убагындай биздин өлкөдө ири завод-фабрикалар кайрадан курулбайт, дыйканчылык, мал чарба продукцияларын коңшу өлкөлөр эле сатып албаса алыска кымбат базарларга кирүү өтө кыйын. Алардын тилин, стандарттарын үйрөнүүгө көптөгөн жылдар керек. Андай кадрлар 50 жылда араң пайда болот. Чет өлкөдөн келип үйрөткүдөй алар бизден карыз эмес. Четтен келгендер бизге өз салтын таңуулап, арзанга иштетип пайда табуу алардын негизги максаты. Кыргызга кыргыз гана жан тартат. Ар бир кыргызстандык 1000 кишиге татый турган билими, өнөрү, тили, аракети болсо гана дүйнөдө эркин жүрө алабыз, соода жүргүзөбүз, завод фабрикаларды кура алабыз.

Билимкананын ар бир окуучусуна, мугалимдерине 30 жылдан бери ушуларды суранып (жалдырап) түшүндүрүп келе жатамын. Ар бир директорду Бишкекте, чет өлкөлөрдө стажировкалардан өткөрүүгө туура келди.

* * *

Сабраны сиңдиси Насиба эжеке билимканада эки жылдан ашык директор болуп иштеди. Жаңы багыттарды өздөштүрүп, жетекчиликтин кыйынчылыктарын жеңүү, мугалимдердин чыгармачы-

лык конкурстарда республикалык деңгээлге жеткирүүгө катышты. Азыр райондук жетекчилик кызматтарды аркалап жүрөт.

Билимканада окуу, иштөө талаптары өтө жогорку деңгээлде коюлат. Күн сайын талаптар татаалдап турбаса билимкана жөнөкөй мектепке айланып кетүүсү мүмкүн. Бул татаалдыктарды өнүккөн өлкөлөрдө биринчи класска чейин эле ата-энелер балдарына үйрөтүп салат. Мектептер, университеттер жакшы билим алууга себепкер гана болушат. Керектүү инсан болуу жүгүн балага жаштайынан, күнү-түнү түшүндүрүү, ишке ашыруу ата-эненин гана милдети. Алар башка же чет өлкөлүктүн баласы эмес. Сиз жоопкер экениңизди унутпаңыз. Мамлекет дүйнөгө атагын чыгарам деген сиздин балаңызга жол гана түзөт. Чабандес атын таптаганда башкалардан же мамлекеттен эч жардам күтпөй өзү аракет кылат. Эң кыйын чабандестин күлүгү гана биринчи келип байге алат. Силердин балдарыңар келечекте байге албай калса күнөөлүү өзүңөр болосуңар.

### 31. Гүлай КАРИМОВА

Өмүрүн мал чарбачылыка жумшаган, жайын-кышын жайлоодон түшпөгөн узун бойлуу, карылуу Карим аксакалдын кызы Гүлай башталгыч класстарда биз менен окуганы эсимде. Окуу ачылганда бир топко сабака келбей калганын айылдагы коңшулары Жусубалы, Абиладан сурасак “тоодо азыткы адаштырып, Кемер зоосунан секирген экен, көйнөгү парашюттай болуп акырын жашаган жерине түшүрүптүр” дегендеринен көпкө чейин ойлонуп, коркуп да жүрдүк окшойт. Сабакка келгенде сурасак андай деле болбоптур, көрсө, классташтарыбыз бизди тамашалашкан экен.

Атам менен мал издеп, же болбосо үйгө жарамдуу арчаларды көргөнү барганыбызда Карим (узун) акеге жолуга кетели деп кеч киргенге чейин экөө тажабастан сүйлөшүп олтура беришчү. Чоң чарага бышкан муздак этти үйүп салып, чоң табактарга каймак, толто (чөөгүн) , сары майды дасторконго коюп, кемпири очоко чай кайнатып казан толо эт бышырып бул эки ойду-тоону, аалам маселелерин, санжыраны тартышкан сөздөрүнө таң калбастан

жылмайып кубанып отураар эле. Бул экөө дагы сагынышып калган экен да деп мени карап, “чүкөлүү жиликтерди тазала, качан мектепке окуйсуң, апаң Гүлсана сиңдиме дува деп кой. Жаш балдары, колхоздогу тамекичилигинен бошобой жайлоого да келбейт. Сенин таенең Тунна жеңебиз бар кезде тез-тез кабарлашып тураар элек” деп очоктогу отту ичкертип улутунуп коёр эле. Өткөн күндөрдү эстеген кандай ырахат алып келээрин кийин чоңойгондо гана түшүнө баштадым.

Улуу уулу Ахунбай ака райондогу эң алдыңкы чабан болду, анын иниси Абдрахман улакчы, палван деген атты алып жүрөт. Классташыбыз болсо бизден кийинки класста жакшы окуп бүттү.

**32. Аман ЭСЕНБАЕВ**

Биринчи класстын алгачкы күндөрү биз менен сабака келип жүргөн Аман Эсенбай аканин уулу. Чогуу мал багып бирге ойноп чоңойгонбуз. Колхоздун өзүнчө болгон убактарда Эсенбай ака бухгалтерияда иштеп, тамеки боюнча социалистик мелдештердин жеңүүчүлөрүнө керектүү белектерди берүүнү уюштурган адам, апам да чоң батарея менен иштөөчү “52” радиоприемнигин утуп алган. Ошол убактагы бийлик ашыкча чыгымга алып келген деп “шарттуу” ишке жумшаган. Ал жабык жерде жөндөмдүүлүгүнөн мажбурланган жумушчуларды иштетүүчү бригадир болчу. Кызмат машина ташып, Найман каналын куруучуларын жетектеп калат. Кийинчерээк айылга чайкана, касапкана ж.б. ишкердиктерди өнүктүргөн алгачкылардан болгон. Кайрадан колхозубузду бөлүп алабыз деген жумушчу топту түзгөнгө активдүү катышып, райкомдун көрсөтмөсүн колдогондорго каршы туруп, текшерүү комиссияны жетектеп берем деп коркпостон биздин демилгеге макул болгон. 1990-жылы 25-май күнү кайрадан эски чек ара боюнча Чечме-Сай колхозу түзүлдү. Колхозубуз кайрадан түзүлгөндөн кийин гана биздин айыл өнүгүү жолуна түштү. Алгачкы колхозду бөлүп алуу чогулушу жаңы негизделип ийгиликтери менен элге тааныла баштаган билимкананын имаратында болгонуна сыймыктанабыз.

* * *

Аман мектепти бүтүп, институтка тапшыраарда атам бир аз кирүү экзаменине даярда деп мага тапшырма берди. Карагойдо эс алып жүргөн профессор окуучум Салы Каримовго текшертели, артыман Абдыразактын чатырына баргыла деп жайлоого жөнөп кетти. Эртеси таңга маал эки фляганы толтура мөмө –жемиш салып, куржундарыбызды толтуруп отуз километрге жолго чыктык. Жол ортолоп калганда Аман аттарды жарыштырабыз деп калды. Сен миңген ат бээ кой дегенге карабай чаап жөнөдү, бир аздан кийин жетип токтотойун деп мен да атты чу дедим. Кууп жеткенимде “токтобо, сенин атыңдан озуп кетем” дегенинен тизгинди тартпадым. Амандын артында артылган флягалар шарактап келе жаткан, аттын үстүндө өзүндү канаттуудай сезип каласың да, кыйла узап кеткендей болдум, флягалардын үнү угулбай калды. Тизгинди тартып артты карасам Аман да, аты да көрүнбөйт. Бир убакта чычырканактар тараптан фляганын үнү чыккандай болду. Жетип барсам басмайылды бош тарткан экен фляга салаңдап, Амандын буту үзөнгүдөн чыкпай сүйрөлүп келе жатыптыр. Коркконуман аттан секирип түшүп үзөнгүдөн бутун чыгарып, Аманды көтөрүп дарыянын жээгине жаткыздым. Үн-сөз жок, муздак сууну чачканымдан кийин гана оозунан көбүк, сүрүлгөн беттеринен кан чыга баштады. Акырындык менен өзүнө келди. Эми караңгы киргенде баралы атасына эмне деп жооп беребиз деп корктум. Аттарды бышыктап токуп, Аманды эптеп атка миңгизип атын жетелеп башты жерге салып жөнөдүк.

Караңгы киргенде жеттик, жайлоодо электр жок. Эмнеге кечиктиңер дешти, байкамаксан болушканда гана мен өзүмө келдим. Ошол болду Амандан этият болуп жүрүү адат болду. Катуу сүйлөбөйм, оолак туруп сүйлөшкөнгө аракет кылам.

Амандын карындашы Разия менен күйөө баласы Момун (Момой) Маматовду мектепте окутуп калдым. Политехке окууга өтүштү. Мен Чүйдө эле калгыла десем макул болушту. Жакшы чарба күтүп, турмуштары тикеленип калганда Момойдун атасы көчүрүп кетип калды. Атасына сурансам да болбоду. Андан ондорчо жыл

өткөндөн кийин айылдын көпчүлүгү Чүйгө, башка өлкөлөргө кете баштады.

Момой билимканада эң оор 90-жылдары чарба жетекчиси болуп, адырдан пияз терүүнү уюштуруп, велосипеди менен Жалал-Абаддан краска алып келген күндөр болду. Момойдой эмгекчил адамдар чанда кездешет. Айылдагылардын эч кими чыга албаган теректерин Момой гана бутайт. Мектептин кандай иши болсо күнү-түнү даяр. Ошонтип, Аман тууган уругу менен айылга, мектептерге кызмат кылган инсандар.

Аман кийинки класстагы Жээнбек, Ашим, Жусубалы, Аблаздар менен бүттү.

**33. Уулкан МАМАТОВА**

Алгачкы жылдары биз менен окууну бирге баштаган Уулкан чөлкөмгө таанымал Мамат кыякчынын кызы. Тоо арасында чоңойгондуктан аракетчил, сергек, кыялдары алып учкандыгына мен таң калчумун. Бир тууган эжеси Токто айтылуу Жумабай Палвандын жары катары күтпөгөн коногу, көрбөгөн таанымал инсандары калбаса керек. Палвандын тоодогу резиденциясын бала-чакасы менен түптөп, бак дарактуу конушка айландырган адам болгон. Кээде күнүнө үч-төрт конок тоскондогу түйшүктөргө кабагым кашым девей узаткан адам. Келиндери, уулдары да конок келбей калса оңтойсуз болуп калышчу. Чоң уулуна Митал улакчынын кызын кудалап келин кылып алышкан. Мындай келинди такшалткан энелер аз эле босо керек деп ойлойм. Абдырасул “күнүнө кээде 3-4 союш соёмун, бир жылда эле миңдеген малдын өмүрүн кыям. Кийинчирек колум калтырап калбайбы, эмне болот?” дечү. Кыргыз илгертен мал союп коногун сыйлаган эл, сен салтыбыздын, динибиздин эрежелерин бузбагандыгың үчүн эч нерсе болбойт десем жылмайып макул болгондой болду.

Мамат кыякчынын неберелери да кыялкеч, чыгармачыл, дарыядай тиричилике буркан-шаркан бышкан инсандар. Урпактары Мамат кыякчы жөнүндө китептерди жазат деп ойлойм.

Уулкан Кызыл-Кыяда өрнөктүү үй-бүлө күткөн инсан экендигин угуп жүрөбүз.

### 34. Таштактык Айчүрөк эже

Бизден бир топ жаш улуу, чоң кишилердей токтоо көрүнгөн эже биз менен окуп баштап кийинчерээк мектепке келбей калды. Мария Александровна баарыбызды ээрчитип үйүнө алып барды, Айчүрөк окууга бара албайт деген сөздү угуп келдик. Айчүрөктүн атасы райкомдо чоң кызматтарда иштеп жүргөндө кокустуктан (душман досторунан) өтүп кеткен сөздөрүн угуп калгандай болдук. Тез эле Айчүрөк эжени турмушка берип жиберишти окшойт. Жолдошу Саит ака темир ширеткич (сварщик) элдерге суу ташыганга чана, ар түрдүү арабаларды азыркы базардагылардай жасап берген ак көңүл, эмгекчил, көңүлчөөк адам эле. Турмушта кыйналып чоңойгондугунан үй тиричилин жаштайынан өзү тикелеп бирөөлөргө кылган кызматын эсептешпеген, букаралыктын оорлугун тарткан кишидей көрүнчү. Эгиз балалуу болду деп уктук, кийинчерек төрөттөн узап кетиптир. Уул-кыздары, неберелери эмгекчил ата-энеси, айылдан алгачкы чыккан коомдук ишмер тайатасы жөнүндө жазышаар деген үмүтүм бар.

Таштакка жете бериштеги чоң өрүк багы бар Матан чалдын уулу Төлөн биз менен окуп баштап, кийинчерээ чарчап калыптыр деп угуп корккonубуз эсимде. Атасы ниет кылып койгон өрүлгөн чачы бар болчу. Жаткан жери жайлуу болсун, жаратканбыз бейиштен атасы менен жолуктурсун деп дуба кылабыз. Жалган дүйнө кубанычтар менен кошо өкүнүчтөрдү да букараларына берет турбайбы. Ошол үчүн Пайгамбарыбыз (САВ) сабыр кылгыла деген.

### 35. Карам АЙТКУРБАНОВА

Калмурза чоң атасы жана чоң энесинин колунда чоңойгон Карам алгач биздин класста окуду. Узун бойлуу, фартукту сөлбүрөтүп кийген олдоксон көрүнгөнү менен аракетчил, намыскөй тырышчаак эмгекчилдиги менен айырмаланчу. Бир класс кеч окуп, эң жакшы баалар менен аяктап, комсомолдук лидерлердин бири болду. Өз атасы алыста жашагандыктан, турмуш уласын деп чоң ата, чоң энеси окууду бүтүрөөр менен жоош момун, эч кимге баш көтөрүп сүйлөбөгөн, ак эмгеги менен жашаган, ата-энеден эрте калган, мыкты тракторист Ташан ака-

га күйөөгө беришти. Чоң жолдун боюна колдорунун келишинче шыйпырлап там тургузушту. Балдары карапайым жашоодон улам зирек чыгышты. Улуу баласы Токтосун билимканадан алтын медаль менен аяктап, жогорку билимдүү болуп, чет өлкөдө стажировкадан өтүп Россияда ишкердигин улантууда. Мектепте биринчи болгондуктан, Түркияга эс алууга жөнөттүк (акчасын иним төлөдү).

* * *

Биз кичинебизден ДТ тракторду чебер карап айдаган, кийимдери солидол, солярка сиңип жылтыраган комбинизонун кийип Ташан ака колхоздун жерин айдайт. Жээндерим деп биздин кабинасына салып алат. Бир жак рычагын бизге карматып, "тарт", "бош кой" командаларын бергенде темир тулпар оңго солго бурулат. Космоноавт болуп калгандай кубанаар элек. Ташавли тарапты үч трактор катар туруп айдашаар эле. Атактуу Жумабай Палван, Төрөнүн атасы Абзакир акабыздын тракторлоруна алмак-салмак түшөбүз. Тракторчулар түштөнөөр убакта механик Алибай ака, бул үч керемет инсандарды Эргеш тагам баштаган теңтуштары Кудайкул, Казбек, Момун, Абсалан жана башка акалар келишет. Ашпозчу чоң казанга бышырылган койдун этин ортого коёт. Түшкү эс алуу күлкү, тамаша сөздөр менен болот. "Кана Палван, жаш балдарга жото жиликтин чучугун чыгарып бер, сендей палван болушсун" дешет. Күч атасын таанбайт дегендей, бизге жиликтин сөөктөрүн коомай кармап чубук сындыргандай чагып берет. Достору "жинди күчүң бар ээ" дегенде эч нерсени эрөөн албаган, майда -чүйдөнү байкабаган чекесинен тер шорголоп турган Жумабай Палвандын чоң жүзү жарк этип күлөт. "Эми балдарга өрүктүн данектерин чагып бер" дешет, сөөмөйүн бармагы менен басканда данектер чагыла баштайт. Биз болсо таш менен араң чакчубуз. Андан кийин айдоо жерде күрөшүшөт, бири-бирин ыргытышат. Бул дөөлөрдүн түштөнгөнү мага жомок катары эсимде калды. Ошентип, түштөнүүлөрү эки-үч саатка созулганы менен таң аткыча тракторлордун үнү угулуп турчу. Таң азанда мал айдап дарыянын жээгине барсак бул үч адам буркап-шаркан аккан Кыргыз -Ата дариясында

жуунуп жаткан болот. Чарчагандары эч билинбей, түшкө келгиле деп жарышып кыйкырышат.

* * *

Согуштан кийинки муундар болгондуктанбы, эл өтө ынтымак, тапканын бөлүшүп жеген, улутка урууга бөлгүнбөгөн, эркек балага өзгөчө сүймөнчүлүк менен карашкан кембагалдык, бирок, аксакалдардын чоң сүйүү кучагында чоңойдук. Колундагы жиликтерди чала жешип, жаш балдарга карма деп сунушчу. Көтөрүп кетүү кыргыздын салтында чоң уят иш дешип, өздөрүн өрнөк көргөзүп, бул улуулук, даанышмандык, мартчылык жаштарга да сиңсин дегендери экен да. Жолдо өткөндөрдү чоң-кичинесине карабай киргиле деп, балдарга ар түрдүү шылтоолор менен жээн табак сыяктуу эттүү кылып чеберчилик менен бышырылган палоону чоң табака салып, төгөрөнүп олтуруп жегиле дешет. “Таза жебесеңер алдырабыз, чөнтөгүңөргө салып беребиз” дегенге биз ишенчүбүз. Айрыкча Молло Табалдынын чоң уулу Кутмидин максым узун манжалары менен палоону ныкап алдырганда жаш балдар эмес, чоң кишилер шашып кетээр эле. Бул барбаландаган аксакал жээндерим жакшы адам болгула, апаңар Гүлсана биздин карындашыбыз болот, дувай-салам айткыла” деп чачыбыздан сылап койгондо өзүбүздү чоң кишидей жоопкерчиликтүү сезип калчубуз. Элде ашты Кутмидин максымдай эч ким алдыра албайт деген сөз бар эле. Жарым табак палоону алаканына ныктап оозуңузга жакындатып бармагы менен серпкенде баланчанын деми кысылып калыптыр деп айткандарды угуп ишенбегендерге түшүндүрөм деп чычалаган, Кутмидин максымдын таламын талашкандар канча.

* * *

Ташан ака ДТны айдап бара жатканда бою кыскараак болгондуктан, көрүнчү эмес. Трактор өзү келе жаткандай сезилчү. Эч ким Ташан “кодоо” деп айтчу эмес. Адамды кемсинтип сүйлөө дегенге

тыю салынгандай салтыбыз болгонуна сыймыктанчубуз. Аксакалдарды жолдо көрсөк саламыбызды айтып, четирээк тура калып кантип жардам берүүнү ойлоор элек. Азыр ушундай тарбияга сиңчү мезгил келди. Салтыбызга кайтуу биздин парзыбыз .

Айылда Ташан аканын жардамы менен жери айдалбаган бир дагы үй болбосо керек. Тракторчулуктан кийин милицияда иштеген Абзакир ака кеменгер адам болуп өттү, уул -кыздары элдин кызматында. Тракторчу Жумабай – чоң улакчы, балбан, берешен, чөлкөмдө сый-урматка ээ болгон инсан болду. Жумабай Палван жөнүндө фильм (1990-ж) тарттырдык. Сценарий Жумабек Жумабаев окумуштуу экөөбүз жаздык. Акчасын Буудайбек Сабыр уулу, Баян Сарыгулов аркылуу бөлдүрдү. Радионун архивине көрүнүктүү окумуштуулар Сулайман Кайыпов, Чоюн Өмүралиевдер жаздырышты. Көп жолу Фрунзеге алып барып, кийинчерээк эң кичине уулу менен кошо Түркиянын ондогон шаарларына Арап Төлөнов, эл жазуучусу Султан Раевдерди да кошуп көрсөтүп келдик (1994-ж). Инимдин ишканасы бул үч палванды эң алгач чет өлкөгө баруусуна жардам бергенине сыймыктанабыз.

***

7-класста Аравандын Жаңы -Жер айлына пахтага бардык. Амат дем алыш күнү Айткурбан тууганыкына мени алып барды. Телевизору бар экен, улуу баласы ар түрдүү каналдарга алып, өчүрүп-жандырып көрсөтүп жатты. Мен таң калып кайдан үйрөнгөнсүң десем, “бул үчүн физиканы билүү керек” деди. Биздин айылдын көпчүлүк бөлүгүндө электр жок, болсо да үлбүрөп күйөөр эле. Телевизор эч кимде жок болчу. Айткурбан аксакал “мен сенин атаң менен досмун, балалыгыбызда бирге ойнодук, окудук мугалимдик кылдык. Эми пахтачы болуп кеттим” дечү. Кийин билсем, бул киши Калмурза чалдын баласы, Карамдын атасы экен. Карамдын чоң эне чоң атасы таенемдин кошунасы болгондуктан, бир тууганы Пази эже бизди өтө жакшы көрөөр эле. Шайлоонун жумуштары менен алардын айлынан (Кайрагач) өтөт дегенди угуп, иним мага жолуга

кетет деп чоң жолдо күтүп олтурса биз көрбөй өтүп кетиппиз. Пази эже токтобогонго ызаланып, ыйлап жибериптир деп апам айтты. Миң жолу кечирим сурайм. Кыз бала бирөөнүн бүлөсүнө кетет, ата-эненин үйүндө убактылуу конок деп таятам согушка кетээринде кайра-кайра таенеме керээз кылып, үч кызына сиз деп жалынып –жалбарып чоңойт дейт. Атасы согушка кеткенден кийин төрөлгөн бир тууган Эргеш тагам эжелерине, жээндерине үзүлө түшкөн адам эле. Өтүп кеткен ата-энеси үчүн да ажылык парызды аткарып көңүлү тынчыганда дүйнөдөн кете берди. Карам менен Ташан аканын балдары ата-энеси, чоң эне, чоң аталары, таякелери жөнүндө китеп жазат деген үмүттөмүн.

**36.Зикир ЖАМАНТАЕВ**

Жамантай аяш атабыз апам менен 7-класска чейин бир класста окугандыктан ал кишинин үй-бүлөсү, тууган- уруктары жөнүндө көп укчубуз. Өтө чынчыл, элпек, акылдуу, эмгекчил адамдын чоң улуу Зикир дилгирлиги, жакшы окугандыгы, кыялкечтиги менен тез эле өзүнө тартып алды. Бизге түндүк-чыгыш тараптан эң жакын кошуна эки-үч километр буркан-шаркан аккан Кыргыз-Ата дарыясынын ары жагында жашашкан Шарип аксакал, Музапар акалар Зикирдин тага журту болгондугу да биздин жакындашыбыз үчүн себеп болсо керек. Зикирдин ата-энеси башкаларга жакшылык гана каалаган момун кишилер эле. Жумшактыгынан үйүн оңдоп жатып кокустуктан өтүп кетти. Ошол күндөн бир күн мурда баарыбызды Муктар классташыбыз мотоцикли менен шаркыратмага эс алганы чакырды. Мен үйүнө барып ата-энесине айтсам, барып келсин деп күлүп калышты. Ошол күнү Зикир тоого барбай койсо балким, бул кокустук болбойт беле деп ар дайым өкүнөм. Балким, бул Жаратгандын буйругудур.

Зикир биология факультетине окууга өттү. Жатакана бербегендиктен кечинде айнекти ачып комендантка билгизбей бир кроватта жатып жүрдүк. Менин бөлмөмдөгү жогорку курстун студенттери Абиш, Өскөн агайлар түшүнүү менен кабыл алышты. Күндө Зикирдин жана менин курсташтарым менен жолугушабыз. Мамиле кылган адамдарыбыз көбөйдү. Ошентип, студенттик күндөрүбүз

чогуу, кызыктуу өттү. Институтту аяктагандан кийин аялы экөө башка айылдарда иштеп, кийинчирээк өз айылыбыздагы мектептерде жетекчи кызматтарда иштешип көптөгөн окуучулардын ийгиликтүү кесип ээлери болуусуна чын жүрөктөн салым кошушту.

* * *

Студенттик күндөрдүн биринде жакын агаларым үй алды, барып келели деди. Шаарда эч бир таанышыбыздын көп кабаттуу үйлөрдө батири болбогондуктан тартынып, уялып бардым. Кандай адамдардын шаарда тамы болот деп суктанчумун. Бою узун киши тосуп алды, аты Абдалым экен, окууларыбызды сурады. Текстил комбинатта иштегендиги үчүн үйдү кезекте туруп алышыптыр. Көп сүйлөбөгөн бул шыңга бойлуу адамды достору Абдалым орус дешет экен. Себеби, түз, кесе сүйлөп жалгандан жөн эле убакыт короткондон качкан адам экен. Пенсияга чыккандан кийин Капка капчыгайынын кире беришине бак тигип, дача салып, баарын таң калтырган инсан эле.

Абдалым аканын бир тууган агасы Абдинаби Жунусов агай бизди физкультурадан окутуп, спорттук, аскердик тартиптерди үйрөткөн “Зарница” оюну аркылуу күйүккөнгө чейин чуркатып машыктырган, чечкиндүүлүгү менен таң калтырган инсан. Райондун спортун башкарып, республикалык деңгээлге чыгарып, борбордук профсоюз менен бирдикте биздин айылга Жумабай Палвандын улакчылар мектебин ачты, көп жылдар айлык төлөтүп жаш улакчылардын тапталышына түздөн-түз таасир берди. Чөлкөмдөгү чоң байгелерди ондогон жылдар Жумабай Палвандын шакирттери алып улак сүйүүчүлөрдү суктандырган чабандестер азыркыга чейин элдин оозунда. Абдинаби агай эс алууга чыккандан баштап кичинекей мечитте имамдыгын баштап, райондук имамдын орун басарлык кызматын аркалап, районубуздан чыккан дин аалымдары жөнүндө китеп чыгарып чоң сооп алды. Уул-кыздары элибизге атагы чыккан ишкерлер, коомдук ишмерлер. Атасы Жунус молдо өтө таанымал аалым, дербиштик өнөрү менен Орто Азия чөлкөмү-

нө таасир берген, легендага айланган инсан экендигин балалыгыбызда тамшанып укчубуз. Абдинаби агайдын жаза турган чыгармалары али алдыда.

* * *

Зикирдин атасынын үйү Нойгуттун жогору жагында жайланышып, Чечме капчыгайынын башталышы гүлгө толгон, табылгы менен долонунун аңкыган жыты кеч күзгө чейин кетпеген оазистей көрүнчү. Улуу сүрөткер Мурза Гапаровдун киндик каны тамган жер дал ушул кыштакча. "Нойгут, Чечме, Темир Горук кыштакчалар көзүмө күнү-түнү элестейт. Бир туруп өзүм барбасам да китептерден окуган Япониянын пейзаждары көз алдыма келет. Нойгут кызы жөнүндө пьеса жазып жүрөм,окуя ушул ойлор, зоолор, тоо боорундагы жашоонун ичинде болот" деп мага айтканы эсимде. Зикирдин терең философиялык көз караштары Мурза акадай адамга табиятка болгон аярлыгы, сезимталдыгы, өз кесибине болгон жоопкерчилиги бул өрөөндөн башкаларда болбосо керек. Зикирдин кийинки муунга айта турган кеңешии, сүйүүсү, эңсөөсү арманы өзү жазган этюддарда терең чагылдырылат деген үмүттөмүн.

Мен алыста окуп, иштеп жүргөндүгүм үчүнбү. жолуксак эле мен баягындай эле досуңмун билесинби дей берет. "Ашууда аттар алмашылбайт" дегендей, достор да алмашылбайт. Достор терикпейт, таарынбайт. Айрыкча өз туулуп өскөн жериңде жашасаң "туулган жердин топурагы алтын" дегендей ар бир айылдашыңды, көчөлөрүнө чейин сагынасың. Чет өлкөлөрдө жүргөнүңдө биздин жердештерибиз да ийгиликтерге жетишип, жер кыдырып, жаркыраган доордо жашоосун Жараткандан тилейсиң.

**37. Батыр КАБЫЛОВ**

Атам Чечме-Сай мектебинде завуч болуп иштегенден улам үйгө келгенде айлыбыздын Чечме-Сай тарабындагы кызыктуу кишилер жөнүндө көп айтып берээр эле. Ошолордун бири курч суйлөгөн чечкиндүү Кабыл ака менен атам жакын сырдашканды жак-

шы көрчү. Теңтуштары баңги деп ат коюшкандарын сураса, “ээ Шеран, ден соолугум үчүн өзү чыгып калган көкнарини кургатып чайга салып ич дешкенинен эки-үч жолу чайга демдеп ичтим, тааасир деле болбоду деп сурагандарга айтып коюп, өзүмө-өзүм жок жерден ат жабыштырып алдым” дечү. Эң кызыгы, бул атымды ар кимге айта беришип, ушак сөз тарап кетиптир. Бир күнү эле үйгө келишкен орто жаштагы үч орус ошол дарыңыздан барбы деп сурап үйгө келишиптир. “Жок десем ишенишпейт, көп акча берели өтө зарылбыз дешет. Ишенип-ишенбей кетишкендиктен жүгөрүнүн ичи менен көрүнбөй ээрчидим. Тоонун түбүнө калтырышкан жаңы аскер машинасынын жанына келишип, кийимдерин алмаштырып кийгенде үчөө тең алыстан келген полковниктер экен. Бир жагынан чочуласам, экинчи жагынан фронтовик катары бул командирлер чындап эле жаман чөп издеп жүргөндөрүнө кыжырым келди. “Эсиң кетсе эчки бак” дегендей, шартка жараша эки-үч эчким бүгүн жүздөн ашты. Сен менен сүйлөшсөм жеңилдеп калам, өзүбүз окубадык, балдарды окутам деген оюм бар. Келбесең ушунтип чакыртып келем. Шылтоо менен текелерди союп турбасам жапайы болуп кетет окшойт” деп тамашалайт.

Батыр да атасындай ак көңүл, күлдүрүп сүйлөгөн, баарына сый мамиле кылган классташыбыз эле. Аспирантурада окуп жүргөндө каникулга келсем, “үкамдын билимин текшерип берчи, кайда окууга тапшырса болот?”- деп сурады. Бул дилгир жигит Россияга окууга тапшырсын, математиканы жакшы билет экен дедим. Иниси Москва тараптан билимдүү кисипкөй болуп, райондо, чоң кызматтарда иштеген жана элдин жакшы назарына илинген келечектүү инсан. Бир туугандары акылман ата-энеси жөнүндө китеп жазып балдарына, эл-журтка окутат деген үмүттөмүн.

### 38. Барат МАККАМБАЕВ

Согуштун ардагери, көзүнөн жаракат алган фронттон капитан наамында кайткан Маккамбай агай бизди тарых сабагынан окутту. Келишимдүү кинолордогу чыныгы командирлердей так-так сүйлөгөн, кругозору өтө терең, сабагын өз убагында баштап танаписке так урксат бергендиги биздин кийинки жашообузда өтө

үлгү болду. 9-10-класста окуган тарых сабагындагы темалар азыркыга чейин эсимде. Мындай агайлар жогорку окуу жайларда да сейрек кездешээрин түшүндүм. Айылдагы жакындарын караймын деп айылга кетпей, шаарда калса тез эле профессорлукту алып, академик болору шексиз эле. Доскага илинген тарых карталары, колундагы указкасы согуш штабындагы генералдарды элестетип, өзүбүздү адютанттардай сезип калганбыз. Сабака майрамга келгендей даярдык менен окутканы Новосибирск университетиндеги академик, фронтовик, дүйнөгө бегилүү математик С.К. Годуновго окшош элес калтырды.

Агайдын уулу Барат менен жетинчи класстан баштап бирге окудук. Спортсмендердей шамдагай, манжалары спецназдардыкындай темир сыяктуу, көрүшкөндө колуңду капшыра коёр эле. Сабакты жакшы окуп , эч кимге баш ийбөөгө аракет кылуучу. Шартка жараша аскерден кийин колхоздо иштеп, чоң чарбакерге айланып, турмушун оңдогон учурда шум ажал алып кетти деп угуп калдык. Жаратканыбыз уул-кыздарынын жакындарынын өмүрүн узун кылсын, аталарын даңктаган ийгиликтерге жеткенге, тарыхтын беттерине чыгармаларды жазганга насип кылсын.

**39. Анарбай МАМАСАДЫКОВ**

Бою узун, эч нерседен коркпогондой көрүнгөн, кайтпас өзүнчө топ жарган, сабактарга эч кызыкпаган Анарбай классташыбыз мектеп жашоосун бир топ жандандыргандай боду. Айлыбыз Чечме-Сай – Калинин болуп шарттуу бөлүнгөндүктөн, окуучулар арасында бөлүнүүчүлүк спорт оюндарында айрыкча “Зарница”, “Экскурсия” учурларында чыңалуулар болуучу. Кээ бир агайларыбыз тымызын бул жагдайларды күчөтүп да койчу. Көпчүлүгүбүздө айылдын бир тарабынан экинчи тарапка жумуштап өтөөрдө балалык кооптонуу сезилээр эле. Мектептеги окууга жана окутууга болгон аракеттер, акылман айыл аксакалдары, чиелешкен тууганчылык, чоң мааракелер, турмуш муктаждыктары терс жагдайлардын курчубасына бөгөт болгон. Айрыкча жылдан –жылга билимдүүлөрдүн көбөйүүсү, турмуш түйшүктөрү салтыбыз динибиз бул бөлүнүүчүлүктү токтотту десек болот.

Анарбай өтө корс көрүнгөнү менен кичи пейил, калыс мейман-дос, мамилеге достукка бекем сапаттары бой тарткан сайын калыптанып белдүү адамдардын бири болду. Атасы Мамасадык ава чөлкөмдөгү эң таанымал адабий китептерди көп окуган, айрыкча согуш учуурундагы Сталин, Жуков сыяктуу белгилүү маршалдардын өмүр баяндарын жатка билген, орусча эркин түшүнгөндүгү, куйма кулактыгы, шайырлыгы, эмгекчилдиги менен таанылган өзгөчө инсан эле. Анарбай айтылуу Жумабай Палвандын бир тууган жээни, Турсун эжесинин уулу. Мамасадык чоң ата айылда алгачкылардан Капкага резиденция (үй) салып, конок тосуп кышын-жайын тоо шартына көнгөн. Койлор уй-жыпкыларынын санын билбеген чөлкөмдөгү союз учурундагы жалгыз адам болсо керек эле. Атам аны тамашалап, “качан буту сынган койлоруңузду конокко сойгонуңузду токтосуз” десе, “мен да мурда сендей ойлочумун, мал жандык зоолорго көлөкөлөп качат, короого келээринде эле аксагандары пайда болот, арыктаганча союп салабыз” дечү. Атамдын конушу бир канча жогору тарапта болгондуктан, Өмүрзак мага тийип өтсүн деп эскерткендиктен көрүшүп өтөмүн. Эшигинин алдына жашылча – жемиштин баары өскөн, булактын суусу агып турат, чара толгон эт, май, айран – сүт эжебиз барбалаңдаган, ар дайым конок тосууга даярдыгы менен олтураар эле. “Өмүр бою тоодобуз, өрөөнгө түшкөнгө чолобуз жок, балдар да мал менен калышат окшойт. Окууга бар дегенге жашоо шарт жок деп өзүбүздү жоошутабыз. Мектеп бир күнчүлүк жол. Электр, жол өзүң көргөндөй жок. Анарбай да айылдагы үйүбүздө жалгыз жатып окуду, биз көзөмөлдөбөдүк окшойт шоферлукту эле буттү. Тоого, же өрөөнгө көнбөй кыйналып жүрөт”дейт. Окууларым жөнүндө сурайт, чоң атаң келгиче кетпейсиң деп кесе айтат. “Шеранга да ылдый түш дедим, атаңын конушуна эртең барасыңар” деп суроолорду жаадыра баштайт. Дүйнөлүк маселелерден айылга чейин өзүмдү түйшөлткөн суроолордун кээ бирине өзү жоромолдоп жообун айтса, калгандарын таң атканча тартышабыз. “Чогуу окуган еврей тааныштарыңды тезирээк алып кел, биздин Эркин жашообузду көрүп кетишсин” деген тапшырмасын кайталайт.

* * *

Новосибирск университетинде аспирантурада окуганыбызда каратэге машыгаар элек. Тренерибиз Ким (Колман) Школьник, Витя, Гена, Петя жайындасы биздин үйгө келишип, анан Карагойдун төрүндөгү Супура-Таш, Касиет жайлоолордогу ата-энемин чатырында сүт ичишет, каймак кымыз мол, топоз жылкынын эти бышырылып, кургатылып илинип коюлат. Эс алгандан тажашканда айылга түшөбүз, чөп орушту, гувалак жасаганды үйрөнүшүп, үйлөрдү шыбаганга оңдогонго жардам беришчү. Аны көргөн Мамасадык аксакал “бу еврейлерге пакса урдуруп коюпсуң, кийин эмне болоор экен?”- деп мага тамашалап жүрдү. Анарбай тоодо картошка гектары бар. Менин конокторумду атам алып кел деп аттарды даярдаптыр. Коноктор жөө өтөбүз дегенден Буудайлыктан тике жылга менен жөнөдүк. Сары, кара, кызыл чиелер (кара чеке) бышкан убак, кызыгып терип жеп өйдөлөп жай бара жатабыз. Атчан мылтыгын асынган Анарбай тез болгула дейт, коноктор чиеге алаксышат. Чыдабай кетти окшойт бир убакта жылганын аркы маңдайын карай мылтык менен ата баштады. Конокторубуз жата калып өрмөлөп, чоң таштардын далдалай качышты. Анарбай менин кыйкырганыма карачу түрү жок аркы бетке чуркап барып, мылтыгын тартып алдым. “Ха-ха, коркоктор” деп күлөт, “бул кандай досуң, басмачы эмеспи?”- деп коноктор күлүмүш болушат. Өңдөрү бопбоз. Анарбайды аттан түшүрүп, мылтыгын асынып, жөө Тегерек арчанын тушунан чыгып, андан кийин Үч-Чатты бойлоп үч-төрт саатта үйүнө келдик. Кайра-кайра коюн союп, түнү менен коноктошту. Орусча сүйлөп, жогорку деңгээлдеги интеллектуалдыгы менен коноктордун оозун ачырган Мамасадык чоң ата эч кетиргиси жок. Гена тоонун бетине электрондук саат жасайм десе, кичинекей мини электр станциясын Петя курмак болду. Күн сааты менен жашаган кыргыз меймандостугун көп жылдар айтып жүрүштү. Алардын баары азыр Батыш өлкөлөрдө жашашат. Союз жоюлгандан кийин телефон байланышыбыз гана калды.

* * *

Анарбайдын бул кылыгы мага жакпаганын сезип, олдоксон тамашамды кечир деп кучакташып коштоштук. "Карагойдун төрүндөгү Галдай кыштакчанын маңдайына бир канча жыл мурда картошка айдадым. Каман доңуз түнү менен челип кетет. Түндөсү мылтык атып чочутабыз. Көзүм илинип кеткен экен чытыраган добуштан ойгонуп кеттим, байкасам тосмодон бир нерсе өтүүгө аракет кылып, бирок, өтө албай жатат. Каман секирип эле өтүп кетчү эле деп мылтыгымды мээлеп, бир канча жолу курокту басайын деп баспадым. Акырын жакындай баштадым, баягыдай эле тосмодон өтө албай жаткандай. Жакындай бергенде мас адамды сөлөкөтү көрүндү мылтыгынды ыргытып чуркап барсам өзүбүздүн айылдагы милицияны сержанты Тургунбай Аманов достору менен эс алып олтуруп уктап калыптыр. Түнкү сууктан үшүп жол таппай жатыптыр. Көтөрүп чатырга алып барып жаткырып, ысык чай бергенден кийин гана калчылдаганым басылган. Силер мени укпаганыңардан бийиктеги кулабай турган таштарга аттым" дейт. Мындай тамашаң мага жакпады жолдош классташ дегениме аябай катуу тийди окшойт. Ак көңүл, меймандос, таза, көңүлчөөк инсандын ата- бабалары жөнүндөгү кызыктуу баяндарды досубуздун уул-кыздары жазат деген үмүттөмүн.

Тургунбай Аманов кудайдын момуну ак көңүл өмүрдү жашады. Эжеси Базаргүл эже биздин айылдан биринчилерден болуп Женпедке окууга өткөн. Шартка байланыштуу (балким, түшүнбөстуктөн) атасы Аман аксакал окуудан алып келе берген. Базаргүл эже Өсөр тага менен ынтымак турмуш куруп элдин кызматын кылган балдарды тарбиялашты. Неберелери билимкананы окушуп, чоң эне, чоң атасы эңсегендей окууларга өтүшүп, алдыңкы кесипкөйлүктү эң жогорку деңгээлде өздөштүрүшүүдө.

**40. Маннап КУШУБАКОВ**

Маннаптын сабактарды өтө жакшы окуп, адабий айрыкча согуштагы эрдиктер чагылдырылган чыгармалар, фантастикалык китептерди калтырбай окуп айтып бергенге ынтызарлыгына таң

калчумун. Волоколам шоссеси жөнүндөгү романды да эң алгач Маннаптан уктум. Математикадан жогорку окуу жайларга кирүү үчүн жазылган эсептерин кызыккандарга кубанып жүрүп берчү. Мен Антонов жана Дорофеевдин китептеринен даярдандым.Маннап Шахнонун китебинен даярданды. Физика боюнча да орусча китептерден даярдандык. Ошентип, айыл чарба институнун механика факультетине өз күчү менен жакшы баалар менен аяктады. Студент болуп жүрүшүп Мөтөр классташыбыз экөө үй-бүлө курушуп, эртерээк турмуш жолун үйрөнүштү. Колхоздун техникасын башкарып фантазиясы күчтүү болгондуктан тамеки тизүү үчүн ар түрдүү ыкмаларды ойлоп таап автоматташтыруу жолдорун издеди. Райондук техникалар менен иштөө мекемесин жетектегендеги бир топ ийгиликтери элдин колдоосуна ээ болду. Айрым тоскоолдуктар, көраалбастыктар Маннаптын ишин солгундатканы менен райондо азыр да анын ишине муктаждар көп. Шакирттери менен эл оозуна алынып айлыбыздын көркү десек болот.

Өзү чоң улакчы Кушбак палвандын уулу болуп туруп китептерди көп окуганды адабиятка кызыкканды ким үйрөттү деген ой менде бар эле. Кийинчерээк билсем апасы (аяш энебиз) кадимки чөлкөмгө таанылган партиялык жана советтик кызматтарды аркалаган, биздин айылдан эң алгачкы болуп партшколду бүткөн Адалат эжебиздин сиңдиси экен. Атактуу улакчылык да илимдүү, билимдүүлүктү талап кылгандыгын эми түшүндүм.

Мен академияга ишке кирип, паспортту каттатуу (прописка) издеп жүрсөм Маннап менен Мөтөбар аябай аракет кылышты. Бул үй-бүлө менин кызматтарымды түшүнгөн жакын адамдарыбыз болуп калгандарына сыймыктанам. Уул-кыздары ата-энесин жолун улап, элдин алдыңкылары болгонуна кубанабыз. Калган классташтарыбыз да ушул үй-бүлөдөй жакындарын билимге үндөөрүнө ишенип, ийгилик каалайбыз.

## 41. Ураим ТУРГУНБАЕВ

Атам мектептен үйгө Тургунбай аксакалдын касапканасына баш багып баарлашып келиши эрежеге айлангандай сезилчү. Экөөнүн сүйлөшкөн темалары –аталары жөнүндө бүтпөс аңыз кептер

айылдын өнүгүүсүндөгү оош-кыйыштар, өлкөбүздөгү ар түрдүү тарыхый окуялар болгондугун атам бизге айтып берээр эле. Тургунбай аяш атабыз согушта бир колунан ажыраган менен кубаттуу, палван, стратег адам Жумабай Палвандын бир тууган агасы. Инисинин чөлкөмгө белгилүү улакчы, Палван болгонуна салым кошкон чоң чабандес акылман инсан, уул-кыздарына татыктуу билим бергенге жоопкерчиликтүү караган акылман элдин сыйына татыктуу өмүр сүргөн адам. Жумабай Палван Орто Азиянын кайсыл жеринде чоң улак болсо коштоп жүргөндөрдүн башында Тургунбай улакчы, атам, Эргеш тагамдар чогуу Палванга көрк болушаар эле. Жизак, Макмал, Анжиян Наманган, казактардын чөлдөрүнө чейин чогуу барышып, Палвандын жеңишин даңктагандан тажашпайт эле.

Ураим атасындай кең пейил, билимдүү токтоолугу менен классташтарга үлгү болуп, алыста окугандарды тосуп алып дасторкон жайган бир тууганыбыздай боорукер адам. Кайсыл жерде иштебесин эмгекчилдиги, тазалыгы, сөзүнө турган адам катары таанымал. Соода башкармачылыктарында финансы органдарда дасыккан бухгалтер катары кесиптештерине, шакирттерине үлгү адам. Уул-кыздарынын ийгилигине кубанып өмүрү узун болсун деп тилейбиз.

Бир туугандары да эл башкарган инсандар болуп чоңоюшту. Карындашы Нурилла биздин билимкананын ачылгандан бери эмгеги сиңген жетекчилердин бири, жүздөгөн окуучулары химия, биологиядан одимпиадалардын жеңүүчүлөрү, медицина багытында жогорку билимдери менен элдин кызматын аткарышууда. Ишкердик менен да алектенип жогорку окууга даярдоо боюнча курстарды ачып ийгиликтүү иштетүүдө.

Атамдын тапшырмасы менен Жумабай Палван жөнүндө мамлекеттик телерадиодон ондогон берүүлөрдү уюштурууга аракет кылып, 1990-жылы 12 мүнөттүк “Кыргызфильм” тарабынан документалдык фильм тарттырып, сценарийдин авторлорунун бири болдум. Көптөгөн газеталарга, китептерге Палван жөнүндө баяндамаларды чыгарууга катыштым. Түркиянын он бештей шаарын өзүбүздүн эсебизден кыдыртып, даңазалап (1994-ж) эл аралык

телевидениелерден сүйлөтүүгө жетишкенибизге кубанамын. Бул уюштуруу ишине белгилүү фольклорист Буудайбек Сабыр уулу, окумуштуулар Сулайман Кайыпов, Чоюн Өмүралиев, Жумабек Жумабаев, академик Жамгырчиновдун уулу Аскар, Баян Сарыгулов сыяктуу көптөгөн интеллектуалдарды тартууга туура келди. Бул жумуштарды аткаруу үчүн эсепсиз убакыт, каражат кетиргениме мен ыраазымын. Атамдын тапшырмасы менен Аманбай аксакалдын урпактарына кылган кызматтарыбызга кубанабыз. Легендарлуу Аманбай Палвандын өмүр жолун небере-чеберелери китептерде чагылдырып, атайын фильмдерди тартат, симфонияларды жаздыртат деген үмүтүбүз чоң. Билимканачыларга да ушундай тапшырмаларды берип жүрөбүз.

Бул жумуштардын аткарылышын көзөмөлдөөнү классташыбыз, досубуз Урайымге тапшырабыз жана үй-бүлөсүндө тынчтык, бакыт, чын ден соолук болушун каалайбыз.

**42. Мариям КАРБЕКОВА**

Мариямдын атасы Карбек аксакал шляпачан өтө тыкан кийинген колтугунда кичинекей папка ар дайым өзүн түшүнгөн кишилердин арасында маанилүү иштерди талкуулап ийнесинен жибине чейин чечмелеп, түшүнүксүз сөздөр калбаганга чейин эрикпей аңгемелешкен адам катары эсимде калды. Райондук ар түрдүү чоң кызматтарды аркалап түз жүргөндүгү менен элдин теңтуштарынын сыймыгы болчу. Уул- кыздарын, эл журтту таза билим, илим өнөр алганга үндөгөн талыкпаган жолоочудай (Маркстай) сезилчү.

Мариям үлгүлүү окуучу эле болбостон, башкалар менен жумшак тил табышкан, окуунун маданиятын баркын билген классташтарыбыздын бири, Ошто педагогикалык окуу жайда да алдынкы студент, достука бекем, эмгекчил өтө маданиятуу классташың бар деп бирге окугандары жолукканда эле сурай беришчү. Эгиз козудай ээрчишип жүргөн жакын курбусу Акмарал мен жакшы тааныган нарындык Кайып деген институттун мугалимине турмушка чыкты. Чоң уулу Марс Кыргызстандагы белгилүү аалымдардан. Ислам университетин жетектеп өзү түзгөн “Адеп Башаты” коому аркылуу

соопчулук иштери менен өлкөбүздүн ар бир жаранына таанымал коомдук ишмер. Мен өтө сыйлаган атуул мекенчил адам.

Мариямдын жолдошу Акрам бизден бир класс жогору окуган менен мектепте эң жакын санаалаш, ишенген адамдардан болуп окууну бүттүк.

Мандолинада кол ойнотуп черткенди бизге үйрөтүп, коңур үнү менен ырдаганда айрыкча айыл чарба жумуштарда жүргөнүбүздө айланасында тамшанып тиктеген балдардын арасында суктанган кыздарды көрүп таң калаар элем. Райборбордо да окуп калгандыктанбы кругозору өтө тереңдиги менен айырмаланып аңгемелерин баарыбыз кулагыбызды түрүп укчубуз.

Акрам аркылуу аны сыйлаган Мусабай, Абил, Аппаз (Абдилла), Абиба, Анипа, Абдракуп, Жусуп (Ражапов), Жусубалы, Уулкан, Карим, Анарбай (Каримов) сыяктуу жогорку класстын окуучулары менен туугандашып, достошуп калдык. Мектептин коомдук иштеринде такшалдык десек болот.

Акрамдын бир тууган агасы Дамин агай бизди окуткан жана көп жылдар мектептерде жетекчиликте жүргөн адам. Чоң атасы өмүр бою Камбар раис деген ат менен жашады. Мариямдын иниси Акмамат (Айман) күчтүү кесипкөй катары райондо эң чоң партиялык советтик кызматтарда иштеген атасы кыялдангандай из калтырган адам болгон.

Мариям менен Акрамдин уул-кыздары ата-энесиндей элдин сүймөнчүгү болуп ата-бабалардын бүт тилектерин ишке ашырган, элибиздин жыргалчылыгы үчүн иштегендерден болоорунда шек жок. Бул үй-бүлөгө, жакындарына ийгиликтерди каалаап, билимканага да келип мастер – класс өтүп берээрин күтөбүз.

## 43. Абдраим ИСМАИЛОВ

Абзакир ака апасы Топчу чоң эне менен чоң уулу Шакир акага келишкенде Абдраимди ээрчитип алышчу, кээде Рахман ака менен келчү. Ар дайым сылык жылмайып сүйлөп черибиз жазылганча ойночубуз. Кийин орто мектепке көчкөнүбүздө классташ экенибизди билдик. Топчу чоң эне келээри менен биздикине кире кетип, апам менен узун-узун сүйлөшүп Сайжамал эже, Мөмү чоң энелер менен

ээрчишип, Төөлөс тарапка жөнөп калышчу. Биздин үйдүн жанында суу аккандыгын көрүп биз сууду авизга толтурабыз десе эч түшүнбөйт элем. Көрсө, арыктагы суу токтогондон кийин малга суу жыйналчу көлчөнү "авиз" дейт экен. Тоо борбору аркылуу Найман каналы ишке киргенден кийинки төөлөстүктөр "авиз" дегенди унутушса керек. Абзакир ака атам менен сүйлөшүп жатып, "Абдрахман чоң атам көчүп кел деген, тамарка алсам жакшы болот эле" дечү. Атам "биздин үйдүн артындагы жерди колхоз бөллүштүргөндө Шакир Абзакирге деп алгандай болду эле, азыр алма көчөттөрдү отургузду. Каналда суу токтобошуна эл ишенди окшойт үйүңөрдүн үстү жагына насос коюп бак кылсаң жакшы болот. Өтө кенен жер. Акун акасы экөө каналдын үстүнө алма тигебиз деп жүрүшөт. Кызыгып көрүп койсоң болот деп калчу. Биздин уруктун санжырасын айтып, жетинчи атабыз Караменди, сегизинчиси Тилеке баатыр. Сенин атаң Зулпукаардын чоң атасы Матназар менин чоң атам Атантай бир тууган – Кудайбердинин балдары" дейт. Кийинки келгенимде атамдын башка туугандарын да айтып бериңизчи, жазып алайын деп өзүнчө толкунданып, атамдын жанынан кеткиси келбей тургандай сезилчү. Көздөрү жашылданып кеткени мен ал учурда түшүнбөпмүн. Көрсө, кыргыз тамырын издегенде бубаларын териштиргенде чын жүрөктөн толкундаарын алыста жүрүп, чет өлкөлөрдө жашап билдим. "Туулган жердин топурагы алтын" деген аталар сөзү бизге жеткен бубаларыбыздын керээзи турбайбы.

**44. Карим НАСИРОВ**

Карим окууга дилгир, сабырлуу жалган сүйлөбөгөн тырышчаактыгы менен айырмаланган классташыбыз. Алдамачылыкты кечире албаган, жанындагыларга жол берип, өзүн жулунгандардан оолак туткан инсан. Шарты туура келбей жогорку окууга тапшырган эмес, тапшырганда эң жакшы окуп тыкан окумуштуу, өлкө масштабындагы жетекчи болмок.

Жагдайга жараша союз маалында көл тарапта имамчылык кызмат өтөп, дыйканчылык устачылык өнөрлөрдү маңызын чыгарып аткарып жакындарын карады. Жашоодогу башынан өткөн кыйынчылыктар тагдырлар жөнүндө мага жолукканыбызда бир

канча жолу айтып берген. Кыргыз тарыхын терең карасак канчалаган кырылуулар, жеңилүүлөр, Үркүндөргө туш болуп жок болуп кете жаздап кайрадан баш көтөрүп, мына эми эгемендүүлүккө ээ болгон эл болду. Бул Жаратkандын сыноосу. Карим досубуздун ойлогондору миңдеген жылдар масштабында өз ордуна келе турган эле иш. Элибизде тынчтык болуп бала-чака аман- эсен болсо Каримдин чыгармачылыгы, ийгиликтери алдыда. Аз убакытта өзүңдөгү дилгирликтин сабырдуулуктун убайын көрө турган күндөрдү Кудайым насип кылат деген үмүттөбүз. Пайгамбарыбыз ар бир момун мусулмандын жөлөгү, жандоочусу.

**45. Кочкор АЛИПБЕКОВ**

Өзү ооруп жүргөнүнө карабай башкаларга жардам берүүгө ашыккан, сабакка өтө жоопкерчиликтүү караган классташыбыз Кочкордун мектепти аяктагандан кийин алыстарда жүрүп билбей калдым. Жакшы адам болгондугун гана билем. Жараткaныбыз өзү сүйгөн пендени эртерээк алып кетип калат экен, бейишинен орун бергендигине ишенебиз.

**46. Апсалан ЖАЛИЛОВ**

Салан эң кичи пейил, сөздү уга билген акылдуу, эмгекчил башкалардан өзгөчө айырмаланган момун мүнөзү менен классташтарды багындырган досубуз. Саландын бул мүнөздөрүн туура эмес түшүнгөн кээ бирлердин копол тамашасын да көтөрө билип, токтоолугу тарбиялуулугу менен жеңген өзгөчө адам.

Саландын алты уул-кызы билимканда окуп баары алтын медаль менен бүтүштү. Классташтарыбыздын ичинен билимкананын миссиясын толук түшүнгөн, күйүп-бышкан үзүрүн көргөн азырынча бир гана Салан досубуздун үй-бүлөсү. Салан кемпири экөө Орто Азиядагы балдарынын келечегин ойлогон, чечкен жалгыз үй-бүлө болсо керек.

Калган сөздү белгилүү журналист, талантту жазуучу жердешибиз Мамат Сабыровдун "Ноокат математикалык билимканасы" (Бишкек, 2016-ж) китебинде Саландын интервьюсун (экинчи бөлүктө) сунуш кылууну туура көрдүм.

# §5. ӨМҮШ АСАНАЛИЕВ АГАЙ ЖӨНҮНДӨ

Биз биринчи классты Калинин атындагы жети жылдык мектепте окудук, мектептин ошол убактагы директору Өмүш агай Асаналиев Пржевалскилик, Ош пединститутунун математика факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун кошуна Тельман колхозундагы мектептерде иштеп баштаган. Правда (азыркы Борко) айлына үй тургузуп, биздин айылга каттап иштечү. Мектепке эрте менен жөө өтүп бара жатып , сабактан кайтаарда да биздин үйгө кирип апам-атамдар менен баарлашып отураар эле. Ысык-Көл, Фрунзе жөнүндө эң алгач агайдын сөздөрүнөн билип чоңойдук. Мектептин жашоосуна баш оту менен болгон мамилелерин атам аябай колдоп, кеп-кеңештерин берип бир туугандай өмүр сүрүштү. Ар бир окуучуну атынан билип ата-энелер, жакындары менен тыгыз иштечү. Агай-эжелер ал кишинин тазалыгын, чынчылдыгын, эмгекчилдигин, калыстыгын өтө баалайт эле. Биз алтынчы класста окуганыбызда өзү туулуп- өскөн Көлдүн Шалбаа айлына үй тургузуп, көчүп кетишти. Мектеп кыйла бөксөрө түшкөндөй болду окшойт. Алайдагы эжесине келген сайын өзү иштеген мектепттерге жолугуп сагынычын жазып кеткендигин биздин үйдө олтуруп атамдарга айтып берээр эле. “Ноокат элине өтө ыраазымын уул-кыздуу болдум, айлыма үй тургуздум, көптөгөн тууган таптым” деп толкунданганы эсимде. Кийинчерээк катташуу азайып бара жатканына карабай көлгө баргандардан унутпай салам жолдоп турчу. Мен академияда иштеп жүргөнүмдү угуп, бир күн эле көтөрүнүп келип калды. Өтө кубанды, менин бир тууган иним Үсөнгазы Асаналиев геология илимдеринин доктору академик деп мени тааныштырды. “Уулум Бакыт математикадан жакшы окуйт, өзүңө кесиптеш болсун, көз сала жүр” деп коштошкондой болду. Аз убакыттан кийин ооруп жүргөнүнү телефондон айтты. Ошол боюнча көрүшпөдүк. Бакыт математиканы бүттү, аспиратурага кирбей Токмокко агаларынын ишканасына кетти. Кийинчерээк издеп таап, компьютер менен иштөөнү жана мамлекеттик кызматтын сырларын үйрөттүм.

Азыр ишкердикти тандап, ар түрдүү кыялдарын жүзөгө ашырган, туруктуу ата уулу болуп, өзүнчө түтүн булаткан инсан. Сөздү агайымдын кызы Айнура II бөлүктө улантат.

# II БӨЛҮК

# ӨЗГӨЧӨ ӨРНӨК ИНСАНДАР, ИДЕЯЛАР ЖӨНҮНДӨ

Экинчи бөлүк чөлкөмгө таанымал ойчул жазуучубуз Мамат Сабыровдун 2016-жылы жарык көргөн "Ноокат математикалык билимканасы" китебиндеги айрым интервьюлар жана биздин айылдагы орчундуу өзгөрүүлөрдү алып келген адамдар жөнүндө менин баяндамам кеңейтилип берилди.

Коом өзүнөн –өзү өнүгүп, эл – журттун жашоосу жомоктогудай жыргалчылыка бөлөнбөйт. Кимдир -бирөөлөр элдин жүгүн көтөргөнгө жароосу керек. Эгер ар бир инсан кандайдыр бир деңгээлде эл, жер үчүн өзүн арнагысы келбесе, башка бирөө келип айлыбызды өнүктүрүп бербейт. Дүйнөдө чоң жарыш бара жатат. Күлүктүн күлүгү, кыйындын кыйыны гана бул жарышка чыдай алат. Бала-чаканы, небере-чөбөрөнү кичинекейинен англис, орус тилдерин үйрөтүп, жогорку деңгээлдеги өнөрлүү, программист болуусун камсыз кылбасаңар – кыргыздын балдар-кыздары мигранттыктан кутулбай, чет өлкөлөрдө кулдардын деңгээлинде жүрө беришет. Биздин өлкөдө совет заманыдагыдай Москва заводдорду иштетип, же куруп бербейт. Айыл чарба товарларыбызды чет өлкөлүк базарларга киргизе алчу кадрларыбызды жакынкы элүү жылда даярдашыбызга менин көзүм жетпейт. Бизди жакшы жашасын деп бирөөлөр иштин көзүн билген кадр даярдап бербейт. Өзүбүз жана өзүңөр аракет кылгыла. Болбосо кийинки укум- тукумуңар да биздей жүдөй беришет.

# §1. САЛАН ЖАЛИЛОВ (интервью)

# БАЛДАРЫМДЫН БАГЫН БИЛИМКАНА АЧТЫ

Өмүрзак ака экөөбүз Кара-Таш айылынын тургуну Абдисалан Жалиловдун үйүндө отурдук. Салан ака Ноокат билимканасын түптөгөндөрдүн, анын курулушунун башатында тургандардын бири экен.

- Солярка жок. Кудайдан болуп, Саландин бир трактору бар экен, ошону менен билимкананын терегин дагы ташыды. Ташын, саманын дагы ташыды. Өзү дыйкан, алты баласы билимканада окуду. Бир айылдан бир үй-бүлө баары тең алтын медаль, артыкчылык аттестаты менен бүткөн Орто Азияда жок болсо керек, - деди Өмүрзак ака.

- Мен өзү кемпирим экөөбүз тең тамекиде иштеп, карапайым колхозчу эле болуп жүргөнбүз. Жолдо иштедим, тракторчу, ширетүүчү болдум. Өзүм билим алалбай калдым, эми балдарымды окутсам деген ой болгон да. Кыргызчасы болобу, орусчасы болобу, китептерди тапкан жеримен алып келе берет элем. Биздин балдардын пешенеси ачылып, Өмүрзак досумдун демилгеси менен билимкана уюшулуп кетти.

Чоң кызым Минажат 1993-жылы билимкананы биринчи болуп алтын медаль менен бүткөн. Улуттук университетти информатика боюнча бүтүп, аспириантурада окуду. Азыр өзүбүздүн билимканада иштейт. Кийинки кызым Роза 1995-жылы алтын медаль менен бүтүп, КУУнун бюджеттик бөлүмүнө өттү. Окуусун бүткөн соң Бишкекте италиялыктар менен иштешип жүрүп, азыр Москвада, компьютер тармагында иштейт. Андан кийинки кызым Айнагүл 1997-жылы бүтүп, биология факультетине тапшырды. Иштеп жүрүп, Илимдер Академиясында кандидаттык диссертациясын жактады. Ошол жерден долбоорду утуп алып, докторантурада окуганга Австрияга кетти. Азыр Москвада илимий ишин улантып жатат. Биолог катары Кыргызстандын алтын фондусу китебине кирип калды.

Андай кийинки уулум Нургазы да билимкананы алтын медаль менен бүтүрүп, улуттук университетке кирди. Ал дагы математик. Азыр компьютер боюнча Бишкекте бир фирма ачкан. Кызым Айзирек да КУУну бүткөн. Эң кенже уулум университетти информатика адистиги боюнча быйыл бүтүп атат.

Бир жолу кызымды Оштон Бишкекке "кукурузник" самолет менен апарганмын.

- 1989-жылы билимканада он сегиз бала окуса, он сегизи тең райондон бардык предметтер боюнча биринчи орунду алып, облуска барышкан. – Сөзгө кайра Өмүрзак ака кошулду. - Областтан да баары биринчи орунду алышып, республикага барганда биринчи, экинчи, үчүнчү орунду алышты. Кийинки жылы облустан үчөө өттү. Арасында мунун кызы дагы бар.

- Ал убакта пут тосуулар көп эле да. Ошко барсак, самолетко киргизбей коюшкан. Бир сутка жаттым. Бул сөгөт. Досум да. "Эптеп учур" дейт. Аңгыча почта ташыган бир "кукурузник" самолет келип калды. Смендин начальнигине кирсем, "эки эсе кылып төлөйсүз" деди. Он эки киши чогулуп кирип, ведомость түзүп, самолеттун барып келишин төлөдүк. Эки саатта жеткирет экен. Түшкү саат бирде Бишкекке жетип, андан Токмокко чейин такси менен бардык. Ошончо тарткан убаргерчилигибиз акталып, кызым биринчи орунду алды. Балдарды ушинтип бутуна тургузгансып калдым.

- Эми элге кызмат кылышка өтүштү. Минажат жылда балдарды республикалык олимпиадаларга чыгарууда. Саландин балдарынын мисалы аркылуу бир тыянак чыгарсак болот. Эгер биздикиндей билимкана болсо эле кыргызстандыктардын ар биринде ушундай шанс бар.

- Мени Салан дегендей, биз Момой деп коёюбуз, билимканада завхоз бар эле. Кара-Сууга велосипед менен барып, боёк алып келген.

- Жол киреге акча таппай калсак велосипедчен кетип калыптыр. Бирөө эле эмес, бүт баары фанат, "жылаңач баатырлар" эле. Кечинде саат ондон кийин жарыкты өчүрөбүз да. Окуучулар кроваттардын астына жашынып алып окушчу. Ажибай акани үйүңө кет десек кетпейт. Абан агай да кетпейт, "биз бул балдардын алдынан жыла албайбыз" деп. Азыр деле ошолордун иши уланып атат.

# §2. ТОПЧУБЕК МАКАМБАЕВ
(билимкананын бүтүрүүчүсү, врач)

# МЕН АҢ-СЕЗИМ, БИЛИМ, РУХАНИЙ БАЙЫК ЭЭСИ БОЛУУНУ ЭҢСЕЙМ (интервью)...

- Мен, Ош областынын Ноокат районуна караштуу Т.Зулпуев айыл өкмөтүнүн Айбек айылында карапайым үй-бүлөдө төрөлгөм. Атам Теңизбаев Ибраим айдоочу, апам Теңизбаева Канайым үй кожейкеси. Үй-бүлөдө беш бир тууганбыз: эжем, мен, иним жана эки карындашым. Үйдөн жеңил машина, эл ташыган автобус, жүк ташыган унаалар үзүлбөгөндүктөн, иним экөөбүз да техникага кызыгып, айдоого куштар элек. Бирок, атам: “Балдарым, силер мага окшоп айдоочу болуп, мен көргөн кыйынчылыктарды көрүшүңөрдү каалабайм. Мектепти жакшы окуп, жогорку окуу жайларга тапшырып, үй-бүлөңөргө эле эмес, жалпы журтуңарга кызмат кылган, элдин уулу болушуңарды каалайбыз” – деп рулга жакын жолотподу.

Эжемин өзү каалаган жогорку окуу жайына бюджеттик негизде окуганга жалпы улуттук тестирлөөдөн алган балы жетпей калып, турмуш шартына байланыштуу окута албай калдык. Анда мен 8-классты бүтүп жаткам. Кийинки окуу жылында өзүбүздүн райондогу лицейлерди кыдырып, сынак тапшырып кирүү аракетинде болдум. Жылдын аягында ата-энем жана эжемин чечими менен биздин айылга көп тааныш болбогон “Ноокат билимканасы” лицейине окуй турган болдум.

Ошентип, 10-класста өзүм менен кошо жакын досторум Тимур, Уран жана Мыйзам болуп башка айыл округундагы, тоо алдындагы кичинекей мектепке, сыртынан караганда көчүп түшчүдөй көрүнгөн жатаканасында жатып, окуп калдык.

Жаңы мектеп бизге жаңы дем, күч берди. Баарыбызды таң калтырганы мугалимдер жамаатынын ынтымактуулугу, жөнөкөйлүгү, өз кесибинин мыкты ээлери экени жана лицей эрежелери болду.

Орто мектепте директордун бөлмөсүн айбыгып, айланып өтчүбүз. Бул жакта мектеп тар болгондуктан, ал бөлмө кышкысын от жагылчу мештердики, күн жылыган убакта гана директордуку болуп калат. Окуучулар бир класс жогору окугандарын “сиз” деп сыйлап, лицейдин айланасында жүргөн ар бир чоң киши менен саламдашып өтүшөт. Лицейдин эрежесине ылайык, ар бир окуучусу күнүнө 10дон орусча – англисче сөздүк жаттап, мектептер аралык олимпиадаларга катышчу, жазгы, күзгү талаа жумуштарында айылдагы жардамга муктаж чоң-ата чоң-энелерге жардам берүү милдет экен.

Бул эрежелерди Ноокат билимканасынын негиздөөчүсү Мамаюсупов Өмүрзак Шеранович киргизиптир. Агай жөнүндө кызыгып маалымат алганыбыздан кийин алгач ой жүгүртүүбүздүн алсыздыгынан улам “кантип эле бир сом албай, өзүнүн бир да кызыкчылыгына иштетпей машакат тартып, лицейди негиздеп, бүгүнкү күндө да жетектеп келсин?” – деп такыр ишене албай койгонбуз. Жыл сайын 8-класска кабыл алынган жана башка класстарга жаңы келген окуучулар менен жолугушууга келген Өмүрзак Шерановичти көрүп, бизге айткан сөздөрүн, акыл-насаатын угуп, ойлоп жүргөн оюбуздан өзүбүз катуу уялып калдык ...

2011-жылы окуу жылы лицейдин 59 окуучу, анын ичинен он алтыбыз артыкчылык аттестаты менен бүттүк. 59дун 54үбүз жогорку окуу жайларга бюджеттик негизде кабыл алындык.

* * *

Бүгүнкү күндө ЖОЖго кирүү үчүн элдин көпчүлүгү атайын репетиторлорго акча төлөп берип. Ар кандай курстарга барып даярданып жатышат. КММАнын бир жылдык окуу акысы 50миң сомго жетти. Менин жолум Ноокат билимканасы менен кесилишпегенде азыр окуп жаткан окуу жайымда бар белем, же орто мектептеги көпчүлүк досторум сыяктуу окууга төлөгөнгө каражатым жетишпей, кара турмуштун жүгүн мойнума алып, башка өлкөлөрдө мусаапыр болуп иштеп жүрөт белем, ким билет. Айылдаштарымдын

кээ бирөө ишенбей, “канча пара бердиң окууга киргенге?” – деп сурагандары да болду. Көпчүлүгү биздин андай каражатка чамабыз келбешин жакшы билишип, эч кандай акча бербей кирсе болооруна ишенишип, балдарын Ноокат билимканасына жөнөтүп, үмүт кылып аракеттене башташты.

Өмүрзак Шеранович жана Ноокат билимканасынын жамаатына жолукканга чейин ниетим чоң үйлөрдү салып, колунда бар адамдардын бири болуу эле. Азыр үй-жай, мал-мүлк улуу максат эмес, жөн гана муктаждык экенин аңдап-сездим. Азыр менин тилегим – бай болуу. Бизде бай десе материалдык байлыкты биринчи элестетебиз. А мен аң-сезим, билим, руханий байлык ээси болууну эңсейм. Ата-энемин, мени окуткан бардык мугалимдердин, Ноокат билимканасынын түптөлүшүнө салымы барлардын алдында канчалык карыздар экеними жакшы билем. Бирок, алар менин материалдык да моралдык да жардамыма муктаж эмес. Ошол себептен алардын алдындагы карызымды өзүмдөн кийинки муунга төлөп берем.

## §3. НООКАТТЫ АЛМАНЫН МЕКЕНИНЕ АЙЛАНТКАН “ИНСАН” ХИКАЯСЫ

Элүүнчү жылдардын аягында Мамасыдык Коңурбаев аксакал Совет районунун аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп жүргөндө Москвага чогулушка барып, мейманканада бир өзгөндүк согуш ардагери менен чогуу жашап калат. Аксакалдан “Москвада эмне жумуш менен жүрөсүз?” – деп сураса “жылына бир жолу өзүмдүн багымдагы алманы алып келип сатамын” дейт. “Канча акча болот эле дегендей сынап сурасам, менин беш жылдык айлыгымды бул аксакал бир келгенде эле табат экен. Ичимден ойлонуп калганымды сезип, “сен да алма көчөт тик, бирок, биздегидей “розмарин” сортун эмес, батышта өскөн кызыл жана жазга чейин сакталуучу көк алманын көчөтүн тик” деп кеңеш айтты. “Алма бак айрыкча сендей айлыкчыларга жакшы жардам болот. Убакыт өткөзбөй тезирээк отургузсаң, мөмөсүн беш-алты жылда берип ка-

лат” дегенинен Шеран сага келдим. Жериңди даярда, биз экөөбүз алма тигели. Элибиз үйрөнсө айылыбыз бакка толот, кошумча каражаттары көбөйөт” деп атам экөөсү кудуңдашып түн ортосуна чейин сүйлөшүп, кыялданып олтурушту.

Эң алгач мугалимдерге беш-алтыдан алма көчөттөрүн суранып жүрүп тиктиришти. Кийинки жылы Калинин орто мектебинин чарба башчысы Токтомат Айтибаев миңдеген көчөттөрдү атамдын, аксакалдардын кеңеши менен алып келип, мектепке тиктиришти. Токтомат аксакал өтө эмгекчил, уюштургуч согуш ардагери алма бак менен кошо мектептин көмөкчү чарбасын өтө өнүктүргөн, мектеп жетекчисинин ишин жеңилдетип, айттырбай эле мугалимдерге бекер көмүрлөрдү эрте эле камсыздап, мектептин коноктору чарбанын эсебинен тостуруп, мугалимдерден акча топтотмой (комиссияга деп) салттарды жок кылган чыныгы менеджер эле.

Алманын эсебинен беш-алты жылдан кийин эле мектеп кошумча каржыга муктаж болбогон мектепке айланды. Сүйүн Исаева, Бакир Мурзалиев, Сулайман Мамарасулов өңдүү директорлордон кийинки жетекчилер бул бакчаны бир бөлүгүн отунга айландырышты.

* * *

Көлдүн кызы Сүйүн эжекебиз мектеп чарбасын дүркүрөткөнүн көрүп, Султан Ибраимов бул демилгелерди районго, областка таркатасың деп райисполком, облОНО, райкомдун биринчи катчылыгына чейин кызматын жогорулатты. Натыйжада областтын көпчүлүк мектептеринде мөмө-жемиш бактары, чарбалары иштей баштады. Мугалимдерди, мектепти кошумча каржы булактары менен камсыздоо профсоюздарга бекитилип берилди.

Жергиликтүү чоңдордун келинине директорлук кызмат керек болуп, бул жакшы чарбасы бар мектептен Сулайман агайды кичинекей Кара-Таш сегиз жылдык мектебине директорлука которушту. Аксакалдар чогулуп, ошол кездеги Госстройдун башчысы Носиновдун тикелей колдоосу менен эки кабаттуу Кара-Таш орто мектебинин имаратын бир жылда бүтүрүштү. Колхоздон үч гектар

жерди мектепке берүү чечимин чыгарышып, эки гектарына алма бак тигишти.

Кара-Таш мектеби да чоң чарбалуу мектепке айланганда чоңдор себепсиз эле республикага эмгек сиңирген математик Сулайман агайды ардактуу эс алууга жөнөтүшүп эле калбай, мектепке эч кызматы өтпөгөн кишинин атын коюп салышты. Чарбасы таркады, бактар сугарылбай калды.

Ноокат билимканасы ушул мектептин, кошумча имаратында жайланышкандыктан, бул ыңгайсыздыктар көпкө чейин сезилип жүрдү.

* * *

Ошентип, эки акылман кишинин бир демилгеси менен канчалаган үй-бүлө турмушун оңдоосуна, ишкердиктин жеңил түрүн өздөштүрүп, совет заманында эле соодага багыт алуусуна жол ачылган. Билимкананын бүтүрүүчүлөрү да элибизге жаңы мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтө алган асыл адамдардан болот деген үмүтүбүз акталаарына ишенебиз.

“Көчө” фильминдеги башкы каармандардын бири Маликанын мектебинин айланасына тигилген алмалардын түшүмү элүү жылга жакын мектептин коллективинин муктаждыктарын каржылап келе жатат. Билимкананын алма багынын быйылкы түшүмү окуучуларга акылдуу доскаларды алганга жардам болду деп агай-эжекелер кубанып жүрүшөт. Аз болсо да бул киреше жылына кайтарымсыз келүүчү инвестиция. Алыстан келип окуган окуучулардын отуз жылдан бери кара-таштык таксилерге төлөгөн жол акчаларын эсептесек жыйырма миллион сомго жеткидей. Бул билимкананын Кара-Таш айлына киргизген инвестициясы. Отузга жакын адам иштейт, демек, отуз үй-бүлө бала-чакасын багат.

Ал эми 1987-жылдан бери окуучулар 34 алтын медаль, 120 артыкчылык (кызыл) аттестат алышты,1073 бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик баары жогорку билимдүү, же окуу жайларда студент. Алардын ичинен 800дөн көбү бюджеттик бөлүмдөрдө ийгиликтүү окуйт, же

жогорку билимдин ээси. Канчалаган ата-эне контракт төлөбөй, өз күчү менен окууга колдоосуз өтүшкөн уул-кыздарынын эсебинен жүздөгөн миллион сом үнөмдөштү.

Эң кызыгы, бул миңден ашык окуучулардын бир бөлүгү жогорку окуу жайларды артыкчылык диплом менен аякташып, алардын жыйырмага жакыны илимдин кандидаттары, докторлору болгондугун айтып жүрүшөт. Бул болсо мамлекетибизге акча менен ченелбеген интеллектуалдык инвестиция болуп эсептелет.

Борбордук Азия чөлкөмүндө бир дагы айыл мындай байлыкка ээ эмес. Бул сыймыктуу, мактана турган жыйынтык. Республикабызда 500дөн ашык айыл өкмөттөрдө, кичинекей шаарларда бирден таланттуу балдар үчүн чакан билимкана тибиндеги мектептерди ачууга каражат деле кетпейт. Мамлекетибиз жылына чоң шаарларга барууга шарты жок, айылдык миңдеген акылдуу, ыймандуу, эмгекчил, боорукер, таза кадрлар менен толуктанып турат эле.

## §4. НООКАТ ТЕРЕКТИН МЕКЕНИНЕ АЙЛАНУУСУНА КИМДЕР СЕБЕПЧИ БОЛГОН?

Өз кызматы менен легендага айланган республиканын Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басары болуп иштеген Төрөбай Кулатов тогуз жашына чейин Мамыт таякесинин жылкысын багып, балалыгы Кара-Таш айлында өткөн. Заманында төгөрөктүн төрт бурчуна таанымал Ботобай ырчынын, анын көптөгөн шакирттеринин аш-тойлордогу философиялык ыр саптарын угуп, топурак кечип ойногон балалык достору менен кыялга батып, эс тартып калган учурда ата-журтуна кетет. Жаштайынан Кызыл-Кыя шахтасына жумушка кирип, алдыңкы чынчыл жумушчулардын социализмди тезирээк куруу идеяларын өзүнө сиңирип, көмүр менен дубалдарга “Кулатов-министр”, “Кулатов-депутат” деп жазып жүрүп, насип экен, 45 жыл мамлекеттик жогорку кызматтарды аркалаган. Акылман саясатчы, көрүнүктүү жетекчи Масалиев Абсамат аксакалдын айтуусунда ал киши кызмат машинасын жеке

иштерине колдонбой, үй-бүлөлүк унаадан да баш тартып, жөнөкөй элдин арызын күнү-түнү убактысын аябай кабыл алып, жардамын аябаган, бирөөнүн эмгегин пайдаланбаган, басмырлабаган өтө таза инсан эле деп, бир топ таң калаарлык окуяларды айтып бергендигин жазып калбаптырбыз.

* * *

Алтымышынчы жылдары Н.С. Хрущевдун айдоо жерлерин көбөйтүү керек деген көрсөтмөсүн ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бийликтегилер түз жерде жашаган элдин агын суу барбаган тоо боорлоруна зордук менен көчүрүшкөн. Бир тууган таякеси Мамыт аксакал талаанын ортосунда бир түп жаңгак, чилги алма дарагы, азыраак малы менен үйүн буздурбай, "жээним министр, келсин, көч десе көчөмүн" дейт. Оюнда атактуу Кулатов төрөлгөн үй-жайы ыйык көрүнсө керек. Балким, ал үй бузулбаганда Кулатовдун музейинин бир бөлүгү болуп калаар беле.

Бир топ жылдан кийин Кулатов аксакал жергиликтүү атка минерлердин коштоосунда таякесинин үйүнө келет. Таякеси жетине албай арызын айтат. Ал киши элди карап, "баары көчкөндөн кийин сиз да эл ичине көчүүгө милдеттүүсүз" – дейт. "Борбордук саясатты туура эмес түшүнүп, эч бир курулуш материалдарын бербестен, миңдеген үй-бүлөнү жер котортупсуздар. Чапай, Капка жайлоолорунун айыл жак бетинде бир түп арча да калбаптыр. Ата-бабаларыбыз миңдеген жылдар сактап келген арчаларды эл айласыздан курулушка колдонушуптур. Элди көчүрөөрдөн мурда мырза терек тиктирсеңер, беш-алты жылда курулушка жарап калат эле" – деп аткаминерлерге нааразычылыгын билдирди. Анан таякеси менен коштошуп, "менин бир тууган бөлөм, досум, боорум Эргеш менен жолуксам" деп жөнөй бергенде биз да элге кошулуп жөнөдүк" – деп атам айтып жүрдү.

Таякеси таарынган болуп, аз эле күндөн кийин эл ичине көчүп барат. "Жээнимди ушунча жыл күтсөм көчпө дегендин ордуна терек тиктирбепсиңер" дейт. Кулатов аксакал ошол эле күнү райондо чоң чогулуш өткөрүп, "терек тигүүнү колго алгыла" деп катуу

тапшырма берип, облустун борборунда да ушундай эле маселени коёт. Теректин түз, жоон шактарын тиксең, тез тамырлап курулушка жарайт. Ничке шактарынан миңдеген калемче түрүндө аз эле жерге өтө көп терек көчөтүн эч каржы кетирбей өстүрсө болот. Ошентип, Ноокат теректин мекенине айланды, башка райондордо да бул демилге ишке ашты. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары Орто Азия өлкөлөрүнө Россиядан жыгач аз келип калгандыктан, бул теректер жакшы баага сатылып, элге чоң пайда алып келди.

Кара-Таш мектебине бөлүнгөн үч гектар жерди айлантып Сулайман агай, атам баштаган аксакал мугалимдер миңдеген терек, алма көчөттөрүн тигишти. Билимкананын үлүшүгө тийген теректер, алма көчөттөрү окуучуларга кошумча каражатты жылына берип турат.

* * *

Кулатов аксакал Эргеш курбусунун дөңсөөдөгү алачыгына келгенде бир тууган бөлөсү аны кучактап:

- Төрө, экөөбүз ойноп, мал баккан колоттордун 20 гектарына жакын бөлүгүнө өрүк, алма көчөттөрүн тигип, малдан кышы-жайын сактап көгөрттүм. Ата салты экен, уулдуу болбогондугумдан элдин уул-кыздары жесин деп мөмөлүү бак (увакым) чоңойттум, - деп жашып кетет. Анын жарылган узун манжалуу колдору аксакалдын мойнун чийип кеткендей болот.

- Ыйлабаңыз, - дейт Төрөбай аксакал, - кыздарыңыз, неберелериңиз бар, бактылуу болуп өнүп-өсүшсүн.

“Досуна сиз деп кайрылганына оңтойсузданып, өзүн күнөөлүүдөй сезип кетти окшойт, бул кылым жолугушуусун карап турган элге бурулуп, “аксакалдын багын бапестегиле, бузбагыла, элдин балдары эс алчу, кыялданчу бак болуптур. Аксакалга кичинекей болсо да жамгыр өтпөй турган бөлмө куруп бергиле, тегеретип терек тигип койгула” – деп гений Кулатов жөнөп кетти деп атам эртеси эле Эргеш акеге бөлмө салууга жардамга кетти.

Эргеш аксакалдын “өш-өөш” деп малдарды айдаган үнү азыр да кулагымда. Апамдын аяш атасы болгондуктан, күнүнө бир-эки

жолу биздин үйгө келип, “Гүлсана, ысык чай кайнат, наар алып алайын” деп узун манжалары менен бизди эркелетип коёр эле. “Сенин атаң Ысман досум согушта жок болбогондо Төрөгө көп армандарыбызды айтып берет эле. Ысман да чоң аалым болуп, Төрөбайдай кокустан келип калабы деп ойлоп кетем” дечү.

* * *

Районго келип, чоңдорго кеңешме өткөрүп, “Ноокат районунун бардык жерлеринде терек тигип, өстүрөсүңөр, мага дайыма кабар берип тургула” дептир. Ошол терек тигүү, өстүрүү маданияты Ноокатты терек экспорттоочу районго айландырды, эң оор 90-жылдары бир теректин баасы 100 долларга чейин жетти. Бир Ноокат эмес, көптөгөн түштүк райондору Өзбекстанга терек сатат. Бул чоң акчалар мамлекетибиздин түптөлүшүнө да таасир берди деп ойлоймун. Таякесинин көчпөй койгонунун натыйжасында бүт эл терек өстүрүүнү колго алды. Миллиондогон арчалар сакталып калды.

Ал эми Эргеш досунун багын жергиликтүү уяты жок мурдагы колхоз жетекчилери жаштарга үй салгыла деп бөлүп беришип, 80-жылдары буздурушту. Кулатовдун досуна айткан акыркы сөзүн аткарбагандарды Жараткан да көрүп тургандыр.

Билимканачылар бул Гигант Инсан жөнүндө изилдөө жүргүзүүнү милдет катары көрүшөт деп ойлойбуз.

## §5. АТАКТУУ БОТОБАЙ ХАФЫЗ, НЕБЕРЕСИ МАДАМИН АГАЙ ЖӨНҮНДӨ...

Колхоздун айдоо жерлерин кеңейтебиз деген шылтоо, ичи тардык менен жергиликтүү тансыкбаевдер Кулатов аксакал сактагыла деген кокту-колоттогу мөмөлүү бактарды мамлекеттик машинаны пайдаланып көмдүрүп, эч бир археологиялык мекемелердин уруксатысыз тарыхый дөбөлөрдү түздөп салышты. Мамлекеттин бул бузукулукка кеткен акчасын, техникасын аяшпады. Ботобай ырчы

төрөлгөн Үч-Дөбө, эл сүйгөн Кош-Дөбө, Бектуруш акын жазып жүргөн Салгаман, Кайнар-Булак конуштары жок болду. Канчалык археологиялык материалдар, бышырылган ылай иштерине толтурулган ар түрдүү жасалгалар, буюмдар, коло идиштер жылдарча чачылып жатты.

Ботобай келет бостондон,
Ырыскысын кошкондон.
"Үч-Дөбө" деген жерим бар,
Бостон деген элим бар.

Картайганда кишинин,
Белиден кубат-күч кетет,
Акыл менен иш кетет,
Ээктен кашка тиш кетет.
Темир канат жетилип,
Ак шумкар учат уядан.
Өткөн өмүр билинбейт,
Өлгөндөр кайра тирилбейт.

Жаман атка жал бүтсө,
Жанына торсук байлатпайт.
Жаман эрге мал бүтсө,
Жанына коңшу жайлатпайт.

Бузуктар жүрсө арада,
Билдирбей сени жесем деп,
Бийлердин көөнү парада.

Бул ыр саптарын 1989-жылы билимкананын "Ботобай" тарыхый-адабий ийриминин катышуучулары Минажат Жалилова, Айсалкын Камбарова, Зулайка Каразакова 8-в классынын окуучулары тарабынан Ботобайдын акыркы шакирттеринин бири Абдубазы Турдубаев – Абаз Шапак (1926-ж.т.) ырчынын өз оозунан жазып алышкан. Бул окуучулар бүгүн дасыккан илимпоздор болушту.

Билимканачылар жыйнаган үзүндүлөр, айрым Ботобай ырчы жөнүндөгү маалыматтар көркүнүктүү журналист, жазуучу, тунук

ойлуу, чындыкты адеп кылган Мамат Сабыровго берилди. Ал курч проблемаларды талкуугa коюп, дүйнөлүк макал-лакаптарды өзүнүн “Кеменгер кеп” серияларында берип, улуу инсандарды тааныштырган макалалары окурмандарга маалым. Нобель сыйлыгынын лауреаты С.Алексиевичти да биринчилерден болуп кыргызчалап, элге тааныштырган Мамат Сабыров. Көп үмүт арттырган жөнөкөй инсандарды издеп, чагылдырган татаал жанрды аркалап келе жатат. Келечекте дүйнөлүк сыйлыктарды багындырганга дарамети бар бул инсандын ар бир кыргызстандыкка турмуш философиясынын жаңы барактарын ачууга салым кошуу кызматына ийгилик, чечкиндүүлүк каалайбыз.

* * *

Белгилүү кыргыз окумуштуусу профессор Сулайман Кайыповдун айтуусу боюнча, Ботобай (1870-жылы туулган) өтө курч төкмө ырчы болгон. Бирөөнү мактаса – көкөлөтүп, төбөсүн ай – ааламга жеткире ээрчитип, жамандаса – жердин жети катмарына киргизип, экинчи элди аралабай турган кылган.

Ботобай ырчы өз доорунда Фрунзеге чакырылгандыгын, кол жазмалар фондунда бир топ ырлары бар экендигин да Сулайман мырзадан укканбыз. Бирок, Ботобайдын көпчүлүк ырларында басмачыларды, динди, байларды даңктаган деген шылтоо менен изилденбей, ырлар жыйнактары даярдалбай калган.

* * *

Тогуз жашынан Ботобайга шакирт болуп ээрчип жүргөндүктөн “Бала ырчы” деген атка конгон Сыдык ырчынын китептеринин балдарынын демилегелери менен чыккандыгын, мотивдер, кээ бир насыяттар Ботобай төкмөнүкүнө уйкаш деген сөздөрдү угуп жүрөбүз. Чөлкөмдө Ботобай – ойчул (философ), курч, мукам үндүү катары таанылып Хафиз, Омор Хайям сыяктуу Чыгыш сөз че-

берлеринин улантуучусу катары эсептелип, кошуна элдердин төкмөлөрүнө да устаттык кылганын, шакирттери өтө көп экендигин жердештери уламыш катары айтып жүрүшөт.

Ботобай, анын урпактары, керээздери жөнүндөгү эң кызык материалдар билимкананын кружокторy аркылуу изилденет, жарыяланат деген үмүтүбүз бар.

* * *

Билимкана өзгөчө билим очогу экендигин далилдөө үчүн бир гана окуу-тарбия, олимпиадага даярдануу, тилдерди үйрөнүү менен чектелбей, эл-журт менен иштөөнүн үлгүсү болуусу керек. Ал үчүн эң алгач Кара-Таш айлынан чыккан көрүнүктүү тарыхый инсандарды изилдөө, алар менен (кээде урпактары) мамилени өнүктүрүү керек эле. Эң алгач Ботобай ырчы, жазуучу Мурза Гапаров, Жумабай Палван Аманбаев ж.б. инсандар жөнүндөгү иш-чараларды, жолугушууларды уюштуруп, материалдарды топтодук.

Ботобай – бостон уруусунан чыккан философ ырчы болуп, 18-19-кылымдарда жашаган. Белгилүү окумуштуу Сулайман Кайыповдун айтуусунда академиянын кол жазмалар фондунда Ботобай ырчы жөнүндө материалдар өтө көп, реакциячыл, бай, жакшы турмуш жөнүндө философиялык ырларды колдоочу катары изилдөөгө, китептерин даярдоого берилген эмес. Курчтугу – жакшыны көкөлөтүп, мактоонун туу чокусуна чыгарса, жаманды жер менен жексен кылып, тургус кылып ырдаган.

Менин атам Шеран ажынын кичинекей маалында Ботобай ырчы айлап кыдыруудан келгенден кийин чоң атабыз Мамаюсупту өтө сыйлап келип, айтып берчү экен. Ошолордун биринде Мамаюсуп “Ботобай, азыр Кетмен-Төбөдөн Токтогул деген курч ырчы чыгыптыр деп угабыз. Бул жолку кытайлык кыргыздардагы чоң айтышта Токтогул ырчылардын боз үйүнүн кайсыл жеринде отурду?” деп сураганда “бир аз ырдады, боз үйдүн улагасынан экинчи болуп отурду” – дейт. Мамаюсуп “сага ар тараптан келген ырчылар мурдагыдай эле төрдөн орун бериштиби?” дегенде “ооба, төрдө отурдук” – дейт.

Караңыздар, ошол ырчылардан бир гана Токтогул изилденип, эл билет. Калган курч ырчыларды изилдөө билимканачылардын иши деп ойлойбуз.

* * *

Ботобайдын бир уулу Малик устанын эч ким жок жерде төгүп ырдаарын эл айтып жүрөт. Небереси Мадамин агай кыргыз тил, адабият сабактарынан берчү.Бизди жогорку класстарда төрт жыл окутту, сабакты беш мүнөттө тушүндүрүп, жылдар бою кыргыз эпикалык чыгармалары – “Курманбек”, “Эр-Төштүк”, “Алпамыш”, “Манас”, “Семетей”, “Сейтекти” тереңдетип, маңызына жеткирип, төрт жыл тынымсыз окутту. Кирүү экзаменинде начар баа алып калабыз, сочинение жазганды үйрөтүңүз десек, “силер эркин темада, эркин ой жүгүртүүнү үйрөндүңөр, качан болсо да жогорку баа аласыңар. “Манасты” түшүнүп окуган, билген адам жаман сочинение жазбайт дечү. Айткандай эле болду. Сейтектин эгиз балдары болгон – Алансарык, Кулансарык, аны өзүңөр окуп алгыла” деген, азыркыга чейин таппай, окуй албай жүрөмүн. Мадамин агай ааламды жөнөкөй көрчү, бир дагы окуучу агайдын сабагынан калбай эпикалык баатырлар менен кошо дүйнөнү багындырууга даярданаар элек.

Ботобайдын таасиринен ырчы болгондор – Төрөкул ырчы, Апаз ырчы. Эң элге таанымалы Сыдык (бала) ырчы. Бала ырчы дегенинин себеби, 9 жашынан Ботобайды ээрчип жүргөн экен.

Сыдык бала ырчынын уулдары – Батыралы Сыдыков кээ бир ырлар жыйнагын басмадан чыгарышкан. Бирок, Ботобайдын эң көп санат ырларын Сыдык ырчынын ырдап жүргөнү айтылып кала берди.

Билимканачылар, адабият изилдөөчүлөр сөзсүз 1989-жылы түзүлгөн Ботобай ийримин жандандыруулары керек. Изилдөөчүлөргө бул иш, миссия атак-даңк, илимий эмгек алып келээри шексиз. Эл да бул изилдөөнү күтүп жүрөт.

# §6. ДАҢАЗАЛУУ ЖУМАБАЙ ПАЛВАН БАЯНЫНАН ҮЗҮНДҮЛӨР

Билимкана долбооруна тартчу дагы бир өзгөчө инсан, Орто Азия, Союздук ат оюну – улак тартыш боюнча бир канча жолку жеңүүчү, атагы алыска кеткен, белгилүү адамдар менен мамиле кылууну чебери, чабандестиктин, ат таптоонун эң кылдат устаты – Жумабай Палван Аманбаев болучу.

Бир тууган тагам Ысманов Эргештин балалыктан досу, улуттук күрөштөн атаандашы, Атам Шеран ажынын купулундагы инсан эле. Жизак, Хорезм, Чимкент, Анжиян, Макмал Мурза –Чөл өрөөнүндөгү эң бай байгелерди койгон улактарда (70-80 кг.торпок тартышат), кеңешчиси катары атам кошо барчу. Кандай гана байгени албасын, той өткөзүп жаткан элдин аксакалдарына тартуу кылган адаты бар. Бул берешендик Жумабай Палвандын атына ат кошуп, миллиондорго да сатып ала алгыс ДАҢК алып келүүдө, бул адам билимканага бир гана ийгилик алып келет дечү.

Билимканада атайын Жумабай Палван боюнча программа түзүлүп, эң алгач кыргыз радио – телевидение, ЖМК, Академиядагы кол жазмалар фондуна жаздыруу, керек болсо “Кыргызфильм” аркылуу документалдуу фильм, андан кийин чет өлкөлүк кыргыздарга тааныштыруу ж.б.у.с.

Академиядан белгилүү окумуштуулар – адабиятчылар Сулайман Кайыпов, Буудайбек Сабыр уулу, Чоюн Өмүралиев, Жумабек Жумабаев – Жумабай Палвандын ат, улуттук улак тартыш боюнча кыргыз радиосунун фондуна уникалдуу аңгемелешүүлөрдү жазышты, архивдерде сакталуу болуу керек. Кат таанбай туруп, философиялык көз караштары, дипломатиялык жүрүм-туруму, мамиле кылуунун чеберлигине Палвандын Фрунзеге ар бир келишинде баа беришээр эле. Газеталарга макалалар жарыяланып, режиссер Тазабеков Эркин агай бир канча телеберүүлөрдү, телефильмдерди жарыялады. Палвандын спорт машыктыруучу статусун, профсоюздар башчысы Мүлкүбатов аксакал райспорт жетекчиси Жунусов Абдинабинин өтүнүчү менен улакчылар мектебин түзүп беришти.

Натыйжада атактуу Палвандын ондогон шакирттери даярдалды.

Палван билимканачылар менен мамилени улам күчөтүп, картошка, сабиз, эт ж.б. жардамдарды көрсөтүүсүн баштап, мугалимдерге колдоо сөздөрүн айтып жүрдү.

***

1990-жылкы Ош окуясынан кийин жашоо жолдору татаалданып, эл ичинде ырк кетти. Ош окуясынан бир айдан кийин Палванга Сиздин ар улуттан досторуңуз көп, арасында Өзбекстанда да таасирлүүлөрү бар. "Кыздуу болсом чөлкөмгө баатырлык той берем" деген элеңиз. Ошол тойду тез өткөрсөңүз, Комендант, генерал Абдрахманов досуңуздан уруксат алсаңыз, мен "Кыргызфильмден" документалдуу фильм тартканга акча издөө жолдорун Буудайбек Сабыр уулу аркылуу жүргүзөйүн деп кеңештик. "Мен да көп адамдын жакшылыгында болгонмун, миңдеген конокту кантип тосоор экенбиз?" деди. Колхозду жаңы бөлүп алган эл "райборбордон айыл бүткөнгө чейин килем төшөйбүз, көчөлөрдү бойлотуп тамак-аш дасторкон жаябыз, он миң ат болсо да жем-чөбүбүздү беребиз" дешти.

Ошентип, Ош окуясынын үч айдан кийин Кара-Таш айлына миңдеген конок келишти, Чымкенттен генерал досунун тобу, Жизак, Макмал, Наманган, Анжиян, Кокондон улакчы, палван достору, мамлекеттик ишмерлер, кытайлык кыргыздардан 70 жаштагы улакчы аксакал, ар түрдүү элдердин өкүлдөрү тойго келишти, аралашышты, улут кастыгы азайгандай көрүндү.

Буудайбек Сабыл уулу, Б. Сарыгулов, оператор А. Жамгырчинов "Жумабай Палван" аттуу 12 минуталык документалдык кинону тартууга "Кыргызфильмден" отуз миң рублдин тегерегинде акча бөлдүрүшүп, тартышты. Сценарийдин окумуштуу сценарист Жумабек Жумабаев жана мен жаздык.

Фрунзеден ноокаттык журналисттердин жол киресин төлөсөк да бара албай калышты. Ошол кездеги "Ленинчил Жаштын" кабарчысы Курманбек Турумбеков коркпостон барып, кийинчерээк

газетага бир бет кылып берди. Журналисттердин, жердештердин көпчүлүгүнүн барбагандыгына, корккондугуна комендanttык саат шылтоо болду. Азыр өкүнүп жүрүшөт деп ойлоймун.

Элдин айтуусуна караганда, үч миңдей атчан улакчылар келишкен, эл чоң көчө бойлорун килемдер менен төшөп, улуттук тамак-ашты он күн бою жыйнашпады, Ноокаттын үстүндө миңдеген аттын улак тартыштагы дүбүртү он күн үзүлбөй, элдин духун көтөрдү. Билимкананын көргөнү өтө көп коноктор келүү салты башталды.

Фильмдин 1 көчүрмөсү колхозго, бир көчүрмөсүн Палвандын тоюна келбей калган досу Аким Өзгөндүн Измирдеги агасына берилди.

Композитор Акимжан Жээнбаев Палван жөнүндө симфония жазам деген сөзүн айтты.

***

1993-жылы эл “Чечме-Сай” колхозуна Палванды төрага (раис) кылып шайлашты. Атам “Палван атың менен жүрсөң жакшы болот эле, райистен кет” – деп кескин айтканына капа болуп, эки жылдай таарынып жүрдү. Жалпы саясат менен колхоздор талкаланып, коллективдерге, жеке чарбаларга бөлүнгөндө, колхоздун карыздары аябай жүдөттү. Палван атама атайын келип, кечирим сурады. “Сиздин айтканыңызды аткарып жүргөнүм эле жакшы экен” деп кучактап, көпкө турганы эсимде калды.

1994-жылы мүмкүнчүлүк таап, Жумабай Палванды кичине уулу, Султан Палван (Раев), Арап Палван менен Истамбул, Анкара, Адана ж.б. Түркиянын ондогон шаарларындагы өндүрүш, соода-сатык, билим берүү борборлоруна он күн кыдыртып, тааныштырып келдим. Түркиянын эч бир дүкөнүнөн Палванга бут кийим, костюм, пальто саз келбеди. Истамбулдун көчөлөрүндө “Пехлеван, пехлеван” дешип, калпакчан дөөнү ээрчишип сүрөткө түшүп жүрүштү. Менчик секторду, бизнесмендерди көрүп, “таң калып, Палвандыкка салып моюн сунбайын десем баарын көрүп турам,

биз жүз жылда да жетпейт окшойбуз? Кантип өндүрүштөрдү өкмөтсүз өнүктүрүү болооруна ишенебиз? Бизде байыш үчүн сөзсүз бир кызматка жетүү керек, же чоң кызматтагылар менен дос болуу керек дечүмүн. Европа мындан да өнүккөн дейсиң, мени алып барба, мен ушундай күчүм менен жеңилгендигимди сездим. Сен мени уят кылганы алып келипсиң. Намангандын прокурору досум, Анжиянды акими ашынам деп сыймыктансам, сен мага миңдеген алп кишилер менен мамилени жөнөкөй эле, ишкердик жолу менен түзсө болоорун көрсөттүң. Мен сыртымдан күлүп, ичимден сынганымды кимге айтам? 20 жаштагы ишкерлер Америка менен миллиондогон доллар соода-сатыгын англисче жүргүзүп жаткандарын көрүп, менин 20дагы балам эки конок келсе, кандай союш соёюн деп сураарын элестетип жер карадым. Билимканаң өтө керек экен. Мен айылга бараар менен билимканага тез-тез жолугуп, дүйнө башкарууга даярдангыла деп бүт күчүмдү жумшайм. Биз менен жүргөн эки Палванды да депутат бол, министр бол деп Эгей деңизинин боюнда кыялдандык.

***

"Билимсиз болсоң, палвандыгың да эч нерсе бербейт экен, бирок, билимдүүмүн дегендердин канчасынын жүрөгү чымындай да эмес. Мени өмүр бою ойлонтчу инсандарды көргөздүң. Менин жөн эле жашап жүргөнүмдү эскерттиң, айтпай көрсөтүү жолу менен. Силерди окуткан Гүлсана эжеме, Шеран агама миң мертебе ыраазымын! Эми миңдеген адамды окуткула деп анын ичине мени да кошуптур. Ыраазымын" – деп, адатынча философиялык ой толгоолорду айтып, узун жолду кыскартып, баарыбызды ар түрдүү ойго салып келди. "Иш үчүн деп бир тууган тагаңар, менин досум Эргешти, эжеми, агамы кыдыртпай, бизди кыдырттыңар. Атам да мынча жерди көрсөтүп, эл менен тааныштыра албайт эле. Менин балдарым мындай ишти жасай алабы, билбейм, мал-жылкыларымды, багымды бөлүп берсем. Ушуну да аткарыша алабы – бара-бара күмөнүм бар. Балдарды окутпай калыптырмын" – деп ойлонуп калчу.

***

Атам союз убагында эле Сочи, Сухуми Батуми, Омск, Тбилиси, Новосибирск шаарларын кыдырып, кийинчерээк Иран, Ирак, Түркия, Сирия, Мекке, Мединага чейин автобус менен Маматкасым ажы Табалдиев менен кошо ажылык сапарын аткарып, кийинчерээк Истамбулга апам экөөсүн билимкананы бүткөн кызым Жылдыз он күндөй кыдыртып келди. Үрүмчүгө өзүм кошо алып барып, кытайлыктардын жашоосун атама, апама, Бугалия карындашым менен чогуу көрсөтүп келдик. Кээ бир кыдыруу пландарыбыз али аткарыла элек.

Дагы бир күнү билимканадан чыгып келе жатсам, Эргеш тагамдын магазининин жанында топураган жүздөгөн эл, ортосунда тер баскан Палван Түркия жөнүндө айтып берип, эң аягында “эй, түрктөрдүн туалеттери Пакиза эжебиздин табагынан да таза экен” – деп күлүп, баарын таң калтырып жатыптыр.

Палван мектепке окубагандыктан көрүү эс тутум менен окуяларды сүрөттөгөндүктөн, кайсыл учурда кайсыл бир окуяны сурасаң, өзгөртпөстөн, үтүр-чекитине чейин бирдей айтып берээр эле. Окуяны окуган киши ар бир жолу сүрөттөгөндө бир аз өзгөртүп айтып, окуяларды сүрөттөө өзгөрүп кетиши мүмкүн.

Биз кичинекейибизде палван ДТ трактор минип, жер айдачу, бизге өрүктүн данектерин бармагы менен чагып берчү. Жото жиликтерди чыбык сындыргандай сындырчу. Өзүнүн салмагы 150 килодон эч аз болгон эмес, турникте тартынуу, подъём – перевороттторду каалашынча жасачу. “Иж” мотоцикли жүрбөй калган жерлерде колтугуна көтөрүп алганын мен көп жолу көрдүм.

Палван менен көрүшүп кетүү, анын сыйын көрүү үчүн тоодогу багына миңдеген адамдар келчү. Тоодогу багындагы бардык жаңгактарын Эргеш тагам, алма көчөттөрүн атам менен Бакир агай алып келип тигип беришкен. Бактын тегерегин тосууга баарыбыз иштегенбиз. Ар жактан достору тракторлору менен келип, кызмат кылышчу. Бүгүн Карагойдун ичиндеги эң кооз мөмөлөрү токойго айланган, дарыялардын шоокуму угулуп турган оазис болду.

Жумабай Палванды ар тараптан изилдөө, материалдарды жыйноо билимкананын бүтүрүүчүлөрүнүн, билгендердин милдети деп эсептейбиз.

## §7. ПАТИЛА ЖЕҢЕ, АКПАР АЖЫ, АБДЫЛБАКЫ АЖЫ, АБАН АГАЙ, АЖИБАЙ АКСАКАЛ, САГЫН, ТОКТОСУНДАР ЖӨНҮНДӨ

1973-жылдары Калинин мектебинде иштеп баштаганыбызда жогоруда айткан жаш, энергиялуу мугалимдердин демилгелери, кружоктордо окуучулардын өзгөрүшү, мектеп жамаатын да өзүнчө таң калтыргандыгын укчубуз. Алардын бири – мектептин буфетчиси, өтө зирек Патила жеңебиз эле. “Биз окубай калдык, балдарыбыз Сиздердей окуп, иштеп калса деп тилек кылабыз. Балдарыбызды таанбайсыз деле, биз сиздерге коңшу болуп жашаган жакын тууганыңыздар болушубуз керек эле, чай ичип алыңыз” деп, күндө түшкү эс алууда сүйлөшкүсү келип, балдарынын келечегин айтчу.

Кийинчерээк чоң уулу Равшан мектепти бүтүп, арабча курстардан тил үйрөнүп, “башталгыч класстар үчүн окуу китебин даярдадым” деп, мен айылга келген сайын жолукчу. Патила жеңе “Равшанды Фрунзеге алып кетиңиз, иштесин, окуусун улантсын” деп көп өтүндү. Кайра куруу маалында Фрунзеде экинчи кыргыз мектеби ачылып (№68), кээ бир ата-энелер араб тилин үйрөтсүн деп сурагандыктан, Равшанды араб тили мугалими кылып жайгаштырдык. Бир аз иштегенден кийин окуу китеби, программасы калыптана элек болгондуктан, окуймун деп жумуштан чыкты. Соода-сатык менен иштеп жакшы ийгиликтерге жетти, иниси Төрөнү үйрөтүп, аты –чыккан инсанга айлантты. Айылдагы жолдорду оңдоого, спорт зал салууга, медресенин жатаканасын тургузууга чоң көмөк көрсөттү деп угабыз.

Равшанга бир канча жолу билимкана менен байланышсаңар, апаңар Патила жеңе атындагы китепкана түптөсөңөр жакшы болот эле. Патила жеңе жөнөкөй адамдардын балдарын ким окууга даяр-

дайт, ким окууга өткөрөт, - деп көп ойлоноор эле. Билимкана апаӊар кыялданган мектеп, элдин ичинен келген эмгекчил, жөндөмдүү балдар акчасыз, бюджеттик окууларга өздөрү өтүшөт, алар жөнүндө билимкананын китепканасынан билсеӊер болот. Бүгүн колуӊардан келип турганда билимканага көмөк көрсөтсөӊөр – жеӊебиздин кыялындагыдай болоор эле, - деп көп жолу айтып жүрөбүз.

* * *

Жакшы окуган окуучулар келечекте элге жөлөк болооруна ишенген инсандардын бири – Акпар ажы Маматов болгон. Биз кичинебизден баштап, мектепте бешке окуган окуучуларды өтө сыйлап, магазинде иштеп жүрсө да кызыкчу. “Класскомсунбу?” – деп эки-үч айда бир жумшак сурап койчу, “ооба” десеӊ “окууӊ жакшы экен” деп сүйүнүп калчу. “Менин балдарым да окуп калса деп тилеймин, таланттуу окуучулар элдин сыймыгы болот”- дечү. Балдарын жакшы окутушту. Уулу Акылбек элге мечит салабыз дегенибизде жерин бөлүп берди. Келини билимкананы алтын медаль менен аяктап, университеттен аспирантураны бүтүп, билимканада мугалим болуп иштейт. Минажат эжекенин окуучулары республикалык олимпиадаларга чейин катышып жүрүшөт.

Акбар ажынын тилеги орундалып, окуймун дегендерге жол ачылып, билимканада өз миссиясын 30 жылдан ашык жүргүзүүдө.

* * *

Билимкананын түзүлүшүнө себепчи болгон, атайын класста даярдалып, Новосибирск университетинин бүтүргөн Бакыттын атасы – Абдылбакы ажы кичинесинен колхоздун шофёру болуп иштеди. Жолуккан сайын окуубузду сурап, “балдарымды орус класстарга бердим. Силердей болуп институтта окуса деп тилеймин. Билимкана аркылуу кедей-кембагалдардын жөндөмдүү балдарынын жүздөгөнүнүн жолу ачылды. Атаӊарды мен агам деймин, апаӊарды

бир тууган эжем деймин. Элге кызмат кылганды үйрөткөн бул улуу эки инсандын батасын алып биз бала-чака чоңойттук, окуттук. Мен мурда жогорку окуу жайларга парасыз өтпөйт дечүмүн, уулум Новосибирск университетине өз күчү менен өттү"- дечү. Билимкананын дээрлик 80-90 % бүтүрүүчүсү парасыз окуп жүрүшөт. Чындыктын бар экендигине ишенүү келечекти таза инсандарга толтурат.

* * *

Көп жылдар алдыңкы математикалык мугалими болуп иштеген Матибаев Абан агай билимканага тарбиячы болуп кызмат өтөдү. Айлыгы аз болгонуна карабастан, күнү-түнү жатаканадан кетчү эмес. Мен көп жолу үйүңүзгө эс албайсызбы десем "мурда бир класста ашып кетсе эки окуучу сабакты түшүнүшкө аракет кылат эле. Билимканада 100% мен кыялдангандай окуучулар. Эч кетким келбейт. Өмүрүмдүн бир бөлүгүн билгизбестен билимкана өзүнө тартып алды, бул күндөр менин чыгармачылыгымдагы эң бактылуу күндөр. Кандай тарбиялуу, эмгекчил, тырышчаак, зээндүү окуучулар топтолуп калгандыгын кээде түшүмбү деп да ойлоп кетемин. Бирок, жылда келген окуучулар окшош болуп жатпайбы. Эмне үчүн биз мурда мындай мектепти билбедик экен? Көпчүлүк энергиям жаш чагымда бекерге кетиптир. Неберелерим окуп калаар" – дечү.

Агайдын кызы Адалат билимканада китепканачы, иш кагаздарын түзүүчү, дилгир эжеке. Билимкананын летописинин үчүнчү главасын жылдык отчеттордун негизинде түзгөн адам. Анализдери кээ бир шаардык мектептерде, окуу жайларда түзүлгөн анализдерден даана, так. Эжекенин чыгармачылык келечеги али алдыда деп ойлоймун.

* * *

Билимкана иштеп баштагандан эки жылдан кийин Кыргызстан эгемендүүлүктү алып, өткөөл жылдарда айлык акылар жетишсиз эле, анан калса кечигип берилүүчү. Кароолчунун айлыгы төрт сомду ту-

зүп, айыл кеңешинен берилчү. Билимкана түзүлгөндөн кароол болуп иштеген – Ажибай Абжапаров аксакал эле. Орогун колуна алып, күнү-түнү билимкананын төгөрөгүн ирээттеп, мугалимдерди чогулушка чакырып, түндөсү имаратты карап жатчу. Кемпири келип “бул чалдын айлыгы 4 сом, үйдөгү тиричилик көп болбосо да бар, шашылып ишке кетет. Күндө тамак алып келем” – деп күлүп калчу.

Ажибай ава үйүңүздөгү жумуштарды барып бүтүрүп, кемпириңиздин чайын ичип келбейсизби десем. “Мен бул жерден кете албай калганмын, алтымыштай окуучу башка айылдан келгендер, жатаканада жатышат, кечинде класстарга келип окушат. Мен болбосом коркуп калышат. Билимканачылар – менин жашоом, мен кыялданган акылдуу балдар ушулар. Бир саатка да чыдабаймын, чын сагынамын. Менин небере кызым чоңоюп, жетинчини бүтсө, билимканага өтсө деп тилеймин” дечү. “Ажибай ава, Сиздин кызыңызды билимканага өттү, институтка да өттү деп ойлой бериңиз, эс ала бериңиз” – десем. “Жок, бул бактылуу күндөрүмдө небере кызымдын жанында болом, институтка өткөндөн кийин эс алууга кетем” деп болбой койгон. Кызынын “Манас” университетине биринчилерден болуп өткөндүгүнө, стипендия алып окугандыгына сыймыктанып жүрдү деп айтышат.

Небере кызы Элиза Бишкектеги чоң газеталардын биринде эмгектенет деп угам. Келечекте белгилүү журналист, инсан болоору шексиз. Себеби, таятасы Ажибай аксакалдын тилектери ошондой эле да.

* * *

Билимкананы эң жакшы окуган окучулардын бири Сагынды атасы “баламды сага бала кылып бердим.Менин жалгыз уулум, өзүм комбайнермун, жашообуз бир аз кыйынчылыкта “ деп Көк -Жар айылынан келиптир.Сагын сиздин эле уулунуз боюнча калсын.Бирок, сиз айткандай окуйт, келечекте окумуштуу болот-дедим.Бош убактысында келип, Ажибай аксакалга кошулуп кароолчулук кылып кетчү.

Сагын сейсмология боюнча Япония, Австрия, Америка ж.б. өлкөлөрдө чыйралды, жаш окумуштуулардын катарын толуктап, келечекте жакшы илимий жетекчилерден болот деп ойлойбуз.

Эч ким Ташан тракторчунун баласы Токтосун чет өлкөлөргө барып, Жогорку окуу жайда окуйт деп ойлогон эмес болуш керек. Билимкананын эң дилгир окуучусу болуп, жакшы окуу жайга окууга өттү. Чет өлкөлөргө барды. Турмуштун кыйынчылыгына моюн сунбай, дагы аракет кылса балким, чоң жетекчи чыгып калышында шек жок.

Билимканада окуган ар бир окуучу келечектен чоң үмүтү бар инсан болуп чоңоёорунда шек жок. Ар бир билимканачы өз киндигин өзү кескен адамдардан болуп эсептелет. Колунда мүмкүнчүлүгү бар үй-бүлөлөрдөн болсо 20% окуучу бар. Төрт жыл билимканада тырышып окуган окуучу, бардык кыйынчылыктарга чыдоого, алдыга умтулууга, парасыз окууга өтүүгө даяр болот. Билимканада жаман окуу мүмкүн эмес. Себеби, “ат аттан калса кулагын кесет” дегендей, жакшы жарышуу, атаандашуу бар. Илимий жетекчилик окуучуларды динамикалык абалга алып келгенден кийин, мугалимдер улантып кетишет. Тамашалашып, мугалимдер өздөрүн “камикадзе” деп коюшат. Идея үчүн иштеген мугалимдер. Чарчашпайт. Эмгектери кайтаарына ар бири ишенишет.

## §8. УЛУУ КАРА СӨЗ ЧЕБЕРИ МУРЗА ГАПАРОВ БИЗДИН СЫЙМЫГЫБЫЗ

Мурза Гапаров агабызга Сиз окуган мектептин базасында билимкана тузүлүп, иштеп жатат, айылга барсаңыз кире келиңиз деп, өзүнүн “Жаңгак токоюнун жомоктору” деген “ширин” китебин магазинден алып келип, каалоолорун жаздырдым. Кийинчерээк китепти мага күлүп кайтарып берди, “атайын жолугушууга барып баарлашып, китепти бергенди унутуп калыпмын” деп, кечирим сурады. “Өтө таасирлендим” деди.

Ошол таасирлерден улам газетага чоң макаласы чыкты. Маанисинде мен чыгармачыл, таланттуу балдар үчүн лицей ачам, му-

галим кылып Байрондон баштап, көп классиктерди атап, республикадан бир дагы мугалим албайм, окуучулардын ой жүгүртүүсүн бузуп коёт деп кыялданат. Өзүң сабак бересиңби? – деген суроого, "жок, мен лицейдин кире беришинде окуучулардын бут кийимдерин тазалап, суктанып отурам" – деп өзүнө-өзү жооп берет.

Кара-Таш айлындагы адырлар аркылуу өткөн чыйыр жолдун боюндагы Ормотой шыбакчы, Туман зергер, Абдылда бешикчи, Жаныбек доктор досу прототип катары Мурза акенин китептеринде калды. "Көчө" деген Геннадий Базаров тарткан көркөм фильмде Кулатов тиктирген теректер, өрүкзарлар, "Беш-Бадам" мектебинин окуучулары, айылдын тургундары калыптанган жерде билимкана жайланышкан.

Ширин сөздүү Мурза аке "мен Гапар таттинин баласымын" деп сыймыктанчу. Кыйынчылык, тартыштык учурда көбүрөөк айлык алыңыз деп көмөк көрсөттүк, анчы-мынча чет өлкөлөргө баруусуна өбөлгө түздүк.

Билимканачылар бул аалым кишини сөзсүз изилдөөлөрү керек.

* * *

Бул көркөм фильмдеги Малика окуган мектепте билимкананын мугалимдеринин көпчүлүгү, анын ичинде билимкананын илимий жетекчиси да билим алган, мугалимдик эмгек жолун баштаган. Дүйнөлүк деңгээлдеги не бир шедеврлерди жараткан, акылынан нур тамган, окуяны сүрөттөөнүн, сөздүн, аңгеменин чебери, кино дүйнөсүнүн могиканы Геннадий Базаров тарткан бул фильмдеги каармандардын урпактары билимкананын окуучуларынын негизги бөлүгүн түзөт.

# §9. ЗЭЭНДҮҮ БАЛДАРДЫ МИЛЛИАРДЕР БОЛУУГА БАГЫТТООНУН БИР ЖОЛУ

Калкыбыз алты миллиондон ашпаган өлкөлөрдүн ички рыногу чектелүү болуп, оң бизнестин калыптануусуна жол табуу кыйынга турат.

Турмушка керектелүүчү буюмдарды өндүрүү эчактан ээленип, ал рынок эч кимди киргизбөөгө аракет кылат. Финансылык компаниялар, банктар биздей географиялык абалда, инфраструктурада өнүкпөгөн чөлкөмдө эч качан мегабанк, мегабизнес, мегакомпаниялар абалына келүүсү күмөн.

Дүйнөлүк рынок толук ээленип, чоң компаниялар үчүн ашыкча өндүрүлгөн товарларды сатуу чоң баш ооруга айланган. Ар бир сатып алуучуну ээлөө үчүн чоң талаш бар. Кээ бир монополист гиганттар өз товарларын сатуу үчүн согуш чыгарып жиберүүгө да даяр экендигин нефтиге бай араб өлкөлөрүндөгү бүгүнкү окуялар мисал болот.

Биз эң жогорку деңгээлдеги билимге, тажрыйбага ээ болуп, жогорку технологиялык өндүрүштөрдү ачсак да дүйнөлүк теңтайлашууга жараган өндүрүш, бизнес жаралуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албайбыз.

* * *

Бирок, биздей ар бир атуулдун дүйнөлүк деңгээлдеги билим алуусуна, чет тилдерди бешке үйрөнүүсүнө, өнөр өздоштүрүүгө, кыялданууга эя ким тоскоолдук кылбайт. Адамгерчилик, адилеттүүлүк сапаттарыбызды күчөтсөк эл аралык рынок өз кучагын ачаары шексиз.

Жаңы өнүгүп келе жаткан постсоветтик, Батыш Азия, Африка, Араб өлкөлөрү жаңы технологиялар, байланыштар, интернет дүйнөсүнө сүңгүп кирүүдөн башка жолу жок. Миллиондогон мекемелер, ишканалар, банктар, өндүрүштөр, соода-сатык, маданий тармактары электрондук технологияларсыз иштей албай калды.

Программистерге, анын ичинен жогорку даражадагы программистерге дүйнө жүзү муктаж.

Эгерде биздин мигранттар эч болбогондо жөнөкөй программисттик өнөрү болуп, компьютерде комуз черткендей, же кара жорго бийлегендей иштей алышканда көчө шыпырбай, суукта оор кызматтарды аткарып, акыр-чикир тазалап кемсинбей турмуштарын кескин оңдоп, күтүлбөгөн кырсыктардан алыс болушат эле. Жакшы программисттин кайсыл өлкөдө болбосун ишкана ээсинин деңгээлиндеги айлык акысы, муктажсыз өз үйүндө жашоо сүрөөрү ачык.

* * *

Улан-кыздарды мындай программист болууга багыттоо ар бир ата-эненин, мектептин колунан келет. Мектеп курсун бешке (чыныгы) окуп, математика, информатика сабактарын өзгөчө өздөштүрүүсү жетиштүү. Бул баштапкы ийгилик баланын эмгекчил, адептүү болуусуна уютку болуп, жөлөксүз окууга өтүүгө жол ачат. Мектеп жашынан баштап интернет аркылуу программисттерди даярдаган окууларга, конкурстарга катышып, ар түрдүү алгоритмдерди түзүп, программа жазганга үйрөнүп алса болот. Студент болгондо өзүн-өзү багып, татаал долбоорлорго аттанып, жарыштарга катышып, программист катары керектөөчүлөргө катыша баштайт. Олуттуу келишимдер менен тез эле чоң акчага ээ болуу мүмкүнчүлүгү ачылат.

* * *

Дүйнөдөгү эң бай Майкрософттун ээси Билл Гейц да мектеп жашында алгачкы миллионун аскер өндүрүштүк ишкананын берген тапшырмасынын математикалык алгоритмин түзүп, компьютердик программасын иштеп чыгып берген. Аз эле убакытта Майкрософт компаниясын түзүп, эң жаш миллиардерлердин катарына кирип, акыркы отуз жылдан бери дүйнөдөгү эң бай адамдардын тизмесинин башында келе жатат. Биздин балдардын ал кишиден эмнеси кем?

## §10. ЭЛ ЖҮГҮН КӨТӨРҮҮЧҮ АДАМ ОҢОЙ ЭЛЕ ЖАРАЛЫП КАЛБАЙТ

Идиреги бар адам жаштайынан эмгекчил болуп, китепти көп окуп, илим-билимге жана керектүү кесип алганга ынтызар, жакындарына күйүмчүл, башкалардан артта калбаган жашоо-шартын түзүүнү кыялданган, ар түрдүү ыңгайлыктарды ойлоп таап, аларды жүзөгө ашырган инсан. Ал коомдун жыргалчылыгы түзүлгөндө гана жакындарынын бактылуу жашоосу болоорун түшүнүшөт.

Эл жүгүн көтөргөнгө далалат кылган адам эң алгач ата-энесине, өз жакындарына, тууган-уруктарына, өзү жашаган көчөсүнө, айылына, районуна, чөлкөмүнө ак кызмат кылганга үйрөнгөндөн кийин гана жалпы коомго, мамлекетке кызмат кылууга жол ачыла баштайт.

Үйдөн, мектептен, окуу жайлардан эң алдыңкы, өзгөчө билимге ээ болуп, илим-билимин тереңдетип, адамзат баалуулуктарын окуп-үйрөнүп, таалим-тарбиялуу инсанга айланып, татаал өнөрлөрдүн устаты, элге-коомго прогрессивдүү жол көрсөткөнгө жетиштүү тажрыйба топтогонго аны чөлкөмдөгү калк дарыясы дүйнө деңиз-океандарына алып чыгып, такшалтат. Аалам акылмандарынын осуяттарын окуганга, үйрөнгөнгө, таасирленгенге жол ачылат. Дүйнө жүзүндөгү эл жүгүн көтөрөмүн деген инсандардын аракеттерин таанып, тажрыйбага ээ боло баштайт. Чарчоо, жалкоолук, уйкучулдук, алдамчылык, тарбиясыздык, паракорчулук, таза эмес байлыкты топтоо жана колдонуу, ата-энеге акаарат келтирүү ж.б. терс көрүнүштөр келишпес душманына айланат.

* * *

Ошентип, бүгүнкү күнү жалпы адамзат баалуулуктарга тебеленип, салт-санааларга жарака кетип, жоопкерсиздик өрчүп турган кезде, мындай эл жүгүн көтөрүүчү адамдар тышкы жаман таасирлерден эркин болуп – өз күчтөрүнө, билимине, тажрыйбасына

ишенип, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүү болот, эч бир күчтөр аларды адамзат баалуулуктарына кылган кызматтарынан четтете албайт.

Алардын бардык иштери жана аракеттери жүзөгө ашпаса да бул жакшылык кызматтардан үмүтүн үзүшпөйт, алга карай умтула беришет. Эң кыйын жагдайларда да алдыга коюлган пландарды чечүү үчүн жаңы жолдорду издеп, бул дүйнөнү талаш-тартыш менен таарынычтын эмес, биримдиктин, сабырдуулуктун орду, сыноолордун дүйнөсү деп эсептешет. Жамандыктарды, таарынычтарды, ар түрдүү кырсыктарды жакшылыктан үмүтүн үзбөй көтөрүшөт. Мындай адамдар эч кимдин укугун бузбайт, эң кыйын жагдайларда дагы оор басырыктуулугун, акыл-эстүүлүгүн сактап, адамзатка кызмат кылуусун уланта беришет. Жамандык кылуу начар адамдардын мүнөзү экендигин билип, кең пейилдүүлүк менен жакшылык кылуу жообун туура көрүшөт.

Максаттарын бөлүшкөн инсандар адашып калышса, аларды ара жолдо таштабай, оңтойсуз абалга калтырбай, адептүүлүктү сактап, каталарын ашкерлебей, тескерисинче, туура эмес кылык-жоруктарга күбө болгондуктары үчүн ыңгайсызданып, өздөрүнүн катасындай өкүнүшөт.

Алар терең акыл-эс жана билим, илимий ачылыштарды жана акылмандыкты баалоо сапаттарына ээ болуп эле калбастан, өз билимин жана акыл-эсин, ийгиликтерин жогорулатуунун үстүндө дайыма иштешет, заманбап технологияларды пайдаланат. Өзүнүн салттык жана руханий байлыктарын барктап, жөнөкөйлүктүн үлгүсү, сабырдуу, ич күйдүлүк жок кызмат кылышат.

Жогорку идеалдарды туткан адамдарды жакын тутуп, туура жолдо тургандар менен чын жүрөктөн ынак мамиледе болуп, алар менен биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга, кызматташууга даяр. Бир жолдо бара жаткандар менен атаандашпайт, ич күйдүлүк кылбайт. Башкалардын пикирин, көз карашын, шыгын, иштерин урматтоо менен бирге, алар бүтүрө албаган иштердин аягына чыгышат.

Алар башкалардын катачылыктарына, кемчиликтерине кызыгышпайт, жаман мамиле кылгандарга жылмаюу, кечиримдүүлүк

менен жооп кайтарышат, башкалар канчалык жүрөгүн оорутуп жатышса да аларды таарынтышпайт, көңүлүн оорутушпайт. Адамзатка кызмат кылууда башкаларды көбүрөөк татыктуу жана ийгиликтүү деп эсептешип, алардын ийгилигин өздөрү жасагандай кубанышат.

Башкалардын бактысы үчүн өз бактысынан чегинип, акысына эч нерсе сурабайт. Даңкка умтулушпайт, тескерисинче, аларды алкабай унутуп калуусун туура дешет. Кыялдары – жер жүзүндө чындык менен адилеттүүлүктүн салтанаты орносо.

* * *

Алар ар дайым өнүгүү абалында болушат, жакшылыкты коргошот, жамандык менен күрөшүп, жеңип чыгышат жана башкаларды да бул багытка ишендиришет, чындыктын өзүнө кызмат кылышат жана улуту, же өңүнө карап бөлүшпөйт. Өз жакындарынын жүрөгү жана ойлоруна бул идеяларды сиңиртишип, бактылуу келечекке жетүүгө жол ачышат. Мындай инсандар өзүң, адамзатты жана ааламды таанууга кеткен убакыттан башка убакытты бошко кетти деп эсептешет.

Бул кыска макалада жогоруда биз атаган ойчулдардын айрым бир пикирлерин жүрөгүбүздөн өткөрүп, иш-тажрыйбабызда башыбыздан өткөн, күнү-түнү эңсеп, суусап жүргөн ойлорубузду, кыялдарбызды окурманга сундук. Улуу, ыйык ойлорго, максаттарды ишке ашырууга чын дилден катышып, болор-болбос ийгиликтерибиз бизди шыктандырып, Сиздер менен бөлүшүүгө шашылдык. Жер жүзүндө жашагандардын ар биринин элдин жүгүн көтөрүүчүлөрдү бапестеп өстүрүүгө кандайдыр бир деңгээлде катышы бар. Себеби, алар бизге, айрыкча эгемендүүлүк заманыбызда өлкөбүздүн тезирээк өнүгүүсүнө таза абадай жана суудай эле муктаждык бар.

Белгиленген сапаттар өтө идеалдуу болуп көрүнүп, мындай сапаттарга ээ болгон инсандарды даярдалуусу мүмкүн эместей сезилсе, таң калбаңыз. Себеби, адамзат жаралгандан бери карай мындай

адамдарга муктаж болуп келе жатат. Айрыкча, азыркы доордо, биздин өлкөнүн шартында идеалдуу адамдар гана калктын эңсеген, суусаган, зарлаган ой-тилектерин жүзөгө ашырууга шарт түзө алышат. Ошондуктан, идеал адамдардын болуусун көпчүлүк эл колдойт, аларга үмүт артуу менен зарыгып күтөт, аларды ээрчүүгө даяр. Таза, чындык жашоону Улуу сагыныч менен зарыгып күтүүсү – элдердин сөзүнөн, көз карашынан сезилип турат. Калыссыздык, жалган аралашкан саясат, эптеп күн өткөргөн, бечара, билимсиз, тажрыйбасыз айрым жетекчилер көпчүлүктү чарчата баштады. Карышкырдан качып бурчка кептелген коёндой калчылдап, жашоосу бүтүп бара жаткандай, жалдыраган абалды элестеткен тагдырлар, мисалдар гезит беттеринде, теледе айтыла баштады.

* * *

Инвестор алып келип өндүрүштөрдү ачабыз, экологиялык таза өндүрүлгөн эгин, эт, жашылча-жемиштерди сыртка сактаганга шарт түзөбүз деген убадалар жергиликтүү жетекчилердин каалоосу боюнча калып, ал жетекчиден кийинкиси деле ушул сөздөрдү кайталайт. Саясатчылардын бул маселелер боюнча убадаларды да жомок сыяктуу ар бир беш жылда кайталанат, эл муюп угат, кол чабат, баары унутулат.

Жөн эле асмандан түшкөн инвестиция, акча жок, болушу да мүмкүн эмес. Инвестор акчасын пайда ала турган өндүрүшкө, жолго, соода-сатыкка жумшайт. Акча ээсинин акылы ордунда болгондуктан, сезимге берилбейт. Толук шарты бар дааратканасы (туалети) жок жерге эч качан каржы, инвестиция салбайт. Даараткананы да инвестор куруп береби деп таң калышат. Инвестор толук инфраструктуралар түзүлмөйүнчө биз менен иш кылбайт. Саясатчыбыз деп эле кайра-кайра элди ишендире (алдай) бергенден өлкөбүз өнүкпөйт. Убакыт өтүп жатат, кийинки муун эмне дейт?

Мамлекет өз кепилдиги менен чоң долбоорлорго (жол, аэропорт, энергетика ж.б.) өкмөт инвестиция тартышы мүмкүн. Инвестор ал акчаны тыйынына чейин, үстөк пайызы менен келишимге

ылайык өкмөттөн төлөтүп алат. Өкмөт элден, ишкерлерден салык (төлөмдөр) түрүндө кайтарып алат.

* * *

Демек, инвестициянын алгачкы булагы болуп элибиздин ишке жарамдуу бөлүгү эсептелет. Мигранттарыбыз кыйналып-кысталып каражат таап үйлөрдү, соода түйүндөрүн ж.б. мүлктөрдү сатып ала баштады. Бул акчалар өлкөбүздө курулуш бизнесинин дүркүрөп өсүүсүнө алып келди. Мигранттарыбыздын мындай инвестициясы көпчүлүк ишкерлерибиздин өнүгүүсүнө жол ачты.

Эгемендүүлүктүн чейрек кылымында айыл жерлеринде инвесторлор тарабынан эмнелер курулуп, кандай өндүрүш тармактары түзүлдү? Дээрлик “жок” деген жооп алабыз. Баягы эле өзүбүз жамандаган мамлекеттик программалар алкагында “Таза суу”, “XXI кылымдын кадрлары” сыяктуу демилгелер менен көпчүлүк айылдарда суу түтүктөрү жаңыланып, алгачкы окуучулар чет өлкөгө окууга жөнөтүлдү, мектептер, спорт аянтчалар курулуп, же жаңылана баштады. Мамлекетибиз байыган сайын мындай инвестициялар күчөйт.

Мигранттар, ийгиликтүү ишкерлерибиз өздөрүнүн, ата-энелеринин үйлөрүн оңдоп, чарбаларын жандандырып, жаңылоону улантышууда. Бир канча мектеп, спорт аянтчалар, компьютерлер, эмеректерди жаңылоону колго алган адамдар көбөйүүдө. Соода түйүндөрү, өндүрүштөр түптөлө баштады. Ушундай элдин жүгүн көтөргөн өзүбүздүн атуулдарыбыз – негизги, түбөлүктүү, акы сурабаган инвесторлорубуз!

* * *

Сырткы акчалуулар соопчулук үчүн мечиттерибизди оңдоп, же жаңы салып берип, бир канча көпүрө, мектеп ж.б. оңдогон жакшы демилгелер ишке ашууда десем болот. Мындай кайтарымсыз ин-

вестициялардын (соопчулук) көлөмү чектелүү, бүт аймактарды эч качан камтыбайт. Негизинен семинарлар, кыска мөөнөттүү окуулар, кеңештер, тегерек столдор каржыланган инвестициялардын теориялык мааниси көбүрөөк болуп, натыйжасы оң, же терс болоору көп жылдан кийин билинет.

## §11. МОЛЛО ТААБАЛДЫ ОРТО АЗИЯГА ТААНЫЛГАН ААЛЫМ БОЛГОН

18-19 – кылымдарда Кыргызстан аймагындагы таасирдүү ислам аалымдарынын бири болуп эсептелген Молло Таабалды биздин айылда төрөлгөн. Тоо арасында жашаган элдин сабатын жоюу багытындагы иштер Кокон хандыгынын таасиринде жүргүзүлө баштаган. Айрыкча Оштогу Алымбек датканы медресесинин таасири менен алыскы кыштактарда да араб тамгаларын үйрөтүү иштери жанданып, ажылык сапарлар уюшкандыкта жүргүзүлө баштаган. Ошол учурларда Токо ажы, Имарали ажы (18-кылымда) башында турган ондогон жердештерибиз ажылык парзын кантип аткаргандыктары жөнүндө өтө кызыктуу уламыштар айтылчу.

Аксакалдардын эскерүүсүндө Көтөрмө арыктын шаңдуу жерине кичинекей мечитти курууга Мамайсуп чал элди уюштуруп торсундарына талдарын кесип берген. Аталаш иниси Мамрасулду балдарды арабча окуган –жазганды туура эмес үйрөтүп жатасың деп (өзү билбей туруп) таягы менен коркутуп отураар эле дешет.

Совет мамлекетинин кулака тартуу, эскичиликти (динди) жок кылуу саясаты бул аракеттерди биротоло солгундаткан.

Алгачкылардан болуп кулака таштактык Муса аксакал (Абдрашит классташыбыздын чоң атасы) тартылат. Жаш комсомол Жолболду Эрматов бүгүн түнү молдолорду камашат деп жашыруун кабарды Мамайсуп чалга жеткирет. Хужрада сабак өтүп жаткан Мамрасул таксыр кудайдын айтканыдай болот деп качпай колго түшүп берет. Акамдын дааратына суу даярдап беремин деп жаңы үйлөнгөн үкасы Иса кошо камалат. Мамрасул аксакал классташыбыз Мөтөрдүн чоң атасы болгон.

Түрмөдө камалгандарга бышпаган арпа нан берилет. Талаатүздө көп жүргөн Муса аксакал мындай нандан бир аз гана жемиш болуп, калганын беките берет. Бөйрөк-боорду тез эле иштен чыгарып, ичти көптүрүп адамды жок кылаарын эскерткенине карабай камалгандардын көпчүлүгү набыт болот. Жалгыз Муса аксакалдын ичи көпкөндөн салаңдап, чала жан ахвалда үйүнө бошотулат. Ошентип, "Муса-чанач" атын алса да балдарынын жанына кайтып келип, узун өмүр сүргөнүн билебиз. Бул окуяларды Мусаев Кадырбек аксакалдан азыр деле тактаса болот.

Молло Таабалдыны Мамайсуп чал малканасына бекитип түнү менен Кара Коктуну жөө аштырып Араван тараптагы өзүнүн кайын журту Маңгытка алып барууну уюштурат. Маңгытка "Бай киши" тобунун кичинекей мечитине имамдык кылат. Колхоздун конторасына тартып алынган атамдын таятасы "Өмүрзак байдын" үйүнөн өрлөп кеткен чоң дарыянын чыгыш жагындагы конушка үй тургузушуп, аксакалдар үйлөп коюшкандыгы сөз кылынчу. Өмүрзак бай өз үйүн 1870-жылы Кашкардан тыныке алдырып, устаны Казань шаарынан чакырып, контромарка печкалуу курдуруптур. Түштүктө Совет өкмөтү эң биринчи кулака тартып жок кылынгандардын башында Өмүрзак бай, анын жакындары болуптур. Өмүрзак байдын эң кенже (эрке) Жамбы кызы Жапалактагы тагалары тараптан Мамайсупка турмушка берилет. Атам Шеран Мамайсуптун алтымыш алтысында көргөн уулу экен.

Молдолорду куугунтоо бир аз тынчыгандан кийин Молло Таабалды Аравандын Төбө –Коргон тарабына имамдыка которулгандыгы айтылат.

Тез эле бул кыйынчылыктар унутула баштап өзүнүн аалымдык сапаттары менен элге, мамлекетке жагып эки жолу ажыга барып келүүсүнө өкмөт уруксат берген. Өлкөбүздүн, элдин эң кыйналган жылдары керектүү фетваларды чыгарып, көптөгөн түшүнүксүздүктөрдү чечүүгө салым кошкондугу менен белгилүү жана касиеттүү инсанга айланган.

Сузак шаарында жүздүн кырына чыгып калган Зухридин кары менен ноокаттык экенимди билип, "Молло Тапыпалды Фергана өрөөнүндөгү белгилүү аалымдардын бири болгондугун чыгарган фетвала-

рынан билебиз” деп 2002-жылы айтканы эсимде. Зухридин карынын уулу Гупрадин ажы Сузактагы аалымдардын бири. Орто Азиянын булуң-бурчтарындагы таанымал ырчылар, кызматчылар убагы менен жашыруун келишип “дува” алып кеткендерин угуп жүрчүмүн. Мен жолуккан күнү Шералы Жураев келип кеткендигин уктум.

Молло Таабалдыга да бир жолугуп дувасын алып кетүүгө миңдеген адамдардын келгендиги белгилүү. Молло Таабалды дүйнө салганда эки жерде (райбордордо жана Кара-Таш айлында) жай даярдалып, талаш болгону көп нерсени түшүндүрөт. Райборбордо жашаган карапайым эл жалооруп суранышканда ажынын чоң балдары аргасыздан макул болушкан Молло ажынын аталаш эң ишеничтүү иниси Аман Тешебаев (Аиста классташыбыздын атасы) макул болбой, тажияны туулган жеринде өткөртөт. Атамдын айтуусу боюнча, Аман аксакалга ажыбыз мурда эле өз чечимин айткан экен. Жүздөн ашып жашаган Молло атабыз элдин, журттун (улутуна карабай) жөлөгү, сүйүүсү болгондугу - мамлекетбиздин түптөлүүсүнө да чоң жардам болгондугу шексиз.

Совет заманында Совминдин алдындагы дин маселелерин тейлеген Алапаев аксакал Молло Таабалдынын чыгарган фетвалардын топтомун архивден алып бере албады. Элге – журтка таркаган, мамлекеттин саясатына каршы келбеген бул ааламдын фетвалар (чечимдер) топтомун шакирттери, небере – чеберелери жыйнайт деген үмүттөбүз.

Совет заманында биздин айылда ондун төгөрөгүндө кичинекей мечиттер бар болчу. Азыр деле мечиттердин саны өзгөрбөгөн менен заманбап мечиттер, медреселер курулду. 1950-жылдардан кийин биздин айылда дин көп куугунтукка учурабаганына да ушул аалым, анын окуучулары себепчи.

Атам Молло Таабалды менен жолугушууларынын биринде өткөн-кеткендерди сөз кылып, “эң кыйын учурда Мамайсуп чал мени сактап калды, мен өмүр бою унутпайм” деп жашып кеткендигин атам бизге кичинебизде айтканы эсимде. Дайым катташып жүрүштү. Касым ажынын апасы атама уруулаш тууган болгондуктан, апамды келиним дегенинен уялып “Сиз менин жакын чоң энемсиз” деп айтып жүрөт.

Атам Касым ажынын группасы менен 1998-жылы ажыга барып келди. Автобустун орундуктарын алып салып төшөктөрдү гөлдөлөң төшөп, очок-казан, өзгөн гүрүч, флягалардагы куурулган эт камдатып, Өзбекстан, Түркменистан, Иран, Ирак, Түркия, Сирия, Иордания, Сауд Аравиясы мамлекеттерин аралатып, сыйын көрсөтүп, тилмечтигине тан берип Касым ажыны алкоо менен жүрдү. Билимкананы силерге эң туура ачтырган экенмин – билимдүү, өнөрлүү, адамгерчиликтүү, англис ж.б. чет тилдерди билген жаштар гана өлкөбүздүн атын чыгара алгыдай.

Биз да инибиз Касым ажыны өлкөбүздүн уламаларынын алдыңкы орунда экенин, Батыш өлкөлөрүн, анын ичинде Американы түрө кыдыруусуна, жети дубаныбыздагы диний аалымдар жолугушууларга жетекчилик кылууларына көмөк көргөздүк. Пази эжебиздин Насиба кызы билимкананы жетектөөгө, Сабра кызынын уулу Равшандын муфтиятта иштөөсүнө акылыбызды коштук. Бектуруш акыныбызды эл аралык басылманы уюштурууга катыштырууга аракет кылдык.

Ондогон аалымдар чыккан бул мечиттин акыркы таанымалдары – Токо ажынын небереси Молло Ысман Орто Азияда ислам мамлекетин негиздейм деп жүрүп согушта жок болгон. Куугунтуктан миңдей диний китептеринин бир бөлүгү мүрзөлөргө көмүлүнүп жок болгон, билген адамдар окуса сооп болот деген сөздөн улам бул китептердин эң баалууларын жакын тууганы Молло Таабалдыга берилгендиги айтылат. Ал китептердин арасында 16-17-кылымдарда алып келинген айтылуу Токо ажынын китептери да болгон деп укканыбыз бар. Молло Ысман менен бирге таалим алган Молло Сатыбайдын балдары азыр имамчылык кылышат.

Бул биздин айыл үчүн тарыхый орду бар Көтөрмө арыгынын боюндагы мечит эл журттун жардамы менен Сулайман ажы, Шеран ажылар тарабынан бүт шарты менен кайра курулду. Мамрасул молдо камалганда акамдын тааратына суу даярдап берем деп жаңы үйлөнгөн Исанын окуясын уккан араб диндештирибиз да курулушка материалдарды алып беришип, усталарга ыраазычылык билгизгенин (2002-жылы) укканыбыз бар. Иса молдо түрмөдө жок болгондо төрөлгөн Мамат ажы өмүр бою эл кызматында – малчылык – жылкычылык менен тоолордо жашоосун өткөрдү.

# §12. БИЗДИН АЙЫЛДАН ЧЫККАН МОНТО КРИСТО ГРАФТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

(Адил, Митал ж.б.)

Дүйнөнүн кайсыл жерине барба ал жердин өзгөчө адамдары болот. Биздин айылдын да аңыз кеп болгон табышмактуу, авантюристтей көрүнгөн айрыкча өспүрүмдөр суктанган Робинзон Крузо, граф Монто Кристо сымал адамдары болгон, боло бермекчи.

Мындай адамдар бирөөлөргө жардам берүүнү өзүнө милдет кылып алып акысын, жообун күтүшпөйт. Бүгүнкү күндө оозунан чыккан желдин акысын күткөн адамдарга алар эч түшүнүксүз бойдон кала бермекчи.

Адил Мураталиев деңиз флотунда үч жыл кызмат өтөп азыркыча айтканда, биздин чөлкөмдөн чыккан алгачкы кара курдуу каратэ чебери деп айтылат. Ош désinstitутунун баш электриги болгондуктан, иш бөлмөсү биздин айылдыктардын офиси (үйү)катарында сезилчү. Токтогул паркынын ичиндеги ботсаддын үйүндө турчу. Шаарга ким иштегенди каалаcа ушул үйдө эч сурабастан эле түнөп, андан кийин Адил ака ишке жайлаштыраар эле.

Акпарали Айтиевди ботсадка кароол кылып орноштуруп өзү жашаган үйүн өткөрүп берген. Акпарали ака институттун кадырлуу кызматкериге айланды. Бир уулу Ош шаардык кеңешке депутат, борбордук стадиондун мүдүрү, коомдук ишмер. Бир уулу таанымал ырчы-куудул.

Кочкорбай Имаров институтта сырттан окуп жүрүп баш кампачылык кызматта жүргөндүгүн себепчиси да Адил ака.Студенттердин баары сурабастан институттагы иш (жашоо) бөлмөсүнө кирип курсагыбызды бекер тойгузуп чыкчу жерибиз. Аялы Монус Шерматова айтылуу Кулатовдун бир тууган тагасы Мамыт аксакалдын небереси.

Жолдошбай Пранов институттун ага фельдшери – институттун студенттерин айыл чарба жумушунан алып калчуу, окуудан ай-

датпачу справкаларды берчү адам. Бул таасирдүү кызматка сунуш кылган, жайлаштырган баягы эле Адил ака.

Айылдан келген канчалаган жигиттерди өнөрлүү кылчу окууларга жетелеп барып эле жайлаштырып койчу деп айтып жүрүшөт. Абдыганы Жолболдуев, Жусубалы Маманов сыяктуу өрттөй (чоктой) адамдарга жол көргөзгөндөн танбаган баягы эле Адил ака.

Адил аканын оң колу эч нерседен кайтпаган Митал Акботоев эле. Бул экөө биздин айылдыктардын Ошто чечилбеген маселелерин эч акысыз, милдет катары бүтүрүшчү. Бул эки адам кээде Ноокаттын борборун аралап, бузуку балдарды биздин айылдыктарга тийбей турган кылып кетишээр эле. Ошто бизге эч кимди тийгизе койбой сурап турушаар эле.

## §13. АСАНАЛИЕВА АЙНУР ОМУШЕВНА,

Калинин атындагы жети жылдык мектебинин директору (1959-1965-ж)

## ӨМҮШ АГАЙ ЖӨНҮНДӨ

Асаналиев Өмүш 1933- жылдын аяк оона айынын 23үндө Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Шалба (азыр Тилекмат) айылында төрөлгөн. 1942-жылы Аң-Өстөн айылындагы мектепке кирет. 1952- жылы мектепти бүткөндөн кийин Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна физика-математика факультетине кирет. Ошол кезде атамдын эжеси Бакчиева Апиза Арыковна Араван районунда райкомдун секретары, райисполкомдун председатели болуп иштейт. Атамдын түштүктөн жогорку билим алышына ошол эже түрткү болгон. Дегеле биздин үй-бүлө Ош менен дайыма ар тараптуу байланышта болуп турган. Атамдын эжеси Керезган эже Алай районунун Гүлчө айылына турмушка чыгат. Жезде Тиллаев Масадык көп жыл бою кызматта иштеген киши болот.

Атам 1956-жылы окуусун ийгиликтүү аяктаган соң, эмгек жолун Ноокат районундагы Правда орто мектебинде мугалим болуп баштайт.

1960 – 1963- жылдары Калинин, Карл Маркс орто мектептеринде үзүрлүү эмгектенет.

Апам Келгенбаева Гүлмайрам 1935-жылы 19 – январында Ысык-Көл областынын Ак-Суу районуна караштуу Сары-Камыш айылында туулган. Кичинесинен билимге умтулган, абдан зээндүү кыз болгон. Кыргыз мамлекеттин аялдар педагогикалык институтун бүтүргөндөн кийин Ошко жолдомо алат. Атам абдан иштүү аял эле, Шалбада ар бир үйдө апам ойгон оюу шырдактар болоор эле.

Бүгүнкү күндө биз 6 бир тууганбыз, ата-энебиз өзүлөрү билимдүү кишилер болгондуктан, балдарынын баарына жогорку билим алуусуна шарт түзүшкөн. Улуу агам Мурат политехника институтун бүтүргөн, эжем Айгүл – мугалим, 2 агам Муктар – фермер, синдим Гульнур азыр алыскы кытай кыргыз чек арасында Ак-Шыйрак айылында мугалим болуп иштеп жүрөт, иним Бакыт университеттин мехмат факультетин бүтүргөн. Мен да мугаліммин. Ата-энемдин жолун жолдоп, орус тилчи болуп иштедим.

Биз кичинекей кезибизде ата-энебиз оштук туугандар менен тынбай байланышып тураар эле.

Кыргызда “Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн” деген сөз бекеринен эмес экен да. Мен жалпы бир туугандарымдын атынан атамды эстеп, балдары менен тыгыз байланышта болуп жүргөн Өмүрзак агайга терең ыраазычылык билдирем. Атам жөнүндө, апам жөнүндө айтып отурсак көп сөз. Ажал баарынан улук экен, ата-энем баарыбызды чоңойтуп, үйлөп-жайлап коюп, чайыбызды ичээр кезде эрте эле кете беришти. Ажал улук турбайбы, апам 60 жашка чыгып 1995-жылы, атам 68 жашка чыгып, 2001-жылы бул дүйнө менен кош айтышты. Азыркы күндө 6 уул кыздары, 19 небереси, 9 чөбөрөсү бар. Сиздерге урматым менен – Усубалиева Айнур Өмүшевна.

**08.06.2019-ж.**

# §14. ТИЛ БИЛСЕҢ – ДИЛ БИЛЕСИҢ

**Толкунбек ТУРДУБАЕВ, журналист**

Артыбызга кылчактап, элибиздин тарыхына көз чаптырганыбызда, эмнегедир эң мурда тээ алмуздак замандардагы окуяларга кайрылабыз. Бирок, менимче, ар бир инсанга эзелки доорлордо калып кеткен эмес, анын өзүнө, үй-бүлөсү менен эң жакын кишилерине кымбат болгон жагдайлар маанилүү. Биздин жаңы соңку тарыхыбыз дээрлик кылымдын үч чейрек аралыгында өмүр сүрүп келген советтик мамлекеттин тарыхына тыгыз байланыштуу.

Биз көптөгөн кылымдар бою улуу ата-бабаларыбыздын баатырлыгын жүйөлүү даңазалап келебиз. Ошол эле учурда болгону жүз жыл мурда кырылып, жок болуу алдында турган кыргыз элинин шордуу тагдыры дал ошол совет доорунда оң жагына бурулгандыгын эч ким жокко чыгара албайт. Кыргыздар эл катары сакталып, жаңы замандагы мамлекеттүүлүгү түптөлүп калышына орус падышасы кулатылып, СССР деп аталган жаңы мамлекет негизделиши себеп болгону – бул турмуш акыйкаты, кашкайган чындык.

Жалпы Кыргызстанда, анын ичинде өлкө түштүгүндө түздөнтүз орус тилдүү жана ал аркылуу Европага мүнөздүү маданияттын орноп калышы зор мааниге ээ десек бул аша чапкандык болбос. Мындай маданият эң оболу ошол кездеги агартуу, билим берүү мекемелери, алардын негизин түзгөн мектептер аркылуу жайылтылып келген эле. Ошол агартуучулар арасында менин апам, Кыргызстандын бермети болгон Ысык-Көлдүн жээгиндеги Пржевальск шаарындагы педагогикалык окуу жайынын бүтүрүүчүсү Халинса Абдуллаевна Байханова да бар эле. 1952-жылы Ноокат районунун борбору Эски-Ноокат айылына келип, райондун мектептеринде башталгыч класстардагы жана тестиер балдарды окутуп, кыргыз жана орус тилдеринде сабак берген. Элеси жаркын апам өз ишине канчалык жоопкер, жигердүү мамиле кылганы ушул күнгө чейин даана эсимде. Биз, алты уул-кыз, апам биротоло эртеңки сабактарына түн жарымга чейин даярдыгын бүтүрмөйүнчө, уйкуга кет-

пейт элек. Кенжетай карындаштарым “Апам кампект (конспект) жазып жатат, бүткөндө гана мен жатам!” - деп, орду-ордунда уктап калышар эле. Менин ини-карындаштарым негизинен орус тилиндеги мектептерде билим алышкан. Ошону менен бирге кыргызча окугандар да биздин үй-бүлөдө орус тилинде азыркга чейин жакшы сүйлөшөт. Балким, кыргыз жана орус тилдери менен маданиятын бирдей өздөштүрүп, сиңирип алгандыктанбы, айтор, биз үчүн мамлекеттик жана ырасмий тилдерин макамына тийиштүү курч мүнөздүү жарыш сөздөр жүргөн жок. Ал турсун, мен тестиер чагымда орус тилине көбүрөөк ооп, кыргызча анча сүйлөбөй бара жатканымда, орус тилден сабак берип жүргөн апакем мени эч бир жемелебей эле, ошол кезде кыргызчага которулган “Индонезия эл жомоктору” деген китепти алдыма коюп койду. Көрсө, мени ошентип кызыктырган экен. Эки күн мектепке да барбастан, бак –дарактын арасында жашынып жүрүп, ал китепти катарынан үч жолу окуп чыктым да, ошондон кийин кыргыз тили кайрадан аң-сезимге сиңип калды ...

Өз апабыздан тышкары, ошол кезде Ноокат жергесиндеги азыркыдан бир кыйла көп болгон орус тилдүү агартуучулар, башка чөйрөлөрдөгү адистер орус тили менен улуу орус маданиятына бизди да, башкаларды да тартып-катыштырган. Ошондой сейрек учураган, деги эле менин эмгек жолум менен жалпы өмүрүмдө терең из калтырган инсандардын бири-көп жылдар бою Эски-Ноокаттагы Н.К.Крупская атындагы орто мектепте эмгектенген орус тил жана адабият мугалими Валентина Константиновна Караибрагимова. Алыскы Украинанын Николаев шаарында туулуп-өсүп, институтту бүтүргөн соң кыргыз жергесине келип, сөздүн түпкү маанисинде өзүнүн кесиптик жана инсандык ыйык озуйпасын аткарган деп дал ушул эжекемди айта аламын. Математика менен айрым башка так илимдер жаатында менин билимим эки тарапка тең аксап, ошол предметтерден сабак берген башка мугалимдер мени негиздүү да, негизсиз да жамандап жаткан учурларда эжекем мени алардын алдында тынбай жактап жүрчү. Өз кесибине, кылган күнүмдүк ишине берилгендиги боюнча Валентина Константиновна – ар бир кишиге өрнөк-үлгү болчу инсан, өз ишинин устаты. Ал

киши, кээ бир мугалим аттуулардай, окуучуларды “бул жакшы, а тигиниси жек көрөм” деп , эки жаат кылып бөлчү эмес эле. Анын ар бир сабагы, адабий каармандар, чыгармалар жөнүндө айтып бергендери – азырга чейин менин турмушумдагы эң кызыктуу ачылыштар бойдон калган.

Турмуш жагдайларынан улам Валентина Константиновна күйөөсү Сулейман Бекташевич (ал киши дагы көп жылдар бою мектепте иштеген тажрыйбалуу мугалим) менен бир нече жыл мурда Украинага көчүп кетишкен. Азыр алар эс алууда. Бирок, экөөнүн тең жүрөгү Кыргызстанда калып кеткен, сыягы. Мен алар менен скайп аркылуу байланышканымда, Сулайман агай: “ Толкун, кыргызча сүйлөшөлүчү!” – деп өтүнүп калат.

Мен окуп бүтүргөн Крупская атындагы орто мектептин мугалими жана жетекчиси, маркум Инна Леонидовна Мардерфельд эле. Ал киши директор болсо да, жупуну жүрүп, ал турсун күздө мектеп окуучуларын пахта теримге алып барганда, окуучулар менен бирге пахта терип жүрөт эле. Мындай ишке ыгым да, шыгым да жок мага пахтакердик эмгек тозоктун өзүндөй эле көрүнөт болчу. Бирок, Инна Леонидовна пахта талаасын мени менен бирге кыдырып, түшүмдү жыйнай турган этекти менден алда канча ыкчамыраак иштеп, улам-улам толтуруп салат эле. Көрсө, эжеке өзү да иш-аракет кылып, тажата жемелебестен, эмгеги жана аракетчилдик өрнөгүн көрсөтүп жүрүптүр.

Мен жогоруда айтып берген бир нече киши – мен жана мени менен бирге чоңойгон маданий чөйрөнү түзгөн, аны жакшы жагына жаратман эмгеги аркылуу өзгөрткөн бир нече гана инсандар. Бирок, алардын жигердүү иш-аракеттери аркылуу биз татыктуу илим-билимди өздөштүрүп, адеп-ахлак деген эмне экендиги тууралуу түшүнүк алдык. Кесиптик устаты менен бирге зор инсандык сапаттары эриш-аркак жүргөн бул дасыккан, чыныгы педагогдор биз туулуп – өскөн жергенин ажарын ачкан десем жаңылыштык, же аша чапкандык болбойт деген ойдомун. Мына, так ушундай, көп улуттуу совет адабияты менен маданиятты жигердүү жайылткан, эл алдында зор сый-урматка ээ болгон инсандар азыр элибизге жетишпей жаткандай туюлат.

# III БӨЛҮК

# КЛАССТАШТАРЫБЫЗДЫН ЖАРЫМ КЫЛЫМДЫК ЭТЮДДАРЫ
(сүрөттөөлөрү)

*Үчүнчү бөлүктө классташтарыбыз Бактыгүл, Зикир, Аиста силер менен бирдикте топтогон сүрөттөр, пикирлер өзгөртпөстөн берилди. Жылуу сезимдер, сагынычтар, жаштыгыбыз эске түшүп, жаңы үмүттөр көз алдыбызга тартылгандай болду.*

## 1. Райла САДЫКОВА

## ЖАШООДОГУ ӨТКӨН КҮНДӨР ЭСТЕ КАЛГАН КЕЗДЕР

Мен Садыкова Райла Ош областынын Ноокат районундагы мурдагы (Эски-Ноокат) азыркы Караташ айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулганмын. Менин атам Садык, апам Санталат дыйканчылык менен, тамекиде иштешип тиричилик кылышкан. Биз 6 бир тууганбыз. Чоң эжем Раабы, Райла, Раиса, Адылбек, Инаят, Таир. Бизди ата-энебиз туура тарбия берип, ар кандай ишке жөндөмдүү кылып чоңойтушту. Мен 7 жашымдан Чечме-Сай мектебине 1-класска кирип окудум. Кичинекей секелек кезибиз досторубуз, классташтарыбыз менен ынтымакта жүрчүбүз, окуп билимге канбай, ойноп оюнга тойбой жүргөн кезибиз эле. Ошентип, 6 жыл Чечме-Сайдан окудук. 7-класста Калинин орто мектебинде барып, эки жактан келген окуучуларга кошулдук, 7а – 7б – класс. Эки класста 40 окуучу окудук. Бизге агай -эжекелерибиз татыктуу тарбия, билим беришти. Классташ кыздарыбыз

бири-бирибизге атаандашып окучубуз. Айрыкча Абан агай эсибизде калды. Кызык сүйлөйт эле. Ошентип, 10 жыл бирге окуган классташтар менен ажыраша турган мезгил да келди. Өз билимибизди сыноочу экзамендер башталды. Экзамендерди ийгиликтүү аяктап, акыркы коңгуроо кагылды. Биз үчүн 10 жыл бою бирге окуган курбуларыбыз менен коштошоор мезгил келди. Ал күндү эстесем мотурайган бөбөктөр колдоруна гүл алып бизди, бири-бирибизди кыялбай көздөрүбүзгө жаш алып, толкундап турдук. Ошонтип, окууну да бүттүк. Ар кимибиз туш-тушка тарадык. Турмуштан өз ордумду таап жашап калдым. Жолдошум Дүйшө экөөбүз 5 балалуу болдук: 4 кыз 1 уул. Айбулут, Айгүл, Жайнак. Бардыгы балалуу-чакалуу болуп, бактылуу жашап жатышат. Кыздарым Москвада иштешет. Колубузда баламдын уул-кыздары бар. Жолдошум экөөбүз неберелерди эркелетип, алардын ысык чайын ичип отурабыз. 2018-жылы Ажига барып келдик. Айылыбызда ардактуу карылардын катарында уул-кыздардын изат -урматын көрүп отурабыз. Бул жашоодо балалык кезим, мектепте окуп жүргөн кез, бирге жүргөн классташтарым, окууну бүткөндөн кийин 15 жылдык, 40 жылдык юбилейибиз, андагы ойноп- күлүп жүргөн күндөрдүм эч эсимден кетпейт. Өткөн күндөрдү көз алдыма кемпиргенде кайра жашаргандай боломун. Эх, чиркин жаштык курак, өткөн күндөр, кош!

**(Садыкова Райла, 50 жылдык, 2019-ж)**

## 2. Амадали НУРДИНОВ

## ӨМҮР БИЗДЕН ӨТҮП КЕТСЕ, ЭЛ ЭМГЕКТЕН ЭСКИРСИН...

*А.Токомбаев (Балка)*

Амадали Нурдинов 1952-жылы сентябрда Кара-Таш айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1959-жылы Калинин (азыркы А.Мамыров) атындагы орто мектебине кирип, 1969-жылы 10-классты эң мыкты окуучулардын бири болуп бүтүргөн. Ошол

эле жылы өзүнүн эмгек жолун комсомолдук демилгечи топту жетектеп, Чапаев атындагы колхозго жаш малчы-чабан болуп, 2,5 миң койду кабыл алып, аны мыкты деңгээлде бага алган.

1970-жыл Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна тапшырып, 1976-жылы ийгиликтүү аяктап, Кызыл-Кыя шаардык ооруканага врач-терапевт болуп ишке кабыл алынган. 1977-жылы Ноокат райондук ооруканасынын поликлиникасына невропотолог – врач болуп ишке кабыл алынган. 1985-жылдан 1987-жылга чейин Зулпуев айылдык ооруканасында башкы дарыгер болуп иштеген. 1988-жылы Ноокат районуна 16 койкалуу неврология бөлүмүн ачып, өзү бөлүм башчы болуп райондун калың катмарына медициналык кызмат көрсөтүп баштаган.

1990-жылдары Кыргызстан бириккен СССРден ажырап, өз алдынча болгондон баштап, Эгемендүүлүк мамлекеттеги эски башкаруу системасындагы айрым адилетсиздиктерге тикеден нараазычылыктарды өзү туулуп -өскөн айылынан баштап Чапаев атынлагы колхоздун курамынан “Чечме-Сай” колхозу болуп өз алдынча бөлүнүүнүн бирден бир жетекчиси болгон.

Көптөгөн элдин суроосу боюнча Кара-Таш айылдык кеңешке төрага болуп шайланып, айылдын чек аралык, административдик, социалдык жана экономикалык каражаттарын теңдештирип бөлүүгө кошкон салымы зор. 1993-1997-жылдар ичинде айылдын социалдык маселелердин чоңу болгон жаш үй-бүлөлөргө жер участкаларын берүүдө 370 жаштар үй куруга жер алышып, бүгүнкү күндө жашап жатышат. Кара-Таш айылына мурдагы төрөт үйүнүн имаратына 4 врач, 3 медайы, 2 акушер, ФАП жайгашкан үй-бүлөлүк дарыгерлер тобун уюштуруп, бүгүнкү күндө элге кызмат көрсөтүп келе жатат.

Амадали Нурдинов агабыз дарыгерлик ишине кошумча кылып көркөм адабият дүйнөсүнө терең кирип, адам баласынын жан дүйнөсүндөгү бааланбаган баалуулуктарды жана сулуулуктарды ыр жана кара сөз аркылуу бергенге көптөгөн аракеттерди жасаган.

Анын чыгармалары жергиликтүү гезит беттеринде, райондук чыгармачыл кишилердин чыгармачыл альманахтары аркылуу өз окурмандарын багынта алган.

Өз кесибин аркалап иштеп, өзүнүн дарылануучуларын психологиялык сөз усулу аркылуу дарылаганы бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда арман катары эскерилет. Иштеген ишинде чебер дарыгер, таасирдүү насаатчы, кеменгер жамаат лидери катары бааланып жогорку категориядагы врач, “Саламаттык сактоонун мыктысы” төш белгисинин ээси, көптөгөн грамота, дипломдор менен сыйланган.Кара-Таш айылдык кеңештин 2 жолку депутаты болуп шайланган.

Кара-Таш айылдык кеңешти кураган соң Ноокат райондук ооруканага кайрадан адистештирилген бөлүмдү жетектөөнү сунушташып, 2008-жылга чейин иштеген. Амадали Нурдинов жубайы Ысмаилова Мукарам менен 34 жыл бирге турмуш куруп, 5 уулду тарбиялап, эрезеге жеткирет. Атадан калган зээндүү тарбияга суугарылган уулдары республикабыздын түрдүү тармагын жетектеп келишүүдө. Нурдинов Азамат – Алай районунун жол кыймылын көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы, Нурдинов Жоомарт – Ноокат шаарынын мэри, Нурдинов Медербек -Баткен облусунда бажы кызматтарын аркалап келсе, Нурдинов Жеңишбек техникалык кызматка ээ болду. Кенже уулу Кумарбек атасынын учугун улап, дарыгер болуп Бишкек шаарында жашап жатат.

Амадали агабыздын көзү өтүп, арабызда жок болгон менен анын өрнөктүү жашоосу, таасирдүү насааты, элине болгон дараметтүү сүйүүсү, үй-бүлөсүнө көрсөткөн мисалдуу тарбия -таалими калк арасында унутта калбай жашай бермекчи.

## 3. Санабар АБЫТОВА

Абытова Санабар 1953-жылдын 10-мартында Ноокат районуна караштуу Нойгут айылында туулган. Ташкент байланыш институтун бүткөн.

Эки уул, бир кыздуу болгон.

Ош шаарындагы телефон станциясында инженер – телефонист, бөлүм башчысы болуп иштеген.

1993-жылы 25-январды дүйнөдөн кайткан.

Камчыбекова Чолпон Калматовна 1984-жылы 3-ноябрда туулган. 2000-жылы Гагарин атындагы орто мектебин бүтүргөн.

2000-2005-жылдары ОшМУнун дүйнөлүк тилдер факультетин бүтүргөн. Үй- бүлөлүү, 4 уулдун энеси.

Камчыбеков Мурат Калматович 1978-жылы 15-сентябрда Ош шаарында туулган. 1984-1992-жылдары Барпы атындагы орто мектебинде, 1992-1995-жылдары Уркия Салиева атындагы орто мектебинде окуган.

1995-2000-жылдары Кыргыз- Өзбек университетин аяктаган. Азыркы учурда жеке ишкер. 1 кыз, 2 уулдун атасы.

Камчыбеков Тимур Калматович 1977-жылы туулган.3 кыз 2 уулу бар. Жеке ишкер.

## 4. Майра КАРБЕКОВА

## ЖАШООДОГУ КӨЗ ИРМЕМДЕР

Мен Карбекова Майра 1952-жылы 25-сентябрда Ош областынын Ноокат мурдагы Эски-Ноокат айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулганмын. Жети жашымдан баштап Чечме-Сай сегиз жылдык мектебинин 1-классына кирдим. Бизди Алимжан деген мугалим окуткан. 2-класстан баштап Курбанбаев Макамбай агай окутту. Азыр да отуруп, кичинекей балалык күндөрүм эсиме түшүп, көз алдыма тартылат. Эх-х..! балалык кез, бир күнчөлүк билинбей өтүп кетти. Биздин класста балдар, кыздарыбыз аябай ынтымак болчубуз. 3-класста окуганыбызда беш бала, бир кыз болуп, пионерге өткөнбүз. Ал кезде да, жакшы окуган окуучулардын сүрөтүн мектеп доскасын илчү. Ошол күндөр дагы эле бүгүнкүдөй эсимде. Андан М.И.Калинин орто мектеби жаңы курула баштаган. Мектепке биздин класс ылайдан кыш куюп жардам берип, мектептин имаратын тургузууга көмөк көрсөтүп, бүт күчүбүздү жумшаганбыз. Жаңы окуу жылы башталганда, жаңы мектептин босогосун 7-класста аттаганбыз. Айылдын баш-аягынан биздин жаңы бүткөн мектебибизде окуучулар келип кошулган. Биз 7а, 7б –класс болуп

бөлүнүп окудук. 7а -класста 11 бала, 9 кыз болгон, 7б -класста 11 бала, 8 кыз болуп чогуу окуганбыз. Мектепте окуп жүргөн, балалыктын таттуу күндөрүн, баё сезим менен, ойноп, күлүп кызыктуу өткөргөнбүз. Ал кезде жалаң эркек мугалимдер сабак берчү. Биз 8-класста окуганда орус тилинен Люба деген эжеке келди. Ал биздин класстан райондук фестивалга катыштыруу үчүн алты окуучу үч кыз, үч баланы тандап алды. Бизди бийге даярдады. Ысмайылов Абдирайым, Гапырова Катча, Айдаралиев Мукуш, Карбекова Майра, Ташбалтаев Кочкор, Алимбекова Канат чогуу бийлеп жүрүп, фестивалда 1-орунду алып келгенбиз. Ошол күндөр дагы эле эсимде турат.

Ал убакта мектеп окуучуларын айыл-чарба жумуштарына алып барчу. Төө-Моюнга пахтага барчубуз. Ал күндөр эч качан эстен кетпейт. Классташтар менен балдар, кыздар шатыра-шатман, ойноп-күлүп жүргөн күндөр эч эсимден кетпей, көз алдыма бүгүнкүдөй тизилип турат, эх, окуучулук күндөр ай! Кандай гана сонун күндөр өттү. Майрамдык кечелер, классташтык отуруштар, жаштык мезгил эстен кетпейт. Күндөр өтүп, жыл артынан, жылдар өтүп, он жыл бою бирге окуган классташ курбулар менен коштошоор мезгил да келди. Акыркы коңгуроо болуп агай – эжекелер, классташ достор менен коштошуп, сүрөткө түшүп, аттестаттарыбызды алдык. Андан соң, ар кимибиз учкан куштай туш тарапка-тарап кеттик.

Келечектин даңгыр жолуна түшүп, ар кимибиз, ар кесипке карай умтулуп бет алдык. 1968-69- окуу жылында мектепти аяктап, Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарына Сулайманова Мөтөвар экөөбүз кыз-келиндер институтуна барып, окууга тапшырдык. Тилекке каршы, мен ал окуумда окуй албай калдым. Андан Ошко келип, Ош педагогикалык окуу жайына тапшырып, окуп калдым. Андан ары студенттик турмуш башталды. Мына жашоо! Мага окшогон окууга суусап келген студенттер менен чогуу жашап, чогуу иштеп, чогуу окуп, студенттик күндөрдү өткөрүп жаттык. Ал күндөрдө өзүмө жаңы досторду таптым. Эх, ал күндөр жаштык курак, калган жашообуз шаарда уланып жатты. Студенттик күндөрдүн балдай таттуу, күлгүн-жаш күндөрүн өткөрүп жаттык. Бирде ач, бирде ток

болгон күндөр да эч эсимден да кетпейт. Ошентип, төрт жыл окуп, дипломду колго алып, турмуш жолуна аттандым. Турмуштан өз ордумду таптым. Өз туулуп-өскөн айылыма кетип, өзүм окуган мектепте мугалим болуп иштей баштадым. Ошентип, башталгыч класстын мугалими болуп иштеп калдым. Өзүмдүн агай – эжекелерим менен чогуу иштедим. Жолдошум Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинин орус тили жана адабияты курсуну аяктаган. Экөөбүз бирге жашап, бирге иштеп жүрүп, алты балалуу болдук. Бир уул, беш кызыбыз бар. Балдарды жогорку окуу жайына окуттук. Учурда бала-чакалуу, ар кимиси өз үй-бүлөлөрү менен түтүн булатып жашап келе жатышат. Биз жолдошум экөөбүз 6 бала, жыйырма небере, эки чеберенин чоң ата, чоң эне, тайата – таенелери болуп калдык. Азыркы учурда бактылуу карылыктын доорун сүрүп келе жатабыз. Кудайга миң мертебе шүгүр! Мындан ары балдарыбыздын үзүрүн көрөйлүк.

## 5. Гүлүм ЖУНУСОВА

## БАРААНДУУ ЖАШОО БАЯНЫ

Туулган жерим Кара-Таш айыл өкмөтү. 1952-жылы эң бактылуу үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келгенмин. Ата-энем эл журт сыйлаган кадырлуу адамдар эле. Ал эми биринчи Алиппени, тамганы тааныткан Мамаюсупов Шеран агайым болгон. Өтө жакшы окутчу эле мээрим менен. 6-класска чейин өзүбүздүн айылдагы мектепте окудук, 7-класстан ортоңку мектепке бардык. Ошондой болсо да бактылуу балалыкта окуучулук күндөрдө көп бактылуу күндөр өттү. Биз мектепте окуганда бир жакшы окуган бир билбеген окуучу кылып олтургузат эле, ошондо мен сен менен олтурат элем. Мен сенден көчүрүп алууга аябай аракет кылат элем, бирок, көчүртпөйт элең. Сен мектеп программасынан да алдыда кетчүүсүн. Аттин, бирок, ошондо мага деле үйрөтүп койгонунда мен деле бир кесиптин ээси болмокмун. Бирок, менин ата-энем менин окуума негедир каршы чыкты. Ушуларды жазып жатып бир нерсе оюма тү-

шүп кетти. Чоң энем айылдын эмчи-домчусу болчу, келип кеткендер тыйын берип кетишчү. Ал тыйындарды чоң-энем мага берчү, а мен сабак окуп жатып эле базарга барып келип калчумун.Семичке алып, тооба, ал дагы бир балалыктын таза күндөрү экен да. Бирок бардык нерсеге капа деле болбойм. Бирок, окубай калганыма, чон максаттарга жетпей калганыма кээде ичим ачыша түшөт. Бирок, жашоодо бактылуу балпайган байбиче, жолдошума сүйүктүү жар, балдарыма боорукер апа, неберелериме чоң эне жана тайнемин.

## ТҮБӨЛҮКТҮҮ ТУРМУШКА ЖОЛ

Ооба, ата-энем мени турмуш жолуна аттандырышты. Жолдошум оор басырык кадырымы билээр жакшы адам. Мен көп балалуу үй-бүлөгө келин болдум, балалык таза күндөрүмү турмуш сапарына алмаштырдым. Кайын эне, кайын атамды өз ата-энемдей сыйладым. Кичинекей гайын сиңдилериме, гайын укаларима өз бир тууганымдай мамиле кылдым, сабактарына жардам берет элем. Мен келин болгондо да сен кээде келип, газ балондоруңу биздин үйгө таштап кетчүсүн. Ооба, классташ деген бир туугандай эле болуп калат экен, мен баарын чогултуп койчумун. Ошондо айтат элең, ”мен эми качан үйлүү болом?”- дейт элең. Мына, андан кийин мен сени көп жылдан кийин Бишкекте көрдүм, “үйгө кирип чай ичип кет” дедиң. Азыр сен эл адамы болупсуң, чачтарыбызды ак аралады. Ошентсе да классташ деген сезим бир тууган деген сезимдей эле экен. Мен сүйүктүү жолдошум менен 10 балалуу болдук: 6  уул, 4 кыз, балдарымдын бешөөсүн окуттум, жогорку билимдери бар. Бир уулум чоң уста, кыздарым балдарым баары өз ордуларын табышкан, жолдошум экөөбүз бактылуу небере -чебере балдардын чайын ичип, төрдүн көркү болуп, 50 жылдан бери бактылуу өмүр сүрүп келебиз. Бир гана жаман жери өз ата-энелерибизди жоготуу экен, алардын ордун эч нерсе баса албайт экен. Мына кечээки секелек ак бантик байлаган кыз чачын ак аралаган, жүзүн мээрим тырыштары баскан бактылуу апа, тайне, жана чоң эне. Баарыңарга бактылуу карылык насип этүүсүн кудайдан тилеп калам менин сүйүктүү классташтарым.

## 6. Абдилда АБДАЗОВ

Абдазов Абдилда 1952-жылы 18-апрелде Ноокат районуна караштуу Чечме-Сай айылында туулган. 1959-1969-жылдары Кара-Таш айылындагы М.И.Калинин атындагы орто мектебинде билим алган. 1970-жылы ДОСААФ мектебинде шофёрлук боюнча 3 айлык окууда билим алган. 1972-1974-жылдары Советтик Армиянын катарында Ленинград шаарында кызмат өтөгөн. 1974-1976-жылдары Чапаев колхозунда колхозчу болуп эмгектенген. 1976-жылдан 1986-жылга чейин Калинин айылындагы “Космос” балдар бакчасында кочегар, кароол болуп эмгектенген. 1986-жылдан 1993-жылга чейин Чапаев колхозунун 3 бригадасында табелчи, звеновой кызматтарында эмгектенген. 1994-жылдан 1997-жылга чейин жаныдан түзүлгөн Бөрүбай дыйкан чарбасынын жетекчиси болуп иштеген. 1997-жылы 27-февралда 45 жаш курагында катуу ооруунун айынан ааламдан өткөн. 5 уул, 2 кызды жубайы Маматалиева Шарапат менен бирге тарбиялап чонойтту.

## 7. Канааткан АЛИМБЕКОВА

## ЖАШОО БИР КЕЛЕТ, ЖАҢЫЛБАЙ ЖАШОО КЕРЕК

Жашоо бир келет, жаңылбай жашоо керек демекчи, мен Алимбекова Канааткан 1952-жылы 27-июнда Ош областына караштуу Ноокат районунун Чечме-Сай айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулганмын. Менин апам Сартаева Майизкан кошок-армандарды өтө жакшы билген, сөзмөр адам болгон. Кычыраган кыштын узу-ун күндөрүндө атам менен апам бизге “турмушта өз ордуңарды билгиле, өзүңөрдөн чоң инсандарды ызааттаган жакшы инсандардан болгула” деп насаат сөздөрүн көп айтчу. Мен мектеп жашына чейин үйдө эле

тарбия алгамын. Ошентип, Чечме-Сай мектебине жети жаштан 1-класска кабыл алындым. Менин биринчи мугалимим Маккамбай агай мектеп босогосун аттатып, өз билимин аябай берген мугалимиме өз ырымы арнабасам арманда калам

Мугалим күндөй чачылганда,
Мен гүлдөй болуп ачылганда
Бүт аалам мен үчүн жарык берген,
Ыраазымын сизге менин биринчи мугалимим.

Ал кезде дептердин бетин биринчи жолу ачып жазганда башкача болор элек. Ошентип, биринчи класстан төртүнчү класска чейин Чечме-Сай мектебинде окудум. Анан Калинин орто мектебине 7-10 класска чейин эки жактан окуучулар келип, окудук. Окуучулук күндөр атиң ай, кайрадан артка кайтса кана! Кыздар менен чогуу барып окуучубуз. Окуучулук күндөрдү кызык мезгилине чогуу өткордүк. Ал кезде жалаң эркек мугалимдер окутчу. Арадан жылдар өтүп, 10 жыл бою бирге окуган классташтар менен коштошчу убакта келди. Выпискабызды алып, андан соң ар кимибиз учкан куштай туш-туш тарапка кеттик. Аттиң ай, балалык мезгил менен коштоштук, окуу жайга тапшыртуу мезгили да келип кетти. Турмуш шартка байланыштуу ата-энем мени жогорку окуу жайга окутпай койгон. Ошентип, ата-энем мени турмуш жолуна узатышты. Жолдошум Жунусов Тилеберди менен 1970-жылы турмуш курдум. Экөөбүз бирге иштеп, 3 кыз, 3 уулду эрезеге жеткирдик. Өзүм окубай калгандыгыма байланыштуу кыздарымды окуттум. 3 кызым мугалим, ортончу кызым чебер. Уулдарым үй-бүлөлөрү менен бактылуу жашашат. Азыркы учурда мен 20 небере, 3 чеберенин чоң эне таяне болуп калдым. Азыркы учурда бактылуу карылыктын доорун сүрүп, неберелердин жытын жыттап, кыздарымдын, балдарымдын төрүндө жашоонун доорун сүрүп жашап жатабыз. Кудага миң мертебе шүгүр кылам, ушул күндү көрсөткөн Аллага ыраазымын!

## 8. Кочкор АЛПЕКОВ ЖӨНҮНДӨ

Мен Алимбеков Карим Насирович досум маркум Алпеков Кочкордун басып өткөн жолун аз да болсо билишимче кагаз бетине түшүрүүнү туура көрдүм. Биздин арабыздан кетсе дагы биздин жүрөгүбүздө жашап калышын каалаладым. Досум жаткан жайың жайлуу, топурагың торко болсун. Эгер бул жактагылардын айтканы чың болсо ал жактан сага “Бейиш” каалаймын. Алпеков Кочкор 1952-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1959-жылы мектепке 1 -класска Чечме-Сай мектебине окууга келет. Ошондон тартып дос болуп, бир класста окуп калдык. Көрсө, ошондо эле апасынан эрте ажырап жетимчиликтин азабынан тартып жүргөн экен байкуш. Эсимде 4чү класста каникул мезгилинде биздин үйдө бир аптадай туруп калды. Кечинде ойноп үйгө келсек бир киши отуруптур менин атам менен. Көрсө, ошол киши Кочкордун атасы экен. Аталарыбыз “Кочкор экөөңөр дос болуп жүргүлө” деп жакшы тилек менен бата кылышты. Күндөр өтүп, 8- класска келгенде жаңы мектеп бүтүп, Чечме-Сай мектебинен Калинин мектебине которулдук. Мектепти 1969-жылы бүтүп, туш тарапка таркадык Кочкор болсо айылда калып, тракторго жардамчы тракторист болуп колхоздо иштеп жүрдү. 1972- жылы армияга экөөбүз бир күндө чакырылып, бир күндө Маргалаң шаарында иштеп жаткан шёлк комбинаттан кетип, бир жерде служба кылдык. Ал өзүнүн кесиби боюнча шофёр болчу. 1974-жылы кайра айылга келдик. Арадан бир жыл өтүп ал кайрадан БАМга (“БАЙКАЛ-АМУР” магистраль) кетти. Ал жакта 2 жыл жүрдү. Келип, үйлөндү (Кызыл-Теиттен). Эмнегедир аялы менен өту күйүшпөдү, 1 жылга жетип- жетпей ажырашып кетти. “Чайка” пионер лагеринде шофёр болуп иштеп жүрдү. Эми адамдардын арасында да жакшы адамдар бар экен, начальниги Калил Жороев деген киши Кочкорду экинчи жолу, өзүнүн жакын балдызы Канзада деген кызыл-кыялык кызга үйлөндүрүп, кеткен бүт чыгымын ошол киши өзү көтөрдү. Стол жасап, той, “вечер” кылып берди. Тойго катыштык, өз баласындай каалоо -тилек айтылды, коноктор баары Жороевге ыраазы болушту. Күндөр өтүп бала-

луу болду. Кийин айылдагы үйүн сатып, Кызыл-Кыяга көчүп кетти. Автошколада шофёр болуп иштеп жүрдү. Аялы экөө эки уул, бир кыздуу болушту. Кызыл-Кыяда үй -жай курушту. Балдарды чоңойтушту. Кудайдын буйругу экен, 2005-жылы суук кабар келди Кочкор өлүптүр деген. Шашып биз баргыча мүрзөгө коюлган экен. Топурак сала албай калдык. Үйүнө барып куран окуп, аяшка көңүл айттык. Башка колубуздан эч нерсе келмек эмес.Бул Кудайдын буйругу, керек болсо бизди да кезек келгенде алып кетет. Досум сенин элесиң Сени тааныган жакшы санаалаштардын арасында жашашын каалайм! Сен тууралуу билгенимди жаздым деп, досуң Карим. 2018-жыл 2-апрель.

## 9. Карим АЛИМБЕКОВ

Мен Алимбеков Карим Насирович. 1952-жылы жүгөрү жыйым терим болуп жатканда, күзүндө төрөлүптүрмүн. Туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүктү 1961-жылы үчүнчү иним төрөлгөнда формальный кылып, айы да туура эмес, жылы да чамалап алынган. 1953.05.06.деп. 1960-жылы 1- класска мектепке барганым эсимде. Апам курсагың ачат деп белиме эки нан түйүп берген, перерывда балдар бардыгы талашып жешкен. 1969-жылы онунчуну бүтүп, Джалал-Абаддагы зооветеринардык окуу жайга тапшырып өтпөй калып, №1СПТУда окуп калдым. 1970-жылы Кызыл-Кыядагы К-КГПда 71-жылы СХТда, Агродо окудум 72-жылы армияга кетип, 74- 75 –жылдары колхоздо катардагы колхозчу, кой, жылкы, топозго учётчик болуп 8-9 жыл иштедим. Кийин тракторист болдум. Ысык-Көлдө 6 жыл ИПВСКда иштедим. Кийин союз таркаганда Чүйдө комбайнер, слесар болуп 7 жыл иштедим. 2017-жылы 64 жаш курагымда пенсияга чыктым. Үй-бүлөм тууралуу айтсам, 1975-мартта Ыргал деген кызга үйлөнүп, 3 уул 1 кыздуу болдук, тагдырыбыз башка-башка экен, 1996-жылы ажырашып кеттик. 1997-жылы көлдүк Апал деген кызга үйлөнүп, ошол жака кеттим. Эки жыл жашап балалуу болбогондон кийин, Калбү деген уйгур аялга үйлөнүп, Ислам аттуу балалуу болдук.1993-жылы мен Ошко

келдим. Ал макул болбой, Ысык-Көлдө калып калды. 1997-жылы Кайрагач айлынан Буалима деген отуруп калган кызга үйлөнүп, эки уулдуу болдум Аскат 1999-жылкы, Максат 2002-жылкы. Бардыгы болуп 3 аялдан 6 уул, 1 кызым бар. Азыр пенсионермин эс алып атамын – деп Алимбеков Карим Насирович 2018.14.09.

## 10. Аиста АМАНОВА

## МЕНИН ӨМҮР БАЯНЫМ

Мен Аманова Аистакан 1952-жылы 5-февралда Калининде туулганмын. Атам Аман, апам Нават.

Мен тогуз бир тууганмын. Калинин атындагы мектепте 6-класска чейин окуганбыз. Менин биринчи мугалимим Мамаюсупов Шеран агайым болгон. Биз 7-класста Калинин атындагы орто мектепке бардык. Ал жерде Калининден барган балдар кыздар менен Чечме-Сай мектебинен келген балдар кыздар менен бирге окудук. Балдар кыздарыбыз өтө ынтымактуу, жакшы окуучулар болгон. Биз бир атанын балдарындай ынтымак болуп 10-жыл бирге окудук. 1969-жылы окууду бүттүк. Ар бирибиз ар жака кетип ,турмуш жолун баштадык. Аллага шүгүр биздин балдар -кыздардан. Илимпоздор, врачтар, мугалимдер көп – көп кесиптин ээлери болушту. Мен Россия калхозунун (азыркы Зулпуев атындагы айыл өкмөтү) Өсөр айылына Кадыров Адыл деген балага турмушка чыктым. 7 балалуу болдук. Чоң кызым Аида дуктур, Калдарбек балам дуктур, Төлөгөн балам Ошто органда иштейт. Иризбан кызым дуктур, Гүлжамал кызым, Руслан балам электроинженер. Түгөлбай балам колуда өнөрү бар. 26-неберелүү болдук, турмушубуз жакшы. 2014-жылы ажыга барып келдик балдар кыздар баардыгы үйлүү- жайлуу, өздөрү менен тынч. Мен жогорку окуу жайга окуганым жок. Аллахка шүгүр илим алдым. Куранды көп -көп окуп катымы кылам, Аллах кабыл кылгын. Мааладаги аялдарга сабак берем. Ажы менен бирге дааватка чыгам.

## 12. Баратали МАККАМБАЕВ

## ӨМҮР БАЯН

Ош областына караштуу Ноокат районунун Кара-Таш айыл өкмөтүнүн тургуну Курбанбаев Баратали Маккамбаевич 1953-жылы 5-апрелде жарык дүйнөгө келген. Мектепти орто билим менен бүткөн. 1972-1973-жылдары Ош областында Текстилде иштеген. 1975-жылы 15-ноябрда Курбанбаева Бусадат деген кызга үйлөнгөн. Үй-бүлөсү менен 4 жыл тамекиде иштеген. 1978-жылы өзүнө үй салган. 2 жыл мал чарбасында эмгектенген. 1980-жылы 22-майда уулду болгон. Ошол эле жылы өзүнчө бөлүнүп чыккан. Балдары: Курбанбаев Бакытбек 1980-жылы 22-майда туулган. Курбанбаев Эркинбей 1983-жылы 4-мартта туулган. Курбанбаев Мунарбек 1986-жылы 4-июнда туулган. Курбанбаев Медербек 1988-жылы 12-июлда туулган. Баратали уулу Майсалбек 1992-жылы 22-августа туулган. Курбанбаев Бакытбек 2004-жылы Мамлекеттик юридика академиясын бүтүргөн. Чоң уулуну 2005-жылы 10-сентябрда үйлөгөн. 30-сентябрда экинчи баласын үйлөгөн, 2006-жылы 2-ноябрда неберелүү болгон. 2007-жылы 30-августа ааламдан өткөн. Азыркы күндөрдө балдарынын баары өздөрүнчө үйлүү, жайлуу балалуу-чакалуу жашашып жатат.

## 13. Марипат БЕКТАШОВА

Мен Марипат Бекташова 1950-жылы туулганмын. Ата-энем саанчы болуп иштегендиктен 1-классты 2 күн эле окуп калып, кийинки жылы кайра 1-класста Калинин мектебинде окудум. Ошол кезде саанчылар көчүп ар жерде иштечү. Ошондуктан, мен Чечме-Сай мектебинде окуп жүрдүм. Ар жерде окуш мен үчүн абдан кыйын болду. Кийин Калинин мектеби бүткөндө абдан сүйүндүм. Ошол жерде окуганымда А, Б – класска комсорг кылып дайындашты. 9-10- класстарга кыздар совети болуп жүрдүм. Ар 2-күнү чогу-

луш өткөзүп турчумун. Сүйүн эжеке башка агайларым мени окууга баргын деп жүрүштү. Мен окууга барсам жыгылып калам деп коркчумун себеби, 4 амалды ар жерде окуп жүруп ончо өздоштүрө албадым. Ошондуктан, турмушка чыгып кеттим. Турмушум жаман болгон жок. Кайын журтум мени абдан сыйлашчу, жолдошум жакшы инсан болгондуктан жаман күндөр болбоду. Мен азыркы күндө 9 баланын энеси болуп калдым.

Балдарым адептүү балдар болушту. Ошондуктан, үлгүлүү үй-бүлө деп аталып жүрдүм. Балдарымдын ичинен бири 3-балалуу болгондо авто кырсыктан каза болуп калды. Ошол жыл мага оор жыл болду. Азыркы күндө бактылуу карылыкты өткөзүп жатам десем болот. Өмурзак, калганын өзүң оңдоп коёрсун деп Марипат.

## 14. Баатырали КАБЫЛОВ

## ӨМҮР БАЯН

Кабылов Баатырали 1951-жылы 27-майда Нойгут айлынын Сасык-Бука деген жеринде дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн экен. Күндөр өтүп Чечме-Сай айлына көчүп келишиптир. Балалык күндөрү Чечме-Сай айлында өтөт, орто мектепти бүтүрөт. Андан кийин Өзгөн районунунун Куршаб айылындагы техникумду бүтүрөт. Биз экөөбүз 1973-жылдын 21-декабрында турмуш жолуна түштүк. 1974-1975-жылдары “межколхоз” деп аталган стройкада иштеп жүрдү. 1976-79-жылдары №5 бригадада тамекиде суучу, андан кийин звеновой болуп эмгектенди. Ошол жылдардын арасында 1975-жылы Байжигит аттуу уулду болдук. Андан кийин кирпичный заводго директор болуп иштеди. 1981- 1983-жылдары колхоздо жумуш кылды. 1981-жылы Гулнура аттуу кыздуу, 1983-жылы Сонунбек аттуу уулдуу болдук. Ошол жылдардын арасында колхоздун түрдүү жумуштарында иштеп жүрдү. Биздин жашообуз ошентип өтүп, балдарыбызды багып, күндөр зуулдап улгайып бараттык. 1985-жылы Феруза аттуу кыздуу, 1988-жылы Дилфуза аттуу кыздуу, 1990-жылы Эрнисбек аттуу уулдуу болдук. Ошентип, жашоо

уланып жылдар өтүп, союз тараган убакта турмуштун шарты менен казак жерине 2001-жылдары барып иштедик. Ошол жакта неберелүү болуп кайттык. Чоң кызыбыз Күмүшайды күйөөгө узаттык өзү менен өзү. Кудайга шүгүр, 5 перзенттүү болду. 1998-жылы чоң уулубуз Эржигитти үйлөдүк. 2001-жылы перзенттүү болуп, андан кийин дагы эки уулу бар. Ошентип, уулдарды үйлөп, кыздарды берип күйөөгө, небере көрүп жакшы жашап жүрдүк. Кудайга шүгүр, 4 кыз, 4 уул таптык. Бешөөсүн күйөөгө берип, үйлөп үчөө калган болчу. Күтүлбөгөн жерден шум ажал 2010-жылдын 6-августу күнү күйөөмдү арабыздан алып кетти!!! Калган үчөөсүн жалгыз өзүм күйөөгө берип, үйлөп, Кудайга шүгүр балдары жардамдашып жашап жүрүшөт. Күндөр өтүп жашоонун учугу уланып жатат Айла жок өкүнүчтүү күндөр!!! Менин таап жазгандарым ушул, калганы босо билбейм. Өзүнүн милдетин аткарып, Мекенди коргоп, 2 жыл армияга барып кызматын өтөп келген.

## 15. Абдираим ИСМАИЛОВ (1952-2008)

## ӨМҮР БАЯН

Исмаилов Абдираим 1952-жылы 1-мартта дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Исмайыл 5 жашында көз жумган. Жети бир туугандын кенжеси, төрт агасы, эки эжеси бар. 1959-жылы Калинин орто мектебине алгачкы кадамын таштаган. 1969-жылы аты аталган орто мектепти аяктап, орто билимге ээ болгон. Абдираим өтө өжөр, тырышчаак, акылман инсан болгон. 1970-жылдан айдоочу болуп иштеген. 1976-жылы 23-январда Сайракан Кутубаева менен баш кошкон. Сайракан 1959-жылы 23-июнда туулган. Алар турмуштун шыдыр жолуна түшүшүп, андан кийин 7 жыл мал чарбачылыгында эмгектенген. 32 жыл бирге өмүр сүрүшүп, 3 уул, 4 кыздуу болушту. Алар: Исмаилов Алтынбек 1977-жылы 29-октябрь, Исмаилов Азизбек 1980-жылы 21-октябрь, Исмаилова Калима 1981-жылы 25-октябрь, Исмаилова Шайыргүл 1984-жылы 13-август, Исмаилова Миргүл 1986-жылы 19-июнь, Исмаилов Ка-

ныбек 1987-жылы 23-декабрь, Абдираим кызы Букатча 1993-жылы 23-январда жарык дүйнөгө келишкен. 1984-жылдан 2006-жылга чейин дыйканчылык менен алектенген. Андан кийин ооруп калгандыгына байланыштуу, 2008-жылы 10-январда шум ажал алып кетти. Артында 7 баласын жубайы Сайракан жалгыз өстүрүп чоңойтту. Азыркы учурда балдарды үй-бүлөлүү, 21 неберелүү.

## 16. Галипа АЛИБАЕВА

Алибаева Галипа 1952-жылы туулган. 1959-жылы 1 -класска барган. 1969-жылы 10-классты бүткөн. 1970-жылы турмушка чыккан. 3 кыз 1 уулдун энеси. 1984-жылы ноябрь айында жүрөк оорудан каза болгон.

## 17. Ибраим ТУРГУНБАЕВ

### ӨМҮР БАЯН

Мен Тургунбаев Ибраим 1952-жылы 1-февральда Ноокат районуна караштуу Беш-Бадам айылдык советинде туулганмын. Атам Аманбаев Тургунбай Улуу Ата Мекендик согуштун II-группадагы ардагери. Апам Аманбаева Марпат 4 уул 5 кыздын кадырлуу мээримдүү энеси. Мен жети жашымда Чечме-Сай орто мектебине мектеп босогосун аттаганмын. Андан кийин Калинин орто мектебинде окуп, 10 классты аяктадым. 1969-жылы Фрунзедеги кооперативдик техникумга бухалтердик бөлүмүнө окууга киргенмин. 1971-жылы окуу жайды аяктап Ноокат керек- жарак коомуна бухгалтер болуп ишке киргенмин. 1971-жылы ноябрь айында армияга чакырылып, Германияда 1973-жылдын ноябрь айына чейин кызмат кылгам. Аялым Тургунбаева Шааркан 1960-жылы туулган. Азыркы учурда 5 кыз, 3 уулдун кадырлуу ата-энесибиз. 1973-жылы армиядан келип, кайрадан Ноокат керек- жарак коомуна башкы бухалтер болуп ишке кирип, ал жерде 1990-жылга чейин иштегем. Андан кийин

ошол эле жылы Көк-Бел айылдык керек -жарак коомуна башкы бухалтер болуп дайындалган. Ошол 1990-жылы Чечме-Сай дыйкан чарба бирикмесинин башкы бухгалтери болуп ишке дайындалгам. Бул жерде 1990-жылдан 1997-жылга чейин иштеп, андан кийин 1998-жылы Ноокат фарм ишканасына башкы бухгалтер болуп ишке кирдим. 1998-жылы апрель айында Ноокат тамеки даярдоо базасына директордун жардамчысы болуп ишке кирдим. Ар жерде 2000-жылга чейин иштедим. 2000-жылдан 2003-жылга чейин АРЭ программасына ишке кирдим. Азыркы учурда пенсиядамын. Жыйырма эки неберенин кадырлуу, кымбаттуу чоң атасы, таятасымын.

## 18. Салан (Абдусалан) ЖАЛИЛОВ

## ӨМҮР БАЯН

Мен Жалилов Абдисалан 1953-жылы 18-сентябрь айында төрөлгөнмүн. Ата-энем катардагы колхозчу болушкан. Мен 1958-жылы Чечме-Сай 8 жылдык мектептин 1-классына кирип, 6-классына чейин окуп 7-классты өзүбүздүн айылда жаңы ачылган Калинин атындагы орто мектебизде улантып, 1968-69 окууну бүтүрүп, Чапаев атындагы колхоздо колхозчу болуп иштедим. 1970-жылы Ош шаарындагы 12-кесипчилик окуу жайга окууга кирип, электро-газосварщик кесибине ээ болдум. 1971-жылы Советтик армияга чакырылып, 1973-жылга чейин кызматымды бүтүрүп келдим. 1974-жылы райондук Сельхозтехникага ишке кирип, ал жерде электро- газосварщик болуп иштедим. 1975-жылдап баштап Ноокат райондук жол куруу ишканасында ширетүүчү болуп иштей баштадым. Ошол мезгилден баштап жол техникаларын оңдоп, сынган жерлерин ширетип иштеп жүрдүм. Жол тармагында иштөө өтө кызыктуу болчу. Мен бир күнү Көк-Белге барсам кийинки күнү Көк-Жардагы техникаларды оңдоо үчүн барчумун.1977-жылы Папан – Кичик Алай жолун куруу башталып, ошол мезгилде Ноокат, Араван, Кара-Суу райондоруна көпүрөлөрдү куруу бөлүнгөн болчу. Биздин районго

“Бай катын” деген көпүрөнү куруу бөлүнгөн. Ошол көпүрөнүн ширетүү иштерин мен бүтүрдүм. Андан башка дагын эки көпүрөнү бүтүрдүм “Байдам-Тал”, “Кайыңды” деген көпүрөлөрүн бүтүрдүм. 1982-жылы “Чили-Сай Агарт” жолу башталып, ушул жолдун бүтүшүнө өзүмдүн салымымды коштум. Ушул эмгегимди өкмөт баалап, Кыргыз Республикасынын Жол жана транспорт министринин 2 жолу Ардак грамотасы менен сыйландым. Үй-бүлөм жөнүндө айтсам, 1979-жылы Боронбаева Микарам экөөбүз баш кошуп турмуш жолун улантып, 6 балалуу болдук. 2 уул, 4 кызым бар, чоң кызым Минажат 1979-жылы туулган. “Ноокат билимканасын” 1993-жылы Алтын медали менен бүтүрүп, Кыргыз улуттук университетин информатика факультетин кызыл диплом менен бүтүп, азыр “Ноокат” билимканасында иштеп жатат. Экинчи кызым Роза, ал дагы “Ноокат” билимканасын алтын медаль менен бүтүрүп, Кыргыз улуттук университетинде окуп, бүтүп азыр өз кесибинде иштеп жатат. Үчүнчү кызым Айнагүл, ал дагы “Ноокат” билимканасында окуп бүтүрүп, улутук университетинде окуп, биология факультетинде окуусун бүтүрүп, Кыргыз улуттук Академияда өз кесиби боюнча иштеп, ошол жерде кандидаттык диссертациясын жактап 27-жашында эң жаш кандидат болду. Азыр эл аралык медицина университетинде чет өлкөдөн келген студентерге англис тилинде биологиядан сабак берүүдө, докторлука окуусун улатып жатат. Австрияда бир жыл, Москвада Вернадский деген академияда 3 жыл окуп, докторлук ишин бүтүрүүнүн аракетинде.

Уулум Нургазы, ал дагы Ноокат билимканасын бүтүп, улуттук университеттин “инженер программист” кесибине ээ болуп, иштеп жатат. Кызым Айзирек, ал дагы билимкананы бүтүп, улуттук университеттин информатика факультетин бүтүп, азыр Бишкек шаарындагы 54-орто мектепте өз кесиби боюнча иштеп жатат. Уулум Нурболот Ноокат билимканасын бүтүрүп, ал дагы Улуттук университетинде “Инженер програмист” адистигине ээ болуп, азыр өз кесиби боюнча иштеп келе жатат. Кайрадан өзүм жөнүндө айтсам, жол куруу ишканасында 30 жыл иштеп азыркы убакта пенсионермин.

## 19. Бактыгүл МАЛАЕВА

## ӨМҮР БАЯН

Мен Малаева Бактыгүл 1952-жылы 2-июнда Кара-Таш айылында төрөлдүм. Менин ата-энем карапайым колхозчулар болчу жана ошону менен эле бирге улууну урматтап, кичүүнү изаттоого, эли жерин сүйүүгө, туура чындыкты сүйлөөгө тарбиялады. Мен ошентип 1959-жылы Жданов атындагы башталгыч мектептин 1-классына кирип, окуй баштадым. Мага биринчи тамга тааныткан, билим берген агайым Шеран Мамаюсупов болгон. Агай эч убакта катуу айтып урушчу эмес, ар бир окуучуга өзүнө жараша мамиле кылып, сабак өтчү. Ошол убактагы бир кызык окуя эч эсимден кетпейт; Үтөн деген агайыбыз бар эле, балдар -кыздарды сабактан чыкканыбызда дайым эркелетип чымчып койчу. Бир күнү мени да ошентип чымчып койсо, ошол күндүн эртеси сабака барбай койдум, апам эмнеге барбайсың деп сураса Үтөн агай чымчыйт экен деп ыйлап барбай койдум. Ошондо Шеран агай үйгө барып, “кызым, Үтөн менен өзүм сүйлөшөм” деп колумдан жетелеп мектепке алып келген. Ошентип жүрүп 6-классты бүттүк. 1965-жылы 7-класстан баштап Калинин орто мектебинде окуй баштадык. Мектебибизди толук бүтпөгөндүгүнө байланыштуу өзүбүз гыш куюп, мектебибизди толук бүтүргөнбүз. Мектепте мугалимдердин көбү агайлар болгон. Алар: Маккамбай, Мадамин, Сулайман, Абдаз, Абан агайлар. Бул агайлар биздин сабака болгон кызыгуубузду күчөтүшүп, келечеке жол көрсөтүшкөн. 1969-жылы 11-классты бүтүрдүм, чоң окуу жайларга окуйм деген кыялдарым бар эле турмуш шартка байланыштуу кыялдарым орундалбады. Канча аракет кылсам да ал максаттарым ишке ашпады. Окуйм деген оюмдан эч убакта кайтпадым. Ошол аралыкта турмушка чыгып, төрт перзенттүү болдум. 1 кыз 3 уулду татыктуу тарбияладым, өзүм жетпеген бийиктиктерге, өзүм окубаган чоң окуу жайларга окуттум, жогорку билимге ээ кылдым. Кудайга миң мертебе шүгүр, эл керегине жараган балдардан,

кыздардан болушту. Өзүм болсо 1983-жылы Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүнө тапшырдым. 1987-жылы аяктадым. Биринчи ишимди өзүбүздун айылдагы "Восход" балдар бакчасынан баштадым. Биринчи тарбиячы болуп эмгектенүү менен бирге ошол балдар бакчасынын бөлүм башчысы болдум. Ошол жерден ардактуу пенсияга чыктым.

## 20. Абдираим КОЧКОРОВ

## ӨМҮР БАЯН

Мен Кочкоров Абдираим 1950-жылы 12-июнда Беш-Бадам селолук советинде кызматчынын үй-бүлөсүндө туулганмын. 1-классты Токтогул шаарчасында окудум, андан кийин Ноокат райондун Правда сегиз жылдык мектепте 1965-жылга чейин окудум. 1966-жылы Калинин сегиз жылдык мектебинде, 1967-жылы Калинин 10 жылдык мектебинде окудум. Мектепте окуп жүргөн кезде оймок, шакек, билерик, бычак жана башка нерселерди жасап сатар элем. Себеби, менин тайатам чоң атагы чыккан темир уста зергер болуучу, апам да колу усулдуу эле. Жаш кезде уюштургуч элем. Мектепте баскетбол командасынын капитаны, райондук курама команданын эң мыкты оюнчусу катары бир канча ардак грамоталардын ээси жана медалды алганмын. 1969-жылы жайында окууду ийгиликтүү аяктап, күзүндө Советтик армиянын катарына чакырылдым. Армияда Казакстанда андан кийин Москва обласынын Серпухов шаарында снайпер болуп кызмат кылдым. Армиядан 1971-жылы кайтып келип, өсүмдүктөрдү коргоо уюмунда иштедим. 1973-жылдан 1980-жылга чейин Колхоздор аралык курулуш башкармалыгында иштедим. 1977-жылы эң мыкты механизатор деп областан ГАЗ 24 автомобилин беришти. 1980-жылдан 1990-жылга чейин Найман суу сактагычында жумушчу, андан кийин старший инженер болуп эмгектендим. 10 баланын ата-

сымын. Балдар- кыздарым баары үй жайлуу болушуп жашап жатышат. Мен азыр ардактуу эс алуудам. Өзүмдү бактылуу ата деп эсептейм. Мен классташтарымды өтө сыйлаймын. Айрыкча Өмүрзак Мамаюсуповду. Себеби, ал уюштуруучу, Жогорку Советтин депутаты, илимдин кандидаты болгон. Биз классташтар азыраак калсак да, ушул күнгө чейин ар айдын 14түндө чогулуп отуруп, эс алып, сурашып отурабыз. Менин балдар -кыздарым медик, куруучу болуп эмгектенет. Менин өмүрүм ушинтип жакшы өтүп жатат. Кочкоров Абдираим.

## 21. Абдирашут ДУЙШӨЕВ

## ӨМҮР БАЯН

Дүйшөев Абдирашут 1952-жылы 5- январда Ош областынын Ноокат районундагы Калинин айылында туулган. Ал мектепти эң мыкты деген баалар менен аяктаган. 1969-1970-жылы аскер кызматына чакырылып, аны 1972-жылы бүтүп келет. 1976-жылы Оштогу курулуш техникумга кирип, аны 1982-жылы аяктайт. 1981-жылы Советтер Союзунун коммунисттик партиясына мүчө болот. 1982-жылдан баштап Ош шаарында курулуш жаатында эмгек жолун баштаган. Өзүнүн кесибине берилүү менен мамиле жасагандыктан, ар бир иштин майын чыгара жасаган. Эмгек жолунда 1990-жылга чейин прораб болуп, Ош курулуш базасында иштеген. Анын кылган эмгектери бааланып, бир нече мактоо баракчаларды, акчалай сыйлыктарды алган. 1986-жылы кужүрмөн эмгеги үчүн “Жигули 2106” маркасындагы авто унаа менен сыйланат. Абдирашут беш баланын, 2 кыз 3 уулдун атасы. Балдары жогорку билимге ээ. Азыркы күндө алар педагог, врач, бажы кызматкери болуп өкмөт ишинде эмгектенсе, бизнесмен болуп иштеген да балдары бар. Анын өзгөчө мүнөзү токтоо жөнөкөй, боорукер, иштин көзүн билген. Эмгекчилдиги менен эл оозунда калган. 2005-жылы көз жумган.

## 22. Мубарак (Мибарак) АБИЙЕВА

## ӨМҮР БАЯН

Мен Абийева Мубарак 1952-жылы 20-апрелде туулганмын. Мен 7жашымдан тартып Жданов мектебинде окуганмын. Ошондо бизди Мамаюсупов Шеран агай, Үтөн агайлар окутушкан, андан кийин Калинин орто мектебине келип 7-класстан баштап Чечме-Сай мектеби менен бирге окудук. Биз мектепке жардам кылып гыш куйганбыз. 2 бала, 2 кыз болуп бөлүнүп гыш куйуп. Мурда мектеп П формасыда эле, кийин Ш формасыда болуп чонойтту. Биздин агайлар Абдаз, Шеран, Самат, Ракман, Абан, Сулайман, дагы башка көп агайлар бар эле, Люба эжеке дагы. Ошентип, мен окуп жүргөн кезде кружокторго катышып жүрдүм. Музыка жана топ оюндарына, андан тышкары, физика-химия сабактарынан куружок болот эле. Андан Тельман айылына барып катышканмын. Ушул эле айылга топ ойноодон да барат элем. Волейбол, баскетболдон да барганмын. Музыка куружокторго катышып, Ноокатта 1 ай даярданып, Ош шаарына, андан Фрунзе шаарына барып, телевизордон чыктык. Анда айылда 4-5 жерде эле телевизор бар болчу. Ошентип, менин бир кызыккан жерим ошол биз барып тартылган сьемка (телевизорго тартканы) эмнегедир кайталап бербеди. 1969-жылы 21-май болсо керек эле. Алдыңкы чабандар бар болчу, алдынкы ишчилер бар эле, баатыр энелер, баардык Ноокат району боюнча алдыңкы адамдар эле. Ошол кезде Анаш Кадырова деген диктор жаңы ишке келген эле, балким, ошодобу деп ойлоп калам. Менин балалыгым ушунтип өттү. 1971-жылы турмуш жолуна аттанып, менин жолдошум Бактыбаев Генжебай менен 8 балалуу болдук, 4 уул 4 кыз, 27 небере, 2 чебере болуп Аллага шүгүр баардыгы өз жашоосун улантып жатышат. Азыр өзүм пенсияда бактылуу эне – тайне болуп жашап жатам.

## 23. Мөтөбар СУЛАЙМАНОВА

## ӨМҮР БАЯН

Ноокат районундагы баштагы Беш-Бадам селолук совети азыркы Караташ айыл өкмөтүндө 1952-жылы 13-февраль күнү жарык дүйнөгө келгенмин. Жети жашыма чейин чоң атам салган үйдө тарбияландым. Чоң атам репрессия курмандыгы болуптур. Биз жашаган айылдын күн чыгыш жагынан Кыргыз-Ата дариясы, күн батыш жагында кучак жеткис өрүк бактар, бир жагында саздуу камыш болоор эле, камыштын тамырларын чым дечү, чымды отун катары пайдаланчу. Балалык мезгилде биздин көңүлүбүздү бурган дария жана анын боюндагы суу тегирмен. Жалгыз аяк жол менен жыңайлак барып дарияны жээгинен топ таш терип, топташ ойночубуз. Тегирмендин чоң ташынын айланышын, таштын ортосуна эсептегендей беш-алтыдан дандын түшүшүн, анын ун болуп чыгышына таң калаар элек. 1958-59-окуу жылы Калинин атындагы жети жылдык мектептин биринчи классында окуй баштадым, мектеп жапыз, класстары кичинекей, бир бурчунда печкасы, окуучулар катуурак басканда класстын ичи чаңга толуп калчу. Биздин биринчи мугалимибиз Мамаюсупов Шеран агай. Агайдын алгачкы колума калем карматканы, биринчи чекит койдурганы, сызыкча сыздырганы, сандарды жаздырганы , колубуздан кармап тамганы мель менен жаздырганы, муунга бөлүп окутканы, агайдын сүйлөө манерасы, баскан турганы күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ал мезгилде шарт азыркыдай эмес эле, окуу куралдары тартыш болсо дагы кол эмгек сабагынан үйдүн макетин, пластилинден өрдөк, алма, сүрөт сабагында доскага стол, отургуч, чайнек, челек, ящик ж.б. тартып үйрөткөндөрү, окуучулар үчүн эрежелерди окуп бергени - агайдын эмгеги айтып түгөнгүз. Айыл кичинекей болгондуктан мектепке үйлөр жакын болчу, сабака келбей калган окуучуларды агайыбыз тез эле жетелеп келээр эле. Айылга жаңы мектеп курулду, класстары кенен, терезелери чоң, полу краскаланган, парталары окуучулардын жашына ылайык чоң кичине баары

жаңы, биз үчүн өтө кубанычтуу. Жетинчи классты жаңы мектепте окуй баштадык, убакыт өткөн сайын элдин турмуш шарты жакшыра баштады. Окуучулар үчүн биринчи жолу мектеп формасы киргизилди. Мектептин өзүнчө тартиби болор эле. Жолдор баткак ылай болсо дагы бут кийиминди таза жууп, ак жаканы оңдоп, ак бантик, пионердик галустук тагынып келүү шарт эле. Мектепке баруу биз үчүн майрамдай сезилчү, эч бир тажабай сабактан бир күн калтырбоого аракеттенчүбүз.22-апрель Владимир Илич Лениндин туулган күнү, ар бир мектепке пионердик сбор өтүлчү. 1966-жылы 22 –апрель күнү Ноокат району боюнча пионерлердин сбору өтүлдү, сбордо биздин класстан беш окуучу ВЛКСМ дын мүчөлүгүнө кабыл алындык.

1) Аманова Аиста
2) Жамантаев Зикирали
3) Кушбаков Маннап
4) Нурдинов Амадали
5) Сулайманова Мөтөбар

Ал күнү райондун борборунда чоң салтанат болуп, оркестрдин коштоосу менен, райондук комсомол комитетинин биринчи секретары Мамат Койчукулов комсомолдук билеттерди тапшырды. Ошол мезгилде комсомолдун катарына өткөн окуучулар мектепте, коомдук жайларда тартиптүү, окууну жакшы өздөштүргөн, комсомол жашына жеткен окуучуларды кабыл алчу. Мектепте даталуу күндөрдө өздүк көркөм чыгармачылыгына катышкан окуучулар концерт беришер эле, спорт оюндары, математикалык кечелер. Орозматов Кудайберди агайдын коомдук жайларда өзүндү кантип алыр жүрүү керек деген темада диспут өткөнү биз үчүн чоң таасир берчү.

1969-жылы 10 –классты аяктап, балалык мезгил менен, окуучулук күндөр менен коштошуп учкан куштай тарадык. Балдар советтик армияга эл, жер үчүн кызмат кылууга кетишти. Кыздар колхоздун иштеринде иштешти, кээ бирлери окуу жайларда билим алышты. Бизди биринчи класстан онунчу класска чейин окуткан мугалимдерди эң жакшы окутуучу деп эсептейм. Алардын талыкпаган эмгегин, ак көңүлдүгүн, кайраттуулугун, көк жалдыгын

жана башка жогорку сапаттарына таазим этүү менен эстейбиз, оо дүйнөсү бейиш болсун! Ал эми Жунусов Абдинаби агайга бактылуу карылыкты, аманчылыкты каалайм. 1969-жылы Фрунзедеги Маяковский атындагы педагогикалык окуу жайга артта калган райондордон орто билими бар кыздарды чогултуп, райондон бир мугалим жетектеп алып барды, окуу жайга документтерибизди тапшырдык. Биз үчүн бир айлык даярдоо курсу уюштурулуп экзамендерге даярдандык. Биз күткөн экзамендер башталды, жыйынтыгын угуп, приказдын чыгышын чыдамсыздык менен күттүк, приказдан кийинки бактылуулук менин өмүрүмдөгү чоң бурулуш, жашоого болгон шыктанууну, көптөгөн ой толгоолорду пайда кылды. Ошентип, студентик күндөр өтүп жатты. Өмүрдөгү эң бактылуу мезгил, учур. Студенттик күндөрдө көп убактың сабака даярдануу, экзаменди ийгиликтүү тапшырууга кээде бош убакта куратор эжеке Ырыз Кыдырова группа боюнча опера балетке, филармонияга, музейлер менен тааныштырып, бир жолу Казакстандын борбору болгон Алма-Ата шаарына бир жумага экскурсияга алып барды, шаардын маданий борборлорун көргөздү. Студенттик күндөрдө көп нерселерди билдик, көрдүк, үйрөндүк. 1973-жылы институтту бүтүп өзүм туулган айлыма келип, математика предмети боюнча иштей баштадым. Студенттик күндөрдөн айылга келип, бала багуу иштөө өтө оор болду, кээде өзүмдү чуңкурга түшүп кеткендей сезчүмүн, бирок, турмуш бардык нерсеге көндүрөт. Ар бир кесип ардактуу дегендей, ардактуу педагогдук кесипти отуз жыл аркаладым. Иштеген ишимде ийгиликтер, жетишпеген жагы, кээде рахаты да болду. Биздин кандай иштегенибизди окуткан окуучуларыбыз эскеришер. Союз мезгилинде математика сабагы боюнча пландар, текшерүү иштери СССР боюнча бирдей түзүлүп, “Математика в школе” деген журналга жарыяланчу. Союз таragандан кийин өзгөрдү, мектептеги иштер гана өзгөрбөстөн жашоо шарт баары өзгөрдү, миграция күч алды. Мектепте Курбанбаев Маккамбай агайдын коом таануу сабагындагы капиталисттик мамлекеттердин чарбасы плансыз чарба тез-тез кризис болуп турат. Ал эми социалисттин мамлекеттердин чарбасы пландуу чарба кризиске учурабайт деп окутканы азыр биздин айылга келип

калды. Курбанбаев агай айткандай ,жашоо үчүн эмне өстүрсөң да ага суроо талап жок. Кеткен расходунан бир аз эле жогору болот. Макамбай агай окуткан плансыз чарбада жашап жатабыз. Биздин айылдын элдери эмгекчил, аракетчил, ынтымак адептүү, өкмөткө "ачка калдым" деп арызданбаган топуктуу элдин арасында жолдошум Кушбаков Маннап экөөбүз эки кыз үч уулдун ата-энеси жыйырма неберенин чоң ата чоң энесибиз. Эл катары жашоодобуз, өмүр улануудa. 19-март 2019-жыл. Сулайманова Мөтөбар .

## 24. Зийнат ЖУМАМАТОВА

## ӨМҮР БАЯН

Мен Жумаматова Зийнат Ош областына караштуу Ноокат районунун Чечме-Сай айылында 1953-жылы 17-майда орто дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келгенмин. Мен биздин үй-бүлөдө эң кичүүсүмүн. Менин эки эжем, бир агам болгон. Улуу эжемдин аты Пазилат, ортончу эжемдин аты Сабира, ал эми агамдын аты болсо Бекмурза. Төрт бир тууганбыз. Мен 1959-жылы алты жашымда биринчи жолу мектептин ак босогосун аттадым. Менин биринчи мугалимим Тилебердиев Алымжан агай болду. Мага биринчи жолу А тамгасын үйрөтүп, алгачкы жолу колума ручка карматып жазганды үйрөттү. Агай сабак өткөндө өтө мээрим менен айтып окутту. 2-класстан Курбанбаев Маккамбай агай 4-класска чейин билим берди. Андан кийин Калинин орто мектебинде окууну улантып, 1967-жылдан баштап Матибаев Абан агайдын класс жетекчилиги астында аябай соонун билим алдым. Мен 1969-жылы орто мектепти аяктадым. 1970-жылы өзүбүздүн айылда жашаган Арапов Сабыр аттуу балага турмушка чыктым. Жолдошум экөөбүз баш кошконубузга 49 жыл болду. Бул арада 3 жыл чабан, ал эми 20 жыл мал фермасында саанчы болуп эмгектендим. Бул ортодо 7 балалуу болдук. Үч уулдуу төрт кыздуу болдук. Балдарыбызды жакшы тарбиялап, жакшы билим алып берүүсүнө шарт түзүп бердик. Азыркы учурда балдарыбыз турмушка чыгып,

үйлөнүшүп бактылуу жашап жатышат. Азыркы учурда биздин жыйырма сегиз небере эки чеберебиз бар. Жолдошум экөөбүз ардактуу эс алуудабыз, пенсионербиз. Ар убакта бирге окуган классташ кыздар -балдарыбызды эстеп турам. Аларды эстегенде ар убакта балалык кездеги баскан турганыбызды, балалык кыялдарыбызды, бир партада отуруп сабак окугандарыбызды эстеп, балдарыма айтып беремин. Азыр деле жөн отурбай бирге окуган кыздарыбыз менен тез-тез жолугушуп турабыз. Өзүм азыр 66-жашта болсом да баары бир балалыгымды эстеп, ошол мезгилге бир саамга кайта барып келемин. Мен бирге окуган балдар кыздарыбызга ар дайым бактылуу карылыкты каалаймын.

## 24. Зикир ЖАМАНБАЕВ

## ӨМҮР БАЯН

Мен Жаманбаев Зикирали Ноокат районундагы (мурдагы Беш-Бадам селолук совети) азыркы Кара-Таш айыл өкмөтүнүн Чечме-Сай айылында 1952-жылы 20-февралда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулганмын. Жети жашыма чейин ата-энемдин колунда тарбияланганмын. Жети жашымдан тартып Чечме-Сай сегиз жылдык мектебинин 1-классына кирип, окуй баштадым. Ошол убакта 1-классты Таштак айылынан келген Тилебердиев Алимжан агай окуткан. Эсимде бар, эң жакшы окуган окуучуларды көбүнчө көтөрүп алып, эркелетээр эле. Көрсө, Алимжан агай өтө жөнөкөй, кичипейил, боорукер агай болгон экен. Кийинчерээк 2-класста Курбанбаев Маккамбай агай окутуп калды. Өткөн окуучулук күндөрдү эстесең өтө кызыктуу, өтө аянычтуу, дегеним, биздин үй мектептен өтө алыс эле. Мектепке келе жатканда адырларды аралап, коркуп жатып араң келер элек. Анткени, жолдун бойлорунда үйлөр бирин-серин гана бар эле.

Ошентип, 3-классты да бүтүрөйүн деп калдык. Эң жакшы окуган уул-кыздарды пионерге өткөрчү. 3-класста биринчилерден болуп пионерге өткөнмүн. Башка окуучулар да пионерге өткөн.

Сбордо пионердик антыбызда айтып берип өткөнбүз. Ошол убактан баштап кызыл галстук тагынганыбыз эсимде.

Убакыт өтүп, жогорку класс да болуп калдык. Ошол мезгилде М.И. Калинин атындагы орто мектеп жаңы курулуп, толук бүтө элек мезгили болчу. Биздин класс да кыш куюп жардам бергенбиз. Агайлар бир уул, бир кыз кылып, шерик кылып койчу. Ошентип, бүтүргөнбүз. Калинин атындагы мектепке 7-класстан окууну баштаганбыз. Ал кезде 7а жана 7б- класс болуп эки класс окуганбыз. Классташ балдар кыздарыбыз бири-бирибиз менен өтө ынтымактуу мамиледе болгонбуз. Ошол кезде окуучуларды күзүндө айыл чарба жумуштарына, колхоздун жүгөрүсүнө алып барат эле. Бардыгыбыз бирден чыпта алып, көтөрүп жүрүп жүгөрүнүн данын чыптага салып, толтуруп төкчүбүз. Андан кийин эле пахта сезону башталат эле. Төө-Моюн совхозуна алып барат эле. Эрте менен туруп кечке чейин пахта терет элек. Күндүн кеч киришин чыдамсыздык менен күтөт элек. Себеби, кечинде тамактанып бүткөндөн кийин комуз, мандолин, чылдырман деген аспаптар менен ырлар ырдалып, бийлер бийленип өтө кызыктуу күндөр өтөөр эле. Ошол күндөрү эстесек пахта мезгили да жаштыктын эң жакшы мезгили деп айтсак болот экен.

Пахтадан келгенден кийин окуунун эң татаал мезгили башталат эле. Ошол мезгилде биздин Калинин атындагы орто мектебине предметтерден кадрлар жетишпейт экен эле. Биздин мектепке ошол жылдары химия предметинен Бектенов Рахман агай Тельмандан, физикадан Орозматов Кудайберди агай Жапалак айылынан, орус тилинен Любовь Цыганкова эжеке, Оштон Кундуз эжеке, Исаева Сүйүн эжекелер жана башкалар келип окутушкан. Бектенов Рахман агай келгенге чейин химиядан Мамытов Самат агай 7-класста окутуп калды. Химия сабагы болгон күндөрдүн биринде сабакта тажрыйба жасайбыз деп калды. Бардык окуучулар тажрыйбаны чыдамсыздык менен кунт коюп карап турабыз. Бул тажрыйбабыз сууду натрий күкүрт менен акырын күйгүзүү эле.

Бирок, агай сууга көбүрөөк натрий металын салгандыктан реакция тез жүрүп кетип күйүп кетип, пробирка жарылып кеткен, ошол жасалган тажрыйба күнү бүгүнкүдөй эсимден чыкпайт. Жогорку класска барганда химия сабагыдан Бектенов Рахман агай окутуп

калды. Мен айрыкча химия сабагынан окуткан Бектенов Рахман агайдын сабагына кызыгып калдым. Ошентип, күндөр өтүп, жылдар өтүп, он жыл бирге окуган классташтар менен да коштошоор мезгил келип жетти. 25-май бардык мектептерде акыркы коңгуроо күнү өтүлөт. Биздин мектепте да акыркы коңгуроо майрамы белгиленип агай-эжекелер, классташ балдар-кыздар выпускага сүрөткө түшүп, коштошуп, ар кимибиз учкан куштай ар тарапка тарап кеттик. Ар бир кесип ардактуу демекчи, мугалимдик кесип да өтө ардактуу эле. Бизди окуткан агай-эжекелерибиздин жүрүш-турушун, кичипейилдигин, боорукерлигин ак ниеттүүлүгүн, туура мамиле жасагандыгын чын көңүл менен окуучуларды окуткандыгын карап жүрүп мен мугалимдик кесипти тандадым. 10-классты бүтүп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун биология жана химия факультетине тапшырдым. Жогорку окуу жайга тапшырышыма бизди 7-класстан 10-класска чейин класс жетекчи болуп окуткан Матибаев Абан агайдын да эмгеги чоң. Анткени, тарбиялык саптарда “Ар бир кесип ардактуу”, “Келечекте ким болгуң келет?” – деген темаларда сочинения жаздыраар эле.Мен ушул тарбиялык сааттардан абдан таасирленип, мугалимдик кесипти ардактуу деп тандаганмын.

## СТУДЕНТТИК КҮНДӨРДӨН БИР ЭЛЕС

1968-1969-окуу жылдарында 10-классты бүтүрүп мугалимдик кесипке тапшырдым. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун биология жана химия факультетине тапшырып өттүм. Ошол эле жылы досум Мамаюсупов Өмүрзак физика-математика факультетине тапшырып өттү. Өткөндөн кийин институттан айыл-чарба жумушуна алып барды. Биздин факультетти Өзгөн районунун “Айгыр-Жал” совхозуна алып барды. Тамеки экпеген райондордон келген абитуриенттер ийне кармашын да билишпейт экен. Тамеки тизишти ошол жерде биз ноокаттыктар үйрөткөнбүз. Тамеки тизилип бүткөндөн кийин жиптерди (уваган дечү элек) илишкенди да эч ким билбейт экен. Көпчүлүгүнө үйрөттүм. Айыл-чарба жумушунда бир айга жакын болдук. Жумуш да бүттү. 1-сентябрь күнү окуу башталат. Ошон-

дуктан, 1-сентярбга чейин жатакана таап коюш керек эле. Жатакана алганы барсам орун калбай калыптыр. Алыскы райондордон келген студенттерге берип коюптур. Жатакана издеп жүрсөм Өмүрзак классташым, досум жолугуп калды. "Эмне жүрөсүң?"- деди жатакана калбай калыптыр дедим. "Анда мен жатакана алып койгонмун, жатакана тапканча менин комнатамда экөөбүз жашап турабыз" деди. Ошентип, жатаканага караңгыда келип терезени ачып кирип, экөөбүз бир кроватта жатып, эрте менен чыгып кетет элем. Экөөбүз бир кроватта тыгылсак да кысылып жатып таңды аттыраар элек. Кийинчерээк квартира таап чыгып кеттим. Ошондуктан, ошол мезгилдеги классташымдын, досумдун боорукерлигин, ак ниеттүүлүгүн, адамгерчилигин, чынчылдыгын, сабырдуулугун өтө сыйлаймын. Азыр деле Өмүрзак мени жакын дос катары көрбөсө да, мен үчүн жаштыгыбыздагы дос боюнча жүрөгүмдө түбөлүккө сакталып кала берет.

Биофактын студенттери менен физматтын студенттери бир корпуста окуйт элек. Биофак 3-этажда, физмат 2-этажда окушаар эле. Экөөбүз биринчи курста окуганда күн сайын, саат сайын 2-3 этажга звонокто чыгып-түшүп жолугуп турчубуз. Сабак бүткөндөн кийин бир жерден тамактанаар элек. Дем алыш күндөрү Сулайман тоосуна башка тааныш студенттер менен бирге чыгат элек. Биофактын ботаникалык багына барып, дем алат элек. Ошол жерде сүрөттөргө түшүп, көп жакшы студенттик күндөрдү өткөргөнбүз. Курсубуз жогорулаган сайын азыраак жолугушуп калдык. Бирок, экөөбүз жакшы мамиледе элек. Мен окуудан келгенде Өмүрзак досумдун үйүнө көп эле барып жүрдүм. Өмүрзактын апасы менен менин атам бир класста окушуп, классташ болгон экен. Ата-энелерибиз да бири-бири менен жакшы мамиледе эле.

## ҮЙ-БҮЛӨМ ЖӨНҮНДӨ

Ошентип, күндөр өтүп, жылдар өтүп 5-курста окуп жүрүп 1973-жылы ноябрь айында биология факультетинин 3 – курсунун студенти Ала-Бука районунан келген Темирова Турдубү аттуу студент кызга үйлөндүм. Кудайга шүгүр, эки уул, эки кыздуу болдук.

Азыркы күндө 16 неберебиз бар. Бир кызым, бир уулум жогорку маалыматтуу. Кичине кызым Кара-Таш айыл өкмөтүндө статист-экономист болуп иштейт. 1 кыз, 1 уулум дыйкан чарбада иштешет. Аялым экөөбүз уулдуу, кыздуу, неберелүү болуп бактылуу күндөрдүн көбүн бирге өткөрдүк. Бирок, эң өкүнүчтүүсү аялым 2009-жылы 17-ноябрда ооруп жүрүп, шум ажал арабыздан алып кетти. Аллахым жайын жаннаттан кылсын, акыретин абат кылсын деп, Алладан гана сурап дуба кылабыз.

## ЖУМУШУМДУН БАШТАЛЫШЫ

1974-жылы июль айында институтту бүттүм. Турмуштун татаал жолуна түштүм. Август айында жумушка кирүү үчүн райондук билим берүү бөлүмүнө буйрук алганы бардым. Барсам, РайОНОнун башчысы Расулова Мамлакатхан деген эжеке экен. Абдимитал Паязов деген досубуз иштейт экен. Парпиев Абдижамал деген агай башкы инспектор болуп иштейт экен. Агайга кирдим. Ал убактарда алыскы жердеги мектептерге кадрлар жетишпейт эле. Мен өзүм окуган Калинин мектебине иштеймин десем, орун жок деди. Алыскы “Ынтымак” орто мектебине хим-биолог мугалими керек деди. “Ынтымак” орто мектебин ар кимден кайсы жерде экендигин сурап билдим. Кээ бирөөлөр менен сүйлөшсөм “Ынтымак” орто мектеби Кызы-Кыя шаарына жакын жерде турат. Окуучулары бир аз хулиган деп айтышты. Ал мектепке барбай эле коюш керек деди. Ойлонуп калдым. Ошентип, 15-август күнү мектепти барып көрүп келейин деп Кызыл-Кыя шаарына келдим. Келсем, Кызыл-Кыя Беш-Буркан деген автобуз каттайт экен. 2- саатта бир жолу болот экен. Автобуска түшүп, мектепке бардым. Мектепте эч ким жок экен. Башка күнү келейин деп автобус токтоочу жайга келип, отурдум. Эмне кылуу керек деп ойлонуп отурдум. Ойлонуп отурсам жогору жактан узун бойлуу, сары тору чачы мойнуна түшкөн жигит келе жатат. Карап туруп жүрөгүм зырп дей түштү. Чын эле тартипсиз балдар экен деп ойлонуп отурдум. Бул жерде квартирада жеке жашап иштесем кандай болот экен деп ойлонуп отурдум.

Аялым институтту бүтө элек эле да. Узун бойлуу жигит келип эле эмне отурасың бул жерде?- деди. Кимди күтүп отурасың деп сенсиреди. Мен чочуп кеттим. Бул жерге иштегени келдим дедим. Кайсы жерге иштегени келдиң? –деп дагы сенсиреди. Мектепке мугалим болуп иштегени келдим дедим эле унчукпай жер карагансып калды. Оюмда автобус тезирээк эле келип калса деп чыдамсыздык менен күтүп отурдум. Эси -дардым тез кетип калыш болду. Ага чейин автобус да келип калды. Токтоору менен жүгүрүп эле чыгып кеттим. Үйгө келгенге чейин ар нерселерди ойлонуп келдим. Бирок, мейли, хулиган балдар болсо да, иштей берем деген чечимге токтолдум. Ал убакта мен да жаш толуп турган убагым эле. 1974-жылы 22-август күнү "Ынтымак" орто мектебине буйрук алып, 25-август күнү барып директорго жолугуп, квартира алып ишке кириштим. Сабактарды бөлүштүрүп, мага 10-класстын химия сабагын беришти. 1-сентябрь күнү 10-классына химия сабагына кирдим. Кабинетке кирип саламдаштым окуучулар менен. Саламдашып карасам мага сенсиреп келген баякы сары узун бойлуу бала эң акыркы партада башын жерге салып отуруптур. Баягы мени сенсиреп келген бала окуучу турбайбы деп ойлоп калдым. Ошол убактагы окуучулар абдан (здоровый) чоң-чоң, бою узун болоор эле. Дагы ойлонуп калдым, бул балдар менен кантип тил табышып кетем деп. Окутуп, мамиле кыла баштадым. Абдан тартиптүү, жоош жакшы балдар экен. Төө-Моюн совхозуна күзүндө пахтага бардык. Пахтада эң жакшы мамиледе болуп, достошуп калдык. Кийинчерээк өзүбүздүн айылга которулуп кеттик. Азыр да ошол окуучулар мени көргөн жерде абдан жакшы сыйлашып учурашат.

1976-жылы аялым институтту бүтүп "Ынтымак орто мектебине хим-биолог мугалими болуп буйрук алды. Экөөлөп "Ынтымак" орто мектебинин окуучуларын окутуп, тарбияладык. "Ынтымак" орто мектебинде 1974-жылдан 1982-жылдын июнь айына чейин иштедик. Биз Ынтымак айылынын элинде иштеп жашаганыбызга ыраазыбыз. Бардыгына рахмат айтабыз. Эли өтө адамгерчиликтүү эл.

1982-жылдын 22-августунда Калинин атындагы орто мектебине хим-биолог мугалими болуп которулдук. Мектепке келгенден

баштап коомдук иштерге активдүү катыштым. Келип эле саясий окуунун жетекчиси,элдик контролдун председатели, мектептин профсоюз коммитетинин председатели болуп иштеп жүрдүм.

Окуучуларды химия-биология сабагынан окутуп жүрдүм. Окуучуларды олимпиадаларга даярдап, райондук областтык деңгээлге чейин чыгардым.

1985-жылы район боюнча "Биологиялык участкалардын кароо" сынагы болгон. Райондук семинар өткөргөнмүн. Кароо-сынакта Калинин орто мектебинин окуучуларынын өстүргөн өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогору болуп, райондо биринчи орунду алган. Областка көргөзмө уюштуруп бардык. Областта 3-орунду ээлеген. Андан кийин Фрунзеге барууга жолдомо алган. Кыргыз Республикасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө (ВДНХга)барып келгенбиз. Менин эмгегимди жогору баалап, "Старший учитель" – деген наам берилген. Айлыгызга 15% акча кошуп берет эле. Кийин союз бузулгандан кийин кошумча акча төлөнбөй калган. Калинин атындагы орто мектебинен "Чечме-Сай" орто мектебине 1993-жылдын 22-октябрында окуу бөлүмүнүн башчысы болуп которулдум. 2011-жылдын сентябрь айына чейин иштедим. "Чечме-Сай" орто мектебинде иштеген мезгилде да окуучуларды тарбиялап окутууда да көп иштерди аткардым. Ушул иштеген иштерим жогору бааланып мектеп тарабынан, айыл өкмөтүнөн, РайОНОдон, облОНОдон, Билим берүү министрлиги тарабынан Ардак Граммоталар менен сыйландым. 2014-жылы "Эл агартуунун мыктысы" наамы берилди. Аткарган эмгегимди баалап сыйлагандыгы үчүн өкмөткө чоң рахмат деймин. Учурда ардактуу эс алуудамын. Мындан ары да Аллахым узун өмүр, чын – ден соолук берсин. Балдар-кыздарымдын, келиндеримдин неберелеримдин жакшылыктарын көрүштү Аллахым насип кылсын!

## МАМАЮСУПОВ Өмүрзак Шеранович

## ИЛИМПОЗДУК, КООМДУК, МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТАРДА

Калинин орто мектебинин бүтүрүүчүсү (1969), Ноокат математикалык билимкананын негиздөөчүсү (1989) жана илимий жетекчиси Мамаюсупов Өмүрзак Шеранович – физика-математика илимдеринин кандидаты (НГУ, 1985), ага илимий кызматкер (1988, ВАК СССР), юрисприденция магистри (1999, КГНУ), Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын үчүнчү класстагы мамлекеттик кеңешчиси (2001).

Математика, экономика, билим берүү, дин жана саясат боюнча 30 дан ашык илимий эмгектер жана китептердин автору. 3 аспиранты кандидаттыгын коргогон, бир канча диссертациялык иштерге илимий кеңешчи.

Аяктаган окуу жайлары: Ош педагогикалык институту (артыкчылык – “кызыл” диплом), Новосибирск мамуниверситети (аспирантура), Кыргыз мамлекеттик улуттук университети (магистратура), Ташкент эсептөө борбору (программалык “Форт” тили), Колорадо экономика институту (АКШ, Денвер. Децентрализация).

Илимий конференцияларда талкууга катышуу: Новосибирск (ВЦ СО АН СССР), Литва (Вилнюс, Друскинакай), Болгария (София), Казакстан (Алматы), Өзбекстан (Ташкент, Самарканд). Эл аралык математикалык олимпиадаларды өткөрүүгө катышуу: Өзбекстан (Анжиян. Ташкент), Казахстан (Алматы), Россия (Новосибирск), Кыргызстан (Ош, Фрунзе, Токмок) ж.б.

Кыскача стажировкалар жана семинарларга катышуу: инвестиция маселелери (Вашингтон, АКШ), чек аралар жана миграция проблемалары (АКШ – Сан Диего, Ниагара, Нью-Йорк ж.б., Канада, Мексика), суу келишимдери (Индия: Дели, Агра), коопсуздук (Бельгия – Брюсель, Франция- Париж), нефть жана газ (Греция – Афины), ВТО (АКШ – Вашингтон), толеранттуулук (Германия-

Дрезден), кредиттик келишимдер (АБР – Манила, Филиппин), экономикалык форум (Турция – Анталия), билим берүү (Турция – Анкара, Адапазары, Измир, Истамбул, Гебзе ж.б.), өз ара кызмат-ташуу (Малайзия – Куала Лумпур, Пенанг; Индонезия – Джакарта, Филипины – Манила), өз ара жардамдашуу (Дубай, Мекка, Медина, Джидда) КМШ өлкөлөрдөгү жолугушуулар (Астана, Алматы, Ашхабад, Тбилиси, Минск, Киев, Москва, Барнаул, Тоолуу Алтай ж.б.), достук кыдыруулар (Кытай: Үрүмчү, Кулжа, Аксуу, Кашкар, Кызыл-Суу, Ак-Чий, Улуу-Чат ж.б.).

Бул окууларга, семинарларга атайын долбоорлордук каражаттары колдонулуп, мамлекеттик бюджеттен акча дээрлик жумшалган эмес. Мындай долбоорлордун негизинде ноокаттык аракетчил жүздөгөн адамдар бизди үйрөтүүбүз менен алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдү көрүп келишүүдө.

**Аскердик кызмат өтөгөн жерлер:** Камчатка – Елизова, Петропавловск – Камтачск, Владивосток, Якутск, Магадан.

**Сыйлыктары:** Даңк медалы, үч юбилейлик медалдар, “Билим берүүнүн мыктысы”, ар түрдүү грамоталар.

**Иштеген кызматтары:**

- Ноокат районунун Кара-Таш айлындагы Калинин (азыркы Мамыров) орто мектебинин математика мугалими;
- Кыргыз Илимдер академиясынын математика институтунда ага илимий кызматкерлик даражага чейин иштеген;
- Новосибирск университетинде стажировкада, аспирантурада окуган;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты, парламентте инвестициялар жана экономикалык реформалар комитетин башкарган;
- Илим-билим министринин биринчи орун басары кызматы;
- Президенттин мыйзам чыгаруу жыйынындагы толук ыйгарымдуу өкүлү кызматы;
- Өкмөттүн алдындагы дин иштери боюнча агенттиктин (ко-

миссиянын) көп жылдары жетекчилик (директор) кызматтары;
- Жогорку окуу жайларда жогорку математика боюнча сабактарды өтүү, банктар менен иштөө, билимканаларга илимий жетекчилик кылуу багытында иштөөнү улантуу.

**Билимкана жөнүндө жазылган китептер:**


1. Замир Өсөров. Ноокат билимканасы XXI кылымга саякат, Бишкек, 1995-ж, 60б.

2. Аттокурова А.Дж. Математикалык багыттагы “Ноокат” билимканасынын летописи. Ноокат , 2010-ж, 160б.

3. М.Сабыров. Ноокат математикалык билимканасы. Бишкек, 2016-ж, 224б.

4. Ө.Мамаюсупов. Кылымга тете студенттик жылдар, Бишкек, 2018-ж, 48б.

5. Социалдык түйүндөрдө: 1) Ютуб – Мамаюсупов О.Ш. Бейне.

2) Азаттык. Мамаюсупов О.Ш. Ар бир үй-бүлө билимкана болуусу керек (аудио, видео).



**Ө.Ш. МАМАЮСУПОВ, Б. МАЛАЕВА, З. ЖАМАНТАЕВ**

**ЖАРЫМ КЫЛЫМДЫК ОЙ ТОЛГООЛОР**

*Редактору* Сабыров Мамат
*Корректору* ???
*Мукабасын жасалгалаган* ???
*Компьютердик калыпка салган* Нурлан Кыдыков

Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{16}$.
Көлөмү 12 басма табак.
Нускасы ??? даана.